Ош мамлекеттик университетинин ЖАРЧЫСЫ

ВЕСТНИК Ошского государственного университета

н

Материалы международной научно-практической конференции, посвященной 75-летию академика НАН КР, председателя Ассамблеи Народов Кыргызстана, лауреата Госпремии КР, Заслуженного работника образования КР, государственного и общественного деятеля Б. Мурзубраимова на тему: “Роль науки и образования в современных условиях глобализации”

КРнын УИАнын академиги, Кыргызстан Элдеринин Ассамблеясынын төрагасы, КРнын мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты, КРнын билим берүүсүнө Эмгек сиңирген кызматкер, мамлекеттик жана коомдук ишмер Б. Мурзубраимовдун 75 жылдыгына арналган “Ааламдашуунун азыркы шарттарындагы илим жана билим берүүнүн ролу” аттуу эл аралык илимий-практикалык конференциянын материалдары

ISSN 1694-7452

2015, №4, III чыгарылыш
2015, №4, выпуск III

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ
ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ

ИЛИМИЙ ЖУРНАЛ
Кыргыз мамлекеттик китеп палатасынан
2000-жылдын 28-декабрынан каттоодон өткөн

Журнал жылына 4 жолу чыгарылат

2015-жыл, №4
III чыгарылыш

Башкы редактор,
филол.и.д., профессор *Исаков К.А.*

Башкы редактордун орун басары,
б.и.д., профессор *Жумабаева Т.Т.*

РЕДАКЦИЯЛЫК КОЛЛЕГИЯ:

ФИЛОЛОГИЯ ИЛИМДЕРИ:

1. Исаков К.А. – филол.и.д., профессор
2. Зулпукаров К.З. – филол.и.д., профессор
3. Жусупакматов Л. – филол.и.д., професоор
4. Калыгулова С.Ш. – филол.и.к., доцент
5. Мурадымов Н.М. – филол.и.к., доцент
6. Элчиев Ж.Э. – филол.и.к., доцент
7. Момуналиев С.М. – пед.и.д., профессор

ОшМУнун редакциялык-басма кеңешинин чечими менен басууга сунушталды

Берилген материалдардын сапаттуулук деңгээлине, илимий мазмунуна, жаңылыгына, автор, сунуштаган кафедра жана рецензиялаган окумуштуу жооптуу

МАЗМУНУ

1. ***Исаков К.А.*** Тагдырын таалайга айландырган инсан (же академик Б. Мурзубраимовдун илимий-педагогикалык, коомдук-саясий ишмердүүлүгүнө штрихтер)..... 5
2. ***Абдыкадырова С.Р.*** Тема денег в русской литературе **……...** 15
3. ***Айтибаева Ж.К.*** “Баш” концептинин паремияларда колдонушу ……. 18
4. ***Акишова Г.Т.*** Х. Карасаевдин этимологиялык табылгалары ……. 21
5. ***Алиева Ф.Э.*** Коомдогу сүйлөө маданияты: азыркы абалы жана көйгөйлөрү …….. 25
6. ***Алпаизова Б.С.*** Токтогул акын жөнүндө тактоолор ……... 28
7. ***Алымбаева Б.А.*** Султан Раевдин аңгемелериндеги идеялык-стилдик өзгөчөлүктөр 34
8. ***Алымбаева Б.А.*** Султан Раевдин «күн кармаган бала» повестиндеги идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүктөр …….. 36
9. ***Амиралиев С.М.*** Концептуалдык изилдөөлөрдүн методдору жана ыкмалары …... 39
10. ***Асанова Д.А.*** Кыргызские писатели – хранители духовного наследия (образ писателя в беллетризованной прозе XX века) ……... 43
11. ***Бапыгулова Э.А.*** Публицистикалык текстердеги какшык маанинин берилиши .. 48
12. ***Бекмухамедова Н.Х.*** Проблемы визионотопики эпоса «Манас»: мотивы видений и их структурно-семантические признаки …….. 51
13. ***Гелекчи Сейфеттин*** Каражаоглан менен Жеңижокто жаз (бахар) мезгилинин сүрөттөлүшү ……. 54
14. ***Гелекчи Сейфеттин*** Кыргызстан менен Туркия төкмө акындарында алманын/элманын көркөм каражат катары колдонулушу **.....** 59
15. ***Досматова Д.Н.*** Понятие концепта и его эволюции на примере концепта «вера» 62
16. ***Досматова Д.Н.*** Концепт как базовая категория когнитивной лингвистики …….. 64
17. ***Жамгырчиева Г.Т.*** “Кожожаш” эпосунун архаикалык поэтикасы ……... 67
18. ***Зулпукаров К.*** Киргизские долгие гласные и их звуковые соответствия в китайском языке ……... 71
19. ***Зулпукаров К., Жуманалиева Г.Ч.*** Киргизские корневые морфемы с конечным -т (-д) и их соответствия в ханью ……... 76
20. ***Исаков Б.*** Мамлекеттик тилди өнүктүрүүдө массалык маалымат каражаттарынын ролу …… 79
21. ***Исмаилова Б.*** Образность как типологическая категория ……. 82
22. ***Калматова М.В.*** Кыргыз адабиятындагы жана С. Тургунбаевдин поэзиясындагы жаңычылыктар …….. 85
23. ***Караева Н.О.*** Кыргыз-корей тилдериндеги жөндөмөлөрдү салыштыруу …… 88

24. ***Каразакова З. Ж.*** Текстин лингвистикалык жактан изилдениши …….. 91
25. ***Маданова К.Ж.*** «Манас» эпосунда тотемизмдин байыркы диндик мотив катары берилиши ……... 95
26. ***Максутова Ж.Ж.*** Негативдүү паремияларда “ата-эне” концептинин берилиши … 98
27. ***Мурзаев Н.Т.*** Дилбаян жөнүндө сөз (дилбаян жаздыруунун 70-80-жылдардагы жана азыркы абалы) **……..** 101
28. ***Нарозя А.Г.*** Поэтика лирической драмы Мара Байджиева ……..... 105
29. ***Нурмаматова М.Т.*** К. Асаналиев: Ч. Айтматов жана билингвизм …….. 109
30. ***Оморкулов Б.К.*** Нравственные аспекты романа Ч. Айтматова «Тавро Кассандры» 113
31. ***Ормокеева Р.К.*** Концепт «Страх» в русских фразеологических образованиях с точки зрения киргизской лингвокультуры …….. 118
32. ***Sabirbaeva Z., Isakov S.I., Tataeva J.*** Stages of language learning ……... 122
33. ***Сабирова В.К.*** Кыргызская зарубежная публицистическая литература ……... 124
34. ***Табалдыева М.*** М. Борбугуловдун кыргыз драматургиясындагы орду ……... 128
35. ***Темиралиева Т.Т.*** Проблема мифа в современном научном дискурсе ……. 132
36. ***Темирова Б.Т.*** С. Аксыкентинин «Тарыхтардын жыйнагында» Манас баатырдын образынын чагылдырылышы …….. 135
37. ***Темирова Б.Т.*** «Манас» эпосунун Ч. Айтматовдун көркөм дүйнөсүндө чагылдырылышы ……. 140
38. ***Токтомаматова А.*** А. Осмоновдун эмгек ырлары …… 145
39. ***Токтомаматова А., Жумабаева Т.Т.*** Согуш темасы Алыкулдун поэмаларында .. 150
40. ***Токурова Ч.М.*** Русскоязычные трансляции эпоса «Манас»: к истории становления основных видов перевода …….. 157
41. ***Толубаева Г.М.*** Иран-тажик тилдеринен өздөштүрүлгөн сөздөр ……. 159
42. ***Турдугулов А.Т.*** Аксиологические парадигмы акынской поэзии (к вопросу о структуре, поэтике, форме и содержания) ……... 162
43. ***Турдуев К.Т., Иманкулова У.З.*** Типологическая грамматика и понятие функционально-семантического поля …… 167
44. ***Хлыпенко Г.Н.*** Поэтика авторского эпиграфа в лирике Светланы Сусловой (на материале книги «Синеглазая Азия») …….. 172
45. ***Ysmailova R.A.*** The impact of globalization and the internet on English language teaching and learning …….. 177

ТАГДЫРЫН ТААЛАЙГА АЙЛАНДЫРГАН ИНСАН
(же академик Б. Мурзубраимовдун илимий-педагогикалык, коомдук-саясий ишмердүүлүгүнө штрихтер)

Өзү жашаган доордун, мезгилдин талаптарына, чакырыктарына ылайык өзүн-өзү алдын ала курчутуп тарбиялаган, өз тагдырын таалайга айландырган, өз бактысын өзү жараткан инсан тууралуу көкүрөгүмдө жүргөн ойлорумду Сиздер менен бөлүшкүм келип турат.

Кеп удулу келип турганда өзүмдүн устаздарым жөнүндө уңгулуу сөз айта албасам анда менин шакирттик парзым кайсы.

Ар бир адамдын инсан, адис, жетекчи болуп калыптанышына таасирин тийгизген өзүнүн адамга, ишке, турмушка болгон мамилеси менен сени түздөн-түз жана кыйыр түрдө тарбиялаган устаздар болот.

Алар сени тарбиялоону да максат кылбайт. Өздөрүнүн жүрүм-турумунан, адамдарга жасаган мамилесинен, ишке карата жоопкерчилигинен, адамдык сапатынан өзүң көрүп тарбияланасың. Алардын жакшы касиеттерин өзүңө жуктургуң, жан дүйнөңө сиңиргиң келет.

Менин да инсан жана жетекчи болуп калыптанышыма таасирин тийгизген устаттарымдын бири – Кыргыз Улуттук илимдер академиясынын академиги, Кыргызстан Элинин Ассамблеясынын төрагасы Бектемир Мурзубраимов агайыбыз өрнөктүү өмүр жолунда дагы бир белеске чыгып, 75 жылдык маарекесин кесиптештери, замандаштары, устаттары жана шакирттери менен бирге белгилеп олтурат.

Бүгүн маарекелик макаланы жазып жатып, агайдын бейнесине саресеп салып олтуруп, ошол кезде илим-билим жеткиликтүү бара элек эң четки тоолуу айылдардын биринде – Өзгөндүн Ничке-Сайында төрөлгөн бала кантип илимдин кандидаты, илимдин доктору, Улуттук илимдер академиясынын академиги даражасына жетти? Илимде эмне жаратты? Кантип университетте окутуучу, доцент, профессор, кафедра башчысы, декан, проректор, Кыргызстандагы эки чоң университетке – Ош технологиялык университетине, Ош мамлекеттик университетине ректор болду? Бул жооптуу кызматтарда кандай иштерди жасады? Үч ирет Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине кантип депутат болуп шайланды? Эл өкүлү катары кандай маселерди көтөрдү? Бүгүн Кыргызстан Элинин Ассамблеясынын төрагасы катары кандай ишмердүүлүк жүргүзүп жатат? – деген соболдордун айланасында ой жүгүртүп, өзүмчө жооп издедим.

Башында эле баса белгилеп кетейин дегеним, Бектемир агай кандай кызмат, кандай даражага жетпесин кокустан эле ага бакыт жылмайып, бул кызматтарга күтүүсүз келген жок. Бардык кызматтык тепкичтерге ички даярдык, тиешелүү тажрыйба, табигый мыйзам ченемдүүлүк, эволюциялык жол менен келгенин көрөбүз. Ошондуктан кайсы кызмат болбосун анын кадырын көтөрүп, кырын чыгарып, үзүрлүү, жемиштүү, ийгиликтүү эмгектенди.

Өмүрдүн бийик даванына чыгып, элибизге эсебин берип жаткан агайыбыз бул куракка кандай камылга менен келди? Анын жарык дүйнөгө келгенден берки өмүр таржымалы кандай болду? Жашоодогу максаты эмнеде эле да, эмнеге жетишти?

Бектемир агайдын жекече өмүр жолуна үңүлүп отуруп, кыргыз элинин акыркы 75 жылдык тарыхын, өмүр жолун да көрүүгө болот.

Каардуу согуштагы балалык

Агай жарык дүйнөгө келгенден бир жылдан кийин дүйнөнү дүңгүрөткөн каардуу согуш башталыптыр.

Оор мезгилдер, адамдарды курчутат, оптимизмге жетелейт, өжөрлүккө, боорукердикке тарбиялайт, адамдарды сынайт. Ошон үчүн ата-энеси ысмын чыдамдуу жана күчтүү темирдей бекем болсун деп Бектемир койсо керек. Кээде адамдын мүнөзүн анын ысымы да аныктап коет.

Бектемир агайдын атасы – Мурзаибраим өз мезгилиндеги динди бекем туткан, сопу- кожолорго кол берген такыба киши болуптур. “Баскан жол” аттуу автобиографиялык очеркинде агай минтип эскерет: “Кыштын узак түндөрүндө атам, агам Бекмамат экөөбүздү жанына отургузуп алып, турмуштан, өзүбүздүн эле айылдан алынган ар түрдүү окуяларды айтып берип, алардын жакшы жактарын талдап бизге түшүндүрчү. Кийин ойлосом, жакшы, жаман окуялар аркылуу өз насаатын айтып, бизди тарбиялап жүргөн экен. Атам Улуу Ата Мекендик согуш башталары менен кан майданга жөнөп кетиптир, согуштан кийин кайтып келип, биз эс тарткандан тартып бизге согуштагы окуялар, адамдардын эрдиктери жөнүндө айтып берчү.

Атам мени атына учкаштырып алып, Өзгөнгө алып барчу. Ошондо Ничке-Сайдан шаарга жеткенге чейинки Каганович, Красный Маяк, Жыланды, Шоро-Башат, Ана-Кызыл айылдарын аралап баратып аларда жашаган элдер, уруулар, көчүп келген орус, украиндер жөнүндө кызыктуу окуяларды айтып берер эле.

Апам Сулуукан алгач колхозчу, кийинчерээк балдар бакчасында башчы болду. Биздин мүнөздөрүбүздүн калыптанышына апам да көп таасирин тийгизди”, – деп эскерет.

Ничке Сайдагы жети жылдык Совет мектебинде биринчи классты бүткөндөн кийин эле анын идиректигин, зиректигин эске алып 2-классты аттатып дароо 3-класска которушат.

Агайдын класташы белгилүү сатирик акын Сатыбалды Кадыров минтип эскерет. “Оор шарт, мезгилдин кыйындыгына карабай, ал кездеги окуучулар тырышчаак, намыскөй болчу. Ошо намыскөй, жакшы окуган балдардын көч башында Бектемир жүрөр эле”.

Макаренко орто мектебинде окуп жүргөндө химия мугалими Рыскул агай өзгөчө таасир эткен. “Ал агайым химияны мээбизге куюп койчу. Сабагын угуп отурган адам, дүйнөдө химиядан башка кызыктуу жана керектүү илим жок болсо керек деген ойдо калар эле. Агайдын согуштан бир колу жок келгени да баарыбызды өзүнө тартчу”, – деп эскерет Б. Мурзубраимов.

Жогорудагы айрым штрихтер агайдын балалыгындагы, анын мүнөзүнүн калыптанышына, келечегин тандоосуна дайыма алдыга умтулуусуна катуу таасирин тийгизген. Анын чоң турмушка ишенимдүү, батыл киришүүсүнө, өз киндигин өзү кесип, турмуштагы бардык ийгиликтерге жетүүсүнө жол ачкан.

Студенттик курак – жетилген убак

1957-жылы азыркы ОшМУнун-андагы Ош педагогикалык институтунун химия-биология факультетине окууга өтөт. “Баскан жолунда” агай минтип айтат: “Биринчи күндөн эле окууга баш отум менен кирип кеттим. Бир да жолу лекцияга кечиккеним жок. Окууга келбей коюу оюма да келген эмес. Заманбап шарттар болбосо да, биздин билимге умтулуубуз күчтүү экен.

Мени илимий ишке кызыктырып, колдоп жүргөндөрдүн бири профессор Тельманс Яков Васильевич болду. Агай согуштун айынан Одесса университетинен бизге келген экен. Бир күнү мени үйүнө алып барып, китепканасы менен таныштырып, институтту бүткөнчө ушул китептердин баарын болбосо да көпчүлүгүн окуп чыгышың керек. Адам илимде бир эле тармак менен чектелбей, ар тараптан өнүккөн интеллектуал болушу керек, – деди.

Барган сайын мен профессордун баласындай эле болуп калдым. Ал турсун аялы экөө курортко кетерде мени үйүнө чакырып, ачкычын мага таштачу. Китепканадан пайдаланууга кеңири мүмкүнчүлүк болот", – дечү. Профессордун ишенимине кирүүсү ага дүйнөлүк илим билимден кабардар болууга эшик ачкан.

Бектемир агай – көркөм адабиятты мыкты билген, спортту жанындай сүйгөн, маданиятты, искусствону кадырлап түшүнгөн, тарыхка да саресеп салган ар тараптуу инсан. Совет мезгилиндеги адам факторун калыптандыруунун, ар тараптуу адамды тарбиялоонун, универсалдуу адам болуунун үлгүсү катары агайды айтсак болот.

Агайдын замандаштарынын бири профессор Токтош Танаев минтип эскерет. "Институтта студенттер арасында баскетбол боюнча мелдеш болуп жаткан. Оюн жүрүп жатканда, арасынан шыңга бойлуу, элпек, кыймыл аракети өтө чапчаң, топту талашып, каалаган жеринен жулуп алганга үлгүргөн, тегерек темирдин көзүнө колу жетип турган, жүзүнөн нуру жанган жигиттин турпаты мени бир жагынан таң калтырса, бир жагынан суктантты.

Ошол кезде мени баскетболдогу чеберчилиги менен таңдандырган, жүрүм-туруму үлгүгө айланган, эмгеги элге жаккан, бара-бара илими, өтөгөн кызматы, жасаган иштери аркылуу университеттин лидерине айланган жигит-Бектемир Мурзубраимович экен" – дейт.

Философ Аркабай Топчуев болсо: "Баскетбол боюнча институттун курама командасында жалаң орус, украин башка улуттардын арасында жалгыз кыргыз жигит ойночу – ал Бектемир Мурзубраимович эле", – деп эскерет.

Ал эми бокс боюнча спорт чебери, доцент Артыков агай болсо: "Ошондо менин көзүмдү баскетбол менен кол теннисти аябай чеберчилик менен ойногон узун бойлуу, жайдары мүнөздүү, мамилеси сылык бир жигит өзүнө тартты. Кийин билсем ал спорттун эле чебери эмес, Лениндик стипендия менен окуган, окуунун мыктысы химия-биология факультетинин студенти Бектемир Мурзубраимович экен.

... Бектемир акеден үлгү алып, ага суктанып аны ээрчидик. Ошол кездерде студенттер арасында абийир таап, уюштуруучулук таланты менен, бизди пайдалуу иштерге жетелей турган лидерибиз эле. Пахта териминде да, пахта тергенден Бектемир акенин алдына эч ким чыкпайт эле. Проректор болгондо да башка мугалимдерге үлгү болуп пахта теримге өзү чыгып жүрдү.

Студент кезде жатаканабызга шаардан тартип бузган күйөө балдар келип, тынчыбызды алып, кыздарыбызды капа кылышат эле. Ошондо биз Бектемир акенин башчылыгында студенттерден дружина уюштуруп, жатаканага жаман ниет менен келгендерди жолотпойт элек", – деп эскерет Артыков агай.

Студенттик кезде Сталиндик, Лениндик стипендия менен окуган.

Агай студенттик күндөрү жөнүндө: "Ал кезде мен студенттик курак, андагы куштай учкул мезгил, жалындаган жаштык, бул алтын доордун эч качан кайрылып келбей тургандыгын ойлобоптурмун", – деп эскерет.

Студенттик жылдары агайдын жаш адис, илимге дилгир, ар тараптуу инсан болуп жетилген курагы болуптур.

Аспиранттык жылдар, илим жолуна сапар

Агай институтту артыкчылык диплому менен бүтүп, Өзгөндөгү Макаренко мектебинде химия мугалими, завуч болуп эмгек жолун баштаган. Ошол жылы эле ноябрь айында КМУнун аспирантурасына жөнөп кеткен.

Аспирант мезгили жөнүндө агай минтип эскерет: "Теориялык жана лабораториялык иштер менен алек болуп жүрүп бир жарым жыл өттү, бирок эксперименталдык изилдөөлөр такыр оң натыйжа бербей койду. Ошондо эң күчтүү химиктердин бири-академик Дружинин Иван Георгиевичке кайрылдым. Ал мага:

“Кыйынчылыкка мүңкүрөп калбастан башыңды бийик көтөр, кайрадан шымаланып тагдырың менен күрөш. Сен чыныгы илимпоз болсоң инсандык да, илимпоздук да эрдик жасашың керек,” – деди. Андан кийин илимий жетекчим Рысмендээв Кадыракун болуп калды.

“Дем алыш, кино, майрам, оюн-зоок деген түшүнүктөр мен үчүн жоголду. Бир жылда лабораториялык изилдөөлөрдү аяктап, диссертациямды жазып бүттүм. Темам: “Жез жана никель микроэлементтеринин туздары менен мочевинанын составынын суу эритмесинде аракеттенүүсүнүн натыйжасында жаңы пайдалуу жер семирткичтерин алуу”, – деп аталды.

Кандидаттык диссертациямды ийгиликтүү коргоп, 25 жашымда химия илимдеринин кандидаты деген наамды алдым.

Аспиранттык жылдарда жүздөгөн илимий монографияларды окудум, китептерди талдап, тажрыйба топтодум. Аспирант өзүнүн илимий дүйнөсүн байытуу, интеллектуалдык жактан өсүү, дүйнөлүк маданиятты өздөштүрүү, рухий байлыгын кеңейтүү үчүн да кызмат кылышы керек.

Кандидаттык диссертациямды үч жылда жактасам, докторлук ишимди жазып коргоо дээрлик 30 жылга созулуп кетти.

Толгон токой коомдук иштер, университеттик кызмат докторлук ишти эрте эле жазып койгондугума карабастан, тоскоол болду.

...Докторлук диссертациям Өзбекстан Илимдер академиясында корголду.

Кеңештин курамында академиктер Беренжанов, К. Сулайманкулов, М. Набиев, Н. Парпиев, Фридман сыяктуу көрүнүктүү илимпоздор болду.

Докторлук диссертациям “Металлдардын туздарынын амиддер менен болгон комплекстик бирикмелерин синтездөө, касиеттерин изилдөө, практикада колдонуу чектери”, – деп аталат.

Агай илимий изилдөөлөрү менен Москвада, Ленинградда болду. Өзбекстандын, Молдованын көрүнүктүү илимпоздору менен тажрыйба алмашты, пикир алышты.

Илимий макалалары, эмгектери, СССР илимдер академиясынан, Киевден, Тбилисиден Минскиден, Кытай Эл Республикасынан жарыкка чыкты.

Бүгүн өзүнүн багыты боюнча ондогон аспиранттарды, доктаранттарды тарбиялады. Өзүнүн илимий мектебин түздү.

Акыркы жылдары КРУИАнын Химия жана химиялык технологиялар институтунда лаборатория башчысы, Химия жана химиялык технологиялар институтунун директору болуп кызмат кылды.

Химия жана химиялык технологиялар институтунун алдында ведомстволор аралык дисстертациялык кеңештин төрагасы болду.

Илимий ишинин үзүрү катары илимдин жогорку чегине чыгып, УИАнын академиги. Бүгүн да аспиранттарга, докторанттарга жетекчилик кылып, илимий изденүүлөрүн, жыйынтыктарын жарыялап келүүдө.

Жогорку билим берүүнүн күчтүү менеджери

Бектемир Мурзубраимович – ОшМУда ага окутуучу, доцент, профессор, кафедра башчысы, сырттан окуу боюнча проректор, университеттин партиялык комитетинин катчысы, табият таануу факультетинин деканы кызматтарында, жогорку билим берүүнүн бардык тепкичтеринде үзүрлүү иштеди.

Бардык жерде кызматтын чоңу же кичинесине карабай өзү тейлеген тармакты жөнгө салып, өнүктүрүүгө, өстүрүүгө, башкаларга үлгү кылып көрсөтүүгө жетишкен.

Ош технологиялык университетинин ректору

Ал эми 1993-жылдын июнь айынан баштап Ош жогорку технологиялык колледжинин ректору болуп Бектемир Мурзубраимовдун дайындалышы окуу жайдын өнүгүшүндөгү жаңы этаптын башталышы болгон.

Кийим тигүү жана аларды конструкциялоо, эсептөө техникаларын жана автоматташтырылган системаларды программалар менен жабдуу, айыл чарбасын электрлештирүү жана автоматташтыруу сыяктуу адистиктерге жогорку деңгээлде окутуу жолго коюлуп, Ош курулуш жана соода техникумдары, У. Салиева атындагы лицей ОшТУнун курамына өтүп, университетте окуу-өндүрүштүк комплекс калыптанган.

Бектемир Мурзубраимов Ош жогорку технологиялык колледжин 1996-жылы Ош технологиялык университетине айландырууга жетишкен. Жаңы шартка жараша окуу жайдын стратегиялык маани-мазмуну өзгөртүлгөн.

Б. Мурзубраимов ОшТУда 1997-жылы 6 кабаттуу административдик –окуу имаратынын курулушун баштаган. Ага мамлекеттен, университеттин өз резервинен, марафондордон каражаттарды тапкан. ЖОЖдор аралык аскердик кафедра ачылган, “Жаштык” телестудиясы иштеп турган.

Улут аралык мамилелерди чыңдоо үчүн 1995-жылдын 19-июнунда Өзгөн шаарында ОшТУнун Өзгөн технологиялык билим берүү институтун ачкан. ОшТУ Б. Мурзубраимов иштеген жылдары сандык жана сапаттык жактан өсүп-өнүгүүнүн бийик деңгээлине чыккан.

Академик Б. Мурзубраимовдун Ош мамлекеттик университетине сиңирген эмгеги

Бектемир Мурзубраимов Ош ПИде азыркы ОшМУда баары болуп 50 жылдан ашуун мезгилден бери эмгектенип келе жатат. Ал эми Ош мамлекеттик университетинин ректору катары 1998-2005-жылдары үзүрлүү эмгектенди. Ушул мезгил ОшМУнун өнүгүү учуру катары тарыхта жазылып калды.

- Ош МУ ушул жылдары структуралык жактан өнүккөн: 10 илим

берүү жана илим изилдөө институту, 19 факультет, 3 атайын орто окуу жайы болгон, кафедралардын саны 112ге жеткен, 66 адистик боюнча 27 миңден ашуун студент окутуунун 4 түрү боюнча билим алышкан. 400гө жакын студент алыскы чет өлкөлөрдөн келишкен.

- Дистанттык окутуу ишке киргизилип, Ош, Жалал-Абад, Баткен областтарында дистанттык окутуунун электрондук пункттары ачылган.
- Университет Кыргызстандагы ЖОЖдордун ичинен эң мыкты материалдык-техникалык базага ээ болгон. Окутуучулардын эс алуусу үчүн Оштогу Насос заводунун эс алуу зонасы, Ысык-Көлдөгү “Үмүт” пансионаты өткөрүлүп алынган. Искусство факультетинин концерттик залы, өзбек-гуманитардык институтундагы “Достук” сарайы, “Ак буура” эс алуу зонасындагы мейманкана, дүйнөлүк тилдер, медицина, философия факультетиндеги китепканалар, окуу жана лекциялык залдар курулуп, университеттик заманбап КАМПУСтун негизги имараты пайдаланууга берилген.
- Университетте “Эл мугалими”, “Эл сүрөтчүсү”, “Эл артисти”, “Кыргыз Республикасына эмгек сиңирген кызматкер”, “Кыргыз Республикасына эмгек сиңирген врачы”, “Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген

кызматкер” наамдарын алгандар, “Манас”, “Данакер” ордендерин, “Даңк” медалын алгандар ондоп саналган.

- Илимий иштердин масштабы кеңейген. Университетте жыл сайын чыгуучу монографиялардын, окуу китептеринин, окуу-усулдук колдонмолордун саны 5 эсеге өскөн.
- Тарбиялык иштерге өзгөчө маани берилип, алты жыл ичинде студенттик “Үмүт” телестудиясы, “Нур” газетасы, “Үмүт” фольклордук тобу, “Азия – Ош”, “Заман” эстрада топтору түзүлгөн.
- Эл аралык байланыштардын географиясы кеңейген. ОшМУ Американын, Франциянын, Германиянын, Швециянын, Кореянын, Японияныи, Кипрдин университеттери менен тыгыз байланыш түзгөн.
- Профессордук-окутуучулук курамдын айлык акысы жогорулаган. 2004-жылдын сентябрынан университеттин студенттерин атайын график менен транспорттук бекер тейлөө башталган.

Бектемир Мурзубраимов жетекчилик кылган жылдарда ОшМУнун өнүгүүсүнүн кыскача таржымалы ушундай.

ОшМУнун Кызыл-Кыядагы, Сүлүктүдөгү филиалдарынын негизинде Баткен мамлекеттик университети түзүлгөн. Кыскача айтканда, ОшМУ жогорку билим берүүнүн республикадагы чыныгы мэгаборборуна айланган.

Жогорку Кеңештин үч жолку депутаты

Бектемир агай Ош шаардык кеңешине, Жогорку Кеңешне үч ирет депутат болуп шайланып, элдин ишенимине татыган.

1981-1984-жылдары Ош шаардык Кеңешинде депутат болуп шайланып Жаштар иштери боюнча комитеттин төрагасы болгон.

- Бектемир Мурзубраимов 1995-2000-2005-жылдардагы 15 жылдык депутаттык ишмердиги жаш мамлекетибиздин тарыхындагы тагдыр чечээр жылдарга туура келип, ошондо анын окумуштуулук гана эмес, саясатчылык да ажары ачылды. Жогорку Кеңештин сессияларында турмуштук тажрыйбасы бай, иштин көзүн билген инсан катары арзан популизмге кызыкпай, учурдун эң маанилүү маселелери боюнча гана чыгып сүйлөп келди.
- Ош шаарынын абалын жакшыртуу жана аны өнүктүрүү, шаарга экинчи борбор статусун берүү боюнча бир канча жолу демилге көтөргөн.
- Республиканын ички байланышына өмүр берген кан тамырдай мааниси бар Бишкек-Ош жолунун Өзгөн-Жалал-Абад аркылуу өтүшү туура болорун белгилеп, жолдун курулушу Ош областынан башталсын деп өтүнүп, ал маселе оңунан чечилген.
- Элибиздин жакырчылыгынын негизги себептеринин бири болуп жаткан ысырапчылыкка чек коюу демилгесин көтөрүп, “Кыргыз Туусу” гезитине жарыялаган макалалары аркылуу республикада кызуу талкууну жараткан. Кыргыздарда байыртадан бери келаткан каада-салттарды, ырым-жырымдарды азыркы шартка, социалдык абалга жараша жаңылап өзгөртүү демилгеси менен чыгып, анын долбоору Жогорку Кеңеште, Өкмөттө жактырылган. Бүгүн да бул маселе жер-жерлерде актуалдуулугун жоготпой келет.

Биринчиликти бербеген Бектемир агай

-1965-жылы 25 гана жашында ОшПИнин бүтүрүүчүлөрүнүн ичинен биринчи болуп илимдин кандидаты болууга жетишкен;

-ОшПИнин бүтүрүүчүлөрүнүн арасында эң биринчи болуп 1967-жылы доцент наамын, 1970-жылы проректорлук кызматка коюлуп, 1984-жылы доктордук диссертациясын коргогон. 1997-жылы улуттук илимдер Академиясынын корреспондент-мүчөсү, 2000-жылы академиги болуп шайланган.

-ОшМУда биринчи жолу Кыргыз Улуттук илимдер академиясынын химия илими боюнча кандидаттык диссертацияларды коргоо Кеңешинин көчмө жыйынын уюштурган.

-ОшМУнун бүтүрүүчүлөрүнүн ичинде КРдин Жогорку Кеңешине үч жолку депутаты болуп шайланган.

Б. Мурзубраимов – публицист

Коомдук турмуштагы түрдүү көйгөйлөргө карата Бектемир агай өзүнүн жүрөгүндөгү ойлору, көз караштары менен окурмандар менен бөлүшүп келген.
Илим жөнүндө: «Химия элге кызмат кылат», «Өлкөбүздө химиянын өнүгүшү», Билим берүү жөнүндө: «Жоопкерчилиги чоң иш», «Мугалим-мөмөлүү дарак», «Альма-матер аялуу алаканга муктаж», «Ошко отуз кылым болсо, ОшМУга 50 жыл», «Макаренко муңайганда…», Тарбия жана тарбиялоо жөнүндө: «Тарбиялык иштин жатыйжалуулугу», «Жаштарды тарбиялоо көңүлүбүздүн борборунда», «Жаштарга кылым неге тар?», «Бутага тийчү телеберүүлөр көп болсо», Руханий баалуулуктар жөнүндө: «Баба салттарынын бардыгы улукпу?», «Адамзат качан чечет, качан коет-канткенде адам уулу адам болот?», Коом жана коомдук турмуш жөнүндө: «Айтпай коюуга акым жок», «Ачык айтып, ак сүйлөйлү», «Тазалык-негизги байлык», «Кайра куруу дилди жаңылоодон башталат», «Куру сөз курсак тойгузбайт», «Аз сүйлөп, көп иштөө керек», Саясат жөнүндө: ««Псевдопатриотизм» же дагы бир жолу «Түштүк картасы» жөнүндө», Кыргыз Республикасынын абалы, өнүгүшү жөнүндө: «Өлкөдө экономиканы көтөрүүнүн айрым маселелери», «Барскоон кырсыгынан ким пайда тапкысы келет?», Эл достугу, патриотизм, тышкы саясат жөнүндө: «Ачуу-душман, акыл-дос», «Бабур Ата байырлаган өлкөдө», «Өзөктөн чыккан өрт жаман…» сыяктуу макалалары коомдо резонанс жараткан.

Академик алган сыйлык-наамдар

- СССРдин илимдер академиясынын Н.С. Курнаков атындагы медалынын ээси (1983).
- “Кыргыз Республикасынын элге билим берүүсүнө эмгек сиңирген ишмер” ардактуу наамы (1995)
- Республикалык гезиттердин “Жыл адамы” ардактуу наамы (2000-2010)
- Америка биографиялык институтунун “Жыл адамы” ардактуу наамы (2001)
- Өзгөн районунун (2001) жана Заргер айыл өкмөтүнүн (2001) Ардактуу атуулу.
- КРдин II класстагы Мамлекеттик кеңешчиси (2002)
- Эл аралык “Руханият” сыйлыгынын лауреаты (2002)
- III даражадагы “Манас” орденинин кавалери (2003)
- Эл аралык “Сока” университетинин (Токио) өзгөчө сапаттагы медалы (2003)
- Гирне Америкалык университетинин сапат жана өзгөчө белги медалы (2004)
- КМШ өлкөлөрүнүн парламенттер аралык ассамблеясынын “Содружество” орденинин ээси (2007)
- Сүлүктү шаарынын Ардактуу жараны (2007)
- Ош ТУнун Өзгөн технология жана билим берүү институтуна академик Б. Мурзубраимовдун аты ыйгарылган (2007)
- ОшТУ, ОшМЮИ, БатМУ, ОГПИнин ардактуу профессору (2000-2008)

- “Кыргызстан элинин тынчтыгын, ынтымагын жана биримдигин сактоодогу салымы үчүн” Кыргызстан элинин Ассамблеясынын медалы.

Окуу-илимий жетишкендиктери жана ачылыштары

❖ ЖОЖдор үчүн 20 окуу китеби жана окуу-усулдук колдонмолорду, ошондой эле 4 илимий монографияны басмадан чыгарган. 300гө чукул илимий макалалардын автору.
❖ Ойлоп табуу боюнча 14 автордук күбөлүктүн (патент) ээси.
❖ Чоң-Алай таш туз жаратылыш кенин казып алуу жана иштетүү боюнча илимий топ тузуп, түрдүү сорттогу аш тузун, каустикалык соданы жана хлорду алуу технологиясын өндүрүшкө киргизүүнү сунуштаган.
❖ Кандидаттык жана докторлук диссертацияларды даярдоого жетекчилик кылып, 3 окумуштуу докторлук, 18 окумуштуу кандидаттык диссертациясын коргогон.

Мурзубраимовдун жашоо кредосу

❀➢ Адамдарга ар кандай кырдаалда жакшылык кылуу жана жардам көрсөтүүгө шашылуу;
❀➢ Турмушта пайдалуу жумуш жасап, из калтыруу;
❀➢ Кийинки муундар сыймыктангандай эмгектенүү;
❀➢ Тартипти чыңдоо, баш-аламандыкка жол бербөө;
❀➢ Сарамжалдуу, үнөмдүү жашоого көнүгүү;
❀➢ Адамдарды жасаган ишине жана анын сапатына жараша баалоо;
❀➢ Кең пейилдүүлүк, кек сактабоочулук жана кечиримдүүлүк;

Кыргызстан Элинин Ассамблеясында

Турмуштук тажрыйбасы артып, бардык маселеге аксакалдык парасаттын, акыл эстин бийиктигинде мамиле кылып элибиздин ырыскысына жана ынтымагына данакер боло турган кураста Кыргызстан Элинин Ассамблеясынын Кеңешинин төрагасы болуп шайланышы агайдын адамдык ажарын да, уюштуруучулук жөндөмдүүлүгүн да пайдаланууга кеңири жол ачты. Ассамблеянын ишин жандандырып, жаңы кан жүгүртүп, деңгээлин көтөрүүгө, Кыргызстандагы бардык улуттардын башын бириктирүүгө жан үрөп аракеттенүүдө. Учурда Кыргызстан Элинин Ассамблеясынын коомдо таасири жогорулады, аброю артты. Сексенден ашык улуттардын башын кошуп, бир багытка багыттай алды. Агай ар бир элдин маданиятына маани берип, баарыбыз үчүн Кыргызстан Мекенибиз, анын тынчтыгына, өсүп-өнүгүшүнө салым кошолу деп ар бир ишинен жакшылык издеп, бүгүн да атуулдук активдүүлүгү менен эмгектенип келе жатат. Бул багыттагы иштери боюнча бүгүн залыбызда отурган ар улуттун өкүлдөрү сөздөрүн айтаар. Ар бир курактын карызы жана парзы бар. Бүгүн агай 75 деген белеске чыгып, аксакалдык нарк-насили менен өзүнүн куттуу курагынын карызын да, парзын да татыктуу аткарып келе жатат.

Таалайга жеткирген татаал жол

Бирок Бектемир агайдын жолу деле шыр, дангыр боло койгон жок. Өмүр жолунда канча тоскоолдуктар, каршылыктар, жолтоолуктар көп болду.

Негизсиз жазуулар, жок жерден асылуулар жол катар алдынан чыгып жатты. Себеби чоң иштерди жасаганга, прогрессивдүү өнүгүүгө жол ачканга бизде оңойлук менен жол бериле койбойт эмеспи. Сен элди, жамаатты ойлоп жүрсөң, буйткадан

чыгып, буттан чалгандар, арттан найза сунгандар болот. Ошондуктан агайдын өмүрү да тынымсыз күрөш менен коштолду. Бирок ошондой күндөрү да университеттин жамааты Бектемир агайдын жанында болуп колдоду. Кээде түнү бир оокумга чейин иштеп, кайра таңкы саат алтыда иште болуп калган күндөрүбүз болду.

Ошентсе да ал кезде адамдарда пейил кенен, бири-бирине карата болгон мээр да, сый да, мамиле да башкача болгон экен деп ойлоп кетем. Ар кандай шартта ОшМУга эмгек кылган азаматты университеттин жамааты университеттин туусун көтөрүп биримдикте, ынтымакта колдоп келген. Ошондуктан ОшМУнун уулу катары, окуган, билим алган, жамаатына ак кызмат кылган, өсүп-өнүгүүсүнө жол ачкан, эмгеги сиңген инсан катары, кандай кырдаал болсо да жамаатыбыз Сизди кубаттап, дем берип келди. Анткени Сиз да университеттин өнүгүшүнө жөлөк таяк, арка бел болдуңуз деп айтаар элем.

Үй-бүлөсү жана достору – жашоодогу байлыгы

Агай бүгүн уулдары жана кызы, неберелери жана чеберелери менен бактап-шактаган үй-бүлөнүн бактылуу атасы, чоң атасы жана таятасы жана бабасы болду. Бүгүн куттуу үй-бүлөсүнүн төрүндө өмүрлүк жубайы Калыскан эже менен ар бирине акыл-насаатын айтып, кеп-кеңешин берип, өрнөктүү өмүр кечирип келишүүдө. Эже менен баш кошкон 50 жылдык алтын тоюнда чебереси Беккелдиге:

Из калтыр бул дүйнөдө,
Боорукер сезим менен,
Ашыкча мүлк жыйнаба,
Ал кетпейт сени менен,-

деген ырды ырдатышкан. Артынан из калтыруу, эмгегин элге арноо агайдын жашоосунун мазмуну болсо керек. Бул ийгиликтерге агай кантип жетти? Кара жанын карч уруп күн-түн билбеген эмгектенүү, өзүн аябаган өжөрлүк, көздөгөн максатына жетүүдөгү тыным билбеген аракет, керек мезгилде бараткан жолунан кайтпаган чечиндүүлүк Бектемир агайдын ийгиликтерине жол ачты деп ойлойм.

Досторуна, улуу-кичүүгө, тууган-урукка, куда-сөөккө мамиле кылуунун маданияты да агайдын жан дүйнөсүндө жакшы өнүккөн. Өзгөчө искусство, маданият ишмерлерине урмат-сый менен мамиле кылгандыгы Кыргыз Эл баатырлары Сооронбай Жусуев, Сүйүнбай Эралиев сыяктуу улутубуздун аксакалдарына жасаган сый урматын көрүп мен да өзүмө сабак алганмын.

Бир мезгилде түштүктөгү окуу жайлардын бардыгын агайдын тарбиялаган шакирттери башкарган учурлар болду.

Б. Мурзубраимовдун жетекчилик мектебинен өткөнмүн

Белгилүү адабиятчы, профессор Пайзылда Ирисов: “Мен көп жылдар бою анын иш кызматын, кулк-мүнөзүн, инсандык касиеттерин жакшы эле билгендей болдум. Жарышкан күлүктөрдөй бул жалганда ал киши менен үзөңгүлөш келе жатып анын эң асыл сапаттарына үңүлүп кирип, өзүмдө ошондой касиеттердин жоктугуна өкүнүп келем. Алар кайсылар? Биринчиси-чыныгы достукту бекем кармагандыгы,. Экинчиси-алпурушкан турмуштук сыноолордо кебелбес эрки менен чыдамкайлыгы. Үчүнчүсү-үй-бүлөлүк, мугалимдик, илимпоздук жагынан мыкты тарбиячы экендиги. Ал эми калган нерсе акыл-эс менен бүтө берчү көрүнүштөр. Мына биздин Беке ушундай киши”, – деп эскерген.

Ал эми мен да жети жыл Бектемир Мурзубраимовичтин жанында ректордун жардамчысы, университеттин тарбиялык иштери боюнча проректору катарында бирге иштедим, таалимин алдым, үлгүсүн үйрөндүм. Көп жакшы сапаттарын өзүмө сиңирүүгө аракет кылдым. Азыр аркыл адамдарда жетишпеген касиеттерди агайдан

көрдүм. Агайдын ар кандай кырдаалдарда эмнени жасоого ниеттенип тургандыгын көз карашынан сезүүнү, ички дүйнөсүндөгү оюн ишаарат аркылуу түшүнүүнү, көп нерсени айттырбай туюп жасоону өзүмдүн мүнөзүмдө калыптандырдым.

Урматтуу Бектемир Мурзубраимович 75 жаштын дабанына чыгып, элиңизге жүзүңүз жарык эсеп берип жатасыз.

Кыз-уулдарыңызга – ата, небереларериңизге – чоң ата, таята, чеберелериңизге – баба болдуңуз. Үй-бүлөңүз менен бактап-шактаган шаарга айландыңыз. Кудай буйруса, кыбыраларыңызга – буба, тыбыраларыңызга – куба болгон күнгө жетиңиз. Өрнөктүү өмүрүңүз узун болсун!

Өзүңүз окуган, өзүңүз иштеген, ар бир ийгилигине өзүңүздүн ийгилигиңиздей кубанган-алтын билим бешигиңиз Ош мамлекеттик университетинин жамааты дайыма Сиз менен сыймыктана берели.

Каныбек Исаков,
Ош мамлекеттик университетинин ректору, профессор

УДК: 80.809.(336.741)

Абдыкадырова С.Р., преподаватель, ОшГУ

Тема денег в русской литературе

Бул макалада актуалдык орус адабиятындагы акча темасы көйгөйү каралат. Орус классикалык чыгармалары үлгүсүндө берилген жалпы орус адабиятындагы акча жүйөсү адабий элементи жана компоненти катары көрсөтулөт.

Ачкыч сөздөр: *акча, руханийсиздик, адеп-ахлактык, образ, реалдык адабият.*

В статье рассмотрена проблема власти денег в русской классической литературе. На примере произведений классиков, проясняет истоки художественного мотива денег в русской литературе, как элемента литературного целого, компонента содержательной формы.

Ключевые слова: *деньги, бездуховность, нравственность, образ, реалистическая литература*.

Деньги – эта тема актуальна сейчас и не утратила своей новизны. Куда ни кинь взгляд – всюду деньги. И современная литература, безусловно, не является исключением. Но как рассматривается и подаётся эта животрепещущая тема? Каждый писатель и поэт по-своему видит, понимает и изображает эту проблему. Но практически все сходятся на мысли, что деньги, несомненно, вносят бездуховность в жизнь людей, обезображивают, убивают всё человеческое, позволяют людям забывать о нравственности, способствуют появлению “мёртвых душ”. Деньги постепенно заменяют человеку всё: совесть, честность, порядочность. Зачем нужны эти возвышенные чувства, когда всё можно купить? Заплатил – и ты известный уважаемый человек.

Деньги – одно из важнейших явлений реальной жизни. Переходя в литературу, подчиняясь законам художественного творчества, эта часть «вне художественной реальности» становится элементом литературного целого, компонентом содержательной формы, одним из мотивов, так или иначе связанным с темой произведения. Тема денег в русской литературе имеет долгую историю, уходящую корнями в мифологические представления славян о двойственной природе золота. На народные представления оказали особо сильное влияние христианские суждения о богатстве и бедности, о бескорыстии, милосердии и нищелюбии, о разделении духовных и материальных ценностей. В литературе нового времени, перенявшей черты европейского классицизма, стремление к деньгам, богатству связывается со слабостями и пороками человека – скупостью и жадностью, воспроизводятся устойчивые представления о добродетельности бедного и порочности богатого человека. В произведениях реалистической литературы XIX в., когда писатели стремились запечатлеть особенности современной им жизни, в том числе социальных и экономических условий, роль мотива денег как носителя основной темы существенно повысилась. Это относится в первую очередь к произведениям эпических и драматических жанров. В художественном мире реалистической литературы роль и влияние денег уже не оценивается столь прямолинейно, как в сентименталистских или классицистических сочинениях. Констатируется стремление к обеспеченной жизни и комфорту. При этом писатели сосредоточиваются на тех духовных потерях, которые сопровождают рост состояния и подъем по социальной лестнице, показывают особенности человеческих взаимоотношений, складывающихся на меркантильной основе.

Пожалуй, эта тема в 19 веке довольно широко представлена у А.С. Пушкина. Его трагедия «Скупой рыцарь», входящая в цикл «Маленькие трагедии», показывает губительную силу золота, богатства. Можно сказать, что сюжет этого произведения строится вокруг денег. Рыцарь Альбер не имеет ни копейки, у него нет средств даже купить себе новый шлем. Безусловно, это унизительное положение для рыцаря, человека благородного происхождения.

Ростовщик Соломон подсказывает Альберу «выход» из создавшегося положения: отравить отца, Барона. Тогда Альберу перейдет все его наследство, все его несметные богатства. Альбер шокирован таким предложением, но и в его голову уже заползла крамольная мысль.

Таким образом, Пушкин показывает, что деньги, богатство развращают человека, заставляют его думать о преступлениях, самых страшных, самых бесчеловечных, самых безнравственных. То, что богатство, деньги – это губительная сила, показывает и пример отца Альбера, Барона. Он очень богатый человек, подвал его замка завален сокровищами. Но этот герой не тратит их, даже своего сына он держит «на голодном пайке». Барон боится, что Альбер растранжирит все его сокровища, то, что он приобрел «кровью». Деньги породили в Бароне страх потерять свое богатство. Он превратился в скупца, трясущегося над своими сундуками. Все интересы жизни сузились у этого до одного – наслаждаться богатством, каждый вечер перебирать золото в сундуках:

я …. Весь день минуты ждал, когда сойду
В подвал мой тайный, к верным сундукам.
Счастливый день! могу сегодня я
В шестой сундук (в сундук еще неполный)
Горсть золота накопленного всыпать.

Барон ощущает себя неким демоном, властителем мира, которому подвластно все, а он неподвластен никому: «как некий демон Отселе править миром я могу…», «Мне все послушно, я же ничему» [1]. Но эти иллюзии героя вскоре рассеиваются – любовь к золоту приводит к тому, что Барон сначала клевещет на своего сына, а потом вызывает его на дуэль. За это и отец, и сын лишаются милости Герцога. Узнав об этом. Барон умирает. Тема денег, власти капитала затрагивается и в произведениях русских писателей второй половины 19 века. В то время в России появились дельцы новой формации – капиталисты с европейским образованием и новым мышлением, другой системой ценностей. Для этих людей на первое место вышли деньги, расчет, циничное накопительство. И на все в мире - людей, взаимоотношения, любовь, семью – они смотрели именно с точки зрения наживы.

Именно миру таких людей и трагедии человека, мыслящего по-другому, но попавшего в эту жизнь, посвящена пьеса А.Н. Островского «Бесприданница». У ее главной героини Ларисы Огудаловой нет богатого приданого, поэтому она не хозяйка своей жизни в мире дельцов.

Эта светлая, чистая девушка, стремящаяся к любви, является лишь вещью, красивой безделушкой для «кнуровых, вожеватовых, паратовых» [2]. Ею стремятся завладеть, как пароходом «богатого барина», для престижа, статуса. О душе, чувствах Ларисы никто даже не задумывается. Огудалова не может так жить – финал ее жизни трагичен: она погибает от руки Карандашева, такой же жертвы циничного мира денег, как и она.

С развитием психологизма в литературе тема денег звучит в характеристике персонажей, обозначая преимущественно такие негативные качества, как расчетливость, корысть, скупость, переходящие в «неодолимую жажду стяжания», провоцирующие преступные деяния.

Роман Ф.М. Достоевского «Преступление и наказание» также затрагивает тему денег. Вспомним, что главный герой произведения – Родион Раскольников – задавлен нищетой. Он находится в постоянном страхе и волнении за свою семью – мать и сестру, у которых нет защитников, кроме него. Раскольников видит, что происходит вокруг него, как живут люди: в голоде, нищете, страхе потерять последнее. Люди опускаются до такой степени, что теряют человеческий облик, свою душу. В таком состоянии они способны на что-угодно: торговать своим телом, грабить, убивать. А кто-то наживается на этом. Именно таковой является ростовщица Алена Ивановна – «паук, сосущий кровь» из людей [3]. Раскольников решает убить это безжалостное существо, чтобы как-то облегчить страдания человечества. Тема денег связана в «Преступлении и наказании» и с образом Лужина. Этот делец хочет жениться на Дунечке – сестре Раскольникова. И та, ради брата, даже соглашается выйти замуж за деньги этого предпринимателя. И только благодаря вмешательству Раскольникова Дуня не калечит свою судьбу. Разнообразные функции выполняет мотив денег в композиции: мотивирует завязку и кульминационные моменты, связывает фрагменты, окаймляет начало и конец, подчеркивая завершенность построения произведения.

Тема денег в рассказах А.П. Чехова не только способствует созданию иллюзии реальности происходящего: в предметном мире рассказов все вещи имеют «правдоподобную» цену, персонажи располагают соответствующим доходом. Во многих случаях денежная сумма, о которой прямо или косвенно идет речь (будь то 200 рублей из рассказа «В приюте для больных и престарелых» или 75 000 в одноименном рассказе), оказывается мерой унижения, нравственного падения, моральной деградации.

Ситуации, показанные Чеховым в рассмотренных и многих других рассказах 1880-х годов, основаны на разнонаправленности интересов главных персонажей. При этом, если одна сторона в своих поступках, надеждах и ожиданиях исходит из соображений о родственной привязанности, ответственности и семейном благополучии, то другая руководствуется только соображениями личной выгоды. Момент неожиданного столкновения двух различных образов мыслей, реализация меркантильности в конкретном действии или слове составляет центральное событие в сюжете рассказов, их кульминацию. Чеховские герои пытаются извлечь выгоду из всего, даже из супружеской неверности, как в рассказе "Начальник станции". Мотив денег, в Чеховских рассказах выполняет основную роль в создании ситуации конфуза, разочарования и отчаяния.

Таким образом, тема денег в русской литературе трактуется однозначно. Деньги, богатство – зло, развращающее человека, привносящее в его жизнь горе, несчастье, разрушение, смерть. Смерть если не физическую, то духовную. Причем, деньги губят не только тех, у кого они есть, но и кто просто соприкасается с миром богачей, ловких дельцов, готовых за монеты продать дьяволу свою душу.

Литература

1. Белинский В.Г. Полн. Собр. Соч. Т. 11. – С. 89-93.
2. Городецкий Б.П. Драматургия Пушкина. – М. Л. 1979. – С. 57-63.
3. Достоевский Ф.М. Преступление и наказание. – М. Эксмо. 2006. – С. 98-102.
4. Ф.М. Достоевский. Т. 5. – Ленингра. "НАУКА". 1989. – С. 43-48.
5. А. Островский. Драматургия. АСТ- ОЛИМП. – М. 1998. – С. 21-29.
6. А.С. Пушкин. Избранные произведения. Детгиз. – М. 1959. – С. 78-84.

7. Г.И. Романова. Мотив денег в русской литературе. Флинта. Наука. – М. 2006. – С. 97-101.
8. Комментарий С. Бонди к Скупому рыцарю в кн. А.С. Пушкин. Драмы (нига для чтения с комментарием). – М. 1985. – С. 68-70.
9. Русская драматургия XVIII века. Современник. – М. 1987. – С. 37-41.
10. Томашевский Б.В. Теория литературы. Поэтика. – М. 2000. – С. 86-90.
11. Чехов А.И. Повести и рассказы. Русский язык. – М. 1980. – С. 46-50.

S.R. Abdykadyrova, teacher, OshSU

The topic of money in Russian literature

The article considers the problem of the power of money in Russian classical literature. On the example of the classics, art clarifies the origins of the money motive in Russian literature, as part of a literary, informative component form.

Key words: *money, morality, appearance, realistic literature.*

УДК: 494.3:894.341:371.302

Ж.К. Айтибаева, окутуучу, ОшМУ

“Баш” концептинин паремияларда колдонушу

Бул макалада «Баш» концептинин паремияларда колдонулушу жөнүндө кеп болот.

Ачкыч сөздөр*: паремия, когнитема, салыштыруу, концепт, баш, концептосфера, макал, табышмак, каргыш.*

В этой статье рассматривается употребление концепта «Баш» в паремиях.

Ключевые слова: *паремия, когнитема, сравнение, концепт, голова, концептосфера, пословица, загадка, проклятие.*

Паремиялар кыргыз тилинде арбын жолугат. Паремия – элдин тарыхын, маданиятын, турмушун, адебин, жүрүм-турум эрежелерин, улуттук түшүнүгүн чагылдырган макал, лакап, афоризм, учкул сөздөр, табышмактар, аяндар, каргыштар, анттар, баталар ж.б. [4; 54]. Кыргыз тилиндеги паремиялардан “баш” концептин презентациялоочу каражаттарды кеңири кездештирүүгө болот.

Кыргыз тилиндеги “баш” деген сөздүн маанисин пайда кылган же ачып берген концепттер эл арасындагы көптөгөн макалдарды, лакаптарды, накыл сөздөрдүн темасын да, мазмунун да түзүп бере алат. Алар фольклордун дидактикалык жанры катары адамзатка тарбиялык мааниси жана таасири чоң. Маселен, төмөнкү макалдын мисалында карап көрөлү: *Күч акылга баш иет* [3; 77]. Бул паремияда баш ийүү бар. Адам баласынын канчалык күчкө толушу башкарууга көз каранды. Баш дене мүчөнү башкаруучу мээ жайгашкан орган катары денедеги кара күчтү, кыймыл-аракетти, аң сезимди, эстутумду жетектөөчү касиетке ээ. Дагы бир мааниде топту, коллективди же бир нече адамдын күч аракетин баш башкара алат. Ушул жалпылоочу мааниде когнитема макалдын ички мазмунун ачып турат.

Ал эми: “*Баш көбөйсө – ырыс, кас көбөйсө – уруш”* – деген макалдын маанисинде көпчүлүк бириксе жакшылыкка, душмандар бириксе бүлүнүүгө алып келерлиги белгиленет. Бул идея – анын когнитемасы. Буга жакын мазмун *Бир баш жакшы, эки баш андан жакшы* [3; 51] деп да белгиленет. Бул жерде полисемия бар: эки зат бир заттан артык; эки ой бир ойдон баалуу; эки кеңеш бир кеңештен жогору (тандоого болот) ж.б. маанилер берилет. Демек, “баш” сөзүнүн денотанты бирөө эмес. Ал атаган заттар түрдүүчө. Макалдын зарыл касиети – жалпылоочулук бөтөнчөлүгүндө. Окуяларды, жагдайларды жалпылоо анын баалуу белгиси болот. Баш көбөйүү менен кыргыз элинин ойтутумунда *ырыс келет, кут келет* деген позитивдүү концепттер пайда болгон. Баш

(индивид) акыл берет, жардам берет, караан болот. Ошондой эле бул жерде *кас көбөйсө – уруш* деген когнитеманын варианттары “ырыс” алып келген баштын функцияларынын карама-каршысын түзөт. Мында “чыр чыгарат, көрө албайт, бут тосот, айтканына көнбөйт...” концепттери орун алып, жашоодогу жаман менен жакшыны ылгай билүүгө, тандай билүүгө тарбиялайт.

Жекече адамдардын мамилеси да ар түрдүү болот. Алардын ортосунда өз ара сый-урмат, өз ара түшүнүүчүлүк, бири-бирин колдоочулук, бири-бирине ишенүүчүлүк, бири-бирине берилгендик, көз карандылык, милдеттүүлүк болушу да, болбой калышы да мүмкүн.

Буга төмөнкү мисалды келтирсек: *Башка келген балаага кулак-мурун садага* [3; 111]. Бул учкул сөздө *Башка келген балаага* бөлүгү аркылуу башты адамдын ордуна коюп, салыштырып жатат, мында “баш = адам” барабарлоосу бар. Негизинен, баш үчүн кулакты, мурунду өз алдынча карай албайт. Ошондой болсо да аталган макалдагы эки бөлөк парадигма уйкаштык түзүү максатында колдонулган. Бул макалда “баш = адам” теңдештирүүсүндө “баш” сөзү “адам” сөзүнүн маанисин туюнтуп, жандандырып, элестүү көрсөтүү ыкмасы менен колдонулган. Башкача айтканда, салыштырылып айтылды. Бул салыштыруу логикалык ой жүгүртүү аркылуу макалдын маанисин образдуу чечмелөөнү же түшүнүүнү талап кылат.

Макал-лакап, накыл сөздөрдү сөз образынын ачкычы катары таанууга болот деп айтылат. Чындыгында, макалдар – рифмалашкан жана ритмдешкен бир же бир нече сүйлөмдө ойду бүтүрө айткан, тарбиялоо максатында колдонулган фольклордук чыгарма. Ал адам турмушунун бүткүл көрүнүштөрүн өзүнө тема кылып коет [5; 105]. Маселен, *Баш эсен болсо, топу табылат* [3; 39] деген паремияны алып көрөлү. Адамдын образын түзүүдө баш орган катары эмес индивид катары кызмат кылат. Макалдын менталдык семантикасындагы “баш”, “топу” концепттери өз ара жалгашып, *баш эсен болсо, топу табылат* деген конкреттүү пропозицияны жаратып турат. Пропозицияны *Адам болсо кийим табылат* когнитемасы түзүп берди. Макалдагы мазмундун орчундуу бөлүгүн “эсен болуу” сөз айкашы түзүп турат. Бул функциянын болуш-болбосу тууралуу айтылып жатат. Анткени топу башка кийилет, аны ысык-сууктан сактайт. Же болбосо индивид жашоодо бар болсо ал керектөөчү нерселерди таба алат когнитемасы берилип жатат. Когнитема макалдын бир бөлүгүндө же бүт турпатында берилиши мүмкүн. Аны түзгөн концепттер эки, үч же андан көп концептосфералардын курамына кире алат*: Башты башкара билген башкаларга үлгү. Чырпык башын сындырбайт. Бөрк ал десе баш алат. Баштуу тойдун ыры көп, башсыз тойдун чыры көп. Башка түшсө байтал жорго болот. Баланы жашынан, аялды башынан* [3; 58].

Паремиялардын бир жанры – бата. Кыргыз элинде бата алуу өзүнчө салт катары каралып, адатта улуу муундун кийинки муун өкүлдөрүнө болгон урмат-сыйы, ыраазычылыгы катары бааланат. Маселен, баш кошкондорго берилүүчү бата:

Баш алган буудайдай ыргалгыла,
Кошулган талдай чырмалгыла.
Ырысыңарга эр бала сүйгүлө,
Суктанарга кыз бала сүйгүлө.
Бошоң эмес тың болгула,
Арты эмес баш болгула.
Бата бердик жаш-кары,
Алганың менен тең кары
Оомийин! [2; 39]

Мындагы когнитема башка баш кошулуп, үй-бүлө мүчөлөрүнүн саны өссүн, адамдын тукум улантуу касиетинин ардактуу да, сыймыктуу да экендигин айтуу менен буудайдын баш алуусуна да салыштырып, жашоодо тың, бекем жана бирге болуу тилектери айтылат. Бул түшүнүктөр менен бирге “баш” концептинин бийиктиги, башкаруучулук касиети бар экенин да ачып берет. Ал үй-бүлөдө – мүчө, ошону менен

бирге ата же эне болушу мүмкүн, же болбосо уулдук же келиндик (кыздык) милдетти аркалашы ыктымал.

Ошондой эле үйүнө конокко чакырганда үй ээсине берилүүчү бата:

Башыңарга бак конуп,
Бак-дөөлөткө тунгула.
Башыңарга баш кошуп,
Бактылуу үй-бүлө кургула.
Байлык кирип корооңо.
Бийлик конуп башыңа,
Ооматы ашып башыңдын,
Олжолуу кайтып жүргүлө,
Кас санаган пас болсун,
Кадырың дайым жам болсун,
Өмүрүң узун болуп, өркөнүң өссүн
Оомийин [2; 57]!

Бул паремияда баштын көп болгону жакшы экени, анан да "өмүр" концептинин "баш" концептине түздөн-түз зарылдыгы бар экени да айтылып жатат. Баш концептин бакыт, дөөлөт, байлык, бийлик, ийгилик когнитемалары жандап жүрөрүн жана кас санагандар да болору эскертилди. Когнитема паремиянын бир бөлүгүндө же бүт турпатында берилип жатат. Аны түзгөн концепттер бир нече концепттердин курамын кабыл алды. *Башыңарга бак конуп, бак-дөөлөткө тунгула* деген саптарда "баш = адам" жашоосунда бактылуулук анын жашоосун камсыздаса, ал жакшы жашап, эч нерседен кемчилиги болбойт. *Башыңарга баш кошуп, бактылуу үй-бүлө кургула.* Бул саптарда адамдын башына баш кошулганда гана анда бактылуулук өкүм сүрөт, негизинен үй-бүлөнүн милдети адам тукумун көбөйтүү экендигин белгилейт. *Үй-бүлө балалуу болуу менен бекемдигин сактайт. Бийлик конуп башыңа,ооматы ашып башындын, олжолуу кайтып жүргүлө, кас санаган пас болсун, кадырың дайым жам болсун, өмүрүң узун болуп, өркөнүң өссүн*. Батанын бул бөлүктөрүндө "башты" эгер оомат келсе, бийлик коштоору,бул учурда ал олжолуу болушу же айтканынын, каалоосунун көпчүлүгү аткарылышы айтылат. Бирок, мындай учурларда бут тосуулар, жактырбоолор, каршы чыгуулар да болоору жашоонун мыйзамы экенин эскертилип жатат.

Кыргыз тилинде элдик оозеки чыгармачылыктан каргыштарды да жолуктурабыз. Каргыштарда "Баш" концептинин номинанттары көп учурайт. Анткени элдин тарыхында, маданиятында, турмушунда, улуттун түшүнүгүн чагылдырган каргыштарды да кезиктирүүгө болот. Каргыштар батанын карама-каршы кызматын аткарып, адам түшүнүгүнө тескери таасир калтырат.

Башың баш, багалчагың кара таш деген паремиянын түзүмүндө концептосфералардын алкагына кирип кетет. Мисалы, биз сөз кылган "баш" концептинен сырткары *багалчак* же *бут* концепти да функция аткарууда. Каргыштын когнитемасы – "канча айткан менен деле пайда жок, айта берип чарчадым, эмне болсоң ошол бол же көргүлүгүңдү көрө бер..." ж.б.у.с. ой башаттары биригип, өз жагдайына жараша мазмунга ээ болушат.

"*Башың жерге кирсин*" паремиясында болсо, баш концептин индивид катары карап, когнитемасында – *баштын бул жашоодон кетишин, жарык дүйнөдө жашабоосун* каалап жаткан функция аткарылууда.

Баш концептинин мааниси табышмактарда да чечмеленет. Табышмак кандайдыр бир затты же көрүнүштү абстрактуу затты кандайдыр бир түшүнүк менен атап, алардын негизги белгисин мүнөздөйт. Аталышын башка бирөөдөн талап кылган тапшырма түрүндөгү чыгармалар. Ал табышмак-суроо жана табышмак жандырмак деп эки түргө бөлүнөт жана дүйнөнүн тилдик жана концептуалдык сүрөттөлүшүн чагылдырат [1;57]. Аны төмөнкү табышмактан карап көрөлү:

Кош кайкыда турагы бар,

Кош каухардан чырагы бар.
Керемети ааламга тиет,
Аалам ага башын иет [1;50].

Бул табышмактын жообун табуу менен когнитемасына көңүл буралы. Парадигманын биринчи сабында эмне жөнүндө тапшырма берилип жатканын толук табуу кыйын, ал эми экинчи сапты окуганда эмне жөнүндө сөз болуп жаткандыгын бир аз болжолдоого болот. Ал эми кийинки саптардагы "*аалам*" сөзү бүтүндөй табышмактын жообуна ачкыч сөз катары кызмат аткарып жатат. Ааламды баш ийдирүүдө баштын кызматы бар, анткени башкарууда баш негизги роль ойнойт.

Демек, биринчи саптагы *кайкыны турак кылган – баш, кош каухар чырак – көз, керемети менен ааламды баш ийдирген* бул – "баш" концепти.

Мына ушул сыяктуу салыштыруу аркылуу башка заттар жөнүндө бир нече табышмактар жаралып, алардын жообун табууга тапшырмалар берилген.

Мисалы, кийинки табышмакты айтууга болот:

Сырткы көрүнүшү тоголок,
Бирок чоло жери жок чытырман токой [1;41].

Баштын сырткы көрүнүшүн карап, чачты чытырман токойго салыштырып жаратылган бул табышмактын жообу – *баш* менен *чач*.

Бул салыштыруулар когнитивдик пикир алмашуучулардын аң-сезиминдеги дааналык, тактык даражалары боюнча ар түрдүү колдонулган. "Баш" концепти кыргыз тилиндеги макалдарда, баталарда, каргыштарда, табышмактарда элес, образ, символ, түшүнүк, мазмундук форма катары берилген. Алар аркылуу төмөндөгүчө жыйынтыкка келүүгө болот. "Баш" концептинин паремияларда чагылдырылышын карап чыгып:

- кыргыз элинин менталдык дүйнөсүндө "Баш" концепти боюнча базалык бирдиги жогору жана чексиз;
- айлана-чөйрөнү таанып-билүү аракети бар;
- аталган концепт жөнүндө комплекстүү маалыматты алып жүрөт;
- коомдук аң-сезимдин айланадагы кубулушка болгон мамилеси, логикалык ой-жүгүртүүсүнүн деңгээли жогору деп жыйынтык чыгаруу туура деп айтууга болот.

Адабияттар

1. Акматалиев А. Ред. Табышмактар. (Эл адабияты). – Б. 2002.
2. Батырханов О. Тосттор жана баталар. – Б. 2009.
3. Закиров С. Кыргыз элинин макал-лакаптары. – Ф. 1962.
4. Зулпукаров К.З. Кыргыз паремияларынын түрлөрү, түзүлүшү жана педагогикалык максатта колдонулушу. Эл агартуу. 2002. №3-4. – 53-58 б.
5. Шериев Ж., Муратов А. Адабият. Терминдердин түшүндүрмө сөздүгү. башкы ред. Карыпкулов А. – Б. КЭнин башкы ред. 1994.

J.K. Aitibaeva, teacher, OshSU
ypara.aitibaeva@mail.ru

The usage of the concept «Баш» in paremies

This article discusses the usage of the concept «Баш» in paremies.

***Key words**: paremie, cognitema, comparison, concept, head, concept sphere, proverb, riddle, damnation.*

УДК: 494.3:894.341:371.302

Г.Т. Акишова, окутуучу, ОшМУ

Х. Карасаевдин этимологиялык табылгалары

Макалада Х. Карасаевдин «Накыл сөздөр» жыйнагы жана андагы айрым сөздөрдүн маанилери жөнүндө сөз болот.

Ачкыч сөздөр: *этимологиялык изилдөө, сөздүк, фразеологизм, макал, этимологиялык талдоо, түркология, ориенталистика, орфография, лексикология.*

В статье рассматривается сборник Х. Карасаева «Накыл сөздөр» и значения некоторых слов из него.

Ключевые слова: *этимологические исследование, словарь, фразеология, пословица, этимологический анализ, тюркология, ориенталистика, лексикология.*

Ар бир тилдин өзүнө тиешелүү табияты, өзгөчөлүгү болгондой, сөздөрдүн да түпкү мааниси, сыры болот. Тилдик каражаттардын маанисин талдоодо анын тарыхына, этимологиясына кылдат кароо зарыл. Сөздөрдү чогултуу, аны системага салуу, маанисин ачуу, этимологиялык талдоону илимий багытта жүргүзүү чоң жоопкерчиликти талап кылат. Ал эми биз бул макалада окумуштуу Х. Карасаевдин «Накыл сөздөр» жыйнагындагы чечмеленген кыргыз сөздөрүн, макал-лакаптарын, айтымдарын элдик этимологияга таянып, илимий этимологияда талдоосу жана айрым маанилери жөнүндө сөз кылабыз.

Кыргыз элинде сөздүк түзүлө элек, алтургай сөздөрдү чогулта элек мезгилде окумуштуу Хусейин Карасаев «Кызыл Кыргызстан» газетасынан, китептерден сөздөрдүн керт башын жыйып жазганга киришкен. Сөздөрдүн маанисин болочок сөздүктө ачууга аракет кылган [2: 62]. Бул гезитте кабарчылык милдетти аткарып, «Кызыл Кыргызстан» газетасынын 1930-жылдын 6-8-10 январындагы сандарына «Термин жөнүндө» көлөмдүү макаласын жазган [2: 61]. Демек, элибиздеги сөздүктүн жоктугу, терминдердин иштелип чыга электиги окумуштууну түйшөлткөн.

А.С. Енукидзе атындагы чыгыш таануу институтун бүтүрүп келери менен Х. Карасаев Фрунзедеги илим-изилдөө институтунда илимий кызматкер болуп иштеп жатканда, илим жаш экенине карабай, алдына зор милдеттерди коюп, кыргыз тилинин грамматикасын түзүү, термин маселесин жолго коюу, эл адабиятынын үлгүлөрүн басмага даярдап туруу, орфографиянын эрежелерин иштеп чыгуу, «түшүндүрмөлүү сөздүк» түзүү, кыргыз лексикасын чогултуу, «Кыргызча-орусча сөздүктүн» (авторлору Х. Карасаев, К. Юдахин) кол жазмасын карап чыгып, рецензия жазуу ж.б.у.с. иштерди аткарган. Мына ушундай иш-аракеттердин, тажрыйбалардын, талбай эмгектенүүнүн натыйжасында окумуштуу Х. Карасаев «Накыл сөздөр» жыйнагын кыргыз элине, жалпы эле түрк элдерине арнады. «Бабаларыбыз бизге мурас кылып калтырган тил байлыгын чогултуу, анын түйүнүн чечүү менен өмүр бою алпурушуп келдим. Биринчи кезекте, «Манастан» башка эл чыгармаларындагы унутулуп бараткан макалдарды жыйноого, анын маанисин чечмелөөгө көп аракет кылдым. Аны коомчулук өзү сынай жатар» [7: 5], – деп окумуштуу өз оюн билдирген. Албетте, жазма маданиятыбыздын өнүгүшүнө чоң салым кошкон бул жыйнакта тилибиздеги көптөгөн накыл сөздөрдүн мааниси чечмеленген. «Накыл сөз» – уламыш сөз, ата-бабадан бери айтылып келе жаткан үлгү сөздөр, өткөндөгү чоң окуяны ичине камтып, жыйнакталып калган сөздөр, макал-лакаптар кирет [6:19]. Чындыгында бул жыйнакка кирген сөздөрдүн мааниси чечмеленип, көркөм адабияттардан, эл оозунда сүйлөнгөн сөздөрдөн мисал келтирилип, окуган адамга жөнөкөй, түшүнүктүү болгон.

Окумуштуу И. Абдувалиев Х. Карасаевдин элдик этимологиянын тажрыйбаларын илимий мүнөздөгү иликтөөлөр менен айкалыштырып, нукура жаңы тажрыйбадагы сөздүктү жараткандыгын белгилеп, төмөндөгүлөргө токтолот: «Накыл сөздөр» Ч. Айтматов берген ат менен айтканда «Карасай сөздүк» лингвистикадагы оригинал эмгек болуп жаралган. Автор этимологиялык иликтөөлөрдүн башкача тажрыйбасын иштеп чыккан. Сөздөрдү туруктуу сөз айкаштарын контекст менен тыгыз байланышта,

контексттен ажыратпай туруп карап, иликтөөлөрүн жүргүзүп, алардын түпкү тек маанилерин, туруктуу сөз айкаштарындагы маанилерин ачып берет» [1: 32].

Маселен, «ак төөнүн карды жарылуу» деген туруктуу сөз айкашын алалы. Х. Карасаев «Чалкан» журналын №11 чыгарылышынан «Ак төөнүн карды жарылган күрдөөлдүү күздө малы арыктады» деген сүйлөмдү алып талдаган. «Ак төөнүн карды жарылуу» – береке жайнап, молчулук болуу, тиричиликке керектүү нерселер көбөйүп, элдин пейли кеңүү деген мааниде жыш колдонулат.

Кыргыз эли төөнү атайлап союп жеген эмес. Төөнү көчтүн көркүн чыгаруу үчүн, көчкө сөөлөт берүү үчүн асыраган. Аскалуу бийик тоонун арасында жашаган кыргыздар төөнү аз урунган. Төө – чөлдүн айбаны. Жоокерчилик заманда төөнү эмерек артуу үчүн асыраган. Төө шайдоот жаныбар. Жоодон качса – кутулган. Канча жүк артса көтөрө берген. Төө тууганда кыргыздар той берген. Атайы кой союп, бото торолгуча сүткө май сапырып, упчу менен асыраган. Ошентип, төө – төрт түлүк малдын ичинде абдан кадырлуу болгон. Төө кокустан казыкка жатып, ичи жарылып өлсө, этинин, майынын молдугу менен айылдын бардыгын жыргаткан. Эмне үчүн «ак төөнүн карды?». «Ак төө» – түсү апакай төө эмес, чыныгы чоң төө деген мааниде. «Ак» арабдын сөзү, чыныгы деген мааниде.

Өлгөн семиз төөнүн өркөчүндөгү майы менен жиликтериндеги май бир айылга жеткен. Этин да бир айылга бүт үлөштүргөн. Мына ошондуктан,чыныгы (ак) төөнүн карды жарылып өлүүсү – молчулукту, берекени билдирген, абадчылыктын белгиси болуп накыл сөзгө айланган түрү бар [5: 15].

Чындыгында «актөөнүн карды жарылуу» туруктуу сөз айкашын береке, бышыкчылык деп билсек дагы, анын түпкү мааниси, компоненттеринин берген маанилери бардык адамдарга түшүнүктүү эмес. Окумуштуу туруктуу сөз айкашынын түпкү маанисинен ажыратпай туруп, ар бир сөзүн чечмелеп, кайсы тилге таандык экендигин белгилеп, илимий жактан да кылдат талдаган.

«Накыл сөздөр» жыйнагына жазуучу Түгөлбай Сыдыкбековдун берген баасы да бул пикирибизди бекемдейт. Анда: «Кол жазмадан накыл сөздөрдүн түпкү чыгышы, алардын түз жана өтмө маанилерин, туюнтмаларын дагы бир сыйра сактап, даана туюнтуп алганыма кубандым. Ошол кубануу менен бирге ушул жашка келгичекти эне тилди мыкты билген жазуучу атанып туруп, бир кыйла сөздөрдүн туюнтмасын жеткире билбегендигиме, кай бирин үстүртөн, калпыс туюнтуп жүргөнүмө өзүм уялдым» – деп айтат [7: 5], Албетте, жалпы элге түшүнүксүз, мааниси күңүрттөнүп бара жаткан сөздөрдү макалдардан, дастандардан, эпостордон, жазуучулардын чыгармаларынан терип жазып, элге тартуулап, чоң эмгек жасаган окумуштуу Х. Карасаевдин эмгегин баалап, улантуу иштерин жүргүзсөк болот.

«Накыл сөздөй» жыйнакты түзүүгө окумуштуунун турмуштук тажрыйбасы да, тагдыры да, көргөн күндөрү да өбөлгө болду. Изилдөөчү С. Закирова Х. Карасаевдин 1916-жылы үркүндө Кытайга Текести багыттап барышып, жан багуу максатында жергиликтүү байлардын балдарын окутуп, куранды кырааты менен окуп жүргөндүгүн айтып буларга токтолот: «Динден да, илимден да кабардар, көп окуган, көп уккан чоң молдолор аалам, адам, жердин жаратылыштары жөнүндө баян курушат. Илимий, диний темада өз ара талашып-тартышып, бири-бирине далилдешип, ой жүгүртүшүп, чечен сөзгө киришет. Ушулардын бардыгын кунт коюп угуп жүрүп, көп нерселерди, ошол күндөн ушул күн эсинде бекем тутуп калды. Кандайынан алса да мындай аңгемелер анын турмушка, айлана-чөйрөгө болгон көз карашын кеңейтип, акыл-эсин, ойлорун ого бетер тез торолтуп тетиктентти. Текестен уйгур, калмак, монгол тилдерин кадимкидей үйрөндү» [2: 2].

Чындыгында, турмуштук тажрыйбалар Х. Карасаевге бул эмгекти жазуусуна жардам болгондугунда шек жок. Сөздөрдүн кайсыл тилден киргендиги, качантан бери колдонулуп жаткандыгына чейин талдаган. Жыйнакта монгол, калмак, уйгур тилдери менен кыргыз тилине салыштырып, маанисин чечмелеп, бир канча: «кубарыңдын акысы

барбы», «көкөмөрөндүн суусу», «койдон коңур», «кедээри кеткен», «карик адам», «Калдайдын уулу», «алеңгир жаа, сыр жебе», «атаңдын абагайы беле», «бака маңдабай калган», «ооздон көк түтүн буроо», «оозунун чыгы курбаган» накыл сөздөрдү чечмелеген. Маселен, китептин 214-бетиндеги «куу мүсүн» деген накыл сөздү алалы. Жазуучу Ш. Садыбакасовдун «Кең дүйнө» аттуу чыгармасынан «*Далай жерибизди башка өтүктөр тебелеп, жерибизди куу мизин кылып жатат душман*» деген сүйлөмдү алган. «Куу мүсүн, куу мүсүндөй» – мисирейген, мостойгон, бетинде кан-сөлү жок адамга карата айтылат. Купкуу кылып жалап койгондой нерсе сүрөттөлөт.

Байыркы кыргыз тилинде жана калмак тилинде «мөсин» деп музду айткан. Азыркы монгол тилинде «мөс» – муз. Мына ушундай «мостой», «мүсрөй» деген сөздөр бутактаган. Ошентип, «куу мүсүндөй» – муз, муз сыяктуу мисирейген нерсе. Азыркы эне тилибиздеги «мус, мүз», монгол тилиндеги «мөс» дегенден кандай айырмасы бар? Экөөнүн бир экендиги байкалып турат. Ошентип, теги бир сөздөр деле улам тыбыштык айтылышы өзгөрүлүп, бири-биринен алыстай берет [2:14].

Ошондой эле, жыйнакта ислам динине байланыштуу «Кудайдын тапсири», «Кудайдын жасоолу», «куран окуу», «коомат айтуу», «исми агзам дубасы», «кулак кагуу», «ак расул алла», «акыр заман», «аятыл курси», «пайгамбардын сүннөтү» сыяктуу накыл сөздөр да көп кездешет. Диний багыттагы накыл сөздөрдүн ар биринин жаралуу тарыхы, мааниси чечмеленип берилип, бирок Кудайга ишенбөөчүлүк, ал ишенимдердин туура эместиги ачык эле берилген. Албетте, бул мезгилде советтик идеологиянын таасири да күчтүү болгон. Маселен, «Накыл сөздөр» жыйнагынын 1-басылышынын 22-бетинде «Ак расул алла» – теңирдин чыныгы өкүлү, Кудайдын адамдар арасына жиберген анык элчиси деген мааниде.

«Хак» – чыныгы, «расул» – элчи, «аллах» – буйрук берүүчү, жараткан деген маанилердеги араб сөздөрү.

Дин ишениминде кудайдын пайгамбарларынын бардыгы дээрлик еврей тукумунан болгон. Жалгыз гана Мухаммед арабдан чыккан. Аны пайгамбарлардын эң акыркысы деп ишендирет, дин башчылары. Ошентип, Мухаммедге адам баласы эчактан бери колдонуп келген жакшы сапаттын бардыгын жамап койгон. Ал «керемет» көрсөтөм деп, эл алдында айды бир жеңинен киргизип, бир жеңинен чыгарып жиберет. Кенедей аш менен бүткүл жоокерлерди тойгузат. Иши кылып эле ал керемет ээси, ал касиеттүү. Ал отуруп кеткен жерде кырк күнгө чейин атырдын жыты калчы экен.

198-бетинде: «Көр азабы» – ислам дининин ишениминде, өлгөн адам күнөөлүү болсо, көр кыстайт **имиш**. Акыр заман болгончо көр кыстоосун тартып, анан кийин суракка барат. Ошондон кийин ал адам түбөлүк тозокто кыйноо тартат экен. Мына ушундай **кыялый жомоктор** менен караңгы элдин башын чатыган» деп берилет. 208-бетте «Куран оку, куран окутуу» – өлгөн адамдын арбагына (жанына) арнап, Курандын бир нече аятын үн чыгарып окуп, бата кылуу. Илгерки убакта, жалаң дин окуусу окутулган мезгилде, кээ бир адам Куранды эптеп окуй ала турган. Өлүккө арнаган аяттарды үн чыгарып, кырааты (машы) менен окуш талап кылынган. Бул **диний жөрөлгөнүн аягы али тыйыла элек** [5: 208]. Элибиз ислам дининде болуп, сөөктү жерге берүүдө жаназа окулуп, арбакты эскерүүдө куран окуу парз болсо да окумуштуу Х. Карасаев мезгилинде бул жөн гана **ишеним, көз боемочулук, кыялый жомоктор** деп түшүндүрөт. Бирок бир топ мезгил өткөндөн кийин, тактап айтканда, эгемендүүлүк жылдарында жарыяланган маалыматтарда бул чечмелөөлөргө окумуштуу өзүнүн төмөндөгүдөй тактоолорун билдирет: «Катаал коомдук түзүлүш кезинде ислам динине байланыштуу жасалган накыл сөздөргө курулай жамандоону кошуп чечмелеген элем. Антпесем, эмгегим жарык көрбөйт болчу. Эми андай накыл сөздөрдү кайтадан карап, оң баштантып, өзүнчө эмгек кылып койдум» [7: 5]. Албетте, бул мезгилде советтик идеологиянын таасири да күчтүү болгон. Бул ойду улай, Казак Илимдер Академиясынын академиги Исмет Кенесбай уулу да Х. Карасаевдин «Накыл сөздөр» жыйнагын түркология чегинен ашып, ориенталистикада да бүткүл чыгыш элине чоң табылга

болгондугун белгилөө менен төмөндөгүдөй оюн билдирген: «Тескери замандын заң-закүнү окумуштуунун колун кести, тар кыскычта кысып салды. Сексенинчи жылдын баш ченинде гана жарык көргөн маанилүү да, бейнелүү да, өткүр кыргыз элинин асыл маржандары алда качан эле элдин мүлкү болмок эле го! Кундуу эмгектин кундуулугун кандай айтсаң да, ал мактоого турарлык мүлк» [3: 58].

«Лексикалык өнүгүүнүн тарыхын, закон ченемдерин көзгө илбей, чет тилдерден алган сөздөрдү ошол бойдон өзгөртпөй колдонуш керек деген демагогияга таянган күчтөр тилибиздин структурасына, сөз курулуш системасына залал келтирип отурат. «Карасай – сөздүк» бул өңдүү түшүнбөстүктөргө эң маанилүү илимий жооп» [8: 85] – деп жазуучу Ч. Айтматов белгилегендей, профессор Х. Карасаевдин «Накыл сөздөр» жыйнагы бир гана кыргыз элинин эмес түрк элдеринин баалуу мурасы экендиги талашсыз.

Адабияттар

1. Абдувалиев И. Этимология жана лексикография. – Бишкек. 2002.
2. Закирова С. Эмгектенүүдөн талбаган илимпоз// Эл агартуу. 1992. №1.
3. Исмет Кенесбай. Атактуу аалым тууралуу бир ооз сөз. //Кыргыз туусу.1992. №6.
4. Карасаев Х.К. Камус наама (араб, иран, кытай, монгол, орус тилдеринен оошуп келген сөздөр жана көөнөргөн сөздөр). – Бишкек. 1996.
5. Карасаев Х. Накыл сөздөр, 1-китеп. – Фрунзе.1982.
6. Карасаев Х. Накыл сөздөр, 2-китеп. – Фрунзе.1987.
7. К. Карасаев. Сөз сырларын билген барбы? (К. Карасаевдин архив мурастарынан) Рух кенчи. 2009.
8. Карасаев Х. Карасай сөздүк. – Бишкек. 1996.

G.T. Akishova, teacher, OshSU
akishova@mail.ru

Etymological findings H. Karasaeva

The scientific paper deals with the meanings of some words in the work of H. Karasaev "Nakul sozdor".

Key words: *etymological investigation, vocabulary, phraseology, proverb, etymological analyses, turkology, studies, orthography, and lexicology.*

УДК: 494.3:894.341:371.302

Ф.Э. Алиева, филол.и.к., доцент, ОшМУ

Коомдогу сүйлөө маданияты: азыркы абалы жана көйгөйлөрү

Макалада учурдагы кеп маданиятынын көйгөйлөрү жөнүндө сөз болот.

Ачкыч сөздөр: *сөз, тил, кеп маданияты, тилдик деградация, адабий тил, тилдик норма.*

В статье рассматривается проблемы культуры речи в современном обществе.

Ключевые слова: *слово, язык, культура речи, языковая деградация, литературный язык, языковая норма.*

Кыргыздар өзүнүн болгон рухий жана турмуштук тажрыйбасын, дүйнөгө көз карашын, даанышмандыгын, тарыхын, материалдык, маданий байлыктарга карата эстетикалык мамилесин сөз менен гана билдирип, аларды сөздө гана сактап кала алган. Ошондуктан тил менен сөз китептин да, калемдин да архивдин да – бүт маданий көркөм кенчтерди түзүүдө бирден-бир каражат катары кызмат кылып келген. Тилге жүктөлгөн мындай милдет анын логикалуу, көркөм, таза, бай, уккулуктуу, таасын, орундуу, нарктуу

болушун шарттаган. «Өнөр алды – кызыл тил», «Тил – ойдун сандыгы», «Жайдак тилден чаң чыкпайт», «Көз жетпеген жерге сөз жетет», «Туура сөз темирди тешет, өткүр сөз кылычты кесет», «Сөз татыгын билбеген сөз баалабайт», «Сулуулукту көздөн издебе, сөздөн изде», «Жолдун тегизин бил, сөздүн негизин бил», «Ааламдын көркүн көз ачат, адамдын көркүн сөз ачат», «Көп сөз – көмүр, аз сөз – алтын», «Маанисиз сөз – жел сөз», «Акылдуунун сөзү – кыска, айта салса – нуска», «Жип кессең узун кес, кеп салсаң кыска сал», «Дааналык менен кыскалык – сөздүн көркү», «Пайдасы жок кеп айтып, маңыз сөздү чиритет», «Сөз баштаган эл баштайт» деген сыяктуу макалдар ушундан улам келип чыккан, маселе актуалдуулугун жоготпогон үчүн азыр да жашап жатат. Бабаларыбыздын акылман ойлорун биздин замандаш ойчулдарыбыз да андан ары улантып, турмуштагы тилдин практикалык маанисине өзгөчө басым жасашкан. Бул пикирди жазуучу Ч. Айтматовдун төмөнкү айткандары да бекемдейт: «Сөздөн, ойдон башталып, адамдын ар түркүн жетишкени тажрыйба катары кайра ойго, сөзгө келип бекемделет, аң-сезимди байытат», «Сөздү да сезим сыңары аздектеп урунбасаң, дегеле аны күн-түнү агып жаткан суудай көрүп, иргеп тандабай, калчап толгонбой, сөздү сүйлөйт деген ушул экен деп туш келди айта берсе, кадырың, беделиң түшөт», «Тил жөнүндө сөз эң оболу улут жөнүндө сөз дегендик».

Кыргыздарда сөзгө өзгөчө маани берилип, кандай сүйлөө керектиги, кантип угуу керек деген маселелерге так жооптор айтылган. Сөздөрдү аябай чактап көрүп, тандап урунууга, сөздү урматтап, сөз багууга нускоо, аңгеме курчу адамды маанисиз кептен качууга, ойду чубалжытпай, угуучуну тажатпай ток этер жерин айтууга чакыруу милдети коюлган. Натыйжада кыскалык, таасындык, угумдуулук, жагымдуулук, таасирдүүлүк, жандуулук, элестүүлүк сөз өнөрүнө баа берүүнүн башкы чен-өлчөмү, сөзсүз түрдө коюлчу башкы талабына айланып калат. Ал эми «Суу атасы – булак, сөз атасы – кулак», «Сөз татыгын билбеген сөз баалабайт», «Сууну сиңген жерге сеп, сөздү уккан кишиге айт» сыяктуу макалдар сөздүн наркы угуучунун деңгээлине, даярдыгына жараша болорун эскертүү менен аны тарбиялоо маселесин да көтөргөн. Сөздү колдонуунун эң мыкты үлгүлөрү элдик эпостордо, төкмө акындарыбыздын мурастарында баа жеткис байлык болуп сакталып калды. «…Ала-Тоо койнунда кылымдан-кылымга жашап келген кыргыз баласы бул дүйнө үчүн нени берди, адамзаттын өнөрүнө, маданиятына нени кошту дегенде, бирден-бир жообубуз “Манасты” берди дейбиз. … Бизди жараткан жана ар бирибизге өзүнүн чоң байлыгын – тилин ыйгарган элдин алдында ар бирибиз граждандык жактан милдеттүүбүз» (Ч.А.).

Биздин бүгүнкү кыргыз коомунда сөзгө болгон мамиле кандай? Кыргыз сөзүн күндөлүк турмуш-тиричилик жана башкаруу чөйрөсүндө, билим берүү, тарбиялоо жаатында, массалык маалымат каражаттарында – теле-радиоберүүлөрдө, гезит-журналдарда, ИНТЕРНЕТ тармактарында кандай колдонуп жатабыз? Анын маани-маңызы, адабий нормасы, орундуулугу, адеби, наркы, угумдуулугу, таасири ж.б. тууралуу тескөө, көзөмөлдөө (коомдукпу же мамлекеттикпи) жүргүзүлөбү? Дегеле бул маселеге коомчулуктун мамилеси кандай? деген суроолор жөнөкөй кыргыз жаранынан тартып бийлик сересинде тургандарга чейин бирдей коюлуп, ойлондурууга тийиш. Кеп тилдин колдонулбай жаткандыгында эмес, кандай деңгээлде колдонулгандыгында болуп жатат. Ушул жагдайдан алганда кыргыз тили акыркы жылдарда улуттук баалуулук катары коргоого муктаж. Кептин нормалардын сакталбагандыгы, вулгаризм, нормага салынбаган лексиканын колдонулушу – кептик маданиятсыздык – биздин мезгилдин өкүнүчтүү белгилери. Тилдин деградациясы деген бул – замандаштарыбыздын кептик маданиятынын төмөндөшү: сүйлөшүү стилиндеги агрессивдүүлүк – маектешинин жашын жана оюн сыйлабоо, адабий тилдин нормаларын жана коммуникация эрежелерин бузуу, орус жана башка чет элдин сөздөрүн ыксыз колдонуу. Тилди жарым-жартылай билүү, ой жүгүртүү менен логиканын начарлыгы массалык мүнөзгө өттү. Бүгүнкү кыргыз сөз өнөрү бабалар калтырган кеп канондорунан өтө артта калды. Ал барган сайын примитивдүү болуп, стилдик жактан алсызданууда.Тилдин экологиясы деген проблема ушинтип пайда болот.

Кыргыз коомчулугундагы сүйлөө маданиятынын XXI кылымдын башталышындагы абалы бир нече факторлор менен аныкталат:

1. массалык коммуникациянын масштабы кеңейди: 90-жылдардан баштап ар кандай деңгээлдеги кеп маданиятына ээ миңдеген адамдар эл алдында чыгып сүйлөө мүмкүнчүлүгүнө ээ болушту;
2. массалык маалымат каражаттарында цензура дээрлик күчсүз болуп калды;
3. спонтандуу сүйлөө сферасы кеңейди. Адамдар азыр даярдалган кепти окушпайт, алар эркин сүйлөөнү каалашат;
4. сүйлөшүүнүн кырдаалдары жана жанрлары өзгөрдү.

Улуттук тилди, анын адабий формасын өнүктүрүү сүйлөө маданиятын өстүрүүсүз, тилдик норманы калыптандыруусуз мүмкүн эместигин алгачкылардан болуп профессор К. Тыныстанов илимий негизде кароого аракет кылган. 1936-жылы чыккан алгачкы окуу китебинде тилдик жана кептик норма түшүнүктөрүн киргизген [1: 12].

Тил маданияты жана стилистика боюнча адистешкен окумуштуу С. Давлетов мындай деп жазат: «Ар бир улуттун, ар бир элдин эне тили – алардын нечен доорлор бою түзгөн, сарамжалдуулук менен жыйып-терген чыгармачыл эмгегинин көрсөткүчү. Эмгек жана аны менен эне тил – адам баласынын бардык маданиятын, бардык адабиятын жаратуудагы башкы булактар. Ошондуктан тил каражаттарын күндөлүк турмушта ийгиликтүү колдоно билүү талабы байыркы замандардан бери күн тартибине коюлуп, эл тарабынан талкууга алына баштаган» [2: 65].

Тилдин тазалыгы коомго байланыштуу. Тескерисинче, сабаттуу кеп коомду өзгөртүшү мүмкүн. Тактап айтканда, тил коомдун сабаттуулугунун эталону болушу керек. Кеп маданияты адабий тилдин алкагында карала турган маселе экендиги талашсыз. Анткени «адабий тил элдик тилдеги каражаттардын эң маанилүүсүн, эң зарылын тандап алуунун, аларды белгилүү бир үлгүгө салып, жеткиликтүүлүк даражасын арттыруунун, башка тилдердин эсебинен орундуу баюунун тарыхы болгондуктан, адабий тил ар кандай диалектилерге караганда бай, өсүп-өнүккөн тил болуп саналат [2: 69]. Сөз искусствосунун соолубас булагы – көркөм адабият. Кептин байлыгынын булагы да көркөм адабият. Элдик каада-салттар, адеп-ахлак нормаларынын негиздери үй-бүлөдө сиңирилип, жүрүм-турум, сүйлөө маданияты жаштайынан калыптануусу үчүн ата-эне, билим берүү, тарбиялоо мекемелери, коомчулук, мамлекеттик структуралар биргелешип максаттуу, комплекстүү иш жүргүзүшү керек.

Тилдин тазалыгы өтө сезимтал, назик, аны өнүктүрүү кыйын, жоготуу оңой. Атайын орто жана жогорку окуу жайларынын стандарттарына окутуу кайсы тилде жүргүзүлгөндүгүнө карабастан кыргыз тили дисциплинасынын киргизилиши жогорудагы маселени чечүүгө түздөн түз багытталат. Тилди билүү, сүйлөшө алуу, гармониялуу диалог аркылуу коммуникация процессинде ийгиликке жетишүү –личносттун кесипкөй катары калыптанышынын да маанилүү көрсөткүчү. Адис кайсы жерде иштебесин маданияты жогору болуп, тез өзгөрүп жаткан маалымат мейкиндигинде өз багытын, ордун таба билиши керек. Анын сүйлөө маданияты – ойлоо маданиятынын, жалпы маданияттын көрсөткүчү. Макалада козголгон проблеманын борборунда инсан – улуттун келечеги турат, демек, улуттун кеп маданиятын өркүндөтүү – бул коомдук-мамлекеттик, саясий-идеологиялык, маданий-социалдык мүнздөгү маселе.

Адабияттар

1. Үметалиева Т. Кыргыз тилинин кеп маданиятынын илимий негиздери. Филол.ил.кан. дисс. автореф. – Б. 2013.
2. Давлетов С. Кыргыз тилинин урунттуу маселелери. 3-китеп. – Каракол.

F.E. Alieva, teacher, OshSU
falieva@mail.ru

Problems of speech culture in modern society

The article deals with the problem of speech in today's society.

Key words: *word, language, culture, language, language deterioration, literary language, linguistic norm.*

УДК: 894.341

Б.С. Алпаизова, окутуучу, ОшМУ

Токтогул акын жөнүндө тактоолор

Бул макала акын Токтогул Сатылгановдун махабаты жөнүндөгү көз караштар иликтөөгө алынды.

Ачкыч сөздөр:*акын, сүйүү, адабият, кыргыз, адам, жашоо,эл.*

В данной статье речь идет о любви ТоктогулаСатылганова.

Ключевые слова: *поэт, любовь, литература, кыргыз, человек, жизнь, народ.*

Улуу демократ акын Токтогул Сатылгановдун 150 жылдык мааракеси 2014-жылы мамлекеттик деңгээлде белгиленди. Кыргызстандын демилгеси менен 2014-жыл түрк дүйнөсүндө «Токтогул Сатылганов жылы» деп жарыяланды. Эгемендүү жылдарда акын, композитор Т. Сатылгановдун өмүр тагдырына, чыгармачылык өнөр канасына байланыштуу олуттуу тактоолор жүргүзүлүп жатканы адабият таануу жана кыргыз тарыхы илиминдеги негизги көрүнүштөрдөн. Анткени ырчылар чыгармачылыгынын тарыхында Т. Сатылгановдой трагедиялуу өмүр сүргөн адам сейрек кездешет. Акындын басып өткөн узак жолу элибиздин этаптуу тарыхый окуялары жана кыргыз көркөм менен тыгы өнүгүүсү менен тыгыз байланышып турат. Калың калктын сүймөнчүлүгүнө ээ болгон акынга 1898-жылдагы Анжиян көтөрүлүшүнө катышты деген жалган жалаа падышачылык бийлик өкүлдөрү тарабынан тагылып, адегенде өлүм жазасына тартылып, кайра иши каралып, Сибирге сүргүнгө айдалат. Мына ушундай драмалуу мотивге жык толгон анын Орусиянын Новосибирск шаарындагы түрмөдөгү жылдары, туткундан кийинки азаптуу өмүрү, чыгармачылыгына байланыштуу мезгил жөнүндө архивдик, тарыхый маалыматтардын негизинде чындыкты гана жазууга мезгил келди. Ушул мааниде тарыхый жана адабий изилдөөлөр жаралып, бир топ окумуштуулар, тарыхчылар К. Молдокасымов, Т. Кененсариев, адабиятчылар О. Сооронов, А. Муратов, О. Ибраимов, жазуучу-публицисттер Т. Касымбеков, Ж. Мамытов, Ш. Абдыраманов, М. Өсөров, А. Капаров, С. Станалиев, С. Рысбаев ж.б. Токтогул таануу илимине салым кошо алышты.

Даанышман жазуучу Ч. Айтматов: «Токтогул көзү ачык, көкүрөгү тунук таланттуу төкмө, кыргыз жергесиндеги көп чүкөнүн сакасы, ырчылардын сарасы болгон, ошондуктан, биздин терең ишенимибизде, революциячыл акын, элдик ойчул, күрөшкер жана сүрөткер катары дүйнөлүк поэзиянын залкар ысымдары менен бир катарда турганга анын бардык жактан акысы бар. Токтогулдун орду поэзиянын түпкү озуйпасын өз өмүрүнөн, эл тагдырынан ажыратып карабаган революциячылдыгы жана талантынын күчү менен тарыхтын поэтикалык көпүрөсүнө түбөлүк түркүк болуп калган акындардын катарында турат», – дейт [2, 61-б.].Талантты таланттуулар гана туура баалай алат демекчи, мындай улуу сөз акындын бүтүндөй сейрек кездешүүчү көркөм өнөрүнө берилген орошон баа, калетсиз чындык.

Т. Сатылганов көп кырдуу талант: импровизатор төкмө, улуу ойчул, нускоочу,чебер комузчу, композитор, ашкере жомокчу-дастанчы, манасчы. Ал гана эмес ондогон белгилүү ырчы-акын шакирттерди өстүргөн устат катары өзүнчө мектеп түзүүгө да жетишкенин белгилеп келебиз. Акын жөнүндөгү басылмаларда анын көп кырдуу талант гана болбостон залкар инсандык касиеттери, калыс сөздү бетке айткан тайманбастыгы, кичи пейил, кишиден жакшылыгын аябаган адамгерчиликтери даңазаланып айтылып да, жазылып да келет.

Биз макалабызда акындын жеке тагдыры менен байланышкан, элдин жүрөгүнөн түнөк тапкан лакап сөзгө, махабаттын символуна айланган "Алымкан" ырынын жаралыш тарыхын иликтөөгө аракеттенебиз. Эң оболу ырчылар чыгармачылыгында классикага айланган, бүгүнкү күндө жандуу жашап жаткан ырдын текстине кайрылабыз:

Алымкан атка бир салган дилдейсиң,
Ачылган кызыл гүлдөйсүң
Бир күн оору, бир күн соо,
Азабың тартсам билбейсиң.

Букардын тоосу бурулуш,
Бурулуп учат улуу куш.
Бурулуп мага келе кет,
Муңдууга салбай кыйын иш.

Кашкардын тоосу кайрылыш,
Кайрылып учат улуу куш.
Кайрылып мага келе кет,
Карыпка салбай кыйын иш.

Бетегелүү майданым,
Пейили жакшы жайдарым.
Көлөкөлүү майданым,
Көөнү жакшы жайдарым...

Чындыгында улуу таланттардын ар биринин чыгармачылыгында өзүнүн жеке тагдыры өз мөөрүн баса тургандыгы калетсиз чындык. Андыктан Токтогул Сатылгановдун өмүр таржымалы, чыгармачылык жолу тууралуу кыргыз адабиятында дың жерге бороз салган таланттуу акын Ж. Бөкөнбаев жана тарыхый романчы Т. Касымбеков болгон. Албетте, Токтогулдун чыгармаларын жыйнаттырып, анын басып өткөн жолун иликтеп жазып, "Токтогулдун өмүрү" китебин жана "Токтогул" пьесасын жарыкка чыгарган Ж. Бөкөнбаевдин опол тоодой сиңирген эмгегин көз жаздымда калтырууга болбойт. А. Токомбаевдин бүтпөй калган "Токтогул" аттуу романы 2012-жылы жарыкка чыкканы да эске түшөт. Т. Касымбеков болсо эң алгач "Алымкан" деген драмасы жарык көрүп, анын негизинде белгилүү режиссер Д. Садырбаев мыкты көркөм тасма жаратып, көрүүчүлөр тарабынан жогорку баага татыктуу болгону белгилүү. Көркөм наркы бийик чыгармадан мыкты көркөм тасма жаралары бышык. Окумуштуу Б. Темирова "Алымкан" драмасы жөнүндө төмөнкүчө белгилейт: "Драма үч көшөгөдөн, тогуз көрүнүштөн туруп, жыйырма каарман катышат. Автор Т. Сатылгановдун өмүр тагдырындагы эң урунттуу тарыхый окуяларды сүрөттөгөн. Драмадагы окуя Токтогул менен Ниязалыкомузчу жигит курагында эл-жер кыдырып жүргөн жеринен башталат.Эми акын каар замандын азабын,бай-манаптын ырайымсыздыгын, жаңы доорду, Өктөбүрдүн келишин, кыргыз жеринин кооздугун, махабат менен жаштыкты ырдап чыгат. Мына ушундай өрттөй жанып, көкүрөгүндөгү өнөрү эргип турган кезинде айтылуу Аксы бийи Субандын Алымкан деген кызына жолугат. Токтогул менен Алымкандын ынактык мамилеси узун элдин учуна, кыска элдин кыйырына жетип, элдик уламышка айланган.

Драмада Токтогул менен Алымкан махабаты баштан аяк кызыл сызыктай тартылат да, калган окуялар ошол өзөккө тутумдашып ачылат” [9, 107].

Т. Касымбеков акын Токтогул темасын андан ары “Келкел” (1981) романында кеңири кайрылып, кийин “Сынган кылыч” романына киргизилип жашап калды. Акыйкатта Токтогул Сатылгановго залкар жазуучу Т. Касымбеков адабий эстелик тургузду, керемет бейнесин тартып кетти десек жаңылышпайбыз. Биз аталган көркөм фактыларга кайрылып жатканыбыздын жөнү, чындыгында Токтогул менен Алымкандын санжыргалуу махабаты түбөлүккө калды.

Ушул мааниде чыныгы турмушта Токтогулдун “Алымкан” ырынын жаралыш тарыхы кандай болгон? Эл оозунда экөө тууралуу кандай санжыралар жашап келе жатат? Токтогул менен Алымкандын тагдыры жөнүндө биздин күндөргө кандай маалыматтар, изилдөөлөр жетти?Реалдуу турмуш көркөм чындыкка кандай айланган? Мындай соболдордун туулушу мыйзам ченемдүү көрүнүш.Анткени дүйнөлүк адабиятта залкар сүрөткерлердин чыгармаларынын жаралыш тарыхын изилдөө кеңири кездешет.

Анда эмесе иликтөөбүздө Токтогулдун “Алымкан” аттуу ырынын жаралыш тарыхына байланыштуу адабий фактыларга, элдик уламаларга кайрылып көрөлү. Маселен, окумуштуу Жаки Таштемиров 1957-жылы жазып алган материалда аталган ырдын тексти жок, болгону Алымкан жөнүндө гана кыскача кабар берилет: “Алымкан Туралы бий (уруусу багыш) дегендин карындашы болгон. Ал узун бойлуу, мурду келтек, боз катын эле. Ал а дегенде аксылык Осмонбекке жакын бир байдын уулуна барган экен. Анан Бешкемпирдин небересери Султан баатыр зордуктап алып койгон. Султан баатыр Балыкурттагы бир бир тойго ээрчитип барып: “Менин Алымканымды ырда!” – деп Токтогулду ырдаткан экен [2.170-б.].

Жаки Таштемиров жазган маалматтарга үндөш ойду Калыбек Кыпчакбаев 1950-жылы, Раимбаева Идаят аттуу фольклор жыйноочуга мындайча айтып бериптир: “Токтогулдун Алымканды ырдаган ыры Тотуяны (Ак тоту) алгандан кийин ырдалды. Биздин элдеги Султангазы деген бий Аксыдан Алымканды алып келет. Күйөөсү (Султангазы) Токтогулга: “Менин аялымды ырдагын!” – дейт. Токтогул Алымкандын күйөөсүнөн ийменбей, ал (Алымкан) көңүлүнө жагып калганын айтып ырдайт. (Бул материалдарды О. Сооронов кол жазмалар фондунун фольклор бөлүгүнөн алган).

Кол жазмалар фондунун 1971 номурлуу папкада араб арибинде жазылган “Алымкандан” үзүндү текст бардыгын, анын “Токтогулдун “Алымкан” деген ырынан үзүндү” деп аталганын айтып ырдын текстин берет:

“Жазгы жамгыр болбосо,
Жашыл чөп кайдан гүлдөсүн.
Жаркырап ойноп жүрө бер,
Алымкан,
Жаныңда Токон үндөсүн.
Жаныңда турат жолдошуң,
Алымкан жаман көрүп жүрбөсүн.
Күзүндө жамгыр болбосо,
Күлгүн чөп кайдан бүрдөсүн.
Күлүп, ойноп жүрө бер,
Алымкан,
Күкүгүң Токоң үндөсүн.
Күлүп койсоң жаркырап,
Алымкан,
Күйөбүң жаман көрбөсүн.

Бул текстти Токтогулдун оозунан 1931-1932-жылдар ичинде Кенжегул уулу Ыманбай жазып алган.

Жогоруда айтылган маалыматтарга караганда окумуштуу Ж. Таштемировдо Алымканды Туралы бийдин карындашы экендиги Султангазы зордуктап алганын жазса, К. Кыпчакбаев Султангазы аттуу баатырдын аны Аксыдан алып келгенин баяндайт, О. Сороонов кол жазмалар фондунан жазып алган текстте да “жаныңда турат жолдошуң, Алымкан жаман көрүп жүрбөсүн” Султан же Султангазы аттуу бий башы байланган жерден тартып алганы дейт. Демек баарында тең Алымкандын тектүү жердин кызы экендиги, Балыкурттагы бир тойго ээрчитип барып, Токтогулду: “Менин Алымканымды ырда!” – деген учурлар бири-бирине үндөшүп турат. Андан да Токтогул тойдо Алымканды күйөөсү Султандын суранычы боюнча гана ырдагандай туюлат. Ал эми Токтогулдун мурда Алымкан менен мамилеси болбостон капыстан эле көргөндөй таасир калтырат.

Ал эми жазуучу Шабданбай Абдыраманов 50-жылдардын орто ченинде Сузак районунда мектепте директор болуп жүргөндө Кытайдан көчүрүлүп келип, райондун борборундагы ашканада түнкү кароол болуп иштеген 65-70тер чамасындагы Касым деген киши Токтогулду өз айылында көргөнүн айтып, анын ырларынан келтирип, «Алымкандын» башка вариантын, башка обон менен ырдап бериптир. Ш. Абдыраманов ошол «Алымкандын» он куплетин жазып да алыптыр, анысын 60-жылдарда Ошто иштеп жүргөндө токтогулдук редактор Ажыбековго алып барса «Көчөдөн тапкан ырды басып, «Алымкан» аттуу улуу ырды бузуунун не кереги бар» деп гезитке жарыялабай коюптур.

Ошол эле Ш. Абдырамановдун жазган маалыматы боюнча Алымкан деген кыз болгон экен, бирок ал жөнөкөй эле сулуу кыз эмес, байлык, бийлиги ташып, Аксынын бир өңүрүн чоюп, эл-журтун солкулдатып турган Субанкул болуштун кызы болгон экен. Зор мансаптуу болуш өз кызын күйөөгө берүүдө эсте каларлыктай шаан-шөкөт менен узатууну чечсе керек. Зор той өткөрүп, ырчы-комузчуларды чогулттурат. Ушул учурда Кетмен-Төбө тараптан Токтогул акын да келип калган экен дешет. Ошондо Субанкул болуш ага айтат:

- Токтогул, мен кызымды күйөөгө узатып жатам. Кайын журту, күйөөсү жана кайната-кайненеси алдында анын баркын көтөрүп, үн кошуп кой, – дейт. Ошондо Токтогул төгүп ырдайт. Атасы Субанкул болуштун байлыгын, бийлигин, марттыгын кошуп ырдайт. Аксы жеринин кооздугун, сууларынын тунуктугун, тоолорунун бийиктигин кошуп төгөт. Эл муюп тыңшап турат. Бул окуя көптөрдүн эсинде калган. Кийин, 1937-жылдарда, Токтогулдун 5-6 куплет ыры – Алымкан аттуу аялзатына арналган мыкты ыры табылып, ал акындын алгачкы томдугуна киргизилген... Бул ырга 40-жылдардын акыркы чендеринде комузчу-обончу Бектемир Эгинчиев укмуштай кооз обон чыгарган. Ал ыр Мыскал Өмүрканованын аткаруусунда тез эле оозго алынып, эл сүйгөн ырга айланып калды.

Ш. Абдырамановдун оюнча, Токтогул менен Алымкан окуясы болгон эмес экен. Акын Алымкандын кыз узатуу тоюнда гана көпчүлүктүн бири катары ырдаптыр. Чынында Токтогул темасында ким гана эмне жазбасын Алымкан экөөнүн махабатын аттап кете албайт, анын «бир күн оору, бир күн соо» деген саптары эл арасында ылакапка айланып калган. Көркөм фильмдерде, драмаларда Токтогул – Алымкан махабаты Ромео менен Жульеттадай, Жусуп менен Зулайкадай, Фархад менен Ширидей, Онегин менен Татьянадай, Олжобай менен Кишимжандай, Мырза уул менен Ак Саткындай ыйык сезимдин символу катары айтылып келет.

«Токтогул жана Алымкан» темасында Уран Ботобековдун маеги [3] менен Самсак Станалиевдин «Залкарлар сүйгөн сулуулар» деген китеби [7] өзгөчө белгиленүүгө тийиш. Алымкандын тагдыры татаал болгон экен. Ал үч жолу турмушка чыгып, үч күйөөсү тең каза болуп калат. Алардан таркаган балдар азыр Жалал-Абадда, Аксыда, Таш-Көмүрдө турушат. Ошолордун бири он бир жашына чейин Алымкандын колунда тарбияланган адам – кийин жогорку билимге ээ болгон тарыхчы, партиялык кызматтарда, мектепте директор болуп иштеген. Мына ошол адам мага Алымкан жөнүндө болгон чындыкты айтып берди», – дейт жазуучу, адабиятчы С. Станалиев. Анын айтуусунда «Аксынын ак

шайы сулуусу 1874-жылдын кеч күзүндө, Кой-Таш айылынын жогору жагындагы Бака-Улак кыштоосунда жарык дүйнөгө келиптир. Атасы Субан жайытына малы, төрүнө баскан байлыгы батпаган, тектүү жерден тээк издеп, жакшы жерден чыккандар менен теңирин сүйүп катташкан, өзгөлөрдөн өз кадырын өйдө койгон адам болуптур. Угуттуу саруу уруусунан таралган оготур уругуна таажылуу бий болуптур. Субан бийдин үч аялы болуптур. Үчүнчү аялы болгон маңдайы жарык Макмалдан Абдылда аттуу уул, Алымкан, Мээлкан, Уулкан деген чолпондой үч кыз көрөт. Кыздарынын арасынан Алымкан атасына жакын өсөт...

Ошол Алымкан бой жетип, эл көзүнө түшүп, оозго алына баштаган мезгилде Токтогул Алымкандын жеңеси Айбүш аркылуу жолугушат. Ж. Бөкөнбаевдин жазганы боюнча ошондо Алымкан 16да, ал эми Токтогул 26ларда экен. Эки ашыктын сөздөрү бекип, Токтогул Алымканды өз жерине алып кетмек болот. Тилекке каршы, андан ары окуя башкача өнүгүп, Субан бий сатыкей уруусу менен кудалашат. Алымкан ата салтын аттай албай Токтосундун иниси Бекинин Осмонаалы деген уулуна баш кошмой болот. Ал кийин да үч жолу нике жаңыртып, 1942-жылы Таш-Көмүргө келип, ошол аймактан каза табат жана сөөгү Таш-Көмүр шаарынын күн чыгышындагы көрүстөнгө коюлат.

Алымкандын колунда өскөн небереси Жамшитбек Тазабеков жогорудагы ойду улай мындай эскерет: «Чоң энемдин элеси карегимден өчө элек. Ал киши орто бойлуу, акжуумал, көзү карагаттай жайнаган, кара каш, келбеттүү, жүргөн-турганы чапчаң, мүнөзү курч, акылга бай, каада-салтты бекем кармаган нарктуу адам эле. Кыймылы шамдагай болчу. Казаны оттон түшчү эмес. Келим-кетими көп болуп, дасторкону дайым жайылуу турчу. Сөзгө уста, ырга жакын жан эле. Беш убак намазын таштаган жок. Кайсыл жыл экенина зыр так билбейм, мен анда 10-11де болсом керек эле. Фрунзеден Калык, Осмонкул, Алымкул баштаган артисттер келиптир. Бир убакта Токтогулдун «Алымканы» ырдалды. Атай ырдадыокшойт. Жанымдагы теңтуштарым «сенин чоң энеңди ырдап жатат, билесиңби?» дешти. Кечинде чоң энемдин жанында жатып, «сизди ырдадыбы?» деп сурасам, анча көңүлдөнбөй: «Ырчылар деген ошондой ырдайт да», – деп жооп бергендигин жазат [6.123-б.].

Т. Касымбеков сценарийин жазып, Б. Кайыпов бул темада кино тартканы 1962-жылы Аксыга барса, ал кезде Субанкул болуштун кызы *(Ж. Бөкөнбаевде Осмонбек болуштун тууганы Кудайберди бийдин кызы)* Алымкан 82 жаштагы кемпир курагында экен, «Мен Токтогул деген ырчынын жүзүн да көргөн эмесмин, тоюмда ырдаганын кийин атамдан уккамын» деп айтып, балдары чогулуп келип, кинону ал жерден тарттыртпай коюптур [6.191-б.].

Журналист Адилет Айтикеев да Алымкан жөнүндө өзгөчө маалыматты берет. Ал сөздү Ашыраалы Айталиев кадимки Коргол Досу уулунан уккан мааламатта да Токтогул акын менен Алымкан сулуунун “сүйүүсү” четке кагылат. Токтогул Сибирден кайтып келгенден кийин Аксы тарапка Корголду ээрчитип алып эл аралап келип, бир манаптын үйүнө конуп, түн киргенче керегени түрүнө шыкаалаган көпчүлүккө чер жаза ырдап берген Токоң адатынча керээлден-кечке кызмат кыла чуркап жүргөн келиндерге кечинде тамаша тартуулайт. Келиндердин арасынан Алымканга ашык болуп, Коргол аркылуу анын атын суратып, тактап алгандан кийин элүү жашты аркалап калган акын жаш жигиттей чечилип, билекти түрүнүп алып ашыктык ырларын ырдап, Алымканга тийишип, жаш келиндердин көңүлүн көтөрөт. Таң атып, эл тарап жаткан маалда Токтогулга ыраазы болгон Алымкан суусар бөрк, сайма чапан, акча даярдап, Коргол аркылуу ырахматын айтып, акынга берип жиберет. Тилекке каршы, байлыкка кызыккан Коргол акын берилген олжону устатына бербей койгон жана Алымкан ошондон көп отпөй оорудан каза болгон экен». Коргол акын кийин өкүнүп айтып берген экен.

Калыбек Кыпчакбаев Токтогулдун айдоого чейинки аялы Тотуя жөнүндө да Дүйшөн Сулаймановго мындайча маалымат берген экен. “Токтогул аялды 25-26сында, азыркы Токтобек колхозунда жашаган Казболот деген кедейдин Ак Тоту деген кызын (аны биз Тотуя дечибиз) алды. Бир топ жылдан кийин Токтогулдун аялы Тотуя эркек

бала төрөдү деп уктук, бул кезде Токтогул 31 жашта эле. Ал баланын аты Топчубай болгон. Ал эми айрымдары Алматай деген баласы болгон дешет. Бул калп. Мындай баласы болгон эмес. Муну Жоомарттын китебинен көргөм" (Мында информатор Ж. Бөкөнбаевдин "Токтогул" пьесасын айтып жатат. Анда Токтогулдун энеси Зейнеп, аялы Сайра, уулу Алматай деп аталган). Тотуяны биз буга чейинки адабияттарда Токтогул сүргүнгө кеткенден көп өтпөй Топчубай өлгөн соң, Бурма апаны жалгаз калтырып башка эрге тийип кеткен деп берилген. Ал эми кол жазмалар фондундагы Калыбек Кыпчакбаевдин маалыматы боюнча: "Токтогул айдоого кеткенден кийинки 3 жылдан кийин "Токтогул өлдү" деп угузушат. Андан кийин Тотуяны Токтогулдун бир тууган иниси Эшматка алып беришет. Андан Шаршен деген эркек бала төрөлдү. Анан Эшмат өлүп кетти. Топчубай да өлдү. Бурманын турмушу начар болуп, Намазбек деген туугандардын колуна барды. Тотуя башка күйөөгө чыкты, бул турмушу кысталгандыктан болду" [3.171].

Белгилүү акын Жолон Мамытов Кытайга барган сапарында манасчы Жусуп Мамайдан Токтогулдун Кытайга барганы, ал жердеги Секе деген келинге ашык болгону тууралуу маалымат алат. Жусуп Мамайдын жаздыргандары төмөндөгүчө: Токтогул Сатылган уулу биздин жерде болуптур. Бул жөнүндө анын (Токтогулдун) шакирти, атактуу комузчу Айса (мындан 4 жыл мурда көз жумду) мага кеп кылганын он жолудан көп уктум, ошол Айса комузчунун оозунан. Айса бир кылка комузчулардын акыркысы эле, элге чыккан жана өз күүлөрү бар, аткарылат. Токтогул биздин аймакка Арпадан бери келген экен. Кашкар менен Ак-Сайдын ортосундагы Тегирменти деген аймакка 3 ай туруптур. Айса комузду Токомон ошондо үйрөнүптүр. Көккөз деген бий болуп, ошонун эрден чыккан Секе деген сулуу кызына Током ашык болуп калыптыр. Секени аялдыкка бер деп Көккөзгө кайрылса, Көккөз бий макул болот, бирок анын эки аялы ажылдап: "Кызыңды келгин бирөөгө кармата бересиңби?" – деп, чоң чатак чыгарышып, иш оңуна чыкпай калат. Жолон Мамытов да Токтогул айдоодон келгенден кийин, аялы эрге тийип, уулу да чарчап калган соң, 1912-1913-жылдар ченинде Үркүнгө чейин барса керек дейт. Буга Айса комузчунун өлгөнүнө 4 жыл болду деген факты да жардамга келет.

Токтогулдун назары түшкөн сулуулар Толгонай (Жаки Таштемиров Кеминден көргөн), Алымкан, кашкарлык Секе жана никелүү зайыптары деп Тотуя жана Сейдимкан апаларды айтабыз. Акын менен Алымкандын тагдыры тууралуу иликтөөлөр келечектин иши деп жыйынтыктамакчыбыз.

Адабияттар

1. Абдыраманов Ш. Тарыхтагы ак тактар: тарыхый изилдөө. – Б. 2007.
2. Айтматов Ч. Биз дүйнөнү жаңыртабыз, дүйнө бизди жаңыртат: макалалар, маектешүүлөр, сүйлөнгөн сөздөр. Түз. С. Тургунбаев. – Ф. Кыргызстан. 1988. – 61-б.
3. Ботобеков У. Ак шайы жоолук Алымкан: Токтогулдун «Алымкан» аттуу ырынын тарыхынан Кыргызстан маданияты. 1990. №32. 9-авг.
4. Бөкөнбаев Ж. Токтогулдун өмүрү. – Ф. 1939.
5. Муратов. А. Такталбаган Токтогул. – Б. 2014.
6. Сооронов О. Биз билген жана биле элек Токтогул. – Б. 2014.
7. Станалиев С. Залкарлар сүйгөн сулуулар – Б. Бийиктик. 2007.
8. Тазабеков Ж. «Алымкан чоң энемдин казаны оттон түшчү эмес» // Леди. kg. 2012.
9. Темирова Б. Кыргыз адабияты: изденүүлөр жана табылгалар. – Б. 2012.

Alpaizova B.S., senior teacher, OshSU

Research works about Toktogul akyn

This articleis about the love poems written by Toktogul Satylganov.
Key words: *poet, love, literature, kyrgyz, human, life, people.*

УДК: 82-2

Б.А. Алымбаева, окутуучу, ОшМЮИ

Султан Раевдин аңгемелериндеги идеялык-стилдик өзгөчөлүктөр

Жазуучунун аңгемелеринде адам баласын терең ойго сала турган окуялар, диалогдор, монологдор камтылып, диалектилик сөздөрду абдан чебер беүү аркылуу ошол ойлордун ажары ачылган.
Ачкыч сөздөр*: аңгеме, окуя, ой, тема, диалог, монолог.*

В рассказе писателя раскрыты философские раздумья человечества через призму событий, диалогов и монологов с мастерски использованием диалектизмов.
Ключевые слова*: рассказ, события, идея, тема, диалог, монолог.*

Султан Раевдин “Аял” аттуу аңгемеси 1988-жылы жазылган. Чыгарманын жалпы мазмунуна көз салсак, подъездде кошунасынын өз үйүнө кире албай турганынан улам түнкү он экиде ойношун узата (кетире) албай жаткан аялдын көңүл абалы, убаракерчилиги берилген. Стилдик жактан алганда аңгеме баштан-аяк диалог түрүндө түзүлгөн. Аял менен эркектин кысталышта шыбыраша бергендеги маеги эң жөнөкөй турмуштук көрүнүштөрдөн тартып сөздүн түз маанисиндеги философиялык көрүнүштөргө чейин талкуулоо, аял-эркек, Чарльз Дарвиндин эволюциясы, жалгыздык, сүйүү, феминизм, өмүр-өлүм, ажал, бакыт, адамдык сапаттар ж.б. жөнүндө ой-жоруулар кызык берилген. Эшиктин көзөнөгүнөн подъезддеги кошунага алмак-салмак тигилип, бири кете албай, бири кетиргиси келбей аткан эки адамдын кичинекей мейкиндиктеги чоң аалам туурасындагы сүйлөшүүсү, андагы “жылт” эткен бийик ойлор дүйнөлүк ойчулдардын учкул ойлору менен ырасталган.

“ – Ты-сс!.. Акырын...

- Ким?
- Коңшубуз... байкап калбасын... Т-сс! Акы-рын бас-сс... Бутуңун учу менен. Жөтөлбө! Ме, байпагыңды... Керебеттен аста тур. Кычырайт... Кычыратпа!.. Ты-сс!.. Акырын бас. Бутуңун учу менен...
- Коңшуңбу?..
- И-иэ. Жөтөлбө дейм! Байкап калат. Турдуңбу?.. Бер колуңду. Артымдан ак-ыр-ын жүрө бер. Абайла, шифонер... Урунуп алба.
- Байпагымды...
- Кие элексиңби? Кий” [1.27-б.].

Бул үзүндү – аңгеменин башталышы. Окурманды окуянын андан ары кандай өнүгөөрү кызыктырат. Бирок андан ары жыш, чиелешкен эч кандай окуя жок. Акыры кошунасы экинчи бир кошунаныкына кирип кеткенден кийин гана аял ойношун ызалуу узатат. Болгон сюжет ушул. Мында автор окуяны өнүктүрүүнү эмес, аял-эркектин диалогу аркылуу ойдун өнүгүшүн өнүктүрүүнү максат кылгандай. Аңгемеде өңчөй диалогдон тышкары монолог дагы орун алган. Баса, чыгармада аялдын да, эркектин да, кошунанын да ысымдары айтылбайт. Болгону кошунасын “философ” деп коюшат. Аялдын монологунун бири бул:

“ - Сөзүң түгөндүбү?.. Ишенсең, мени жалгыздык ойчул кылып салды. Ойлой берем, ойлой берем... Жалгыздыктын азабын тарткан мен эле десем, жо-жок, мен эле эмес экенмин. Биз, баарыбыз жалгызбыз... Мен да, сен да, кызганчаак аялы бар философ да, баарыбыз. Жада калса жер да, күн да жалгыз... а деген ар бирибиздин башыбызга жалгыздап келет. Ажал жалгыздап алат бизди... Кээде мага дүйнө да жетимдей сезилет... [1. 42-б.].

Адаттагы прозалык жанрдагы чыгармалар сыяктуу окуя кууп эмес, анын ордуна ички көңүл абалдарын берүүгө, алардын диалог, монологуна маани берилгени драмалык жанрдын үлгүлөрүн эске салат. Ошол эле чыгармаларды оңой гана драма жанрына айлантып коюуга болот. Анда деле ошол берейин деген маани, ой толук сакталып калаарына ишенүүгө болот. Жазуучунун жалпы чыгармачылыгына тиешелүү бул өзгөчөлүк кайдан келди? “Ойлордон чарчабайм” аттуу маегинде жазуучу бул тууралуу төмөнкүлөрдү айтып берген:

“ – Я ужасно любил кино, ужасно любил ВГИК. У меня была дурацкая привычка: где бы я ни находился, повсюду писал “ВГИК” – на парте, на остановке, на стенах, в туалете... (Смеется). – Кто-то в селе выписывал “Советский экран” и “Искусство кино”. Я выуживал из почтальонской сумки отца свежие номера и, прочитав, тайком водворял на место. А бедный папа недоумевал: куда запростались журналы? В 7-8 классах я читал шеститомник С. Эйзенштейна, книги С. Герасимова, М. Ромма, критика И. Гинзбурга. Все это было в нашей богатой сельской библиотеке.

В 9 классе он узнал: можно выписать по почте кинокамеру! Заказал ее немедленно. Отец удивился: что за интересный “бандерольчик” прислали им из Москвы? Аппарат назывался “Аврора-супер” и стоил рублей сто.

- А отец получал 70. Он день поругал меня, а назавтра нашел деньги. И я начал снимать фильм – все, что видел, без сценария, жизнь своего села...” [2. 12 б.].

Жазуучунун сөзүнөн көрүнүп тургандай, өспүрүм баланын көрүнүштү тартууга, сүрөттөөгө ынтызарлыгы, искусствого жакындыгы анын чымырканган аракетинин шартында кийинки белгилүү, таланттуу жазуучу, драматург болуп калуусун шарттаган. Анын чыгармаларында сүрөттөөгө, кайсы бир абалдарды чагылдырууга шарт жакшы түзүлөт, маани көбүнесе ошол жагына берилет. Жазуучунун “Соцреализм”, “Пусу”, “Аптанын бешинчи күнү”, “Чаң жол”, “Профессор, Шукшин, Манас” аңгемелеринин кайсынысында болбосун, диалог басымдуу орунду ээлейт. Кейипкерлердин ички абалын анын кеби аркылуу түшүнөсүң.

Жазуучу көбүнесе элет жашоочуларынын жашоо-турмушун, ой-кыялын, дүйнө таанымын чагылдырууга кызыгат. Алардын образын ачып берүүдө, жогоруда айтылгандай, алардын кебине өзгөчө көңүл бурулат. Адабият менен жакшы тааныштыгы бар адам авторун окубаса дагы С.Раевдин чыгармаларын жакшы тааныйт. Анда түштүктүн стили, диалектиси, говору кеңири берилет. Буга мисал катары ар кайсы аңгемелериндеги айрым сөздөрдү тизмелөө, андагы тыбыштык өзгөчөлүктөргө көңүл буруу жетиштүү: паамы жетпей (баамы жетпей), аңкүдүк ой (арсар ой), жыйла берди (жыйыла берди), иле (себеп), жатайлык (жаталык), абат иш (кыйын иш), даңгесе катын (кудай урган катын), ноокатек бала (түрү суук бала), пешим (бешим), айбар көз (суук көз), ылаасын табуу (жолун табуу), калаты түштөр (коркунучтуу түштөр), пул (акча), бир апыз иш (бир ой), курук (кургак), ушу байыт (ушул саам), алейне үй (жалгыз үй), апселеге алат (кысымга алат), паамга илбеди (баамга илбеди), ташпишке түштү (түйшүккө түштү), бакат эки оюнун (болгон эки оюнун), азат боюн (бүткөн боюн), бей убак (туура эмес убакта), бейтап (оорукчан), напасы кысылып (көкүрөгү кысылып), үнү ыпчам чыгат (үнү акырын чыгат), безада (капалуу), айча бел (ичке бел), бейкам (тынч), денеси чысыраган (денеси чытыраган), чарс (тарс), пайты келүү (ыңгайы келүү), кадик (жаңылбай), азгынчак (аз), дамамы (ар дайым), акылын пештөө (акылын тууралоо), ле (эле), тирик (тың), итабар (бир топ), наакан-нааканда (кээде-кээде), уйкуга ушаар (уйкуга сак), мустакем (сергек), осол (ыңгайсыз), тамам (бүттү) ж.б. Жогоруда аты аталган аңгемелерде учураган бул айрым сөздөр жазуучунун кептик стилинин кандай экендигин тастыктап турат. Албетте, муну айтуу менен биз жазуучу адабий тилден четтеп кеткен деп кине койгубуз келбейт. Ал ошол диалектиик создөрдү колдонуу менен чыгармасындагы кейипкерлердин образын тереңирээк ачып, алар жашаган чөлкөмдүн элесин көзгө элестүү, даана тартат. Ар бир чыгарма идеясы терең ойлорго бай. Айталы, “Пусу” аңгемесинде Кара-Сууда аталган адамдын кызы шаарга соттун окуусун окуйм деп кетип, жаштык-мастык кылып бирөөнө

алданып, никесиз төрөп койгону, ал тууралуу ата-энесине кат барганы айтылат. Катты алганда жини келип, күлө багып турган кызынын дубалдагы сүрөтүн жерге чапкан Пусу кызына шаарга барып, небересин алып кайра кайтып келет. Улам колундагы небересинин бетинен чоп эттирип коюп, кошуна аялдарга шаар турмушун саймедиреп отурган айылдык, көзү сокур, карапайым Пусунун образы көп нерсени эске салат. Никесизби, никелүүбү, баланын төрөлүшү бул кудайдын колундагы нерсе. Кудай берип жаткан баланы чанганга адам пендеси акысыз. Улуу жазуучубуз Чыңгыз Айтматовдун "Чыңгызхандын ак булуту" аттуу чыгармасында Чыңгызхандын кол алдындагы жоокерлерге аялдарга жакындоого катуу тыюу салганы, бир күнү жүруштөгү аялдардын биринин кош бойлуу экендиги аныкталгандыгы, аял баланын атасы ким экендигин айтпай көпкө жашыргандыгы, акыры көп ичинен суурулуп чыккан бир жигит баланын атасы экендигин моюндаганы, Чыңгызхан жазалап экөөнү тең жоокерлердин көзүнчө төөнүн өркөчүнө асып өлтүргөнүн, ошондон кийин Чыңгызхандын үстүндө аны ар дайым коштоп жүрчү ак булут жоголуп кеткендиги, демек Чыңгызхан колдоочусуз калгандыгы таржымалданат. Султан Раевдин "Пусусунда" болсо Пусу табияттын, Кудайдын эркине каршы чыкпайт. Өз аялына түрү суук көрүнүп турган (азырынча) небересин астейдил жакшы көрүп, ал тургай "Ай көрдүм аман көрдүм, айдай бала көрдүм" деп экинчи сабын өзү кошуп, Ай менен балага бирдей жалынып, эшикте небересин тосуп отурат. Бул жерден болгон чындыкка эң жөнөкөй ынанууну, моюн сунууну, тагдырга баш ийүүнү көрөбүз. Автор карапайым элет адамынын дүйнөсүнө ушундай терең кечиримдүүлүктү салып берет.

Жазуучунун кайсы аңгемесиндеги идеяны айтпайлы, адам баласын терең ойго сала турган окуялар, диалогдор, монологдор камтылган. Диалектилик сөздөрдү абдан чебер берүү аркылуу ошол ойлордун ажары ачылат. Аңгемелериндеги бул идеялык-стилдик өзгөчөлүктөр жазуучунун повесттеринде, романдарында дагы орун алган. Бул тууралуу сөз кийинчерээк болсун.

Адабияттар

1. Раев С. Ханышанын көз жашы. – Б. 2008. 384-б.
2. Раев С. От мыслей я не устаю, МСН, 7 октября, 2005. – Б. – С.3.

B.A. Alumbaeva, teacher, Osh State Law Institute

The ideally - stylick differences in works of Sultan Raev

There are dialogues, monologs and different adventures in the stories of the writer which make the readers think over the life deeply. By using dialects the author could show the real meaning of incidents.

***Key words**: story, event, idea, theme, dialogue, monologue.*

УДК: 82-2

Б.А. Алымбаева, окутуучу, ОшМЮИ

Султан Раевдин «күн кармаган бала» повестиндеги идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүктөр

Адам баласынын ар түрдүүлүгү, алгач төрөлгөндөн таза болуп, улам жашы өйдөлөгөн сайын ички дүйнөсү кирдей баштаары сыяктуу терең философиялык маселелер жазуучунун чыгармасында кенен козголгон.

***Ачкыч сөздөр**: жазуучу, ой, турмуш, диалект, ой толгоо.*

Писатель в произведении затронул глубокие философские проблемы как разнородность человечества чистоту души младенца, изменения нравов с возрастом.
Ключевые слова: *писатель, идея, жизнь, диалект, мысль.*

Султан Раевдин “Күн кармаган бала” повести 1985-жылы жазылган. Чыгарма жазылган маал союздук алкакта “кайра куруу”, “демократия” сыяктуу жаңылыктар баш багып, элдин дүйнөтааным, психологиясына жаңы түшүнүктөр кирип баштаган мезгил болчу. Ичеринде 70 жыл бою сары майдай сактап жүргөн айгине сырларын ачыкка чыгарып, мезгилдүү басма сөздөрдө ачыктыктын белгиси аздап байкала баштаган кез болчу. Коомдогу ушул абал, адам дүйнөсүндөгү мындай шарт-жагдай чыгармада кандайча көрүнөт? Чыгарманын идеясы кандай?

Чыгармачыл адамдарга, айрыкча проза жанрында изденгендерге дүйнөлүк жазуучубуз Чыңгыз Айтматовдун албан тоодой таасири болгондугу белгилүү. Ошол таасир С. Раевдин аталган чыгармасынан дагы байкалат десек жаңылыштык болбойт. Ч. Айтматов адатта кайсы чыгармасында болбосун негизги сөзгө, маселеге кирээрден мурда көпкө чейин табиятты, жаратылышты сүрөттөөгө орун берет. “Кыямат” романын алсак деле адам дүйнөсүнө киргенге чейинки карышкырлардын жашоо жагдайы кеңири сүрөттөөгө алынган. Ал эми С. Раевдин чыгармасында чычкандардын ойлоосу, тиричилиги, кыймылы узакка сүрөттөлөт. Мунун дагы өз себеби бар. Анткени чычкандардын жашоосу жер менен абдан тыгыз байланыштуу. Ал эми адам баласынын турмушу дагы эки учурда тең – тирүүлүктө дагы, көзү өткөндөн кийин дагы жер, топурак менен байланыштуу. Ал чычкандай болуп ийин казып, тиричилик кылбаганы менен, адам каза болгондо жай казып, акыркы сапарга аны узатмайы бар. Ушул көрүнүшкө байланыштуу жазуучу көр казгандардын ишин көрсөтүү менен негизги сөзгө баш багат. Бирде чычкандын, бирде адамдын тиричилигин сүрөттөп, экөөнү бири-бирине тең катар коюп жүрүп отурат.

“Эсинде. Шондо байкуш чычкан түрү шумдук айбандын да ыйлар күнү барбы деп, бирин алдуу, бирин алсыз кылып жараткан бул жалганда акыйкат барбы деп, каңырыгы кырк түтөп, зарлап ийген, зарлап... Наалаты жалган жашоодон адилдиктин атын сурап, ал кайда калган, деги барбы бул дүйнөдө ал издеген адилдик? Бар болсо кана? Кана?! Качанга чейин бирөө жемге, бирөө жешке жаралат. Бирөөнү бирөө мүлжүбөй күн өткөрөөргө болобу акыры, болобу? Ушуну түгөлү менен жараткандын оозунан эшиткиси келди кор болгон кокуй чычкан. Кокуй күнү кор болгон бечара чычкан о жараткан теңирге ушинтип үн салган ошондо. Айбандык ачуу чындыгын билгиси келген, уккусу келген. Ага жоопту ким айтмак эле, ким?..” [1.126-б.]. Чындык издеген майда жандыктын абалына жазуучу адам баласын дагы коет. Окурмандарга адам тагдырларын сүрөттөө аркылуу суроо таштайт.

“Эски мазарга келген алты киши шамалдан корголонушуп, чийбаркыт костюмчандын жанына үймөлөктөй калды. Биринен сала бирине өткөн ыстыкан бат-бат бошоп, заматта эле бөтөлкөнүн ичи куу жалагандай какшып чыкты. Алар какшыткан экинчи бөтөлкө да кууракан чөптөрдүн астына кирип, аңдоос салып жаткан Эне-Чычкандын жанына түштү тарс этип [1.132-б.]. Кыргызстандын түштүгү тарапта “мазар” сөзү адамдын сөөгү коюлган жер деген түшүнүктү берет (түндүк жакта бул сөз адамдар зыярат кыла турган дарак, булак, таш, көзү өткөндөрдүн сөөгү коюлган жер ж.б. билдирет). Автор айтып жаткан алты адам сөөк көмүү үчүн жай казышмак. Кептин мааниси ушул жерден башталат. Анткени бир күндө эки адамдын сөөгү жерге берилгени турат. Анын бири – көп жыл бою чарбанын раиси болгон Басыт, экинчиси – акыл-эси кемирээк кичине бала. Экөөнүн турмушка келүүсү, биринин узак, экинчисинин кыска өмүрлүк жашоосу, өлүмү, анын тиги жайга узоо зыйнаттары – мунун бардыгы жазуучу тарабынан терең контрастта чагылдырылат. Бири – турмушта көп жаза тайган, күнөө кетирген, турмушка көзү каныккан адам. Ал тургай өлөөр алдындагы анын эң акыркы айткан сөзү дагы “Кечиргиле!” болуп жатат. Ага жакындары, балдары дагы айраң-таң.

“Атабыз эл башкарган, кадырга ээ болгон эле адам эмеспи, кимден кечирим сурады?”, - деп алар дагы арсарсып калышат. Экинчиси – эч кимдин алдында кылдай күнөөсү жок, таза, баео кичинекей бала. Анын болгон акыл-ою “эптеп күндү кармап алсам, аны элдин баарына берсем” – деген романтикалуу ой менен өттү.

Жазуучу курактык жактан дагы, кудай алдындагы күнөөлүү, күнөөсүздүгү жагынан дагы экөөнү карама-каршы таризде сүрөттөйт. “Кызматың болсо кишисиң элге. Азыр кызматка карап салам айтмай заман. Колуңан коко келбесе кай арыңа кишисиң өзү? Казыр башыңы ойлобой, көчүгүңү ойло... Буну жадыңардан чыгарбагыла. Жакшы жашайм десеңер отурган жериңер жумшак, кызматыңар түзүгүрөөк болсун. Элдин күнү тушкүдөй болсун силерге. Күнү түшкөн соң элден өткөн акылдуу жан барбы, сыйлап алат силерди. Сыйлаган жерде сый каадасы болмой коймокпу өзү? Өнөт да, өнөт бирдемке”, - деп эче курдай уулдарынын кулагына аталык сөзүн куйган. Көрсө, кайран киши оозунун желин бөөдө коротпоптур, жанын сабалап какшанбаптыр ошондо. Мындай акылга дыйкан адам эле го деги кайран өзү” [1.136-б.]. Басыттын турмуштагы позициясы, балдарым дегенде баарын таштап, аларга жогоркудай акыл айтып тарбиялагандагысы, ар бирин бирден кызматка отургузуп, көңүлү тынчтыгы, ага карабай балдары “өлсө эртерээк өлсө болот эле” дегенчелик кылып күтүп жатканы, турмуштун мындай өйдө-ылдыйы, психологизм мыкты берилген. Ал эми анын каршысындагы баланын ким күндү алып келип берем десе эле ошого төбөсү көккө жетип, ылай куюшуп, отун ташышып оор жумуш аткаргандагысы, бирөөлөр зордуктап, өлтүрүп салган кызды көрүп калгандагысы үчүн ошол көркоолордон өзү дагы бейкүнөө өлүм тапкандагысы, аны узатуу зыйнатына кичинекейинде эле аны таштап, коңшу айылдагы бир аракечке күйөөгө тийип кеткен энесинин дагы кишидей болуп келе албагандыгы, чабаганга барган адамга карата баланын өгөй атасынын: “Адампөөш баласы өлсө эмне экен? Өлмөктөн ары өтүп кетсин, ырас болуптур? Биякта, акыл-эси жайындагы балдарынын алапайын табалбай жатса, “баласы эмеспи” дептир, урганым жок, арам сийдикти! Каны меники эмес!..Ошо да адам беле?! И-ээ ушуларга таңмын, бир чуңкурга эле таштап коюшпайбы аны...”, - деген жообу окуган адамдын жүрөгүн сыздатат. Энесинен деле кылдай мээрим көрбөй, ал тургай ал уулун дааратканын тешигине салып өлтүрүп салаарда байкап калган бир жесир кемпирдин баланы асырап алышы, анын да кийин дүйнө салып, анын жаман үйүндө жалгыз калган баланын тагдыры эң оор. Жазуучу бул өңдөнгөн нерселерди айтуу менен Ч. Айтматовдун “Канткенде адам уулу адам болот?” деген улуу суроосун адамзатынын алдында дагы бир жолу коюп жаткандай. Адамдык мамилелер көп жагынан чиеленишип, адам үчүн бул турмушта эмне баалуу экендиги ар биринин жеке дүйнө таанымына жараша. Адам баласынын ар түрдүүлүгүн, алгач төрөлгөндөн таза болуп, улам жашы өйдөлөгөн сайын кирдей баштаарын ушул сыяктуу терең философиялык маселелерди жазуучу чыгармасында кенен козгогон.

“Күн кармаган бала” повестинин көркөмдүк ийгиликтери дагы арбын. Андагы монолог, диалог, сүрөттөө сыяктуу элементтер чебер берилген. Мындан тышкары аталган чыгарманын ийгилигин арттырып турган дагы бир нерсе – чыгарманын тили. Адатта С. Раевге мүнөздүү болгон диалектилик нерселер бул чыгармада дагы арбын учурайт. Айталы, чыгарманы окуп баштагандан эле учураган, тек жай окурманга кай бирлеринин мааниси ачык болсо, кай бирлери такыр жаңы болгон сөздөрдү тизмектеп көрөлү: дамамдан арасат (башынан бүдөмүк), асан (күмөн), айбарлуу (айбаттуу), доол, шүдүгөр, бейчеки, бакат (бүткүл), алеңгир салдыруу (ала салдыруу), көзгө куник (көзгө суук), ада (жок), жер кыямы өм болуп, допу (топу), итабар (бир топ), аңыт (өрөөн), дапа, абаз (аңыз), араз (нерсе), парас кылуу (аңдоо), алейне (беймаал), азадар, сопук (сөпөт), бажаруу (аткаруу), даргүмөн (күмөндүү), бесаз, азырым, азет, кайгай (көйгөй), заады (эч качан), бинээ, дилазар, ташпиш (түйшүк), бакат (түгөнгүр), дамамат (дегеле), баглык (көз каранды), баазы, асырдан (байыртан), собур (ышкы), капыя (капысынан), непада (кээде), тамам болоор (бүтөөр), ылаажы (арга), бейман, апселеси (куйкасы), тараз бою, азгынчалык (аз), непас (күч-кубат), алем, андаза ойлор, күдүк (күмөн), далба, наамарт

жаны, итапкан (бир топ), нооча, бекене, мойлочон соз, наати, ле (эле), дад, маала, азым киши (кымбат киши), закмат, набат иш, айбаалыдай, ашепки (жаңылыш), кептин ажытын (кептин төркүнүн), асел (бал), мойноп болуп угуу, адаа, дартман (оорукчан), баден (өң), мустакем, куник (түрү суук), жаахангер, безээр жин, алээти, асиет, амала (арга), акар-чакар (түйшүк), мүсүрөт, наал, асар, абыгер, ылым такатты (батты), напа, апаз (табышмактуу), аңгар, саргыткан, пешкадамдык, адети (адаты), мойсопут, адиса, азет, адампөш ж.б. Жанагындай контрасттуу, карама-каршылыктуу адамдык мамилелер, тагдырлар шартын бул саналган сөздөрдү кошуу менен сүрөттөп, ансыз дагы миң кырдуу, миң сырдуу болуп жаткан сюжеттердин тизмегин андан дагы тереңирээк ачып берген. Диалектилик создөрдү чыгарманы көркөмдөө үчүн ыктуу колдонуп жаткандыгы үчүн жазуучуну биз күнөөлөгөнгө акыбыз жок. Окуянын кайсы чөлкөмдө өтүп жаткандыгы сүрөттөөлөрдөн дагы, диалогдордон дагы айкын байкалат. Мунун өзү С. Раевдин жазуучулук стилин аныктайт.

Жыйынтыктап айтканда, С.Раевдин “Күн кармаган бала” повести өз максатына жеткен, адамзаттык масштабдуу маселелерди ийине жеткире көтөргөн мыкты чыгарма, кыргыз адабиятынын китеп текчесинен көрүнүктүү орун ала турган китеп десек болот.

Адабияттар

1. Раев С. Ханышанын көз жашы. – Б., 2008. – 384 б.
2. Раев С. От мыслей я не устаю. МСН, 7 октября, 2005.

B.A. Alumbaeva, teacher, Osh State Law Institute

An ideal artictic differences in stories of Sultan Raev «kun karmagan bala»

The writer touched upon the problem such as Human being is pure at the beginning of his life when he is newly born but by growing his actions becomes dirtier by the influence of society.

***Key words**: writer, idea, life, dialect, thought.*

УДК: 371.145:01.4

С.М. Амиралиев, к.филол.н., ОшМУ

Концептуалдык изилдөөлөрдүн методдору жана ыкмалары

Макалада когнитивдик лингвистикадагы концептуалдык изилдөөлөрдүн методдору жана ыкмалары каралат.

***Ачкыч сөздөр:** концепт, концептуалдык изилдөөлөр, метод, ыкма, когнитивдик анализ, методология, ядро, периферия, деривациялык талаа, ассоциативдик эксперименттер ж.б.*

В статье рассматриваются методы и приемы концептуальных исследований в когнитивной лингвистике.

***Ключевые слова:** концепт, концептуальные исследования, метод, прием, когнитивный анализ, методология, ядро, периферия, деривационное поле, ассоциативный эксперимент и др.*

Бүгүнкү күнгө чейин изилдөөчүлөр тарабынан концептти изилдөөнүн жана окуп-үйрөнүүнүн бир нече ыкмалары иштелип чыкты. Маданият жаатында маанилүү концепттердин парадигмаларын ачып көрсөтүүнү жана алардын концептуалдык талааларын иликтөөнү концептуалдык изилдөөнүн максаты катарында саноого болот [3: 14]. Мындай изилдөөнүн негизги багыты – концепттин структурасын, анын лингвомаданий өзгөчөлүгүн сүрөттөө жана конкретттүү этномаданияттын тилдик дүйнө сүрөтүндөгү анын маанилүүлүгүн салыштырмалуу түрдө ачып берүү болуп саналат.

Концепттерди моделдештирүү азыркы филологияда абдан активдүү өнүгүп жаткан багыттардын бири болуп калды.

Дүйнөнүн улуттук сүрөтүндөгү концепттердин көп тармактуулугун, универсалдуулугун жана өзгөчөлүктөрүн ачып көрсөтүүгө арналган изилдөөлөрдүн санынын кескин өсүүсү байкалууда.

Концептуалдык изилдөөнүн маселелерине арналган теориялык жана эксперименталдык ири материал азыркы тил илиминде Н.Д. Арутюнова, А. Вежбицкая, В.З. Демьянков, А.А. Залевская, И.В. Карасик, В.В. Колесов, Е.С. Кубрякова, З.Д. Попова, И.А. Стернин, Ю.Е. Прохоров, Р.М. Фрумкина сыяктуу окумуштуулар тарабынан иштелип чыкты. Концептуалдык изилдөөнүн «татаалдыгы» жөнүндөгү Ю.С. Степановдун оюна Е.С. Кубрякова, Р.М. Фрумкина, В.А. Маслова, М.А. Пименова, З.Д. Попова, И.А. Стернин, С.Е. Никитина ж.б. көптөгөн окумуштуулар кошулушат.

Концептуалдык изилдөө жөнүндө кеп болгондо, изилдөөчүлөр кадыресе аны семантикалык анализ менен салыштырышат, ушуну менен эле бирге алардын ар биринин өзгөчөлүктөрүн белгилешет. Концептуалдык изилдөөнүн **максаты** болуп бир белгиге бекилген маанилерди жана ал белгини ажырым когнитивдик структура катарында аныктоочу түшүнүктөрдү жиктөө жана сыпаттоо эсептелинент. Алсак, Е.С. Кубрякова концептуалдык изилдөө семантикалык анализден түпкү максаттары, аткарылышынын материалдык булактары менен айырмаланат, б.а., концептти изилдөө дүйнө жөнүндөгү билимдерге багытталса, семантикалык анализ сөздү түшүндүрүүгө арналат деп белгилейт [1: 85].

Авторлор мындайча белгилешет: Когнитивдик анализ эки багытта жүргүзүлөт. Биринчи багыт белгилүү концептти тандап алып анын репрезентативдерин, тилдик каражаттарын талдайт. Экинчи багыт бир зарыл сөз тандалып, анын түрдүү контексттерде колдонулушун иликтөөгө арналат. Бул эки багыт бирин-бири толуктайт, бирок өз алдынча аткарылат [4: 61].

В.И. Карасиктин ою боюнча, концептти сыпаттоо – бул анын аталышынын жана жакынкы белгилеринин маанисин чечмелөөдөгү атайын изилдөө процедурасы: 1) дефинирлөө же дефициялоо (маани берүүчү белгилерин бөлүп көрсөтүү); 2) контекстуалдык анализ (ассоциативдик жактан байланышы бар маани берүүчү белгилерин ажыратып көрсөтүү); 3) этимологиялык анализ; 4) паремиологиялык анализ; 5) интервью алуу, анкета жүргүзүү, комментарий берүү (комментирование) [2: 131].

Жогоруда көрсөткөн багыттарынан сырткары З.Д. Попова жана И.А. Стернин «Когнитивдик лингвистика боюнча очерктеринде» концептуалдык изилдөөнүн негизги ыкмаларын көрсөтүүгө дагы аракет кылышкан. Алардын кээ бирлерин атай кетели: 1) мүмкүн болушунча көптөгөн сөздүктөрдүн жардамында ачкыч сөзүнүн чечмелеништерин анализдөө; 2) сөздүн көп маанилүүлүгүн, анын жайылуу процессин сыпаттоо, сөздүн жаңы маанилеринин пайда болуу ырааттуулугун аныктоо; 3) изилденип жаткан ачкыч сөз катышкан макал жана лакаптарды анализдөө; 4) ачкыч сөзүнүн түрдүү талааларын (деривациялык, лексика-грамматикалык, лексика-фразеологиялык) куруу жана окуп-үйрөнүү; 5) эксперименттер (эркин ассоциативдик жана рецептивдик) II – тил ээлеринин тилдик бирдиктердин маанилерин билүүсүн (түшүнүүсүн) эксперименталдык изилдөөсү) [3: 23].

В.А. Маслова концепттин структуралык өзгөчөлүктөрүнө таянып концептуалдык изилдөөнү концепттин ядросун жана периферияасын аныктоодон баштоо ыкмасы натыйжалуу деп белгилейт. Анын ою боюнча, ядро – бул концепттин мазмунун ачуудагы ири мүмкүнчүлүктөрдү өзүнө камтуучу жана концепттин тилдик формада берилүү спецификасын көрсөтүүчү тигил же бул лексеманын сөздүктөгү мааниси. Периферия – субъективдик тажрыйба, ар түрдүү прагматикалык түзүүчү лексемалар, коннотациялар, ассоциациялар, өтмө маанилер [9: 146].

Ушинтип, ар кандай ыкмалардын жашап жаткандыгы күбөлөндүргөндөй бүгүнкү лингвистикада концептуалдык изилдөөнүн туруктуу универсалдык модели жашабайт.

Буга концептти изилдөөдөгү ар түрдүү ыкмалар күбө. Бирин-бири толуктоочу бир нече ыкмаларды иреттүү пайдалануу аркылуу жүргүзүлгөн комплекстүү (көп аспекттүү) анализ биздин көз карашта башкаларга караганда толугураак көрүнөт.

Изилдөөчүлөрдүн тыянактарына таянып, лингвистика илиминде лексикалык концептти изилдөөнүн өзгөчө таркаган ыкмаларын жана жоболорун сунуш кылабыз:

1. ачкыч сөзүнүн маанилерин сөздүктөрдөгү түшүндүрмөлөрдүн негизинде анализдөө;
2. сөздөрдүн көп маанилүүлүгүн анын жайылуу процесси аркылуу изилдөө;
3. аталышы концептти репрезентациялоонун негизги лексикалык каражаты болгон ар түрдүү талааларды түзүү жана окуп-үйрөнүү;
4. ачкыч сөзүнүн этимологиясына кайрылуу;
5. изилденип жаткан ачкыч сөзүн кучагына алган паремиологиялык жана фразеологиялык бирдиктерди, б.а., концептти вербализациялоонун каражаттарын анализдөө, алардын провербиалдык бирдиктерде берилүүсүн ачып көрсөтүү, бул иш-аракет этностук дүйнө көрүмдү, улуттук маданиятты чагылтууга жол берет;
6. психолингвистикалык, ассоциативдик эксперименттер [5: 13-22].

Көптөгөн илимпоздор тарабынан жигердүү колдонулуп келе жаткан концептуалдык изилдөөнүн айрым методдоруна да токтоло кетели.

Концептти объективдештирүүчү ачкыч сөз-репрезентантын анализдөө да мааниге ээ. Ачкыч сөз – бул изилдөөчү тарабынан аныкталган, изилденип жаткан концептти абдан кеңири чагылтуучу лексикалык бирдик. Ачкыч сөзүн изилдөөдө төмөнкү жолдор белгилүү. Синхрониялык жана диахрониялык негизде ачкыч сөзүнүн семантемасын түзүү жана анализдөө сөздүн ар кандай сөздүктөрдө берилген жана ар кыл тексттерде белгиленген бардык реалдуу маанилерин ачып берүүнү талап кылат.

Сөздүктөрдөгү аныктамаларды анализдөө концепттин борбордук бөлүгүн, б.а., тил өкүлдөрү үчүн жалпылуулукка ээ анын когнитивдик белгилерин ачып көрсөтүүгө жол берүүсү белгилүү. Бул концепттин ядросун жана перифериясын түзүүгө мүмкүнчүлүк берет. Мындай ыкма эң эле тараган жана көптөгөн эмгектерде колдонулат [6: 145].

Ачкыч сөзүн анализдөөнүн кийинки этабы - жаңы концептуалдык белгилерди ар кыл тексттерде алардын актуализациясын анализдөөнүн негизинде издөө болот.

Аталган ыкмалардын арасында сөздүктөрдөгү материалдарга таянуу аркылуу анализдөө жолу абдан талапка ылайык. Сөздүк дүйнөнүн тилдик сүрөтүнүн элементтерин ачып көрсөтүүдөгү маалыматтын эң бай булагын өзүнө камтыйт. Себеби ал сөздөрдүн колдонулуудагы маанилерин жана өзгөчөлүктөрүн белгилейт, энциклопедияларда берилген илимий маалыматтардан айырмаланып, лингвисттер мында тилде бекемделген, дүйнө жөнүндөгү такшалбаган түшүнүктөрдү алуусуна мүмкүнчүлүк түзүлөт. Сөздүктөр чагылдыруучу нерселер жөнүндө ар тараптуу маалыматтарды түзүүгө, сөздөрдүн жана алар аркылуу белгиленүүчү предметтердин ортосундагы байланыштын ар түрдүү типтерин ачууга жардам берет.

Түшүндүрмө сөздүктөрдөн тышкары этимологиялык жана тарыхый лексикографиялык басылмаларды да анализдөөгө болот. Булардан алынган материалдар изилденип жаткан концепттин сөз-вербализаторунун тилде калыптануу процессин: анын пайда болуу жагдайын, баштапкы маанисин, өзүнүн жашоо процессиндеги маанилеринин өнүгүүсүн жана трансформациясын тактоого жардам берет. Сөздүн маанилеринин таралуу же өнүгүү себебин ачып берүү бул процесстин логикасын жана багытын түшүндүрөт, мүмкүн, мындан аркы жаңы концептуалдык белгилердин жаралуусуна карата прогноздорду жасоого дагы жол берет [7: 84-88].

Концептти билдирүүчү сөздөрдүн айкалышуусун анализдөө ыкмасы жайылган ыкма болот жана жогоруда белгиленип кеткен З.Д. Попованын жана И.А. Стерниндин ыкмасына же багытына шайкеш келет. Изилдөөчү өзүнүн анализин концепттин аталышын тандоодон баштайт. Концепт тандалгандан кийин анын ар кыл тексттердеги башка сөздөр менен колдонулуусун аныктоо жеңил. Биздин көз карашта, конкреттүү сөздүн лексикалык

айкалышуусу – концепттин табиятынын маанилүү көрсөткүчү. Концептти чагылдыруучу сөздүн кепте колдонулушунун мисалдары улуттук тилдин семиотикалык мейкиндигиндеги башка концепттер менен болгон «айкалышуусун» ачыктап берет. Бул ыкма изилдөөчү-лингвокультурологдор тарабынан жигердүү колдонулууда.

Изденүүчү концепттин когнитивдик белгилерин ачып берүү үчүн концепттин ачкыч сөз-репрезентантын камтыган паремияларды паремиологиялык талаага топтоосу зарыл. [8: 36-44].

Эркин ассоциативдик эксперимент – таркалган ыкма. Бул ыкманы жүргүзүүдө изилдөөчү бир тайпаны топтоп, алардын аң-сезиминде изилденип жаткан компонент кандайча орун алгандыгын аныктоо үчүн эксперимент өткөрөт. Алынган маалыматтар жалпыланат, сөз-реакциялар семантикалык тайпаларга ажыратылат, кайсы когнитивдик катмарлар концепттин базалык катмарын, кайсылары жакабелин түзүүсүн аныктоо үчүн статистикалык эсептөө жүргүзүлөт. Мисалы, «*Ит*» концептинин ядросу катарында «үй жаныбары» деген негизги концептуалдык маани саналат, а перифериясы катарында туунду (куралган) маанилердин жыйындысы эсептелет.

Концептке таандык сөздөрдүн жалпы массивдерин ачуу, б.а., ар түрдүү тилдерде концепттин ядролук зонасынын ачып берүү эң чоң мааниге ээ. Бул үчүн бир нече тилдерден алынган материал керек. Адегенде эки тилдин материалдарын салыштыруудан баштоо зарыл. Эки тилде белгилүү бир концепттин материалдарын салыштыруудан алгачкы тыянактарды алууга болот. Концептти эки тилдин материалында салыштыруу аркылуу изилдөө аны терең изилдөөдө база катары кызмат кылат.

Биз концептти изилдөөнүн эң популярдуу ыкмаларынын ичинен талааны сүрөттөө ыкмасын маанилүү деп эсептейбиз. Атап айтканда концепттин вербализацияланган бөлүгү гана талаа структурасына: ядрого жана перифериягa ээ. Бул ыкманын жардамында концепттин төмөнкү негизги касиеттери иликтенет: субъективдүүлүк, маданиятка карата катыштык, улуттун менталитетин чагылдырууга жөндөмдүүлүк, интерпретациялык мүнөз, көп компоненттүүлүк, динамикалуулук, абстракттуулук, символдуулук, баалуулук ж.б.

Концепттин ички структурасын түзүү ички мазмундан (ядродон) сырткы мазмунга (периферияга) карата жүргүзүлөт. Концепттин ядросу лексемалардын сөздүктөгү маанилери жана провербиалдык бирдиктердеги орду тарабынан көрсөтүлөт жана кыргыз маданиятынын каалаган өкүлүнө белгилүү боло турган мазмундуу минимумга ээ болот жана түшүндүрмө сөздүктө дефиниция түрүндө белгиленет [10: 52]. Түшүндүрмө жана энциклопедиялык сөздүктөрдүн материалдары концепттин мазмунун ачууга жана анын тилдик формада берилүү өзгөчөлүктөрүн түшүндүрүүгө мүмкүнчүлүк түзөт.

Концептуалдык изилдөө улуттук концепттин өзгөчөлүгүн ачып берүүгө жана анын улуттук концептосферадагы ордун аныктоого мүмкүнчүлүк жаратат.

Адабияттар

1. Кубрякова Е.С. Об одном фрагменте концептуального анализа слова ПАМЯТЬ... – С. 85.
2. Карасик В.И. Языковой круг: личность, концепты, дискурс. – Волгоград. 2002. – С. 131.
3. Попова З.Д., Стернин И.А. Из истории когнитивного анализа в языке // Методология когнитивных исследований. – Воронеж. 2001.
4. Попова З.Д., Стернин И.А. Когнитивная лингвистика. – Воронеж. 2010. – С. 314.
5. Прохоров Ю.Е. В поисках концепта. – М.: Флинта: Наука. 2008. – С. 13-14, 20-22.
6. Пименова М.В. Методология концептуальных исследований // Антология концептов. Т. 1. – Волгоград: Парадигм. 2005.
7. Вежбицкая А. Лексикография и концептуальный анализ. – М.: Анн-Арбор. 1985.
8. Залевская А.А. Психолингвистический подход к проблеме концепта // Методические проблемы когнитивной лингвистики. – Воронеж: Изд-во Воронеж. Ун-та, 2001. – С. 36-44.

9. Маслова В.А. Когнитивная лингвистика: учеб. пособие. – Минск: ТетраСистемс. 2004. – С. 146.
10. Краткий словарь когнитивных терминов [КСКТ] / Под общ. ред. Е.С. Кубряковой. – М.: Изд-во МГУ. 1997. – С. 52-54-59.

S.M. Amiraliev, teacher, OshSU

Methods and techniques of the conceptual researches

This article discusses the methods and techniques of the conceptual researches in the cognitive linguistics.

Key words: *concept, conceptual research, method, technique, cognitive analysis, methodology, core, periphery, derivational field, associative experiment and others.*

УДК: 346

Асанова Д.А., к.ф.н., доцент, ОшГУ

Кыргызские писатели – хранители духовного наследия (образ писателя в беллетризованной прозе XX века)

Макалада кыргыз жазуучулардын элдин руханий мурасын сактоочуларынын чыгармаларындагы оккулуктуу прозасына анализ берилет.

Ачкыч сөздөр: *өмүр баяны прозасы, оккулуктуу проза, повест жанры, жазуучунун образы, руханий мурас.*

В статье анализируются произведения беллетризованной прозы о кыргызских писателях, хранителях духовного наследия народа.

Ключевые слова: *биографическая проза, беллетризованная проза, жанр повести, образ писателя, духовное наследие.*

В XX веке наметилась тенденция изображения выдающихся акынов, писателей Кыргызстана, как хранителей духовного наследия народа. В повестях, романах в художественной форме отображаются значимые, по убеждению авторов, вехи жизни и творчества мастеров слова. Как правило, герои книг – писатели – предстают хранителями духовного наследия народа. Такую литературу обычно принято называть беллетризованной прозой, о чем существует ряд работ [1]. В кыргызской науке существуют отклики на такие книги (К. Асаналиев, К. Бобулов, К. Бейшенбаев, А. Садыков, Ш. Уметалиев, О. Ибраимов и др.), но утверждать, что жанр беллетризованной прозы изучен основательно было бы преждевременно. Нет ни одной научной диссертации, нет солидной монографии по данной актуальной проблеме. Вместе с тем, «урожай» книг историко-биографического характера довольно обилен, правда, все они в основном созданы во второй половине XX века и на рубеже XX-XX1 веков. Такая литература давно нуждается в изучении [3]. Это тенденция характерна для всех литератур Центральной Азии [2, с. 22-39]. Выход книг «Бухара», «Воспоминания» С.Айни, романов-эпопеи «Абай» М. Ауэзова, «Алишер Навои» Айбека. «Тукай» А.Файзи, «Рудаки» С. Улуг-зода, «Поэт Турды Клыч» Б. Сейтакова, «Султанмахмуд Торайгыров» Д. Абилева, «Нурмагамбет» С. Муканова и др. красноречиво говорило о том, что в сфере историко-биографической прозы наметилось движение. Киргизские писатели А. Токомбаев, К. Баялинов, К. Жантошев, Р. Шукурбеков, К. Каимов, Т. Касымбеков и др. прощупывали пути к этой теме. Век некоторых полотен был, к сожалению, весьма краток. Эти полотна должны были отвечать требованиям соцреалистической эстетики и они быстро увядали с уходом соответствующей общественно-политической, культурной среды. Но было бы

нерационально, не отметить известных достижений в разработке данного жанра в кыргызской литературе.

Однозначно можно сказать, что подготовкойплощадки для фундамента стали книги Касыма Каимова («Атай»), Касымалы Бектенова («Таабылды Пудовкин»), А. Токомбаева («Токтогул»), Н. Байтемирова («Жылдызкан», «Памятник истории»), С. Омурбаева («Телегей») и др. Этим авторам удалось создать различные разновидности романа-биографии (роман-новелла, роман-исповедь, исторический роман, роман-биография и др.). Большинству названных книг присущи фактографичность, должный уровень следования историческим реалиям жизни героев. Прав О. Ибраимов: такие книги нужны для того, чтобы популярно, на языке художественной литературы воспроизвести жизнь выдающихся людей [3, с. 358]. Правда, А. Садыков писал, что некоторые авторы увлекались многословием, описанием малозначительных эпизодов из жизни героев [4, с. 281-282]. Растянутость, монотонность некоторых жизнеописаний будут затем преодолены в беллетризованных повестях Кенеша Жусупова («Жизнь в стихах»), Дорона Садырбаева («Печаль моя светлая»), посвященных жизни и творчеству Алыкула Осмонова.

Известный прозаик Кенеш Джусупов обрел своими книгами «Жажда жизни» (1965), «Любовь моя – горы» (1967), «Мое сердце в горах» (1972) заслуженную славу как один из одаренных авторов новой кыргызской литературы. Он представляет то поколение, которое пришло в литературу вместе с Ч. Айтматовым, М. Байджиевым, Т. Касымбековым, М. Гапаровым, Ж. Мавляновым, Б. Жакиевым и уверенно заявило о себе неординарными книгами. Повесть «Жизнь в стихах» Кенеша Джусупова, удостоенная в 1975 году премии Ленкома, вошла в актив достижений кыргызской прозы тех лет. Книга посвящена жизни и творчеству великого кыргызского поэта Алыкула Осмонова. Автор отошел от формы беллетризованного большого романа (как уже было сказано, некоторые длинные романы-биографии К. Джантошева, Н. Байткемирова, даже Сыдыкбекова в динамичные 70-80-е годы как бы оказались не очень востребованными). По словам литературоведа В. Вакуленко, это было время восхождения к зрелости кыргызской прозы [Кыргызские повести. Ф.:1986. С. 391]. На смену длинным романам пришли небольшие динамичные повествовательные формы. Не случайно, на страницах газет и журналов тех лет очень много писалось о жанре повести. Вспомним статьи, монографии «Повесть на страницах журналов» А. Садыкова (1974), «Повесть – жанр серьезный» И. Лайлиевой (1980), «Современная киргизская повесть» Ч. Джолдошевой (1981), «Становление киргизской повести» М. Рудова (1981), «Пути раскрытия нравственных конфликтов в современной кыргызской повести» А. Бекджанова (1981) «Постигая диалектику жанра: книга о киргизской повести» К. Мамбеталиева (1984) , «Современная киргизская проза» Р. Шамурзиной (1985), «Обсуждаем проблемы повести» В. Акимова (1989), «Повести Чингиза Айтматова 70-х годов» А. Абдырамановой (1999) и др. В книге «Современная киргизская повесть» Т. Давыдова указывала, что даже на фоне ярких мастеров повести Ч. Айтматова, К. Акматова, М. Байджиева, М. Мураталиева, К. Каимова, А. Стамова, К. Омуркулова произведения Кенеша Джусупова выделяются своим оригинальным стилем, манерой повествования, обрисовки героя. Основная проблема, волнующая Джусупова это проверка человека на прочность, происходящая в момент выбора жизненного пути, следования своей мечте. Высокую оценку прозе Жусупова дает критик О. Ибраимов [3, с. 26; 268-269].

Повесть Джусупова написана в романтическом ключе о ярком лирическом поэте. Автор прослеживает сложный путь Алыкула Осмонова, автора ярких стихов в книгах «Тандагы ырлар» («Песни рассвета»), «Жылдыздуу жаштык» («Звездная молодость»), «Чолпонстан». Действительно, поэт жил стихами, жил в стихах. И это несмотря на тяжелую болезнь. Помимо названных книг до войны Осмонов выпустил поэмы «Шальная пуля», «Толубай сынчы», получившие самые восторженные отзывы. Помимо этого он блестяще перевел на родной язык стихи Пушкина, Крылова, Лермонтова, комедию

Шекспира «Двенадцатая ночь». Огромным событием культурной жизни стал перевод Осмоновым поэмы «Витязь в тигровой шкуре» классика грузинской литературы Шота Руставели. Автор повести рельефно показывает, каким титаническим трудом давалась эта многогранная работа, естественно, сказываясь на его здоровье. Автор повести фактами показывает драму поэта, оказавшегося между двумя огнями. С одной стороны, восхищение одних и зависть других, вызванные огромным успехом книг «Махаббат» (1945), «Мой дом»» (1950), с другой, многие друзья А. Осмонова оказались репрессированными, другие попали под огонь беспощадной критики за безыдейность, пантюркизм, за антисоветчину. На Алыкула тоже падают стрелы враждебной критики. Даже коллеги по перу вынуждены по знаку свыше объявить, что его поэзия чужда советскому обществу. Мидин Алыбаев опубликовал весьма отрицательную рецензию «Бессодержательный «Маххабат» / КК, 15-Х1-1946. А. Осмонова спасло то, что известный московский поэт-переводчик Семен Липкин сказал добрые, восхищенные слова о ярком даровании кыргызского поэта. Были и другие нападки со стороны одиозных критиков Дж. Самаганова. П. Балтина, Г. Нурова и др. Писатель К. Джусупов показывает как поэт избавлялся от идеологических штампов довоенной поэзии, автору «Чолпонстана» претили газетный пафос, идеологические клише тех лет. Он решительно отходил от громких, политически востребованных «злободневных» пафосных стихов к живой повседневности человеческого бытия (*дом, семья, работа, любовь, природа*). Это и возмущало чрезмерно идейных критиков типа Дж. Самаганова. Писатель Жусупов рисует как людей радовали простые стихи поэта «Каркыра», «Маляр», «Той, которая копает свеклу», «Моему карандашу» «Застенчивая молодая женщина», «Букентай», «Не спеши друг», «Красавице» и др. Эти стихи раздражали официальную критику: почему поэт не воспевает Ленина, Сталина, партию, комсомол? А воспевает *ту, которая копает свеклу.*

Автор в рамках небольшой повести сумел показать все перипетии сложной духовной жизни великого поэта, великий смысл жизни которого были в стихах. Поэтично даныдраматические обстоятельства безответной любви к Айдай Джигиталиевой, трудности болезни, придирки критиков и другие печальные обстоятельства жизни поэта. Стихами он преодолел все эти тяготы.

Через художественные детали автор рисует как происходил творческий перелом, переход к стихам философским, этическим (в них главные ипостаси *жизнь, добро, красота, любовь, дом, счастье*). У Осмонова немало эпических произведений «Мать», «Дженишбек», «Кто это»? «Кулипа», «Любовь», «Карагул»). Однако лирическое начало было наиболее ярко выраженной чертой его гения. Как и его духовный наставник Пушкин, Алыкул Осмонов в *прозе* жизни находил *поэзию.* Влечением к художественной правде, острым взглядом на жизнь во всем ее многообразии, способностью из конкретных жизненных деталей создавать лирические обобщения, безбоязненно вводя в поэзию живую разговорную речь народа – вот главные составные успеха его поэзии, достоинства его музы. Свою драматическую судьбу кыргызский поэт сумел превратить в главный предмет поэтических исканий. Этим исканиям мастера слова присущи искренность, честность перед самим собой: *«От жизни отречься – могу без труда! / От песни отречься – не в силах. / Не раз я солгал бы и богу, и милой, / Но песне своей не солгу никогда!*

Интересны страницы книги Жусупова, в которых он размышляет о необходимости различать личность поэта и лирического героя. Действительно, нельзя между ними ставить знак равенства. Это разные ипостаси, которые, впрочем, где-то перекрещиваются. На самом деле, в работах некоторых литературоведов находим прямолинейные параллели к стихам поэта, желание во многих произведениях усматривать детали и штрихи, отражающие только факты личной жизни А. Осмонова. Текст повести дает нам понять то, насколько глубоко поэт Осмонов владел культурой творчества и умел многие жизненные наблюдения зашифровать под самые различные маски, настроения. Через

значимые эпизоды из жизни поэта Кенеш Жусупов дает возможность нам понять многие тайны его творчества. И тогда читатель глубже понимает смысл ряда стихов «Я тоже молод был», «Красавице», «Ответ на твое слово «целую», «Женщине». Алыкул Осмонов перед отечественной поэзией велик и значим тем, что своего лирического героя, неотъемлемой частицы его стихов, он впервые в кыргызской литературе возвел в ранг лирической личности, первостепенную структуру категории лирики. В этом заключается новаторство поэта, та духовно-эстетическая революция, осуществленная им в истории национальной поэзии. Лирический герой Алыкула Осмонова динамичен, глубоко современен, по своему сложен, противоречив. Это видно по тем страницам книги, посвященные любовной лирике Осмонова, истории взаимоотношений поэта с женщинами. Здесь, как и у Пушкина, порой проявляются взаимоисключающие мотивы. Все это говорит в пользу того, что в лице Осмонова кыргызская поэзия обрела не реформатора, а **новатора** в глубинном смысле слова. Сборником «Любовь» поэт действительно положил начало новой литературной формации. Повесть писателя К. Жусупова «Жизнь в стихах» стала значительным явлением в разработке жанра беллетризованной прозы. Затем появились новые опыты в прозе С. Болекбаева («Жусуп»), Д. Садырбаева («Светлая боль моя…»).

Философско-этический и литературоведческий анализ этих произведений позволяет говорить о значимости не только содержания, но художественной формы (композиции, сюжета, конфликта и т.д.) в образном воплощении специфики беллетризованной прозы. Так, единство сущностного, содержательного начала и художественной формы, являющегося выражением активного целостного отношения автора к содержанию, дает возможность этим писателям воссоздать героическое начало в изображении поэтов Алыкула Осмонова и Жусупа Турусбекова.

Если говорить о жанрово-стилевом своеобразии повести-биографии С. Болекбаев, то его в личности одного из выдающихся поэтов Кыргызстана прежде всего волновала проблема художественного воплощения **героического.** Ведь все творчество Жусупа было пронизано духом героического (особенно в драме «Не жизнь, а смерть»). Видный прозаик С. Болекбаев, сам участник войны, знающий ее что называется из первых рук, пытается понять **величие гражданского, патриотического подвига Жусупа** (ведь как виднейший писатель Кыргызстана он мог бы отсидеться в тылу, таких были сотни, но он настоял, чтобы его взяли на фронт). С. Болекбаев всей системой повести хочет показать: для Жусупа **слово и дело должны жить вгармонии!** Героическое начало в личности поэта-героя воссоздано через проникновение в душевный мир поэта-борца и реализовано это художественно убедительно. Сын кыргызского народа во всех житейских обстоятельствах руководствуется этическими понятиями являющимися критериями его нравственного кодекса. Герой живет по духовным заповедям народа. Мировоззрение этого поколения, которое «вершило над врагом правый суд» (С. Джусуев), в известной степени сформировалось также под влиянием трудового энтузиазма первых пятилеток, нелегких дорог всенародной страды, когда пришлось «четыре года шагать по кровавым дорогам войны» (С. Эралиев). Тем не менее, исконно народное духовное начало всегда живет в герое.

В биографической повести «Джусуп» С. Болекбаев, естественно, опирается на опыт предшественников. Однако в подходе к художественной трактовке образа кыргызского поэта Д. Турусбекова, писатель вводит немало нового, из того, что мы теперь знаем о войне. Начинается повесть с описания быта казармы пехотного училища (кровати, некрашеные скамьи, стол, газета, сообщающая о боях в Крыму, о строительстве БЧК). Читатель сразу догадывается, что речь идет о Фрунзенском пехотном училище, в котором на скорую руку готовили командиров и политруков. Естественно, что герои (Джусуп, Жаманкул, Самак) спорят о войне, почему не могут остановить врага? Среди них Джусуп был наиболее политически опытный, много переживший человек. И он чаще других задумывается: почему так получилось, что наша *легендарная Красная армия,*

воспетая в сотнях песен, без конца отступает, терпя поражения. Автор создает живой образ поэта-солдата. Учеба во Фрунзенском училище, отправка на фронт, рытье окопов, марш-броски под командованием взводного Ялового – все дано художественно убедительно. Не все в части знают, что Джусуп – поэт, что у него больное сердце. Этот стойкий человек не любил ныть, жаловаться. Он себя успокаивал: «Ничего, я еще крепок…» Ко всему привык Джусуп-солдат. Именно здесь, на фронте, он стал лучше понимать жизнь. Часто сам себе удивлялся, что в мирные дни писал не так: «Эх, если бы взяться за перо теперь!» О многом он думает: «Почему на фронте талантливый писатель Джекшен Ашубаев? Почему таким молодым, в 19 лет погиб юный Атабек, погиб от случайной пули?» Джусупу дают бронь, но он отказывается вернуться на родину: кто же будет защищать родину? О гибели Джусупа сказано устами его друга Жаманкула. Пять месяцев Жаманкул лежал в госпитале, когда вернулся в часть, узнал о героической гибели товарища. Прошло тридцать лет, поседевший Жаманкул часто вспоминает фрунзенское военное училище, долгие беседы с Джусупом, фронт, поход по Северному Кавказу, переправу через Кумо-Манычский канал и место гибели друга Джусупа Турусбекова. Критик В. Вакуленко писал, что автором «избран такой способ изображения, что внешне герой кажется нам ничем не примечательным: солдат как солдат – такой же, как все».

Как видим, кыргызские писатели через различные формыповествовательной беллетризованной прозы сумели неординарно показать яркие писательские личности (А. Осмонов, Ж. Турусбеков и др.), подлинных хранителей духовной культуры народа. В этом направлении в кыргызской литературе, как видим,есть свои достижения и известные трудности.

Литература

1. Алейникова З.Я. Жанровое своеобразие мемуарно-художественной автобиографии 60-70-х гг. АДК. – М. 1981. Будаев Д.И. Воспоминания как источник для биографического очерка. Тверь, 1993. Бронская Л.И. Концепция личности в автобиографической прозе русского зарубежья. – Ставрополь. 2001. Казанцева Г.В. Беллетризованные жизнеописания. В.П. Авенариуса. АДК. – М. 2012. Калганникова И.Ю. Поэтика художественного портретирования в мемуарно-биографической прозе. Б.К.Зайцева. – Омск. 1998.
2. Камаров А. Биографический жанр в литературах Средней Азии и Казахстана / Взаимосвязь литератур народов Средней Азии и Казахстана. – Ташкент. 1987. – С. 22-39.
3. Ибраимов О. Кыргызская историческая романистика в годы перестройки и гласности // О. Ибраимов. стория кыргызской литературы XX века. В 2-х тт. – Бишпек. 2013. – С. 357-368.
4. Садыков А. Кыргызская литература на современном этапе. Проза // История киргизской советской литературы. – М. Наука. 1970. – С. 266-292.

D.A. Asanova, docent, OshSU

Kyrgyz writers - the guardians of the spiritual heritage (Image fictionalized prose writer in the XX century)

The article analyzes the work of the Kyrgyz blletrizovannoy prose writers, keepers of the spiritual heritage of the people

Key wods: *Biographical fiction, fictionalized prose, the genre of the novel, the image of the writer, spiritual heritage.*

УДК: 81.1(028.21)

Э.А. Бапыгулова, окутуучу, ОшМУ

Публицистикалык текстердеги какшык маанинин берилиши

Бул макалада публицистикалык стилдеги текстерде какшык маанидеги кара пиар боюнча жазылган текстер талданат.

Ачкыч сөздөр: *публицистика, сөз мааниси, метафора, салыштыруу, ирония, литота,стиль, аллегория,синонимия кубулушу.*

В данной статье анализируются тексты по черному пиару со словами насмешок в текстах публицистического стиля.

Ключевые слова: *публицистика, слово значение, метафора, сопоставление,ирония, литота, стиль, аллегория, явление синонимии.*

Публицистикалык стилдин максаты маанилүү саясий маселелер боюнча жалпы кабар берүү гана эмес, массаны ошол айтылып жаткан ишке бекем ишендирүү, алардын сезимине таасир этип, кезекте турган коомдук проблеманы чечүүгө, иштеги кемчиликтерди жоюуга активдүү катышууга үгүттөө жана уюштуруу болуп эсептелет.

Бул максатка жетүү үчүн публицистикалык текстерде логикага терең негизделген ар түрдүү далилдер кеңири берилет. Бул болсо айтылып жаткан окуяга ишеничтүүлүктү жаратат. Экинчи жагынан, окуянын жогорку көркөмдүүлүккө жана эмоционалдуу духта жазылышы окурмандарда сөз болуп жаткан ишке тилектештик же болбосо кыжырлануу сезимин жаратат жана алардын окуяга түздөн-түз катышуусуна түрткү берет. Публицистикалык текстер элдин өтө кенири массасына арналгандыктан, анын стили так, ачык, жөнөкөй жана образдуу келип, көпчүлүккө жеңил, түшүнүктүү болуш керек [3:152]

Публицистикалык текстердин алдына коюлган ушул талаптарга жараша анда колдонулуучу тилдик каражаттар да ар түрдүү болот.

Биз бул макалада какшык маанидеги сөздөргө талдоо жүргүзөбүз.

Мисалы, “Фабула” гезитиндеги макалага кайрыла турган болсок: “Биздин мамлекет сересиндеги аткаминерлер «саякатчы бака» болушуп, өлкөгө бир тыйындык пайдасы жок командировкаларга чыгышып, эл-жер кыдырганды адатка айландырып алышты. Жеке керт баштарынын кызыкчылыгын көздөгөн андай чиновниктердин айынан мамлекеттин казынасы оңбогондой зыян тартып жатканын эч ким тана албас. Жыйырма жылдан бери уланып келе жаткан мындай « жаман адатты» өкмөт башчысы Жантөрө Сатыбалдыев эми араң байкады. Мындан улам, өкмөттүн жыйынында ачууланып, министр, губернаторлор жана башка мамлекеттик кызматкерлерге зарыл болгон командировкаларга барасыңар» – деп зекип, Жалал-Абад облусунун жетекчиси Жусубалы Маматовдун Польшага жөнү жок эле «сайгактап» кеткенин сынга алды. Мындан улам, Төрөмаматовго «Польшанын экономикасы» Жалал-Абад облусуна инвестиция берүүгө убада кылдыбы?» – деген суроосун узатты. Облус жетекчисин «тукутту».

Бул текстин ичинде «саякатчы бака», «сайгактап» деген сөздөр катышты. «Саякатчы бака» метафоралык эпитет катары өтмө мааниде колдонуп, каармандын личностук сапатын да ачып берип жатат. Ошондой эле, ирония кубулушу да келекелөө максатта пайдаланылды. Ал эми аталган сөздүн түз маанисин карап көрсөк “бака” арткы буттары секирип жүрүүгө ылайык узун, сууда жана кургакта жүрүүчү биологиялык жандык болуп эсептелет.

«Сайгактап» деген тилдик каражатта троптун ирония кубулушу катышкан сөздү өтмө маанисинде колдонду. Түз маанисин ала турган болсок, «ысык мезгилде салкын жерди көздөгөн малдардын качып кетишин түшүндүрөт». Макалада жумуш ордунда отурбай кызмат ордунан пайдаланып жеке кызыкчылыгын көздөгөнүн айтууда.

Байма-бай берилип жаткан газета- журналдардагы макалалардын дагы бирине назар салсак. “Азия ньюс” гезитиндеги «Нургазы Айдаров «итке минип» калдыбы?»… деген макалада: “Эсинерде болсо, буга дейре биздин гезит Жогорку Кенештин «Ата Журт» фракциясынын депутаты Нургазы Айдаровдун ишиндеги былгытмалары тууралуу

бир катар маалыматтар коомчулук алдында жарыяланган. Аларды кайталаганда не? Бирөөлөрдү алдаган «итчилик өнөрү» өз башы менен эле кетпесе, токточудай эместигин Айдаровдон «оозу күйгөндөр» ушул күндөрү да аңыз кылып калышат. Убагында айтылуу Усөн аке Сыдыковдун арты менен ордолуу Оштогу “кызарган жердин” баарын баса калып, менчиктештирип, кулкунуна куйган Айдаровдун «жарды» болуп калганына таңгалып турубуз. Кантип дейсизби? Жакында эл өкүлдөрүнүн жана алардын жакын туугандарынын 2012- жылы тапкан жалпы кирешеси тууралуу маалымат жарыяланды. Кызыгы, бул маалыматта 120 депутаттын ичинен эң эле «итке минип», 120-орунда турган, аз киреше табарын Айдаров уялбай-этпей эле декларацияда көрсөтүптүр. Аргасыз жылмаясың да. Сыягы, эл өкүлү болмуш эткен эргул кирешеси тууралуу маалыматка бизнесмендерден алдап алган акчаларын, Оштогу бир катар менчиктештирип кеткен имараттарынан түшчү каржы булактарын көрсөткөнгө дити даабаса керек. Жогорку Кенештен эл өкүлү катары көйгөй көтөргөндү мындай кой, башына «таш түшүп» кетсе үн катпаган Айдаровду «жарды» дешке кимдин оозу барат? Декларацияда «байкуш» болуп чыга келген Айдаровго тиш кайраган бизнесмендер жакынкы күндөрү анын кимдерден акча алып, алдап жүргөнүн, Бишкек, Ош шаарларында Үсөн Сыдыковдун амири менен кандай байлыкка жеткендигин бирден тизмектеп, коомчулукка жарыя кылына турганынан кабардар болдук. Анан калса, биздин эл өкүл Нургазы Айдаров алган карызын колко кылып, көрүнгөндү коркутканы неси? Парламенттин куркулу болуп туруп, айлакерлик менен кантип «бечара» болуп чыга келген Айдаровдун ишиндеги былгытмаларга качан чекит коюлат? Мындай соболдорубузга жакынкы күндөрү жооп издеп, парламенттеги көпөстүн бет пардасын коомчулукка жарыяламакчыбыз”.

Бул текстте «итчилик өнөрү», оозу күйгөндөр», «жарды», “байкуш”, «итке минип» деген тил каражаттары катышты, «итчилик өнөрү» деген метафора бул контекстте пайдаланылды. Эң жаман иштеген, акылсыздык сапатын ачып берип жатат. Сөз маанисин кеңири түшүндүрүүгө салыштырууда образдуу көркөм сүрөттөө катары колдонулган. Текстте каарманды жөн гана сындабастан аны иттин образы аркылуу окурманга каймана түрүндө аллегориялык ыкма менен берип жатат.

Ал эми түз маанисин алып карасак, ит – адамдар үй, короо кайтартуу үчүн, мергенчиликке алып чыгуу учүн жана башка максаттарда пайдалануучу, карышкырлар тукумуна кирүүчү үй жаныбары. Ошол жаныбардын өзү каалагандай жасаганын, жүрүм-турумун ага салыштырган.

«Оозу күйгөндөр» – абайлабай ыгы жок сүйлөп коюп, жалкып калуу деген метафора аркылуу ачып көрсөтүп жатат. Оозунан жаңылып калгандар, деген тилдик каражаттын ордуна өтмө мааниде “оозу күйгөндөр” деген сөз тизмеги колдонулду. Ал эми бул сөздүн түз маанисин алып карап көрө турган болсок, оозу кандайдыр бир ысык нерсеге күйүп калгандыкты түшүндүрөт.

«Жарды» сөзү түз маанисинде “турмуш абалы начар, колунда жок адам” ал эми «байкуш» сөзү “бечара, мусапыр, шордуу адам” деген түшүнүктү берет. Негизинен “жарды, байкуш” деген тилдик каражаттар стилистикалык синоним болуп эсептелет. Бул сөздөр түз жана өтмө мааниде колдонулат. Өтмө маанисин күчөтүүдө синоним сөздөр жарыш колдонулат. Жогоруда аталган эки сөз мурунку жана кийинки сүйлөмдөрдө пайдаланылып, адресаттын терс өзгөчөлүктөрүн баяндоодо боектуу стилистикалык каражат катары керектелген.

«Итке минип» абдан начар, колунда такыр эчтемеси жок, турмушу өтө начар деген маанини туюнтат. метафора иретинде айтылды. Түз маанисинде карап көрсөк, короо кайтарган, адамдардын досу болгон жаныбар ит жөнүндө сөз болуп калат. Ал эми түз маанисинде итке минген Н. Айдаров жөнүндө кеп болуп, тексттин мааниси таптакыр өзгөрүп калмак. Ошондуктан автор текстте көркөм боектуулукту жаратыш жана күчөтүү максатта метонимия кубулушун колдонуп жатат.

Тилибиздеги сөз маанилеринин көп түрдүүлүгү жана көп багыттуулугу эне тилибиздин стилистикалык мүмкүнчүлүгүнөн, күч-дареметинен кабар берип турат.

Анткени ар кандай жандуу тилдин кудурети сөздүн маанилерине топтолгон. Мисалы, кайсы тилде синонимия кубулушу күчтүү өнүксө, ал тилдин функционалдык стилдеринин стилдик белгилери ошончолук даана ажырап турат. Бул негизде алып караганда, биздин тилибиз азыркы доордогу ар кандай тилдерден сапаттык жагынан салыштырганда жогору турат деп кесе айтууга болот.

«Жаңы агым» гезитинин дагы бир санындагы «Каралардын» тоюна кайсы чиновник катышты? деген макаласында:

Бийлик төбөлдөрү кылмыш чөйрөсүндө каршы ачкан «согушубуз» жемиштүү болду десе ооздорунан от чачырайт. Тилекке каршы, мартабалуу атка минерлер кримавторитеттердин тоюна катышып, тост сүйлөп, стакан кагыштырган көрүнүштөр көп кездешет. Ушундай эле окуя жакында катталды. «Кара» дүйнөнүн «атамандарынын» бири той берип, ага өлкөдөгү мунай, газ тармагын мыкчыган азамат катышканын көргөндөр кулагыбызга шыбырап кетишти. Эргиген чиновник жакшылык ээсине, тоюс, «авторитетке» каалоо-тилегин айтып, кошоматтанганы неси? Атка минерлерибиз кылмыш дүйнөсүнүн өкүлдөрү менен коюн-колтук алышып жүргөн соң, аларга ачылган күрөштүн деми сууганы ошол эмеспи… [Агым – 2013.22.11]. Бул текстте «атка минерлер», «атамандарынын», «авторитетке» деген тил каражаттары катышты. «Атка минерлер» – каармандын сырткы өзгөчөлүгүн ачып көрсөтүү максатта актив чалыш, бирөөнү башкарганды жакшы көргөн кишиге карата метафора колдонулуп жатат. Жогорку бийликтегилер же депутаттар деген сөздөрдүн ордуна өтмө мааниде колдонулду. Түз маанисин алып карап көрсөк, атка минер – жол жүрөр мезгилде ат мине турган адам тууралуу кеп болот эмеспи.

«Атамандарынын» – автор бул сөздү окурмандын кабылдоосуна элестүү формада өткөрүү үчүн эпитетти, өтмө мааниде пайдаланды. Какшыктоо иретинде ирония кубулушу колдонулду. Түз маанисинде башчы, жетекчи деген сөзду туюнтат.

«Авторитетке» – текстте көркөмдүк боек берүү таризде метафора колдонулду. Башкаларга таанылган, таасири, кадыр – баркы күчтүү адам деген кептин ордуна өтмө мааниде колдонду. Атамандарынын деген тилдик каражат какшык иретинде айтылды. Түз маанисине сүңгүсөк, жалпыга таанылган кадыр-барк, бедел деген маанини түшүндүрөт.

Сөз маанисинин кеңейиши да стилдик мааниге ээ болот. Публицистикалык чыгармаларда, айрыкча газетанын тилинде стилдик максатка ылайык бир эле сөз өзүнүн маанисинен башка кошумча мааниде колдонулганы байкалат. Сөздөрдүн мындай өтмө мааниде колдонулушу газеталык жанрлардын мүнөздүү белгилеринин биринен болуп эсептелгендиктен, жогорудагы биз талдаган макалалардын баарында какшык түрүндө маанинин берилиши тастыкталды. Массалык-маалымат каражаттарында жазылып жаткан макалаларды жөн гана окуп койбостон, ага сүнгүп кирип, мани-мазмунуна түшүнүп талдоо – бүгүнкү күндүн талабы. Ошондуктан ар бир жаран бул маселеге кайдыгер карабоосу зарыл.

Адабияттар

1. Айдаров Б. Нургазы Айдаров «итке минип» калдыбы? Азия ньюс. 2013.21.11.
2. Аширбаев Т. Кыргыз тилинин стилистикасы. 3-китеп. – Бишкек. 2001.152-б.
3. «Жаны агым-пресс». Агым – 2013.22.11
4. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү – Ф.: Мектеп. 1984. 1-2- т.
5. Кыргыз адабий тилинин стилдик түрлөрү. Кудайбергенов С. – Ф. 1983. 21-б.
6. Шамшыкеев А. Мамлекет сересиндеги атка минерлер «саякатчы бака» болушуп… Фабула – 2013.22. 11

E.A. Bapygulova, teacher, OshSU

Disclosure value of funny word from the text with publicist style

This article analizes slander sides of funny words in texts in public styte.
Key word: *publicist, the meaning of the word, metaphor, compare, irony, litotes, style, allegory, the phenomenon of synonymy.*

УДК: 328.22

Бекмухамедова Н.Х., ОшГУ

Проблемы визионотопики эпоса «Манас»: мотивы видений и их структурно-семантические признаки

Макала "Манас" эпосундагы элес мотивдеринин поэтикалык проблемаларына арналат; тексттеги мотивдердин баштапкы жана аяккы чектерин тариздөөнүн формалдуу-структуралык ыкмалары сунушталат.
Ачкыч сөздөр: *визионотопика, мотив, эпикалык формула, мифологиялык катмарлар , диний-тарыхый ойлом.*

Статья посвящена проблемам поэтики мотивов видений в героическом эпосе «Манас»; предлагаются формально-структурные способы оформления начальной и конечной границ мотива в тексте.
Ключевые слова*: визионотопика, мотив, эпическая формула, мифологические пласты, религиозно-историческое мышление.*

Если сновидения в быту, в реальной действительности нашего общества и по сей день доступны и знакомы каждому человеку, то **видения** – (лат.«vision») явление, испытываемое редко и не всеми. И все же опыт переживания видений также отмечен в истории мировой культуры издревле, как особый феномен работы человеческого сознания и психики [1]. Оба культурных феномена нашли своеобразное художественное воплощение в качестве художественного приема в поэтическом отражении эпохи и жизни героев эпоса «Манас». По аналогии с термином **онейротопика,** под которым мы понимаем поэтику онейромотивов (сновиденческих мотивов), поэтику мотивов видений мы обозначаем также латинским термином **визионотопика**.

До сих пор о виденческом мотиве как самостоятельном мотиве, отличном от сновидных и других традиционных эпических мотивов, обладающем своими особенными художественными задачами, в изучении поэтики и стиля данного героического памятника, никем не выдвигалось. В связи с этим, в данной работе мы предлагаем структурно-семантический аспект анализа виденческого мотива, и прежде всего, вопросы оформления его границ.

Шаманская практика и мировоззрение оказали сильное влияние на эпическое творчество, особенно на начальных этапах становления эпического сказительства [2]. Точки соприкосновения сказителя и шамана сегодня достаточно акцентируются в области изучения эпического творчества. В среде манасчи видения переживались ими наряду со сновидениями, являясь также психологическим атрибутом их профессиональной готовности к публичному сказыванию. В их видениях чаще всего были те же образы героев эпоса, что и в их сновидениях, где эти образы-персонажи призывали к сказыванию. О своих видениях вместе со сновидениями, но не смешивая эти понятия, упоминали наиболее сильные в сказительском мастерстве, творческой одаренности манасчи, семетейчи и т.д. Тому есть некоторые собственные признания о подобных состояниях у Кельдибека, Сагымбая Орозбакова, Саякбая Каралаева, которые оставлены нам в воспоминаниях их современников, непосредственно общавшихся с ними [3]. Сами сказители при этом ясно осознавали, что это именно видения, которые кроме них никто другой, находящийся рядом, не наблюдает.

Многие исследователи отмечали, что сказители считали истинными, правдивыми, то есть не вымышленными, повествуемые ими события эпоса, когда их прямо спрашивали об этом [4]. И сказители, особенно те из них, кто достиг высокого уровня мастерства сказа, представившие нам полносюжетный эпос – Сагымбай, Саякбай, Тоголок Молдо, Жусуп Мамай – сумели гармонично использовать связанные с мифологическим восприятием жизни пласты эпоса в соответствии с религиозно-историческим сознанием своей эпохи, в которой видения воспринимались фактом реальной действительности, наряду со сновидениями. Явные архаико-мифологические пласты были ими введены в рамки сновиденческих, а также виденческих пространств, придавая событиям этих пространств новое художественное качество – эпического символа или знака со своей событийной канвой.

В отличие от бытовых сновидений, видения в быту, с его воображаемыми образами, осознаются визионером реально происходящими, потому что он ясно ощущает, что эти представления происходят с ним в состоянии бодрствования. Между визионером и его представлениями происходит действительное совместное бытие, так называемое «событие», соприкосновение, контакт реалистического общения. В силу этого, начальная граница виденческого мотива в художественном тексте эпоса сразу не воспринимается слушателями в момент его передачи сказителем. Творцы эпоса все же стараются найти и обосновать способы выражения начальной и конечной границы мотива видения.

Конечная граница видения всегда обозначена формульно с помощью инвариатного клише типа: “Көздөн кайып болгону” (“Исчез с глаз”); “Кай кеткени билинбейт” (“Неизвестно куда ушел”). Так, в сюжетной теме рождения Манаса по варианту С. Каралаева Чыйырды, отдыхая после трудных родов, остается одна в юрте и видит дубану. По завершении своего монолога, обращенного к ней, дубана исчезает, что ясно следует из сказительского повествования-комментария, выраженного вариацией вышеуказанной стереотипной формулы: “Маңдайынан үч сылап, Көздөн кайым болду эле” (Погладив трижды по головке, исчез с глаз). В повествовании о богатыре Чубаке есть также мотив видения им дубаны, который одаривает боевым конем-другом Кёгалой. И в завершении сказитель обязятельно указывает на внезапное исчезновение старца посредством подобной краткой формулы. Коллективные видения гостей на тое в честь рождения и имянаречения богатыря, когда внезапно появляется старец-дубана и объявляет предначертанное богом имя младенца, также завершаются указаными стереотипными вариациями.

Наиболее впечатляющая серия мотивов видений в эпосе “Семетей” связана с героиней Каныкей, когда она находится во власти встречи и общения с образами священного дерева Байтерек, затем священной оленихой Акмарал, кормившей своим молоком пропавшего из виду младенца Семетея. И в данном случае обязательно сказитель завершает мотив вариацией подобной формулы: “Энең кирип барганда, Айып болуп калды эми. Карасаң көзгө илинбейт,Кайда экени билинбейт, Ошол турган Ак-марал Кайып эле болуп калды эми [5].

Сложнее обстоит определение начальной границы, связанной с такими ее составляющими как внезапность и естественность происходящего, ввиду бодрствующего состояния героя. Для этого в контексте предстоящего виденческого события сказители создают косвенные указания различного рода, которые обычно возникают при реальных бытовых видениях. Рассмотрим наиболее типовые случаи.

а) Герои-визионеры эпоса в момент виденческих переживаний, как правило, находятся в одиночестве и в ситуации внутреннего эмоционального подъема, которое может быть не всегда выражено словесно, но предполагаться, подразумеваться из контекста как само собой разумеющееся в оценке возникших обстоятельств события. Так, например, в варианте С.Орозбакова видение мальчиком-пастушком Мендибаем сорока чилтенов, оборачивающихся в волков и вновь обретающих антропоморфный

(человеческий) облик, игра и общение его с ними, предопределяются в эпосе ситуацией его вынужденного одиночества в далеких от жилья диких местах.

б) Нередко одиночество героя на лоне дикой природы перед самым “вступлением” в сакральное пространство видения может сопровождаться указаниями сказителя на изменения в окружающей среде с помощью типических формул наступления рассвета или наступления ночи. Так, сюжетный эпизод встречи с волком, приведшим Манаса и его дружину к сорока чилтенам, начинается изображением картины предрассветного утра в варианте другого сказителя С. Каралаева [6]. Иногда сама дикая природа, ее красота, ее величественные горы становятся предметом описания сказителя перед началом виденческих картин героя. В тексте “Семетея “М. Чокморова в сюжете побега Каныкей от преследований Абыке-Кобеша начало видения обыгрывается сказителем именно такой картиной [7].

в) Третьим способом, дополняющим указания на изменения в природе, является обыгрывание и заострение внимания слушателей на зрительных особенностях восприятия окружающего героем-визионером: “Көз айырбай жалдырап” (“Не сводя глаз, умоляюще”), передающего прикованность его взора к фигуре видения или же указание на резкую смену самочувствия героя-визионера. Данные описания наблюдаются в эпосе “Семетей Жусупа Мамая, где героем-визионером выступает Гульчоро.

г) Указанием на начало видения героя служат также прямые призывы к духам-арвакам, что связано с устойчивой верой в бессмертие души и покровительство духов-предков. Так, С. Каралаев в своем варианте “Семетея” виденческие картины встречи Каныкей со священным Байтереком предворяет мотивом-монологом во время посещения могилы Манаса. В этом бесконечно долгом монологе прорываются призывы к духу-арваку богатыря забрать к себе. И тут ее неожиданно ожидает чудесная встреча со священным деревом Байтерек, беседа с ним, а затем следующее видение со священной Ак-марал.

В сюжетах боев, столкновений противоборствующих армий, поединков богатырей с врагами также появляются мотивы видений героями божественных духов-покровителей, духов предков. Так, например, Гульчоро перед боем с Мадыканом, в тексте Ж. Мамая, обращается к духам погибших богатырей – Кошою, Алмамбету, Чубаку, Сыргаку [8].

д) Начало мотива видения может обыгрываться сказителем и с помощью создания ситуаций, когда два персонажа – герой и его собеседник – вдруг оказываются в разных временных пространствах. Герой-визионер перестает реагировать на вопросы собеседника, а тот обнаруживает своеобразную “неодекватность” героя, что в итоге слушателям становится ясно, что видение не было фактом реальности для собеседника. Такое сказительское обыгрвание виденческой ситуации героя Манаса в присутствии отца Жакыпа мы обнаруживаем в эпосе Сагымбая Орозбакова.

Отсутствие единоообразия в обозначении начальных границ, вариативное использование тех или иных косвенных указаний, способствуют созданию внезапности появления видений у героев эпоса, что собственно и свойственно феномену видений в человеческой культуре.

Нечетко обозначенные начальные границы мотива видения способствуют созданию образа мира, его пространства, в котором потустороннее и действительность героев обладают равной степенью реальности. И в этом, на наш взгляд, проявилось высокое поэтическое мастерство сказителей в создании правдивости изображаемой эпической действительности.

Литература

1. Нечаенко Д.А. Сон, заветных исполненный знаков: таинство сновидений в мифологии, мировых религиях и художественнойлитературе. – М. Юрид.лит., 1991. – С. 302.
2. Функ Д.А. Эпический певец и шаман в традиционном обществе: перспективы исследования // Материалы международного интердисциплинарного научно-

практического симпозиума "Экология и традиционные религиозно-магические знания". – М. 2001. – С. 280-281.
3. Рахматуллин К.А. Творчество манасчи. – В кн.: «Манас» – героический эпос киргизского народа. – Фр.: Илим. 1968. – С. 93-94.
4. Путилов Б.Н. Эпическое сказительство: типология и этническая специфика. – М. Изд. фирма Восточная литература. РАН. 1997. – С. 66.
5. Семетей: Эпос /С. Каралаевдин варианты. – Ф.: Адабият, 2-Китеп. 1989. – С. 53.
6. Манас: С. Каралаевдин варианты боюнча / Туз.: А. Жайнакова, А. Акматалиев. – Б. Турар. 2010. – С.161.
7. Чокморов М. Рукописный фонд ИЯЛ НАН КР, Инв.№ 219, тетрадь 3, – С. 59.
8. Семетей: Эпос: 3-китеп Жусуп Мамайдын варианты../Туз. К. Кырбашев. – Б. Шам. 1995. – С.179.

N.H. Bekmuhamedova, OshSU
nelyabek@mail.ru

Visionotopic problems of “Manas” epic: the motifs of vision and its structural and semantical features

The article is devoted to poetical problems of the motifs of vision in the heroic epic “Manas”; offered the formal-structural methods of processing their initial and final boundaries in the text.
Key words: *visionotopic, motifs, epic formula, mythological strata, religious-historical thinking.*

УДК: 8. 821.

Гелекчи Сейфеттин, изденүүчү, ЖАМУ

Каражаоглан менен Жеңижокто жаз (бахар) мезгилинин сүрөттөлүшү

Макалада, Каражаоглан жана Жеңижоктун ырларында жаз мезгилин сүрөттөодөгү окшоштуктары менен айырмачылыктары изилденет.
Ачкыч сөздөр: *Кыргызстан, Түркия, төкмөлүк салты, Каражаоглан, Жеңижок, салыштыруу.*

В данной статье исследуется тождество и разницы в изображении весны в стиках Каражаоглана и Жеңижок.
Ключевые слова: *Кыргызстан, Турция, импровизаторская традиция, Каражаоглан, Жеңижок, сравнение.*

Түркия менен Кыргызстанда төкмө акындык поэзиянын эң көп пайдаланылган темаларынын башында табият келет. Жалпысынан мезгилдер, өзгөчө жаз мезгили табияттын ажырагыс бөлүгү болуп каралат. Түркия төкмөчүлүк өнөрүндө Каражаоглан (17-к) кыргыздарда болсо Женижок (19-к.) жаз мезгилин ырларында эң көп колдонгон акындардан болуп эсептелишет. Тематикалык жактан айырмачылыктарды көрсөтүшкөнү менен эки акын тең табияттан, өзгөчө жаз мезгилинен көп таасирленген. Ырларына акындардын мүнөздөрү, жашоо шарттары жана дүйнөгө болгон көз караштары (алган тарбиясы) таасир эткен. Теманы кененирээк таанытуу максатында эки акындын өмүр – таржымалынан кыскача сөз кылсак туура болот деген ойдобуз.

1.Төкмө акындардын (ашыктардын) кыскача өмүр-таржымалы

1.1. Каражаоглан: Каражаоглан (17-к) түрк төкмө акындарынын эң күчтүү өкүлдөрүнүн бири. Ошондой эле гузеллеме (акындардын ырлары) боюнча аны менен таймашып ыр жараткан чанда көрүнгөн. Акындар поэзиясында лирика жанры Каражаогландын ырларында алдыга озуп чыгат. Сулууга жана табиятка арнап чексиз

сүйүү менен ырларды айтып келген. Акындын өмүрү жолу жөнүндө көптөгөн эмгектер жазылып, керектүү изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Фуат Көпрүлү, Жахит Өзтели, Сайим Сакаоглу сыяктуу бир канча билим адамдары бул темада эмгектерин жазышкан. Жашаган жери, жашаган кылым боюнча кайсыл Каражаоглан болгону туралуу талаш тартыштар али да болсо соңуна чыкпаган. Мындай болгонуна карабай 17-кылымда жашаган Каражаоглан туралуу бир чечимге келген. Каражаоглан ырларында колдонгон тили, усулу жана жараткан таасирлери чет өлкөлөргө да тараган. Бул жактан алып караганыбызда Түрк дуйнөсүнүн орток мурастарынын бири болгон. Орто Азиядан Балкандарга чейинки чоң аймакта Каражаогландын изин көрүүгө мүмкүн. Анын ырларында табият, сулуулар, сүйүү жана ышкы темалары алдыга оозсо деле кээде мистик темадагы үзүндүлөр да көзгө чалдыгат [1].

1.2. Жеңижок Көкө уулу (1860-1918): Акын Талас өрөөнүнө караштуу Кара-Буура районунун Жийде айылында 1860-жылы дүйнөгө келген. Акындын тагдыры бала чагынан эле оор кыйынчылыктар менен өтөт, биринчи кезекте ата-энесин жоготот, андан соң дартка чалдыгат. Ар кимдин эшигинде чоңойгон акын “ала” оорусу менен ооруп, андан кутула албайт. Байлардын бири Ташкара, “Өтө “ала” менен ооруган жан. Оорусу элге да жугат. Бир көк жетимден Талас эли көбөйбөйт да, азайбайт. Мунун мойнуна таш байлап Кара-Бууранын суусуна салып жибергиле!” – деп айтат. Өтө Ташкаранын жигиттеринен жалынып-жалбарып кутулуп, таякелерине, Аксы жерине келет. Аксыга келгенден кийин жашоосу оңоло баштайт. Аксыда колунда иштеген байдын балдары менен билим алат, арапчаны үйрөнөт. Билим алуу менен акын өнөрүн да өркүндөтөт. Анын акындык өнөрү бала чагынан эле калыптанып, Аксы менен Таласка атагы чыккан, күчтүү акындырынын бири Нурмолдо менен айтышып аны жеңет. Эл Өтөнүн атын билишпегендиктен кийген кийимине карап ага Жеңижок атын беришкен. Өтөнүн атагын чыгарган негизги окуя, Таласта болот. Ошол замандын күчтүү акындарынын бири Эсенаман менен айтышып аны жеңип чыгат. Эсенаман сыяктуу улуу акындан үстөм келүүсү анын атагын бүткүл кыргыз элине эле эмес казак элине да жеткирет. Акындын ырлары тематикалык жагынан өтө бай келет. Акын ырларында табият, тагдырдын таш боордугуна, убакыт менен дүйнө шайкештигине, санат-насыят ырлары дидактикалык ырлар сыяктуу эле сатиралык жана лирикалык темаларга да орун берген. Мындан сырткары “Манас”, “Семетей”, “Сейтек”, “Эр төштүк”, “Кожожаш” сыяктуу элдик дастандарды да чеберчилик менен айтканы эл арасында айтылып келген. 1918-жылында, Сары Челек аймагында дүйнөдөн көз жумган акындын ырлары жаңыдан гана басмада жарыялануда. Бул убакка чейин Жеңижок динчил жана реакциячыл деп куугунтукталгандыгы үчүн (орустар тарабынан) ырларына анча көңүл бурулбай келген. Бүгүнкү күндө кыргыз адабият тарыхы жана антологиялары башында турган Жеңижок акын тууралуу бир канча мазмундуу эмгектер жазылган. Айрыкча парк, бакча жана көчө аттарына акындын ысмы ыйгарылууда [2-5].

2. Акындардын чыгармаларында жаз (баар) мезгилинин сүрөттөлүшү

2.1. Каражаогланда жаз мезгилинин (баар) сүрөтөлүшү

Каражаоглан жашаган Чукурова, Торос тоолорун ичине алган аймакта кыш мезгили өтө кыска болот. Кээде кар да жаабайт. Бул аймакта жашоо жаз мезгили менен башталып, жаз айлары узун болот. Кээде болсо жаз менен жайдын айырмасы жок сыяктуу болуп, Түркиянын эң ысык аймагына айланат. Балким ушул себептен болсо керек Каражаогландын жаз мезгили менен байланыштуу ырларында дайыма бир толкунануу көрүнүп турат. Төмөндөгү ыр саптарында сүйгөнүнө алгач жаз мезгилин күтүүнү сунуштаганынын себеби менен жаз мезгилинин өзгөчөлүгүн көрсөтөт: “Эла[1] көздүм мен менен кетейин десең/Жаз айлары келгенде кетели…/Эрисин тоолордун кары эрисин/Сели агып туз талааны каптасын/Түркмөн эли жалоосуна чыксын/Ак козулар маараганда кетели” [1].

[1] Эла: сары-күрөң түстөгү, кой көз

Жаз мезгили менен карлар эрип баштайт, эриген кардын суулары түз-талааны каптайт. Жаздын келиши менен түркмөн эли жайлоого көчүп, койлор маарап баштайт (койлордун төлдөө убагыда жаздын башына туш келет). Демек, Каражаоглан сүйгөнүн жайлоодо көрө алат. Бул себептен жаздын келишин күтүп жатат. Жогорудагы саптары сүйүү менен байланыштуу болсо да жаздын өзгөчөлүгү көрүнүп турат. Анын, “ Алгач жаз, жай айлары келгенде/ Толкуй Балык суусу, сели көрүнөт” саптарында жана“ Жаз жайдын суусу сыяктуу булгандым/ Куржун асып, эшикме эшик тилендим” сыяктуу саптарда толуп-ташкан дарыялар, булганып аккан суулар жаз мезгилинин белгиси [1]. Каражаогланда “жаз жай айлары” жана “беш айлары келгенде” сыяктуу түшүнүктөр жаз мезгилинин жышааны. Анткени ал жашаган аймакта жаз менен жай айлары бир мезгил сыяктуу. Бул темада төмөндөгүдөй мисалдарды көрсөтсөк болот: “Алгач жаз-жай айлары жакындашты/Булуттар бөлүнүп, асманга атылды/Аккан суулар, кар муз болуп тоңду/Толкундалып көлдөр ыйлабайбы?” [1].

Жогоруда жамгыр булуттарынын топтолушу, суулардын көлдөргө кошулушу жаз мезгилинин өзгөчө көрүнүштөрү. Төмөндөгү ырда да жаз менен бирге гулдөрдун ачылганы жана жайлоого чыгылуу сүрөттөлөт: “Жаз келип беш айлары чыкканда/ Ийри-буйру кетет жолу жайлоонун/Жоогазыны, сүмбүлү мойнун бурушу/Жыпар жытуу гүлү жайлоонун” [1]. Каражаогландын ырларында жаз менен ышк ажырагыс болуп турат. Жаз менен бир гана табият ойгонбойт, Каражаогландын көңүлү да ойгонот:

Азыр эле бир сүйүү келди башыма
Өсөт анын гулү, себеби жаз
Көз көз болду жүрөгүмдөгү жаралар,
Жүрөгүм жараланды, себеби жаз...
Бүтүн куштар чогулуп, тил ачып сайрайт
Куштары боорду эзет, себеби жаз [1].

Жаз менен ачкан гүлдөр таң менен сайраган куштардын баары жаздын символу болуп турат. Акындын жүрөгү менен боорунун жаралганы болсо жаңы бир сүйүүгө кабылганынан. Ошол себептен гүл жаздан тышкары сүйгөнүнүн да символу. Жаз, гүл-булбул байланышы төмөндөгү төрт сапта кененирээк баяндалат: “Булбул не уктайсың жаз келди/Чоң суулар булганган заман эми/Катмар-катмар болду, гүл жалбыракка аралашты/Дагы булбулдун кул болгон заманы эми” [1]. Каражаогландын ырларында жогоркудай көп эле ыр саптарына кезигебиз. Айтор “беш айлар”. “толкуп жана булганып аккан суулар”, “жамгыр булуттары”, “жайлоо”. “койлор жана куш үндөрү”, “гулдөр”, “гүл-булбул жана жар-ышкы символдору” жаз мезгилини чагылдырган түшүнүктөрдүн башында келет жана жалпысында Каражаогландын ышкы жана сезимтал ыкмасы көрүнүп турат.

2.2. Жеңижокто жаз (баар) мезгилинин сүрөттөлүшү

Кыргыздардын жашоосу табият менен тыгыз байланышта. Бул кооз өлкө Ала-Тоо койнуна атайын койдурулган сыяктанат. Ар дайым Ала-Тоонун башынан мөңгү кетпесе да, андан төмөн жерлерде төрт мезгил өз кооздугун көрсөтөт. Эрте жаз келери менен Кыргызстандын таштары жана топурагы жашоо сүрүп башташат. Табият кыш уйкусунан ойгонот. Күн ысыйт, суулар шырылдап агат, топурак дем ала баштайт, куштар сайрашат, аттар кишенеп, гүлдөр гүл ачат жана да жамгыр кара булуттар арасынан челектеп төгүп жатканда, эгиндер өнө баштайт. Бул сезимдер менен акындар комузун колго алып ырын төгүп башташат. Өмүрү табияттын койнунда өткөн Жеңижок акын, жаз мезгилин өгөчө бир башкача сүрөттөйт. Анын “Айтамын санат тобуңа” деген ырында “Кылычын алып кыш келсе/ Күлүмсүрөп жаз турат” [3] деген саптары, Коркут атанын “Лапылдап карлар жааса, жазга калбас” [6] деген саптарына абдан окшоштук көрсөтөт. Бул бир канча саптар өзүнчө бир канча маанилерди камтышат. Темадан четтебес үчүн бул боюнча көп токтолбойбуз. Жыйынтыгында Жеңижок кыш канчалык оор болсо дагы жаз менен кошо соңуна чыгарын айтып жатат. Ар бир кыштын артынан жаз мезгили келип, табиятка жаңы

форма берет. Акындын “Аккан суу” ырында дагы жаз мезгилинин сүрөттөлүшү өзгөчө берилген:

Жаздын айы келгенде
Байчечекей башбагып,
Булак ийип таш жарып.
Тоо башынан мөңгү эрип,
Токсон миң булак бир келип,
Асмандан булут бүркөлүп,
Жамгырын төкмө – ал көрүп.
Жекендин башы желпилдеп,
Камыштан башы кылкылдап.
Ааламга булут оролуп,
Айдын башы тоголуп.
Чагылганы чартылдап,
Ай караңгы түнүндө
Күндүзгүдөй жаркылдап.
Жердин жүзүн термелтип,
Каарданып киргенде
Каптап сел ылдый сүргөндө.
Капчыгайга толгондо,
Жандап барган мал жанды
Ажыдаардай жалмап соргондо:
Алачыктай таш агып,
Аюу жолборс, сүлөөсүн,
Алдынан чыкса баары агып [3].

Жеңижок жаз менен кошо байчечекей гүлдөгөнүн, тоолордогу мөңгүлөрдүн эригенин, жамгырлуу кара булуттар ар тарапты каптаганын жана ташкын суунун алдынан эмне чыкса агызып алып кеткенин жогорудагы ыр саптары менен жеткизүүдө. Анын “Жер соорусу Аксы экен” деген ырында жаз мезгилинин сүрөттөлүшү төмөндөгүчө:

Өрдөк, чүрөк, куусу бар,
Өргүгөн нечен перенде.
Өзөн толо чуусу бар,
Каркылдашып каздары,
Көктө таңшып торгою,
Көрүнүшү жаздагы [3].

Акын салыштыруу ыкмасы менен жаз мезгилин сүрөттөп жатканда жашоонун жанданышы менен куштар болсо буну жарыя салышын бизге туюндуруп жатат. Анын “Биздин жер” ырында, “Жазында келет таркылдак/ Суук-дөбө, шаңкылдак/ Бу да болсо биздин жер/ Буга жайлайт биздин эл (2004: 34)” дегенде “таркылдак” жана “жайлайт” деген сөздөр менен жаз мезгилин конкреттештирүүдө. “Кызыл-Жар” деген ырында жаз менен биргеликте өнүп келе жаткан өсүмдүктөрдү да көрө алабыз:

Жан-жаныбар, адамга,
Жагымдуу чөбүң, даның бар.
Ак буудай, буурчак, жүгөрү.
Арпа, сулу, таруу бар.
Жадырап жаз келгенде,
Жайкалып чыгат жаныбар! [3].

Анын бир башка ырында да “Малга жай болсо кышында/ Көйкөлөт эгин жазында” [3] деген саптарда жаз менен бирге жашылданган өсүмдүктөргө, “Дүнүйө” деген ырында “Жаз чыкканда жайнаган/ Гүлү сонун дүнүйө/ Булбулдардын сайраган/ Үнү сонун дүнүйө” [3]. деген саптарында болсо Каражаогландын ырындагы гүл, булбул мотивдерин көрө алабыз. “Дүйнө сен” деген ырында да “Жадырасың, өнсүн деп/ Жазды апкелдиң,

дүйнө сен” деген саптары менен балким жаздын маанисин жогорку денгээлде сүрөттөгөндүр [3]. Бул саптарда жашоонун же табияттын жандануусу жана өсүүсү бир гана жаз мезгилинин келиши менен мүмкүн болууда.

Жыйынтыктап айтканда, 1) Жеңижок Аксы жерине качып келгенге чейин бала чагын көп кыйынчылыктар менен өткөргөн. Үйлөнгөндөн кийин балалуу боло албай дүйнөдөн өтүп кеткен. Муну менен бирге табиятка болгон көз карашын да өзгөрткөн. Каражаогланда болсо ушундай кемчилдиктер көрүнбөйт. Каражаогландын кечилдиги сүйгөндөрүнөн ажыроо же болбосо алардан алыста болуу. Каражаогландын жаз менен байланыштуу ырларында дагы ышкы сезими алдыда турат. 2) Жеңижоктун сүйүү же болбосо экзотикалык ырлары жок деп эсептелинбесин. Анын “Төшүндө эки алмаңдан/ жыттансаң жыпар гүлүндөн” [3] деген саптарды эстеткен аз” эмес. Жеңижок өмүрүнүн аягына чейин аялы Көксулуу менен өмүр сүргөн. Каражаоглан болсо көптөгөн сулууга ашык болгон (бул жагы Барпы менен өтө окшош). 3) Анан дагы Каражаогландын жаз темалы ырларда сулуулар алдыга чыкса, Жеңижокто жер, журт темалары алдыга чыгат. 4) Өмүр-таржымал, тематикалык жана стилдик жактан айырмачылыктары болсо да, а бирок жаз мезгилин ачык-айкын тараптары менен ырга салгандыктары алардын орток өзгөчөлүктөрү.

Адабияттар

1. Өзтелли Жахит. Каражаоглан. Өзгүр басмаканасы. – Стамбул. 1996.
2. Кыргыз адабиятынын тарыхы: Кыргыз эл ырчылары, Т. 5, (Түз.: А. Акматалиев ж.б.). – Бишкек. 2002.
3. Жеңижок (Түз.: А. Жусупбеков). – Бишкек: Мурас. 2004.
4. Ирисов П, Ырчылар чыгармачылыгы. – Бишкек: Бийиктик. 2004.
5. Отунчу Уулу Элүүбай, Жеңижок. – Бишкек: Бийиктик. 2009.
6. Эргин Мухаррем, Деде коркут китабы. – Станбул. МЕБ. 1969.
7. Туркчө-кыргызча сөздүк, (Түз.: Г. Жумакунова). – Бишкек. КТМУ. 2005.

Gelekchi Seyfettin, graduate student, JAMU

Image of spring in verse of Karazhaoglan and Zhengizhok

This article explores the identity and the difference in the image of spring season in the sticks of Karazhaoglan and Zhengizhok.

Key words: *Kyrgyzstan, Turkey, improvisatory tradition, Karazhaoglan, Zhengizhok, comparison.*

УДК: 831. (575.2).(560)

Гелекчи Сейфеттин, изденүүчү, ЖАМУ

Кыргызстан менен Туркия төкмө акындарында алманын/элманын көркөм каражат катары колдонулушу

Макалада алманы кыргыз жана Түркия төкмөлөрүнүн пайдалануудагы окшоштуктары менен айырмачылыктары ачылып берилет.

Ачкыч сөздөр: *Кыргызстан, Түркия, төкмөлүк салты, мөмөлөр, алма, салыштыруу*

В данной статье раскрываются тождественность и разницы в использовании яблоко в киргизских и турецких импровизаторов.

Ключевые слова: *Кыргызстан, Турция, импровизаторская традиция, фрукты, яблоко, сравнение.*

Кыргызстан менен Түркиянын оозеки адабиятында көп колдонулган темалардан бири мөмөлөр. Өзгөчө төкмө акындардын ырларында, күнүмдүк жашоо турмушунда кеңири колдонулган мөмөлөрдү арбын кезиктиребиз. Атап айта турган болсок, алма (элма), алмурут (алмурт), шабдалы (шефтали), анар (нар), анжир (инжир), жүзүм (үзүм), бийалма (айва) сыяктуу мөмөлөр түз маанилеринен тышкары экзотикалык маанилерди

берген формада да колдонулган. Сулуунун мүчөсүн мүнөздөгөн кезде мөмөлөр менен салыштыруу ыкмасынан көп пайдаланылган. Эки өлкөнүн акындарында эң көп пайдаланылган мөмөлөрдүн эң башында алма (элма) турганы үчүн “алманын” мисалында изилдөө жүргүзүп көрүүнү чечтик. Алма (элма) эки өлкөнүн тең этимологиясында бирдей маениге жана бирдей баалуулукка ээ, ал тургай тыбыштык окшоштукка дагы, мисалы, айыл жергесинде жашаган түрктөр негизинен алманы “алма” деп эле аташат, элма дебестен. Тема боюнча иликтөөдө Кыргызстандан Жеңижок (19-20к), Токтогул (19-20к), Барпы (19-20-к) жана Осмонкул (19-20-к); Түркия акындарынан Каражаоглан (17-к), Дадалоглу (19-к), Рухсати (19-к) жана Ашык Шенлик (19-20-к) сыяктуу акындардын ырларынан мисалдар көрсөтүлүп, салыштырылды.

1. Акындардын темага байланыштуу ырларын салыштыруу

1.1. Кыргызстан төкмө акындарынын ырларынан мисалдар

Жеңижок акын аталган темада ыр жазган кыргыз акындарынын алдыңкыларынан десек болот. Ал берекелүү топурак сыяктуу. Эмне эксең түшүмүн ашыгы менен берген жер сыяктуу Жеңижоктон да эмнеге мисал издесең, ошого ашыгы менен табасың. Ырларында алмага байланыштуу өтө көп саптарды жолуктурууга болот. “Өскөн жер” ырында алманын жанында башка мөмөлөргө да орун берет: “Алмасы аттын башындай/ Жаңгагы сайдын ташындай/Алчасы койдун этиндей/Алтымыш турдүү мөмөсү/Бышып турат эзилип/Сулуу кыздын бетиндей” [4]. Жогоруда алманы аттын башындай чоң болгонун күчөтүлгөн маениде айтса дагы бышкан алтымыш түрдүү мөмөнүн сулуу кыздын жүзүнө окшоштуруусу Туркия акындарын эске салат. (Туркия акындарында кыздын бети алмага окшоштурулат. Бул темага байланыштуу мисалдар кийинки бөлүмдө берилет) Жеңижок акындын Аксыны мактап ырдаган башка бир ырында жер жүзү алмага толуп-ташып жаткандай сезилет: “Алмасы гүлдөп ачылган/ Ар жерде түшүп чачылган/... Алмага толгон коктусу/ Ашыгып сайрайт тотусу” [4]. Акын, “Жакшы катын термеси” ырында сулуунун бир канча сыпатын ирети менен айтып жатканда, сулуунун эмчектерин алмага салыштырат: “Башайы, макмал кийинген/ Каламдай кашы чийилген/ Төшүндө эки алмандан/ Жыттатсаң жыпар гүлүндөн” [4]. Ушу сыяктуу салыштырууларды башка дагы кыргыз акындарынын ырларынан кезиктирүүгө болот. Барпы акындын “Кош алма” аттуу ыры дал эле ушул тема үчүн жазылгандай: “Жанаша өскөн кош алма/Жакшылап ырчы айталса/Узун саба кыр болот/Уккандар үчүн сыр болот/...Кош алмага гүл болсом/Көйнөгүнө түр болсом/Түндүгүнөн боз үйдүн/Тийип турган күн болсом/Кош алмага кал болсом/Караңгыда шам болсом” [3].

Барпы менен Жеңижоктун алманы кыздардын эмчегине окшотуп баяндоолору кыргыз акындарына кеңири таралган бир көрүнүш. Барпынын жогорку “Кош алма” ыры каймана маениге ээ. Жазын-кышын көңүлүн калтырбай “Кош алмага гүл болсом” салыштыруусу кыйла эле экзотикалуу болуп эсептелет. Алманын гүлдөгөнүндөй эле ал дагы сүйгөнүнүн эмчегине гүл болууну каалайт. Ал түгүл бул ырдын кийинки саптарында бул арзуусу үчүн Багдатка чейин барарын айтып жатат. Барпы бул саптарынан башка дагы алмага көп орун берген жана түз маанисинде да айткан ыр саптары да бар. Анын “Сулуу кыз” атуу ырында “Алмалары агарып/ Турган жайга барабыз” [3] саптары айткандарыбызга бир гана мисал боло алат. Токтогул да алманы бир канча ыкма менен пайдаланган акындардан. Анын “Аргымак көркү жалында/ Алманын көркү шагында” [9] саптарында алманын көркүн шагында экендиги айтылган. Анын төмөндөгү “Эңсеген элим аманбы” атуу ыры да терең маениге ээ: “Айдалып жүрүп туткунда/ Арбыны кетти алымын/ Аргымактай жүгүргөн/ Алмадай болгон кайран баш/ Азапты тартып карыдым” [9]. Токтогул алманы башка салыштырууда. Бирок бул жөнөкөй салыштыруу гана болбостон, терең маанилерди ичине катып жатат. Биздин оюубуз боюнча алманын чоңдугу эмес ага берилген баа маанилүү. Эл ичинде кадыр баркы бар баштын, азап чегүү менен карып кетиши жана алма сыяктуу шагынан түшүп калышы баяндалууда. Осмонкул акындын да алмага байланыштуу ыр саптарында салыштыруулар көзгө илинип турат. Акын, “Аппак алтын алма-өрүктөй гүл ачсын/ Аял-эркек теребиз деп чубашсын” [6] деп

пахтаны алмага жана өрүккө гүл ачуу жагынан салыштырууда. Анын, “Чолпон-Ата” ырындагы, “Аппак, кызыл, чыныдай/ Алмалары дагы бар” [6] деген саптар өтө кызыктуу. Бул жерде бир учурда ак жана кызыл алмалардан сөз болуп жатат, анан да алмалардын көлөмдөрү жана жаркыраганы чыныга салыштырылга.

1.2. Туркия акындарынын ырларынан мисалдар

Туркия акындарынан Каражаоглан темага байланыштуу ырларды жараткан акындардын көч башында турарын сөз башында айтып өтөлү. Өзгөчө табият темасында эң көп ыр жараткан акындардын башында келет десек жаңылышпайбыз. Бул оюубузду мисал катары берген ырлары тастыктайт. Алмага тиешелү ырлары да көп. Төмөндөгү “Алманы” редифтүү эки куплеттен турган ырына орун берели: “Жайдын алгач жазында/Сейилдеп көр алманы/ Жел согуп жерге түшпөстөн/ Бутагынан ал алманы/…Кыйналган, көөнүм кыйналган/Алма болот ашыктыкка жышаан/Алмасыз жарга жеткен/Эх дейт, эстей берет алманы” [7]. Алманы Туркияда да “алма” формасында айтылгандыгы туралуу сөзүбүздүн башында айтып өткөнбүз (17-кылымдан жакынкы мезгилге чейин алма формасында колдонулган бир канча текстер бар). Алманын бышуу жана шагынан үзүлүп түшүү мезгили туралуу биринчи төрт сапта айтылды. Көңүлүбүздү бурган экинчи төрт сап, “Алма болот ашыктыкка жышаан” деген сап болду. Бул саптар бир салтты чагылдыргандыгы анык. Жигиттин кызда көңүлү бар болсо, алма берип ашыктыгын билдиргенин же болбосо жигит менен кыз бири-бирине болгон сезимдерин бул жол менен туюнткан деп ойлойбуз. Бул салт кыргыздарда да бар. (Балким бул салт Орто Азиядан Түркияга өткөндүр). Каражаогландын башка ырларында алма көбүнчө салыштыруу максатында колдонулган. “Алма жүз, алча илап, тиш седеп” [7] деген сапта бет кызыл болгондугу жагынан алмага салыштырылган. “Алма деп кызыл бетти тиштедим” деген саптарда ошол эле салыштыруу колдонулган [7]. Жалпысынан түркия акындарында, Каражаогландын ыраларында көрүнгөндөй кыздын бети алмага салыштырылат. Ушундай саптарда негизги максат кыздын сулуулугун айтуу. Дадалоглунда да ушундай салыштыруулар болгон. “Тараптыр чачтарын белинин үстүнө/ Бир элма жүздүү, күмүш алкымдуу” [8] саптарында дагы сулуунун бети алмага (элмага) салыштырылган. Анын төмөндөгү салыштыруу ыкмасы да өзгөчө көрүнөт: “Аттын бели кыска, мойну узуну/ Кургак бетүүсү, элма көздүүсү/ Кыздын жибек сыяктуу сүттөй актыгы/ Сүйөмүн боз аты бир да сулууну” [8]. Дадалоглу жогорудагы саптарда күлүк атты мактап ырдагандыктан көзүн алмага окшоштурду. Аттын көзүнүн чоңдугу жагынан алмага салыштырылат жана бул күлүктүн бир көркү катары колдонулат. Акын Рухсатинин ырларында да алма сөзү түз мааниде да, өтмө мааниде да пайдаланылган. “Арча шагында элма өсөбү/ Алманын жакшысы өзүнөн белгилүү” деген саптарда алма түз маанисинде колдонулган. Негизинен ырдын максаты насыят берүү [5]. Анын, “Айттым, бир өөп алсам болбойбу?/ Беттери кызарып элмаланат” деген саптар дагы жогорудагы айткандарыбызга төп келет [5]. Сулуунун жүзү алмага окшоштурулуп айтылат. Бирок айрым айырмачылыктар бар. Акындын бир өөп алсам болобу? деп сураганынан кыздын жүзү уялганынан алма сыяктуу кызарып чыгат. Ашык Шенликте темага байланыштуу ырлары жогорудагы айтылгандардын баарына мүнөздүү салыштыруу ыкмаларын колдонгон. “Келин-кыз” деген айтышта айтылган “Кыз айтат, гонжамын, жаз мезгилимин/ Алма бет аппак алкым менде бар” деген саптары жана башка бир ырында “Алма бет аппак алкым сулуулугунда ачылып жоогазын” деген саптарда да бет алмага салыштырылган [1].

Жыйынтык

1) Жалпысынан эки өлкөнүн акындары алма сөзүн ырларында көп колдонушкан жана көбүнчө салыштыруу максатында пайдаланган. Түркия акындары алманы сулуунун бетине окшоштурганын жогорудагы мисалдар менен түшүндүрдүк. Кыргыз акындарында болсо башка нерселер менен катар алма сулуунун эмчектерине да окшоштурулат. Түркия акындары бул сыяктуу экзотикалык салыштырууларды көбүнчө апельсин (турунч), шабдалы, анар, бийалма сыяктуу мөмөлөр менен салыштырышат. Биздин оюбузча бул сыяктуу салыштыруулардагы айырмалар климаттын таасиринен улам болуу керек. Ысык,

суукка карап мөмөлөр бөлүнөт. Кыргызстандын климаты алма жемиши үчүн абдан ыңгайлуу. Ысыкка чыдамдуу мөмө-жемиштер бул жерде анча өстүрүлбөйт. Түркияда болсо мөмө жемиштердин бардык түрүн кезиктирүүгө болот. Бул себептен акындар, көбүнчө көрүп жүргөн мөмөлөр менен салыштырууларды жараткан. 2) Каражаоглан жана Барпыдан тышкары, бир гана алманы тема катары тандап ыр жазган акын аз. Акындардын жалпысында алма ар түрдө, ар кандай жагдайда кездешип тургандыктан аны кандайдыр бир классификациялоого мүмкүн эмес.

Адабияттар

1. Аслан Э. 2001, Чылдарлы Ашык Шенлик, Дийарбакыр. Дижле унв.
2. Барпы Т. II. 2008. (Түз.: Б. Апилов). – Бишкек. Полиграф-ресурс.
3. Жусупбеков А. 2004. Жеңижок. – Бишкек. Мурас басмаканасы.
4. Кайа Д. 1994. Сиваста ашыклык геленеги ве Ашык Рухсати, Сивас.
5. Осмонкул. 1957. – Фрунзе. Кыргызстан мамлекетик басмасы.
6. Өзтелли Ж. 1996. Каражаоглан, 9. Баскы. – Станбул. Өзгүр бас.
7. Сакаоглу С. 1993. Дадалоглу. – Анкара. Күлтүр баканлыгы бас.
8. Токтогул Т. I. 1968. (Түз.: Ж. Таштемиров). – Фрунзе. Кыргызстан.

Gelekchi Seyfettin, graduate student, JAMU
seyfettingelekci@hotmail.com

Using the image of apple as a poetic tool in Kyrgyz and Turkish improvisers

This article reveals the identity and the difference in the use of the image of the apple in the Kyrgyz and Turkish improvisers.

Key words: *Kyrgyzstan, Turkey, improvisatory tradition, fruit, apple, comparison.*

УДК: 41

Досматова Д.Н., доцент, ОшГУ

Понятие концепта и его эволюции на примере концепта «вера»

Макалада концепт ааламды сүрөттөөдө менталдык бирдик катары каралат, жана концептин эволюциясы “вера” концептин мисалында талданат.

Ачкыч сөздөр: *концепт, смысл, значение, объем понятия, ментальная единица, этимология, эволюционный семантический ряд.*

В статье изучается концепт как ментальная единица описания картины мира, прослеживается эволюция концепта на примере концепта «вера».
This article examines the concept as a mental unit of description picture of the world, traces the evolution of the concept on the example of the concept "faith".

Ключевые слова: *концепт, смысл, значение, объем понятия, ментальная единица, этимология, эволюционный семантический ряд.*

В последние десятилетия понятие концепта и концептосферы активно вошло в научный обиход. Академик Д.С. Лихачев так определяет концептосферу: "В совокупности потенции, отраженные в словарном запасе отдельного человека, как и всего языка в целом, мы можем назвать концептосферами… Концептосфера языка – это в сущности концептосфера русской литературы" [2, с. 284]. Можно предположить, что концептосферу языка образуют множество концептосфер, которые, в свою очередь, представляют собой системы концептов.

Концепт реализуется в словесном знаке и в языке в целом. В таком случае ядро концепта составляет совокупная языковая и речевая семантика слов. По мнению Ю. Степанова количество базовых концептов невелико: "четыре-пять десятков, а между

тем сама духовная культура всякого общества состоит в значительной степени в операциях с этими концептами" [6, с.12].

Концепт является единицей описания картины мира – ментальной единицей, содержащей языковые и культурные знания, представления, оценки. В когнитивной науке концепт рассматривается как ментальная единица, которая постоянно переживает изменения: в его сферу могут входить все новые фоновые концепты, может меняться стандартный набор ситуации, и еще более подвижным является одиночный компонент в содержании. Однако, направление развития концепта предопределено внутренней формой слова, его этимологией. Закрепленный в этимологии, концепт развивается, проходя через художественные и философские тексты, и оказывается законченным, осмысленным, заполненным всеми содержательными формами. Но тот глубинный признак, запечатленный во внутренней форме, остается, пусть измененным, в окончательно сформированном концепте.

Концепт складывается из слоев различного времени и происхождения. Поэтому естественно представлять его эволюцию в виде такой последовательности или ряда, звеньями которых являются стадии концепта, или, иначе, концепт в разные эпохи.

Между этими звеньями, расположив их достаточно последовательно, вскрываются особые отношения преемственности формы и содержания, благодаря которым нечто из старой стадии концепта становится знаком в его новой стадии. Расположенные в ряды звенья Ю.Степанов называет "эволюционными семиотическими рядами" [6, с.61].

Рассмотрим вариант эволюции концепта на примере концепта "вера". Еще до нашей эры мы встречаем исходный концепт в греческой культуре дохристианского периода. В рассматриваемый период это слово не имеет отношения к религии, зато широко употребляется в философии и в праве. Ю. Степанов, кроме того, отмечает, что "… исторический путь, от понятия "договора и доверия", оказался как бы принятым индоевропейским сознанием и привел, в конечном счете, к развитому концепту "вера" [6, с. 376].

В Полном церковно-слявянском словаре, составленном в 1898 году, ярко прослеживается эволюция концепта "вера" в христианском толковании.

Так, первое толкование слова осуществляется со ссылкой на Новый Завет: "Верование, признание чего-либо за истинное" [4, с.115]. Ефрем Сирин, знаменитый служитель церкви, учитель покаяния, живший в IV веке, указывает на "вера Иисусова», «вера Сына Божиа», «вера в Иисуса Христа, в Сына Божиа" [4, с.115]. В Полном церковно-славянском словаре мы находим ссылку на сохранившееся в санскритском языке коренное понятие веры, и, что примечательно, оно указывает на силу: "вир – вираіати, *быть сильным*" [4, с.116].

В современных словарях и справочниках мы находим два значения слова «вера». Например, в Словаре русского языка Ожегова С.И.:

1. Убежденность, уверенность в ком- чем-. н. В победу. В людей.
2. Убежденность в существовании бога.
3. То же, что религия. Христианская вера. Человек иной веры» [7, с. 64].

Развитие сфер концепта «вера» связано с разговорной речью, литературой и публицистикой. В литературе XIX века слово *вера* встречается в разных значениях.

Во-первых, как религиозное чувство. У поэта А.С. Пушкина, например, можно найти следующее: «Прости, печальный мир, где темная стезя над бездной для меня лежала, Где *вера* тихая меня не утешала [5, с. 76]. У поэта П.А. Вяземского в стихотворении "Послание к Дмитрию Петровичу Северину" читаем: «Порвал ли я в себе народности струну, И *вере* праотцов изменником ли буду» [1, с. 61].

Во-вторых, в значении религия, религиозное учение. В поэме А.С. Пушкина "Кавказский пленник" есть такое употребление: «Меж горцев пленник наблюдал Их *веру,* нравы, воспитанье» [5, с. 89].

В-третьих, в значении уверенность, надежда: в поэме "Руслан и Людмила" А.С. Пушкина: встречается такое употребление: «С надеждой, *верою* веселой, Иди на все, не унывай» [5, с. 659].

Как в разговорной речи, так и в художественной литературе XIX века часто встречается сочетание "верой и правдой", как правило, когда речь идет о служении Отечеству. Так, у Пушкина в повести "Капитанская дочка" читаем: "Лет двадцать пять служил он в своем звании *верой* и правдою".

Таким образом, в процессе развития языка в концептосфере вера произошла переориентация. Если изначально вера – это истина, правда, доверие, то с принятием христианства за истину принимается библейское учение о существовании Бога, и отсюда вера в Бога, как в реально существующего объекта; вера, как религия, как форма общественного человеческого сознания.

Литература

1. Вяземский П.А. Стихотворения. – М. 1988.
2. Лихачев Д.С. Концептосфера русского языка // Русская словесность. – М. 1997.
3. Ожегов С.И. Словарь русского языка. – М. 1986.
4. Полный церковно-славянский словарь русского языка: Т. 1.– М. 1998.
5. Пушкин А.С. Сочинения: В 3 т. – М. 1987.
6. Степанов Ю.А. Константы: Словарь русской культуры. – М. 1997.
7. Шанский Н.М. Этимологический словарь русского языка. – М. 2000.

D.N. Dosmatova, docent, OshSU

The notion of concept and its evolution on the example of the concept "faith"

This article examines the concept as a mental unit of description picture of the word, traces the evolution of the concept on the example of the concept "faith".

Key words: *concept, концептосфера, sense, value, volume of concept, mental unit, etymology, evolutional semantic row.*

УДК: 41

Досматова Д.Н., доцент ОшГУ

Концепт как базовая категория когнитивной лингвистики

Макала когнитивдуу лингвистиканын негизги категориясы болгон концептин теориялык өздөштүрүүсүнө арналган. Ошондой эле анын мазмуну жана типологиясы каралат.

Ачкыч сөздөр: *концепт, концептуализация, контекстуалдык сема, элес, схема, түшүнүк фрейм, сценарий, гештальт.*

Статья посвящена теоретическому осмыслению одной из основных категорий когнитивной лингвистики – концепту. Также рассматривается типология концепта по его содержанию.

Ключевые слова: *концепт, концептуализация, контекстуальная сема, представление, схема, понятие, фрейм, сценарий, гештальт.*

Кирг. *кут* «оберег, якобы охраняющий человека и скот, в виде фигурки человека из свинца или олова, одетая в красные или синие тряпки; божок, маленький идол (у калмыков и других соседей-буддистов); дух, душа, жизненная сила, счастье, удача, благодать; полярная звезда, север», *кут уруу/кутуруу* «взбеситься, заболеть водобоязнью, бешенством; бешенство, буйствование, буйство», *кут каз-/кутказуу//куткар-/куткаруу* «избавлять, спасать, выручать», *кутул-/кутулуу* «избавляться, спастись; избавление, спасение» – кит. *guǐ* «душа умершего, умерший, принадлежащий умершему; душа предка, (местное низшее) божество, дух, оборотень, приведение, нечистая сила; злой дух, черт, бес, демон; гений, сверхчеловек; (ласк.) чертенок, шалунишка, малыш; беспокойство, тревога» [1].

Наши примеры свидетельствуют о том, что два языка имеют регулярные звуковые соответствия в семантически идентичных корневых морфемах. Приведенные в работе факты дополнительно подтверждают достаточную аргументированность гипотезы о ностратической принадлежности китайского языка. Как известно, ностратика постулирует гипотезу о генетичексом родстве целого ряда языковых семей Северной Евразии, включая сино-тибетские языки.

Литература

1. Большой китайско-русский словарь/ О. Левина. – М. 2008. – С. 639.
2. Зулпукаров К.З., Зулпукарова М.А. Об этногенетических и социокультурных связях ханзу и киргизов по данным языка//Вестник ОшГУ. – 2014. – №2. – С.16-25.
3. Яхонтов С.Е. Древнекитайский язык. – М. 1965. – С. 169.

K. Zulpukarov, professor, OshSU,
G.Ch. Jumanalieva, graduate student, OshSU

Kyrgyz root morphemes
With the endings -t (-d) and their conformity to Chania

In the article are compared the Kyrgyz root morpheme ***-m (-d)*** *with their Chinese equivalents.*

Key word: *Chania, Kyrgyz language, the root morpheme, similarity, matching, ethnogenetic community.*

УДК: 81' 244:366.636.(575.2).

Б. Исаков, окутуучу, ОшМУ

Мамлекеттик тилди өнүктүрүүдө массалык маалымат каражаттарынын ролу

Макалада мамлекеттик тилди өнүктүрүүдө журналистиканын ролу жөнүндө маселе каралат. Азыркы күндө журналистиканын бул багытта аткара турган иштерин өнүктүрүүгө сунуш айтылат.

Ачкыч сөздөр: *журналистиканын ролу,коомчулукка таасир этүү,заманбап технология,азыркы учур.*

В статье рассматривается роль средств массовых информации по развитии государственного языка. Есть предложения о дальнейшем улучшении работы в журналистике по этому направлению.

Ключевые слова: *роль журналистики, воздействие на общественность, современная технология, современный этап.*

Мамлекеттик тил маселеси саясий өнөктүктөн тышкары болуп, даталуу күндөрдө гана майрамдык маанайда белгиленген иш-чаралар менен чектелбестен тынымсыз, системалашкан, коомдун бардык мүчөлөрүнүн биргелешкен иш-аракеттеринин маңдай тер агызган натыйжалуу ишмердигине айланганда гана мыйзамдык, укуктук, теориялык, базаларда белгиленген, коомчулук, интеллигенция, тилди өнүктүрүүнүн күйөрмандары каалаган жыйынтыкка жетишүүсү мүмкүн.

Анткени, шайлоо кампаниялары, же айрым бир саясий иш-чаралар мезгилинде кээ бир саясатчы, депутаттыкка кандидат, мамлекеттик ишмер бул теманы өзүнүн кызыкчылыгы үчүн козгоп, упай топтоп, же башка саясий максаттарда колдонушу турмушта учурайт. Ал эми мындай аракеттер тилди өнүктүрүүгө салым кошпостон, саясий коньюктура менен баалаганда популисттик гана мүнөзгө ээ болот.

Коомго психологиялык, социологиялык, саясий жактан да эн таасирдүү курал катары массалык маалымат каражаттары эсептелет. Телевидение, радио, гезит, интернет булактары коомчулуктун тынымсыз пайдаланчу эрмегине айланган. Жаңылык, кабарды талап кылуу инсандын табигый каалоолорунунан, үйрөнүп калган адаттарынан болуп эсептелет. Элдин, жаштардын, жалпы коомчулуктун маданий, саясий, экономикалык, психологиялык, социалдык темадагы керектөөлөрүн канааттандырууда массалык маалымат каражаттарынын эбегейсиз мүмкүнчүлүгү бар. Мындан тышкары калктын, жаштардын, жалпы коомчулуктун тилдик маданиятын калыптандырууга, тарбиялоого, өнүктүрүүгө түздөн-түз таасирин тийгизет.

Жаңы коомдук өзгөрүүлөргө жараша массалык маалымат каражаттарында да прогрессивдүү, позитивдүү жылыштар, жакшы жөрөлгөлөр болгондугун белгилөөгө болот. Демократиялык баалуулуктардын негизги талаптарынан болгон сөз эркиндиги басма сөздүн ар тараптуу кулач жайышына жол ачып, Кыргызстанда бир нече типтеги, багыттагы, мазмундагы, тармактуу, эркин басма сөз продукцияларынын пайда болушуна шарт түздү. Суверендүүлүк алгандан кийин аны ишке ашыруунун, бекемдөөнүн, калыптандыруунун, өркүндөтүүнүн негизги өзөгү-тилдик саясатты ишке ашыруу маселеси келип чыкты. Ушул милдет, жопкерчиликти маалымат каражаттары башка тиешелүү тармактар менен биргеликте аткаруу аракетине түштү. “Кыргыз Республикасында 1991-жылы суверендүүлүк алган соң басма сөз эркиндигинин классикалык принциптерин бекемдөөдө массалык маалымат каражаттары манилүү роль ойноду.”[1].

Билим берүү системасынын кызматкерлери, мамлекеттик жетекчилик, маданий-агартуу мекемелери мыйзамдык, укуктук базага таянып иш алып баруу макамына ээ. Массалык маалымат каражаттарынын аткарчу милдеттери, келтирчү пайдалары кенен. Анткени, жогоруда аталган тармакта эмгектенген адамдар бир багытта, белгиленген чөйрөдө гана иш жүргүзүү шартына ылайыкташкан. Көп санда пайда болгон ар түрдүү, идеялык, теориялык, жанрдагы, максаттагы, форматтагы типтеги, багыттагы, маанайдагы гезиттик, теле, радио, интернеттик материалдар коомчулуктун бардык чөйрөсүнө байма-бай, үзгүлтүксүз маалымат жеткирип, аудитория менен тыгыз иш алып баруу артыкчылыгына ээ. Коомдогу ар бир инсан ар кандай кызыкчылык же зарылчылык аркылуу маалымат каражаттары менен байланыш курууга, мамиле түзүүгө муктаж, бул турмуштук тажрыйбада калыптанып калган көрүнүш. Ал эми тилди өнүктүрүү, мыйзамдык, укуктук, теориялык иш-чараларды ишке ашыруу, пропагандалоо максатында чыгып жаткан гезиттер, атайын бул багыттагы радио, телеберүүлөрдүн саны аз.

Бирок, акыркы жыйырма жылдын ичинде жаңыдан пайда болгон жалпы массалык маалымат каражаттарынын саны максималдуу көрсөткүчкө ээ болду. Алардын аткарган функциялары ар түрдүү. «Телеберүү менен радио уктуруу, мындайча айтканда электрондук, кибернетикалык журналистика коомдо ээлеген орду, аткарган кызматы,

ойногон ролу жагынан алдаканча алдыга кетишти, бирок басмасөздүн артыкчылыгы жаңылыктарды шашпай анализдеп, комментарийлеп, маңызын чыгарып жазып коомчулукка сунуштайт. Бул жагынан басма сөздүн бүгүнкү орду мурдагыдай эле маанилүү болуп келатканын мойнубузга алышыбыз керек» [2].

Адамдар бош убактыларында, же жумуш ордунда, көчөдө, ар кандай кырдаалда массалык маалымат каражаттары менен өз ара карым-катышта, мамиледе жашайт.Ушундай абалда массалык маалымат каражаттары алардын инсан катары калыптанышына, аң-сезиминин өөрчүсүнө, жүрүм-турумунун өзгөрүшүнө, тил маданиятынын байышына ар тараптан таасир берүүчү, тарбия кылуучу күчкө айланат. Массалык маалымат каражаттарынын ар тараптан адамдарга таасир берүү функциясын туура багытта, максатта пайдалануу ар дайым зарыл болуп келген жана кала бермекчи. Анын негизги функциясы- пропагандалык, үгүт-насаат, агитатор гана эмес уюштуруучулук чоң күчкө, мүмкүнчүлүккө ээ экендигин коомдук ишмерлер белгилеген. Тилди өнүктүрүүгө багытталган атайын гезит, журнал, теле, радио ачуу эбегейсиз каражаттарды, жумушчу күчүн, мамлекеттик механизимди талап кылат. Ал эми бизде ага бюджеттик тартыштык, экономикалык кризис, кадрдык жетишпестик жол бербейт. Прогрессивдүү өнүгүүдөгү, даяр маалымат каражаттарында эмгектенип жаткан журналисттерди, техникалык кызматкерлерди жана ушул тармактагы жалпы жамаатты тил илимин мыктылап өздөштүрүүгө, үйрөнүүгө даярдоо, кызыктыруу, алардын иш пландарына тилди өнүктүрүүгө байланыштуу материалдарды үзгүлтүксүз берип турууну милдеттендирүү-сунуштоо иш ыргагы менен бирге эле практикага ашырууга мүмкүн боло турган маселелерден. Ал үчүн төмөнкүдөй иш-чаралады аткарууну сунуштайбыз:

- Мамлекеттик тилге байланыштуу материалдарды теле- радиодо, гезитте графиктик системада үзгүлтүксүз берип туруу;
- жогорку окуу жайларында окуп жаткан журналисттик багыттагы студенттердин тил илимин өздөштүрүүсүнө өзгөчө көңүл буруу, шарт түзүү;
- Теле-радиоберүү, гезиттик беттерде тилге байланыштуу кызыктуу иш-чараларды системалуу чагылдырып туруу;
- Мамлекеттик тил комиссиясы менен биргелешкен манилүү иш-чараларды системалуу түрдө уюштуруу;
- Көрнөк-жарнактарды, рекламалык багыттагы материалдарды даярдоого көмөк көрсөтүү, тиешелүү мекеме-ишканалар менен биргеликте алардын жарыяланышына көзөмөл жүргүзүү;
- Башка улуттагы элдердин кыргыз тилин үйрөнүүсүнө байланыштуу ийгилик, жетишкендиктерин, уюштурган ар кандай иш-чараларын колдоп, даңазалап туруу.

Адабияттар

1. Ч.А. Мусабекова Средства массовой информации и Право в Кыргызской Республике. – Бишкек. 2002. – С. 3.
2. Кундуз Исмаилова. Журналист- коомдун күзгүсү. Тил жана маданият гезити. №36-37-саны. 2-бет. 2015. – Б.

B.J. Isakov, teacher, OshSU

The role of mass media in the developing of Kyrgyz state language

This article deals with The role of Journalism in the developing of Kyrgyz State language. Besides this article describes the suggestions of the developing of journalism.

Key words: *The role of journalism, the flounce of journalism to the society, modern technology, present time.*

УДК:629.5.025.47 (911.5)

Исмаилова Б., доцент, ОшГУ

Образность как типологическая категория

Бул макалада биз кайманалуулукту типологиялык категория катарында карайбыз. Кайманалуулук типологиялык категория эгедер болгон бардык белгилер менен мүнөздөлөт. Биз карап жаткан кайманалуулук категориясы тилдин ар кандай деэгээлинде баяндалып, түрдүү лексико-грамматикалык жана лексико-семантикалык сөз топторунда берилиши мүмкүн.

Ачкыч сөздөр: *Кайманалуулук, типологиялык категория, эксплициттик жана имплициттик жол менен баяндоо, сөз жасоочу деңгээл, интерпретация, тил ортолук, деңгээл ортолук, топ ортолук, эквиваленттүлүк, туунду сөздөр.*

В настоящей статье мы рассматриваем образность как типологическую категорию. Образность характеризуется всеми признаками, которыми обладает типологическая категория. Рассмотриваемая нами категория образности получает выражение на разных уровнях языка, может быть передана различными лексико-грамматическими и лексико-семантическими разрядами слов.

Ключевые слова: *Образность, типологическая категория, эксплицитное и имплицитное выражение, словообразовательный уровень, интерпретация, межъязыковость, межуровневость, межразрядность, эквивалентность, производные слова.*

На современном этапе развития лингвистики большое распространение получило изучение систем генеалогически-неродственных языков на основе определенных типологических категорий. Под типологической категорией мы вслед за Бурановым Дж.Б. понимаем обобщенные категории, характеризуемые как «содержательно-контенсивные понятия с их соответствующими формами выражения, служащие основой сравнения систем различных конкретных языков» [3; 109]. Представляется возможным рассматривать категорию образности в качестве типологической категории на том основании, что образность характеризуется всеми признаками, которыми обладает типологическая категория. И, прежде всего, инвариантным семантико-стилистическим содержанием, имеющим в разных языках соответствующие формы выражения на всех уровнях языковой системы. Исходя из представления о глубинной структуре образности как логической структуры, состоящей из трех компонентов, которые получают эксплицитное и/ или имплицитное выражение в поверхностной структуре, рассмотрим структурно-логический тип образности, представленный на словообразовательном уровне в английском и киргизском языках.

Производное «catty», по данным словарей, является образным

catty- fig. sly and spiteful; (spiteful or malicious woman)

Глубинная образная структура этого производного может быть выведение на основе его лексикографической интерпретации, в соответствии с которой:

- Cat – агент – получает эксплицитное выражение в структуре производного;
- Woman – референт – эксплицитное или имплицитное указание содержится в словарной статье;
- Spiteful – основание – получает закрепление в значении слова.

Характерной особенностью образности производных слов является признак ее грамматической оформленности, что проявляется в наличии специальных словообразовательных морфем, в данном случае суффикс – у.

Аналогично и в киргизском языке в производных словах выявляется трехчленная глубинная структура образа (ср.: аюудай- /ет) долдойгон, копол (адам жөнүндө). В поверхностной структуре эксплицитно выражены агент- (аюу) и формальное указание на факт сопоставления (суффикс -дай), основание получает закрепление и значении этого

слова (долдойгон, копол), а референт выводится из содержания словарной статьи (адам жөнүндө).

Приведенные примеры свидетельствуют, во- первых, о возможности выражения образности на словообразовательном уровне, во- вторых, о совпадении структурно-логических типов образных производных английского и киргизского языков, что подчеркивает их единую лингвистическую сущность, идентичность механизмов формирования образности в словообразовательных системах этих языков, несмотря на их генетическую гетерогенность.

К основным признакам типологической категории, как отмечает Дж.Б. Буранов, относятся межъязыковость, межуровневость, межразрядность соответствующих средств, возможность межуровневой синонимии и межъязыковой эквивалентности и др. [3; 111]. Изучение специальной литературы по данному вопросу показывает, что образность как лингвистическая категория получает отражение в разных языках мира, о чем свидетельствует обширная литература, посвященная изучению образных средств на материале самых различных языков [1; 121, 4; 94, 6; 80, 7; 227, 8; 46- 64]. Понятие образности характерно и для систем английского и киргизского языков. Все это свидетельствует о межъязыковом характере категории образности. Более того, наличие в различных языках изоморфных черт и одинаковых по своей сущности процессов формирования образного значения позволяет отнести категорию образности к языковым универсалиям, под которыми вслед за Б.А. Серебренниковым понимается «единообразный, изоморфный способ выражения внутрисистемных корреляций языковых элементов или *однотипный по своему характеру процесс*, проявляющийся с достаточно высокой степенью частотности в различных языках мира» [9; 301].

Таким образом, данные многих исследований подтверждают межъязыковой характер образности, выступающий в качестве одного из основных его признаков.

Другим признаком типологической категории является межуровневость, которая объясняется участием единиц различных уровней при выражении того или иного категориального понятия. Анализ специальной литературы по проблемам образности языковых единиц показывает, что категория образности может выражаться единицами всех уровней иерархии языка[1; 121]. Это свидетельствует о межуровневом характере данной категории и возможности межъязыковой синонимии образных средств. Остановимся коротко на анализе средств выражения образности на разных уровнях языка.

Результаты многочисленных исследований на фонетическом уровне [5; 175] позволяютрассматривать звуковуюмотивированность в качестве средства создания образности, что находит отражение в звукосимволизмах и звукоподражательных словах. Явления звукосимполизма и звукоподражания отмечаются как в английском, так и в киргизском языках, но их сравнительно-типологическое изучение не проводилось. Вместе с тем, необходимо отметить, что исследования в этом направлении на материале двух языков уже начаты, разрабатываются принципы и методы звукоподражательной типологии.

Лексический уровень языка в плане его стилистической характеристики является наиболее изученным и считается основным источником образных средств языка, так как именно слово обладает способностью обозначать любые оттенки мысли и чувства и передавать дополнительную образную информацию. Существует много работ, посвященных изучению образного значения слов на материале разных языков, в которых рассматриваются проблемы лингвистического статуса образности, семантического механизма ее формирования, методов и приемов исследования [1; 37, 6; 80]. Что касается сравнительно- типологического изучения образности, необходимо отметить отдельные работы лингвистов, в которых на материале разных языков рассматриваются образные средства языка[4; 94]. На материале английского и киргизского языков изучение образных средств языка, как уже отмечалось, не проводилось.

Словообразовательный уровень является наименее изученным в плане рассмотрения образных потенций словообразовательных единиц (морфем, производных, сложных, сокращенных слов). Специальных исследований в этой области нет, хотя в отдельных работах содержатся весьма ценные замечания и сведения [2; 23- 30]. Представляется чрезвычайно важной прослеживаемая в этих работах мысль о способности морфемы передавать стилистическое, в том числе и образное, а также о более высоком стилистическом потенциале производных слов по сравнению с непроизводными. При рассмотрении образности словообразовательных единиц на первый план выдвигается проблема специфики образного значения этих единиц языка, которая до сих пор не являлась предметом специального изучения, и в связи с этим находится в центре внимания в настоящем исследовании.

Образные средства языка не ограничиваются отдельными словами, формирование образных средств возможно на уровне словосочетаний, фразеологической единицы и целых предложений. В целях нашего исследования важно подчеркнуть, что образность является одним из имманентно присущих фразеологическим единицам свойств. Как отмечает И.В. Арнольд, «Фразеологические единицы стилистически эффективны благодаря своей образности, эмоциональности, оценочности. … Они являются мощными средствами образности». Проблема образности ФЕ посвящен целый ряд исследований, в которых рассматриваются причины возникновения образного значения в ФЕ, роль отдельных компонентов и их взаимодействие в формировании образности ФЕ, проблема специфики образного значения ФЕ и др. Даже краткий анализ работ, посвященных проблеме образности на различных уровнях языковой системы служит, на наш взгляд, убедительным доказательством того, что образность являетсямежуровневой категорией.

Следующим признаком типологической категории является межразрядность, которая заключается в том, что выбранное для сравнения категориальное понятие может быть выражено средствами, принадлежащими к различным лексико- грамматическим и лексико- семантическим разрядам слов. Рассматриваемая лингвистическая категория образности обладает и этим признаком, так как образные средства языка могут быть представлены, с одной стороны, различными частями речи (имена существительные, имена прилагательные, наречия, глаголы), с другой – различными лексико-семантическими группами слов, о чем также свидетельствуют многочисленные исследования в этой области. При этом разряды слов, как показали исследования, могут совпадать и не совпадать в сравниваемых языках.

Рассматриваемая нами категория образности, таким образом, получает выражение на разных уровнях языка, может быть передана различными лексико- грамматическими и лексико-семантическими разрядами слов, что обусловливает явление межуровневой синонимии внутри языка и межъязыковых соответствий между языками. Рассмотрение образности, с точки зрения вышеназванных признаков-межъязыковости, межуровневости, межразрядности, межуровневой синонимии и межъязыковой эквивалентности,- дает все основания считать эту категорию типологической, что позволяет выбрать ее в качестве метаязыка сопоставления.

Литература

1. Азнаурова Э.С. Прагматика художественного слова. – Ташкент: Фан. 1988. – С. 121.
2. Ашурова Д.У. Некоторые особенности значения производного слова в аспекте его стилистической характеристики// Семантика и типология разносистемных языков. Сб.науч.трудов. – Ташкент: Изд- во ТашГУ. 1984. – С.86- 93.
3. Буранов Дж. Сравнительная типология английского и тюркских языков. – М.: Высшая школа. 1983. – С. 266.
4. Гак В.Г. О сопоставительной стилистике// Методы сопоставительного изучения языков. – М.: Наука. 1988. – С. 94.

5. Гальперин И.Р. Информативность единиц языка: Пособие по курсу общего языкознания. – М.: Высш.шк. 1977. – С. 175.
6. Кудайбергенов С. Образные глаголы в киргизском языке. – Фрунзе, 1981. – С. 80.
7. Лукьянова Н.А. Экспрессивная лексика разговорного употребления. – Новосибирск: Наука. 1986. – С. 227.
8. Gerold M. Sadock. Figurative Speech and Linguistics // Metaphor and Thought. – Cambridge. – University Press. 1982. – P.46- 64.
9. Серебренников Б.А. О материалистическом подходе к явлениям языка. – М. Наука. 1983. – С. 317.

B. Ismailova., docent, OshSU

Figurativeness is as typological category

In this article we consider figurativeness as a typological category. Figurativeness is characterized by all signs which the typological category possesses. The category of figurativeness considered by us receives expression at different levels of language, can be transferred various lexico - grammatical and lexico - semantic categories of words.

Key words: *Figurativeness, typological category, explicit and implicit expression, word-formation level, interpretation, interlanguage, interlevel, intercategory, the equivalence, derivative words.*

УДК:82:894:341

М.В. Калматова, окутуучу, ОшМУ

Кыргыз адабиятындагы жана С. Тургунбаевдин поэзиясындагы жаңычылыктар

Макалада кыргыз адабиятындагы жана С. Тургунбаевдин поэзиясындагы жаңычылыктар жөнүндө сөз болот.

Ачкыч сөздөр: *эркин ыр, салттуу ыр, муун, метафора, уйкаштык, поэзия, сап.*

В статье описаны нововведение отмеченные в кыргызской литературе и в творчестве С. Тургунбаева.

Ключевые слова: *верлибр, традиционные стихи, слог, метафора, рифма, поэзия.*

Кыргыз поэзиясы профессионалдык адабият катары пайда болуп, калыптангандан тартып эле салттуулук менен жаңычылдык бири-бири менен карым-катнашта келген. Айталык, XX кылымдын 30-жылдарындагы М. Элебаевдин, Ж. Турусбековдун ыр-поэмаларындагы салттуу кыргыз ырына окшоштурбай уйкашсыз ырларды жазуу, ыр саптарынын архитектоникасын В.В. Маяковскийдин ырлары сыяктуу «тепкичтентип» жазуу пайда болуп, 50-жылдардын орто ченинен С. Эралиевдин эркин ырлары пайда болду. Ага чейин «Ак Мөөр» поэмасын жазып [1, 244], салттуу кыргыз ырынан мүмкүнчүлүгүн ар тараптуу пайдаланган акын 1966-жылы «Жылдыздарга саякат» деген китеби чыккан [2, 81]. Ал «Ала-Тоо» журналына басылып чыккан соң Кыргызстан Жазуучулар Союзунда талкууланып, талкуу кызыл кандуулукка, айтышып-урушууга чейин барган, чыгарманы жактагандар да, каралагандар да көп болгон. Доордун учкул ритмин «Ак Мөөрдү» жазган стиль менен чагылдырууга болбой калганын, космос заманы эркин, уйкаштыкка баш ийбеген ырларды талап кылганын «Жылдыздарга саякат» поэмасын жактоочулар жазып чыкты. Ошол учурдагы Кыргызстандагы саясый-маданий кырдаал тууралуу кийин С. Эралиев мындай эскерет: «1958-жылдын октябрь айында Москвада өткөн кыргыз адабияты жана искусствосунун декадасы учурунда жазуучулар союзундагы кыргыз адабиятынын талкуусунда сөз көбүнчө ушул эки

чыгарма – Чыңгыздын «Жамийласы» менен менин «Ак-Мөөр» поэмамдын тегерегинде болуп, катышуучулардын баары эки чыгарманы бир добуштан кыргыз совет адабиятындагы жаңы сапаттык бийиктик катары белгилешти. Бул тууралуу ошол талкуунун стенограммасында сакталуу. А бирок, декададан мурда өзүбүздүн аттуу-баштуу эле жазуучулар башчылык кылып, Кыргызстан жазуучулар союзунда «Жамийла» повести боюнча талкуу уюштурушуп, чыгарманы кыргыз адабиятына мүнөздүү эмес, кыргыз аялдарына шек келтирген, идеясы туура эмес катары баалашып, көпчүлүгү каралап чыгышты жана коргогондор да болду. Мен өзүм: «Чыгарманы каралап, терс пикир айтып жатканыңар чындыктан алыс, түшүнбөй жатасыңар, бул чыгарманын духу, идеясы силер ойлогондон такыр башка, бул жакшы саамалык, мында эркек менен аялдын ортосундагы гана эмес, жер үстүндөгү бүтүндөй жашоонун өзүнө жан берген зор сүйүүнүн элеси турбайбы» деп, калыс пикиримди айттым. «Тагдырдын тамашасы» дейт го, мындан он чакты жылдан кийин жарык көргөн менин «Жылдыздарга саякат» деген поэмам дал ушундай тагдырга туш келип олтурбайбы. Мында дагы биздин аттуу-баштуу жазуучулар дал ушинтип поэмага каршы талкуу уюштуруп, бирок бул жолу жазуучулар союзунда эмес, Кыргызстан КП БКнын бюросуна чейин алып чыгышкан. Ошондо Чыңгыз поэманы коргоп, өзүнүн салмактуу калыс пикирин айткан жана «Правда» газетасына аны бүтүндөй түркий тилдүү поэзиянын ийгилиги катары мактап жазып чыккан. Ал эми бул эки чыгарманын тең кийинки тагдыры баарыга белгилүү» [3, 4].

Жогорудагыдай кырдаалга кыргыз адабиятында формалык изденүүлөр ар тараптуу кабыл алынган. 1968-жылы «Кыргызстан маданияты» газетасы «Акындарга үч суроо» деген талкуу уюштурган. Ошондо А. Токомбаев акын С. Эралиевдин эркин ырга өтүшүн «жорголугунан танып баратышы» катары мүнөздөсө, бул форманы Т. Үмөталиев «адашып чоочун короого туш келген эчкидей элеңдеп, качып, четте турган» көрүнүш катары баалады [5, 97]. Бул мезгилдин поэзиясынын жаңычылдыгынын эң негизгиси милдети – формалык изденүүлөрдү практикалоо, элдин кабылдоосуна жеткирүү керек эле. Мына ушул жумушту негизинен жаш акындар алышты. Алардын бири С.Тургунбаев болгон. Анын «Кечки троллейбус» жыйнагынан башталган формалык изденүүлөрү 70-80-жылдары жарык көргөн «Жарыктын ыры», «Эки аска», «Касиет», «Жылдыз», XXI кылымдагы «Күндүн көзү», «Жагалмай канат жапан ыр»деген жыйнактарында андан ары улантылды. Мисалы, анын «Калпакчан жигитке» деген ырын талдап көрөлү:

Сен, калпакчан!
карсылдап эл алдында сүйлөп жатсаң
ар сөзүң ооздон чыккан
сөз болсун калпагыңа куп жарашкан,
жалыны, оту болсун
жаркытып көңүлдөргө чырак жаккан [4, 29].

Мында биринчи сап калпакчанга кайрылуу, калпакчан – бул жигиттиктин, сөзгө бекем туруучулуктун белгиси. Калпакчан – бул метафора, С. Тургунбаевдин адамды, кыргыз жигитин туюнтуу каражаты. «Калпакчан» деген сөзгө «карсылдап» деген сөз үндөшүп жатат, бирок уйкаш эмес, «карсылдап сүйлөө» – жигиттиктин, чечкиндүүлүктүн, жаштыктын символу. Калпак менен эл алдында сүйлөп жатканда чыккан сөз дал келишин, аны үчүн ошол сөздүн, жалыны, оту болушун айтат. Сөздүн жалыны, оту деп акын дагы образдуулукту колдонот. Сөздө жалын, от болушу мүмкүн эмес, бул – акындын поэтикалык табылгасы. Ошол сөздүн жалыны, оту көңүлдөргө чырак жагыш керек. Көңүлгө чырак жагылбайт, бул өтмө маани, метафора. Демек калпакчандын сөзү орундуу, таасирдүү болуп, адамдардын дилин ойготуш керек деген маанини ушундай берип жатат.

Ырынын биринчи эле сабынан «Сен, калпакчан!» каратма сөз менен илептүү сүйлөмдү колдонуп күчтүү сезим менен кайрылуусу калпакчанды гана эмес, окурманды да өзүнө тартат. Биринчи сап 4 муундан турса, экинчи сап 11 муун болуп, 3-сап 7 муундан куралып, 4-сап кайра 11 муун болуп, 5-сап 7 муундан туруп, 6-сап 11 муундан турат.

Мунун өзү салттуу кыргыз ырында кездешпеген жаңычылык ыр формасы болгон. Уйкаштыктар да билинбейт, эркин.

Кийинки куплеттерде строфа башындагы «Сен, калпакчан» деген эми «Эй, калпакчан» дегенге айланды:

Эй, калпакчан!
Сен боз атчан
калдайып калың топто келе жатсаң
кара ылаачын деми урсун карааныңан,
канат байлап,
шам жанып кабагыңан
канжыгалуу кайып чык
таймаштардан.

Калпакчандын акын санап өткөн касиеттери: калың топто калдайып көрүнүү; кара ылаачынга окшоо; канат байлоо; кабактан шам жагуу; таймаштардан канжыгалуу кайып чыгуу. Мына ушул образ – кыргыз баатырларын сүрөттөгөн салттуу салыштыруулар жана эпитеттер. Традициялуу образ бул жолу эркин формада көрүндү.

Эй, калпакчан!
Насип буйруп алыскы кыйырлардан
Кокус бир
дүйнө кезип жолго чыксаң –
аралап аянттарды эл жайнаган
Римде,
Токиодо,
же Лондондо
Кайкайып
калпак кийип келе жатсаң –
түрүндөн
уруп турсун тоонун сүрү,
сөзүндөн
келип турсун тоонун деми,
көзүндө
жансын тоонун касиети.
Калпагыңды аздекте
кадырын билип,
Кайда болсун кийбе аны аваз көрүп,
сен башыңа
жөн гана кийим кийбей
билгин дайым
жүргөнүң тоо көтөрүп.
Калпак кийип баратсаң
сен зыңкыйып
канааттансын
көргөндүн көзү курчуп,
тоо айбарын сактаган
баш кийиминден
турсун тунук
кармалбас нурлар учуп.
Элдин шондо урунуп
назарына
ал кийимдин арзыйсың
нак баасына –
жарашасың куп гана

сен калпакка
жарашат саа
куп гана калпагың да.

Ушинтип бул ыр аягына чыкканда акындын жигитке насааты айтып жатканын түшүнөбүз. Анда кыргыз жигити «калпакчан» деп туюнтулуп кандай болорлугу (эл арасында, чет элге чыкканда ж.б.) айтылат . Мына ошолордун баары жаңычылык формада берилет.

С. Тургунбаев колдонгон ыр жазуу формасы окуганга интеллектуалдуу окурман ңчңн, интеллектуалдуу ой жңгңртңннң негизинде ааламды антарып, уч-кыйыры жок чексиздикти татаалдантып, тексттин негизинде тер ой жүгүртүүгө ылайыкталып берилет.

Жыйынтыктап айтканда жанычыл акындардын жандңйнъсң бир убакта жабырлануудан азап тартса, бңгңнкң кңндъ убакыт ал жараатты дарылады.Адабияттын кңнгъй-тескейин андай билген сынчылардын, окурмандардын сынынан ътңп, учурда эркин ырлар да, салттуу ырлар сыяктуу кыргыз адабиятында орду бар деп айтууга болот.

Адабияттар

1. Эралиев С. Ак-Мөөр: Лирикалык поэма / С. Эралиев. – Ф. Кыргызмамбас. 1959. – 224-б.
2. Эралиев С. Жылдыздарга саякат: Поэма жана ырлар / С. Эралиев. – Ф. Кыргызстан. 1966. – 81-б.
3. Эралиев С. Сиз өзүмдүн Сүкөмсүз да... / С. Эралиев// Кыргыз туусу. 1910.
4. Тургунбаев С. Жылдыз: Ырлар / С. Тургунбаев. – Ф. Кыргызстан. 1989. – 88-б.
5. Шериев Ж.Адабият теориясы / Ж. Шериев, А. Муратов. – Б.: 2004.-8-май.

M.V.Kalmatova, teacher, OshSU
vanish85@mail.ru

New innovation in Kyrgyz literature and in creative Turgunbaevs activities

The article deals with new introduction in Kyrgyz literature and in S. Turgunbaevs activities.
Key words: *modern verse, traditional verses, syllable, metaphor, rhyme, staunza.*

УДК 001.4:81'373.46

Н.О. Караева, окутуучу, ОшМУ

Кыргыз-корей тилдериндеги жөндөмөлөрдү салыштыруу

Макалада кыргыз-корей тилдериндеги атооч, илик жана барыш жөндөмөлөрү салыштырылып каралды.
Ачкыч сөздөр*: салыштыруу, жөндөмөлөр, атооч, илик, барыш, сылык форма.*

В данный статье сопоставляются сопоставление падежи в кыргызском и корейском языках.
Ключевые слова*: сопоставление, падежи, именительный, родительный, дательный, уважительная форма.*

Тилдерди салыштыруу боюнча бир катар окумуштуулардын илимий иштери жарык көргөн. Алсак, профессор К.З. Зулпукаровдун «Падежная грамматика: теория и практика» (СПб. – Ош, 1994) деген эмгегинде орус-кыргыз тилиндеги жөндөмөлөр, алардын кызматы, салыштырылышы, айырмачылыктары, өзгөчөлүктөрү көрсөтүлгөн. Ал эми проф. З.К. Дербишеванын «Теоретические основы контрастивной грамматики » (Бишкек, 2000). эмгегинде жалпы грамматика боюнча: кыргыз-орус тилиндеги кызматчы

сөздөр, жөндөмө, род категориялары жана этиштин жак, чак, сан ж.б. маселелер изилденген. Мындан сырткары салыштырма типология боюнча бир катар окумуштуулардын эмгектерди атоого болот: С. Калыгулованын (Сопоставление исследование наречий английского и кыргызского языков. Б., 2001), Т. Нуруев, Н. Турганбаевдин (Кыргыз жана өзбек тилдеринин салыштырма грамматикасы. – Ош, 2006), М.Т. Чортекованын «Англис жана кыргыз тилиндеги сөз түркүмдөр системасы жана ал системадагы сын атоочтор» ж.б.

Котормо, салыштырма грамматика байыртадан баштала да, кыргыз-корей алакалары жаш. Алаканы жакшыртуу үчүн тилдин ролу зор. Демек, эки эл тил аркылуу гана толук байланышып, карым-катнаш жасай алат.

Кыргыз-корей тилдери грамматикалык планда изилденүүгө муктаж жана бүгүнкү күндө которомодо, салыштырмада актуалдуулукка ээ. Ошондуктан аталган тилди морфологиялык аспектиде салыштыруу негизги маселелерден болуп саналат.

Зат атоочтун же заттык маанидеги башка сөздөрдүн форма жактан өзгөрөлүп, башка сөздөр менен синтаксистик байланыш аркылуу айкашуусуна мүмкүнчүлүк берген категория *жөндөмө категориясы* деп аталат. Бул категория зат атоочту, заттык мааниде колдонулган башка сөздөрдү негизинен этиш сөздөр менен байланыштырат [1:137].

Сүйлөмдөгү сөздөр жөндөмөлөрсүз өз ара байланыша албай, бүткөн айрым ойду билдирбестен, атоо (номинация) менен чектелмек. Биз изилдей турган маселеде кыргыз-корей тилдериндеги зат атоочтун атооч, илик, барыш жөндөмөлөрү салыштырылат.

Кыргыз тилиндеги жөндөмөлөр алты топко бөлүнөт: *атооч, илик, барыш, табыш, жатыш, чыгыш.* Бирок кыргыз тилинде 13 жөндөмө бар экенин кээ бир изилдөөчүлөрдүн негизинде далилденген (К.З. Зулпукаровдун «Падежная грамматика: теория и практика» (СПб. - Ош, 1994).

1. **Негизги жөндөмөлөр** алтоо: *атооч* (-)*, илик* (негизги мүчөсү **-нын***), барыш* ***(-га),*** *табыш* **(-ны),** *жатыш* **(-да***), чыгыш (-***дан***);*
2. **Кыйыр жөндөмөлөр** жетөө: *салыштырма ж.* (негизги мүчө **-дай**), *теңдештирме* ж. (негизги мүчө **-ча**), *жалпы таандык ж.* (негизги мүчө **-ныкы**), *тектеш же роддук ж.* (негизги мүчөсү **-лык),** *орундук ж.* (негизги мүчөсү **-дагы**), *ээлик ж.* **(-луу)** *ажыраткыч ж.* **(-сыз**) [2: 201].

Корей тилинин грамматикасында жөндөмө **케이스** (кеисы) деп аталып, алар 9 топко бөлүнөт: *атооч* (**чугёк** деп аталып, 2 ге бөлүнөт: *негизги* жана *атооч*) , илик (сенгёк), барыш (егиёк), табыш (тегёк), жатыш (чогёк) чыгыш (жончигёк), кошмо (хабдоң), чакыруу (хогёк).

Ар бир жөндөмөнүн өзүнө тиешелүү мааниси, ал маани туюнтуучу формасы синтаксистик кызматы бар жана жөндөмөлөр аркылуу зат атооч (мёңса), ат атооч (темёңса), затташкан сын атооч (хеңёңса), атоочтуктар (тонмёнса), кыймыл атоочтор (чингё) өзгөрөт.

1. Атооч жөндөмөсү (чугёк) - башка жөндөмөлөрдүн уюштурулушуна негиз болот. Кыргыз тилинде анын өзүнө тиешелүү мүчөсү жок. Таандык мүчөлөр уланып да турат. [3:44]. Мисалы, **балам, балаң, балаңыз, баласы (아들이-адыри).** Үнсүз менен аяктаган сөздөрдө –**ы (**мисалы, мекен**и –고향이**, китеби-**책이**), үндүү менен аяктаган сөздөрдө –**сы** (мисалы, бала**сы-아들이,** эне**си -할머니가**) мүчөлөрү жалганат ж.б. Корей тилинде жак таандык мөчөлөрү жок болгондуктан өзгөрбөйт.

Ал эми корей тилиндеги атооч жөндөмө кыргыз тилинен айырмаланат. Атооч жөндөмөнүн төмөнкүдөй негизги жөндөмө мүчөлөрү бар:

1) Негизги (**은**) -ын, (**는**) -нын мүчөлөрү аркылуу: 1.그 분**은** 가수이에요 (кы бун**ын** касуиеё) . Ал **адам** ырчы. 2. 사과**는** 맛이 아주 좋아요 (сагуа**нын** маши ажу жуаё). Бул

алма абдан даамдуу. (Корей тилинде үнсүз менен аяктаган сөзгө **–ын** (은), үндүү менен аяктаган сөзгө **–нын** (는) мүчөсү жалганат.

2) **–и (-이), -га (-가)** мүчөлөрү аркылуу уюшулат: а. 학생이 책을 읽습니다 (хаксен**и** чегыл илгсымнида). 1.**Окуучу** китепти окуп жатат. 2.누나가 시장에 간다 (нуна**га** шижаңе канда). **Эжем** базарга кетти. Жогоруда мисалдарда көрсөткөндөй үнсүз менен аяктаган сөздөргө **-и (-이),** үндүү менен аяктаган сөздөргө **-га (-가)** мүчөлөрү жалганат.

3) –께서 (кесо)- оозеки стилде колдонулуучу мүчө. Мисалы, 아버지께서 영화를 보십니다 (абожи**кесо** ёңхуарыль бошибнида). **Атам** кино көрүп жатат.

Демек, мисалдарда көрсөтүлгөндөй корей тилиндеги атооч жөндөмө айырмаланып турат.

2. Илик жөндөмөсү (생격 сеңгёк). Белгилүү бир предметтин ошол жөндөмөдөгү предметке (жакка) тиешелүү экендигин билдирет. Уюштуруучу мүчөсү *-нын* (의- ый). Кыргыз тилинде анын 12 варианты бар (-нын, -нин, -нун, -нүн, -дын, -дин, -дун, -дүн, -тын, -тин, -тун, -түн). [3:44].

Корей тилинде бир гана варианты бар. Мисалы: 1.할아버지의 옷 (харабожи**ый** от)- *чоң ата**нын** көйнөгү* 2. 친구의 수첩 (чингу**ый** сучоб) - *досум**дун** жазуу китепчеси*.

Сүйлөмдө аныктоочтук (규정어-гючоңо) гана милдетти аткарат. Мисалы: 1.Бул **атырдын** жыты абдан сонун экен. 이 **향수의** 향기가 아주 좋아요. (**и хяңсуый** хяңгига ажу жуаё). 2. Бул **көйнөктүн** баасы канча? 이 **옷을** 값이 얼마예요? (и **осыль** габши ольмаеё?) Сүйлөмдөгү *атырдын* (**향수의**), *көйнөктүн* (**옷을**) деген сөздөр аныктоочтук милдетти аткарды.

3. Барыш жөндөмөсү (여격- иогёк). Кыймыл-аракет багытталган же орун алган обьектини, предметти билдирет. Кыргыз тилинде барыш жөндөмөсүнүн **–га (에 –э)** мүчөсүнүн 8 варианты бар (-га, -ге, -го, -гө, -ка, -ке, -кө, -ко). [3. 47] Мисалы, үй**гө** (집에 жиб**е**), базар**га** (시장에 шижаңе) ж.б. Эгер алар жакчыл мүчөсүнөн кийин уланса, **-а, -на** варианттарына өтүп кетет: баласы**на** (아들에 адыр**е**), балама (아들에 адыр**е**). Корей тилинде жакчыл таандык мүчө жок болгондуктан өзгөрбөйт.

Сүйлөмдө көбүнесе толуктоочтук (мокчого 목적어), бышыктоочтук (санхуано 상황어) милдетти аткарат: Бүгүн *базарга* барып келели. 오늘 시장에 갔다옵시다 (оныль шижаңе каттаомнида). Сүйлөмдө (базарга) орун бышыктооч болуп келди.

Корей тилинде барыш жөндөмөсү төмөнкүдөй маанилерге ээ. **1. –에게** (еге) оозеки стилде колдонулат: 아기에게 (агиеге) балага; **한태** (ханте) жандуу заттарга карата колдонулат: 친구한태 (чингуханте) досума; **2.-에** (э) жансыз заттарга карата колдонулат: 나무에(намуе) даракка, 대사관에 (десагуане) китепканага ж.б. **3.-께** (ке) сылык форма, улууларга карата колдонулат: 할머니께 (хальмонике) - чоң эне**ге**, 사장님께 (сажаңним**ке)** – жетекчиге ж.б. [5].

Кыргыз тилинде корей тилинен айырмаланып, жөндөмө мүчөлөрүнүн сылык формасы жок.

Эскертүү: корей тилинде кээ бир маалыматтар боюнча чыгыш жөндөмөсүнүн мүчөсү (-дан; 에서) орун жөндөмө же барыш жөндөмө деп берилет. Аны чаташтырбоо максатында чыгыш жөндөмөсүндө сөз кылабыз. [5].

Жогорудагы мисалдардын жана айрым маалымат булактарынын негизинде кыргыз-корей тилдериндеги атооч, илик жана барыш жөндөмөлөрү салыштырылды жана айырмачылыктары көрсөтүлдү.

Адабияттар

1. Абдулдаев Э., Давлетов С., Кыргыз тили. – Ф. 1986.
2. Зулпукаров К., «Падежная грамматика: теория и практика» -СП. – Ош. 1994.
3. Ли Уксе, Кыргызча сүйлөшөбүз. – Б. 2010.
4. Нуруев Т., Турганбаев Н., Кыргыз жана өзбек тилдеринин салыштырма грамматикасы. – Ош. 2006.
5. Русско-корейский словарь, сост., Ким Чун Шик. –도서출판 문 에 림, 2012.
6. Google ru.

N.O. Karaeva, teacher, OshSU
nazi0410@mail.ru

Comparisons declines in Kyrgyz and Koren Languages

In this article the cases of Kyrgyz and Koren Languages were compared through examples.
Key words: *comparison, cases, nominative, objective, possessive, polite forms.*

УДК: 81'1:061.61.

З.Ж. Каразакова, окутуучу, ОшМУ

Тексттин лингвистикалык жактан изилдениши

Макалада тексттин лингвистикалык жактан изилдениши берилди.
Ачкыч сөздөр: *текст, сүйлөшүү, илим, чечендик өнөр, кылым, изилдөө, текст тааануу.*

В статье рассматривается о лингвистическом исследовании текста.
Ключевые слова: *текст, общение, наука, век, познание текста, исследование.*

Адамдардын бири-бири менен пикир алышуусу, баарлашуусу, маалымат алуусу, дүйнө таанымы, таанып-билүүсү ж.б. тексттер аркылуу ишке ашат. Сүйлөшүүнүн табияты, өзгөчө сырлары, информация алмашуунун түпкү максаты текстте камтылгандыктан, текстке болгон кызыгуунун актуалдуулугу узак мезгилди камтып келет.

Текст тууралуу окуу байыркы эки билим чөйрөсүнөн (риторика жана филология) келип чыккан. Текст тааануунун жаралуу башаты катары антик доорундагы оратордук (чечендик) искусствонун (батыштын жана чыгыштын) теориясы жана практикасынын оозеки формада өнүгүү мезгилин белгилөөгө болот. Анткени, риториканын негизги максаттарынын бири – түрдүү тексттерди (макал-лакап, уламыш, жомок ж.б.) пайдалануу менен чечендикке тарбиялоо. Башкача айтканда адамдын чыгармачыл ой жүгүртүү, сүйлөшүү маданиятын өнүктүрүү болуп саналат [3].

Изилдөөчү-лингвисттер текст тааануу өзүнчө илимий тармак катары XX кылымда карала баштаганын белгилешет. Орус окумуштуусу тилчи-лингвист В.А. Маслова

тексттин тил илиминде изилдөө иштеринин башталышы XX кылымдын 20-30-жылдарына таандык экендигин көрсөтөт. Ал бул пикирин А.М. Пешковский, А.В. Щербанын эмгектерине байланыштырып берген [4: 21].

Текстолог, профессор Н.С. Валгина тексттин теориясы боюнча изилдөөлөр XX кылымдын 20-30-жылдарында башталгандыгын, 50-жылдарда андан ары өнүккөндүгүн белгилейт [1: 6].

1940-1950-жылдардан тарта текст жана анын каражаттары, бирдиктери теориялардын негизинде изилдене баштаган. Ал эми XX кылымдын 70-80-жылдарынан баштап тексттин теориясы калыптанган.

Соңку 20 жылдын аралыгында тексттин лингвистикалык табияты чет элдик жана орус тил илиминде көптөгөн окумуштуулар (Н.Д. Арутюнова, И.Р. Гальперин, Бахтин, Л.М. Лосева, О.И. Москальская, Г.Я. Солганин, З.Я. Туряева, У.А. Реферовская, Г.В. Колшанский, Т.М. Дридзе, Т.М. Николаева, Л.В. Крылова, Е.В. Падучева, И.П. Сусов, Т.В. Бронская, Н.И. Теплицкая, Н.Ю. Шведова, Т.А. ван Дейн, В. Дресслер, М. П. Фютце, А. Кох ж.б) тарабынан изилдөөгө алынып, текстти анализдөөнүн илимий-практикалык зарылчылыгы такталгандыгын профессор Т. Маразыков белгилеп, мындайча жазат: “Азыркы учурда маалымат алмашуу актысы жана анын семантикасы, прагматикалик, коммуникативдик табияты жөнүндөгү маселелерди Е.А. Реферовская, Ю.М. Лотман, Т.В. Колшанский, Т.М. Дридзе, Т.М. Николаева, Т. А ван Дейн, Х.Я. Ыйм, Е.А. Баженова, Ф.М. Горленко, И.А. Цыплакова, А.В. Бондарко, Е.Е. Анисимова, Б. Усубаливе, С. Өмүралиева, С.Ж. Мусаев ж.б. көптөгөн окумуштуулар, өзгөчө көңүл буруп изилдеп жатышат” [6: 5].

Орус окумуштуусу Н.С. Валгина көп жылдык изилдөө жана окутуу тажрыйбасынын негизинде 2003-жылы “Теория текста” эмгегин жарыкка чыгарган. Мында тексттин структурасы, семантикасы, түзүлүшү, аны кабыл алуу механизми ачылып, маани-маңыз түшүнүктөрү, маалыматтын (информациянын) түрү жана кептин тиби, автордун жана стилдин образдары аныкталып берилген. Тексттин информациялык жактан байышына жана аны арттырууга басым жасалган.

Кыргыз тил илиминде XX кылымдын 80-жылдардын аягында практикалык-колдонмолук зарылдыктан улам текст таануу боюнча алгачкы талдоолор жүргүзүлө баштаган. 1987-жылы окумуштуулар А. Иманов жана С. Давлетовдор тарабынан кыргыз тилин орто мектептерде окутуу боюнча жаңы, өркүндөтүлгөн окуу программасы иштелип чыккан. Мындагы негизги өзгөчөлүктөрдүн бири мурунку “сөз өстүрүү” деген бөлүмүн “байланыштуу кеп” (программада речь) менен алмаштырып, тил, кеп жана стилистикага катарлаш текстти окутуу да киргизилген. Буга кыргыз тили окуу китептеринин авторлору “...алгач теориялык жактан талдоо керек” деген пикирде өз нааразычылыктарын билдиришкен. Тилчи-окумуштуу С. Давлетов жооп катары басмага бир нече макалаларды жарыялап, анын негизинде 1990-жылы “Байланыштуу речь” деген мугалимдер үчүн чакан методикалык колдонмо жазып жарыкка чыгарган.

Бул эмгек кыргыз тил илиминдеги текст боюнча алгачкы теориялык жана практикалык баалуу изилдөө эмгек катары бааланууга тийиш.

Тилчи-окумуштуу С. Давлетов орус тилиндеги эмгектер жана окуу китептериндеги текстке берилген аныктамаларга таянып, татаал сүйлөм менен текстти так айырмалап берген: “Текст татаал сүйлөмгө караганда бир кыйла узун келет. Ал өз ичинен бөлүмдөргө, абзацтарга бөлүнөт. Анын өзүнө тиешелүү негизги ою, темасы жана аталышы болот. Ушулардан тексттин бир бүтүндүгү даана билинет. Татаал сүйлөмдөн бул өзгөчөлүктөр табылбайт” [2: 16].

Тексттин белгилерин даана көрсөтүү менен бирге ага кыска, так аныктама да берген: “Мааанилик жана грамматикалык жактан өз ара байланышкан жана бир бүтүндүктү түзгөн бөлүктөрү бар речтик чыгарма – текст” [2].

Андан ары тексттин темасы, негизги ою, аталышы, тексттин бөлүктөрү (башталышы, ортоңку бөлүгү, аякталышы, тексттеги сүйлөмдөрдүн байланышуу жолдору

(уланыша, илинише) байланышуу, жарыша байланышуу) жана аларда колдонулуучу каражаттар, ыкмалар тууралуу маселелерди чечмелөөдө конкреттүү мисалдарды келтирип, жыйынтыктуу пикирин даана, так, жантык тилде, түшүнүктүү көрсөткөндүгүн белгилөөгө болот.

Кыргыз лингвистикасында текстти жигердүү изилдөө иштери окумуштуулар Б. Усубалиев, С. Өмүралиева, С.Ж. Мусаев, Т. Маразыков, А.Э. Абдыкеримова тарабынан 1990-жылдан тарта башталган.

“Көркөм чыгармага лингвистикалык илик” деген темада Б.Ш. Усубалиев 1994-жылы докторлук диссертациясын коргогон жана монографиясын жарыкка чыгарган. Бул фундаменталдуу эмгекте көркөм чыгарманы текст катары ар тараптуу изилдөөгө алып, көркөм чыгарманын тили, көркөм кептин өзгөчөлүктөрү жана көркөм чыгармадагы тил эстетикасы терең талданган. Окумуштуу Б.Ш. Усубалиевдин изилдөө тыянактары кыргыз лингвистикасындагы текст таануу илимине, текстти талдоого бараандуу салым кошкондугу менен бааланат.

Текст таануу илиминде окумуштуу С. Өмүралиева бул багыт боюнча бир нече илимий эмгектерди жаратып, докторлук диссертация коргогон. 2005-жылы “Тексттин лингвистикалык теориясы” аталыштагы монографиялык эмгеги жарык көргөн. Окумуштуу С. Өмүралиева тил менен кепти окутуунун лингвистикалык теориялык негиздерин жана тил менен кептин карым-катышын, байланышын, синтаксистик татаал бирдиктер, айтым тууралуу маалыматтарды берип, текстке төмөнкүдөй түшүнүүгө татаал аныктама берген: “Текст – кандай да болбосун, тигил же бул кабар берүүчү булакка, адам аңдоосуна таянган, логикалык-грамматикалык каражаттарды ишке киргизүүчү бир бүтүндүк” [10: 5].

Окумуштуунун “Тилдик бирдиктердин карым-катышы, байланыштын негизинде уюштурулуп, синтаксистик бирдиктерди кандайдыр бир мазмундук бүтүндүккө бириктирилген кептин бөлүгү – текст” деген аныктамасы да бир кыйла жалпылаштырылган жана түшүнүүгө татаал берилген [10: 5]. Бирок, тексттин мүнөздүү белгилерин төмөнкүдөй так, түшүнүктүү көрсөткөн:

“Текст – кандайдыр бир информацияны туюндуруу үчүн түзүлгөн, белгилүү бир темага арналган, багытталган өзүнчө семантикалык-структуралык биримдиги бар логикалык жумурулук;

- кандайдыр бир коммуникативдик максатты көздөгөн бирдик;
- кандайдыр бир коммуникативдик-информативдик өзөккө таянат;
- салыштырмалуу түрдө аякташына логикалык бүткөн чекке ээ болот;
- конкреттүү бир темага багытталат, чагылдырылат;
- семантикалык-структуралык бөлүктөргө бөлүнөт;
- структуралык жактан уюшулуп, бириктирилет (интеграцияланып, дифференцияланат) ;
- кайсы бир функционалдык стилдин түрлөрүнө жатат;
- тиешелүү окуялык созулушка ээ болот” [10:24].

Кыргыз лингвистикасында текст таануу илиминин өз алдынча илимий тармак катары калыптанышына жана өнүгүшүнө илимпоз Т.С. Маразыковдун салымы өзгөчө зор. Тилчи-окумуштуунун текст таануу боюнча илимий-теориялык изилдөө натыйжаларын текстти окутууда теориялык негиз катары пайдалануу зарыл экендигин төмөнкү байкоолорубуздан белгилөөгө болот.

Ал жогорудагы окумуштуулардан айырмаланып, тексттин түзүлүш, уюшулуш теориясын, маселелерин атайын изилдөөгө алган жана андагы өзөктүү көрүнүштөрдү сунуш кылган. Т.С. Маразыковдун 2014-жылы жарыкка чыккан “Текст: маалымат алмашуунун негиздери”, “Текст таануунун теориясы”, “Тексттин стилдик түзүлүшү”, “Тексттин уюшулуш маселелери” деген аталыштагы окуу куралдары илимий чөйрөдө чоң кызыгууну жаратып, бир катар изилдөөлөргө багыт, булак болууда. Анткени, тилчи-

окумуштуу Т.С. Маразыковдун текст таанууга арналган китептери тексттин табиятын ар тараптан иликтөөгө алган уникалдуу эмгектердин бири экендиги талашсыз.

Т.С. Маразыков: “Текстке болгон кызыгуу – адам табиятына болгон кызыгуу” – деген. Андан ары текст жана анын бирдиктери тууралуу чет жана орус окумуштууларынын чыгарган тыянактарына токтолуп, тексттин белгилерин төмөнкүдөй көрсөтөт:

“Бардык эле текст:

1. Кандайдыр бир маалымат алмашуу максатын көздөйт;
2. кандайдыр бир маалыматты туюндурат;
3. салыштырмалуу аякталган түргө, маанилик бүтүндүккө ээ болот;
4. конкреттүү бир темага багышталат;
5. басымдуу, көпчүлүк учурда маанилик-структуралык бирдиктерге бөлүнөт;
6. структуралык жактан уюшулуп, семантикалык жактан интеграцияланып, биригип турат;
7. бардык эле тексттер кайсы бир функцияналдык стилдин бир түрүнө кирет” [5].

Т.С. Маразыков андан ары текст менен метатекст, сүйлөмдүн чегин, тема-ремалык катнашты, тексттин структуралык биримдигин, тексттеги байланыштарды мисалдар менен терең анализге алган.

Т.С. Маразыков “Тексттин стилдик түзүлүшү” деген эмгегинде стилдик факторлордун текстти уюштуруучу өзгөчөлүктөрү жана мүмкүнчүлүктөрү, маалымат алмашуунун 5 чөйрөсүндөгү (турмуш тиричиликте сүйлөө, публицистикалык, көркөм, илимий иш стилдери) тексттин түзүлүш, уюшулуш өзгөчөлүктөрү, мыйзам ченемдүүлүктөрү, негизги белгилери конкреттүү факт-материалдардын негизинде анализге алынып, илимий-теориялык жоболор, тыянактар чыгарылган.

Текст таануу илими мыкты сүйлөө технологиясын, сүйлөө маданиятын изилдегендиктен стилистиканын жалпы багытына максатташ, шайкеш келет. Башкача айтканда, тыгыз карым-катышта болот, текст белгилүү бир стилде, ал эми стиль болушу үчүн текст түзүлөт. Бул оюбузду тилчи-окумуштуу

Т.С. Маразыков да так көрсөткөн. “Текст таануунун маселелери стилдик жагдайларсыз толук кандуу мүнөздө чечилбейт” [7: 5].

Демек, текст түзүү, кайра өнүктүрүп оңдоп-түзөө, анализдөө иштеринде окутуучулардын теориялык билимин тереңдетүүгө баалуу илимий эмгек катары эсептөөгө болот.

Жыйынтыктап айтканда, жогорудагы окумуштуулардын текст таануунун проблемаларына, маселелерине арналган илимий-теориялык тыянактарын, практикалык максатты көздөгөн илимий изилдөөлөрүнүн жыйынтыктарын, илимий-методикалык уникалдуу, фундаменталдуу эмгектерин текстти окутууда, текст таанууда, текстти изилдөөдө теориялык негиз катары пайдалануу зарыл деп белгилейбиз.

Адабияттар

1. Валгина Н. А. Теория текста. – М. 2003.
2. Давлетов С. Байланыштуу речь. – Б. 1999.
3. Маслова В.А. Теорич текста. 2008.
4. Маразыков Т. Текст таануунун теориясы. – Б. 2014.
5. Маразыков Т. Текст: маалымат алмашуунун негиздери. – Б. 2014.
6. Маразыков Т. Тексттин стилдик түзүлүшү. – Б. 2014.
7. Маразыков Т. Тексттин уюшулуш маселелери. – Б. 2014.
8. Мусаев С. Тексттин коммуникативдик структурасы. – Б. 2000.
9. Өмүралиева С. Тексттин лингвистикалык теориясы. – Б. 2005.
10. Усубалиев Б.Ш. Көркөм чыгармага лингвистикалык илик. – Б. 1994.

Z.J. Karazakova, teacher, OshSU

Research on Linguistic Textology

This article deals with linguistic text logy research.

Key words: *text, speaking (chatting), knowledge, speaking skills, century, researching, work, text learning (introduction).*

УДК: 398.22

К.Ж. Маданова, окутуучу, ОшМУ

«Манас» эпосунда тотемизмдин байыркы диндик мотив катары берилиши

Макалада "Манас" эпосундагы кыргыздардын байыркы диний ишенимдери жана тотемизм түшүнүгү жөнүндө сөз болот.

Ачкыч сөздөр: *"Манас" эпосу, дин, ишеним, тотемизм, элдик оозеки чыгармачылык, мотив.*

В статье рассматривается тотемизм как древний религиозный мотив в эпосе "Манас".

Ключевые слова: *эпос "Манас", религиозные верования, тотемизм, фольклор, мотив.*

Дүйнө жүзүндөгү улуттардын арасынан кыргыздар абдан бай оозеки чыгармачылыкка, фольклорго ээ болгон элдерден болуп саналат. Фольклор – элдин тарыхый жагынан алганда эң баштапкы жамааттын көркөм-эстетикалык чыгармачылыгы, тил сыяктуу эле коомдук кубулуш. Ал мифологиядан өнүгүү алып, андан айрым өзгөчөлүктөргө ээ, тактап айтканда, мифология дүйнө түзүлүшү тууралуу ыйык билим катары жашаса, фольклор көчмөн, жарым көчмөн турмушта жашаган ата-бабабыздын ошол дүйнө түзүлүшүн көркөм-эстетикалык чагылдыруусу, б.а. көркөм өнөрү болуп эсептелет.

Айрым изилдөөчүлөр тотемизм адамдардын кандайдыр бир күчтүү жана коркунучтуу жаныбардан коркуусунан улам пайда болгон деп эсептешет. Бирок Австралиядагы (ал эми Австралия тотемизмдин классикалык өлкөсү болуп саналат) уруулардын тотемдери адам үчүн зыянсыз жана коркунучсуз жаныбарлар экенин эске алсак, жогорудагы ойдун жаңылыш экендиги көрүнөт [2; 24].

Тотемизм – уруучулук коомдогу диний ишенимдердин жана каадалардын жыйындысы, диндин байыркы формасы. Анын негизги өзгөчөлүгү катары адамдардын тигил же бул уруунун, жаныбарлардын пайда болушун, тегин айрым жаныбарлар, өсүмдүктөр менен тикеден-тике байланыштуу түшүндүрүү, анын ыйыктыгына, кереметтүүлүгүнө ишенүү болуп саналат. Мына ушундай көз караштардын түрк, монгол, иран урууларындагы чагылдырылышына жылкы, бука, ит, бөрү, төө, бугу, буура, короз жана башка жаныбарлардын культу менен тыгыз байланышкан. Байыркы чыгыш түрк – Орхон-Эне-Сай жазууларында кыргыз жана башка түрк элдери тарабынан тотем катарында урматталган жаныбар илбирс менен карышкыр жана башка жаныбарлар айтылат. Тотемдик түшүнүктөр уруулук коом үчүн гана мүнөздүү нерсе экенин айтуу керек. Уруулардын тотеми көбүнчө жырткыч айбандардан болгон [1]. Кыргыз элинде бул тотемдер (бөрү, жолборс, илбирс) небак унутулуп, эпикалык традицияларда гана эпикалык баатырлардын колдоочусу катарында сакталып, алар өз функциясын мусулман мифологиясынын магиялык колдоочуларына (чилтен, кызыр, шайык, шаймерден) алмаша баштаганын «Манас» эпосунун айрым мотивдери далилдеп турат.

Манас Ошпурда жүргөн кезинде, ал кайтарган көп козунун бирин көк бөрү көтөрө качат. Артынан кууп отуруп үңкүргө кирип, ал жерден кырк кишиге жолугат. Алар өздөрүн кырк чилтенбиз деп тааныштырат. Манас алардан козу ала качкан бөрүнүн жайын сураганда, бирөөсү бир силкинип бөрүгө, анан кайра адамга айланат. Кырк

чилтендин башчысы ал бөрүнү Манас менен тааныштырып, мындан ары ал дайыма Манасты ээрчип кошо жүрөрүн, жардам көрсөтөрүн айтат. Чындыгында эле, эпос боюнча, Манас жоого кол салганда аны колдогон башка укмуштуу жаныбарлар - алпкаракуш, ажыдаар, жолборс, арстан ж.б. жаныбарлар менен бирге көсөө куйрук көк бөрү жандап, душмандын сезин алган сүр-айбат болгонун көрөбүз. Бөрү түрк тилдеринде сүйлөгөн элдердин (анын ичинде кыргыздардын) бабаларынын тушунда пайда болгон байыркы образ экенин тарыхый фактылар менен салыштырсак ачык көрүнөт. Бөрү байыркы түрктөрдүн тотеми болгонун И. Бичурин белгилейт. Ал эми бул салттуу түшүнүк «Манас» эпосунда да колдонулат. Эпостун башкы каарманы Манасты туруктуу эпитеттеринин бири «көк жал», «көк бөрү» болуп берилет. Кошойдун кыргыздарды «кырк уруу бөрү» сыпатында мүнөздөшү, Манастын көк бөрү болуп кубулган кыркы чилтенге жолугушу, анын батасын алып, дайыма колдоого ээ болуп жүрүшү өндөнгөн мотивдер байыркы тотемдик ишенимдин эпостун жалпы мазмунуна, көркөмдүк деңгээлине образдык системасына белгилүү таасир тийгизгенин күбөлөйт.

Ал эми анжияндык кыпчактар болсо толгоо тарткан аялга төрөтү жеңил болсун үчүн бөрүнүн кургатылган жүрөгүнөн бир кесим беришкен [3; 13]. Кыргыздарда да боюнан көп түшкөн аялга карышкырдын боорун кууруп берүү жолугат. Байыркы хунндардын доорунда пайда болгон Ак бөрү жөнүндөгү легенда өтө кеңири тарап, түрдүү уруулар менен элдердин: алтайлыктардын, хакастардын, огуздардын, хазарлардын, болгарлардын, кыпчактардын, башкырлардын, татарлардын жана башкалардын фольклорунун составына кирген. Кыргыздарда бул легенда-санжыра тээ байыртадан бери эле белгилүү болгон дешке негиз бар. Анткени бул легенда-санжыраны жараткан жана тараткан хунндар менен кыргыздар дал ошол легенда жаралган деп болжолдогон мезгилдерде тарыхый байланышта болушкан жана коңшу жашаган. Эмнеси болсо да, «Манастагы» башкы каарманды колдогон укмуштуу жаныбарлардын (тотемдик жаныбарлардын) образы эпостогу эң байыркы катмарларга жатары жана андагы бөрүнүн элеси кандайдыр даражада тотем бөрү жөнүндөгү түшүнүктөр менен жакындыгы, үндөшүп турары, балким, байланыш бардыгы шексиз [4; 57]. Кыргыздарда азыркы кезге дейре кандайдыр бир өлчөмдө бөрүнүн культу сакталып калган деп айтууга мүмкүн.

Манасты колдогон жаныбарлар тууралуу сөз кылганда анын ити – Кумайыкты унутта калтырууга болбойт. Негизи эле кыргыздарда иттин пири катары Кумайык саналат. Манастын итине да мындайча ат коюу иттин пири, ага карата болгон элдик ишенимдерден улам болгондугу шек туудурбайт. Кумайыкты иттин пири, колдоочусу катары кабыл алуу жана анын кереметтүүлүгүнө, ыйыктыгына ишенүү салты кыргыздардын аң-сезиминде бекем орногон. Ошол себептен анын туулушу, өсүшү, жеке артыкчылыктары атайы фантастикалык ыкмада чечмеленет. Эпосто Манастын ууда жүрүп Желмаянды, эртеси «Жаңгактуунун керүүдө, Кум-Булактын белинен кол башындай көзү ачылбаган сур күчүк таап алышы», анын ырым-жырымына ак боз бээ союшу өңдүү эпизоддор жолугат. Табылган күчүккө Бакайдын Кумайык деп ат коюшунда жана аны багуунун түркүн жол-жоболорунда кыргыздардын итке болгон тотемдик ишеними жатат. Байыркы кыргыздардагы Кумайык иттен эмес, жорудан туулат, ал үч күнгө чейин күчүк түрүндө жатат, үч күнгө чейин адам таап албаса, ал кушка айланып кетет деген элдик түшүнүк жана аны багып, тарбиялап өстүрүү жөрөлгөлөрү жөнүндөгү көз караштар поэтикалык формада эпостон орун алган. «Манас» бөлүмүндөгү мындай тотемдик түшүнүктөр «Семетейде» өз ыргагынан жанбайт. Өздөрүнүн тотемдик касиеттери, сапаттары, жеке өзгөчөлүктөрү менен эпостун идеялык-көркөмдүк деңгээлинин артышына көмөк көрсөтүшөт. Тотемдик ишенимдер эпостун «Манас» жана «Семетей» бөлүмдөрүндө окуянын жалпы өнүгүш ыргагын бузбастан, тескерисинче, эпикалык башкы баатырдын образынын монументалдуулугун көтөрүүдө айрыкча роль ойнойт. Архаикалык ой жүгүртүүнүн тотемдик түрүнүн мындай калдыктары жана элементтери «Сейтек» бөлүмүндө азыраак. Тайбуруул, Акшумкар, Кумайыктын Семетей менен менен кошо кайып болушу, Куялынын атасынын Кайып ысмын алып жүрүшү, Кыястын Тоотору

атынын адамча ой жүгүртүүсү сыяктуу мисалдарды келтирсе болот. Себеби, «Сейтек» «Манас» жана «Семетей» бөлүмдөрүнө караганда трансформацияга көбүрөөк дуушар болгону, пайда болуш мезгили, сүрөттөө окуялары бонча кийинки доордун натыйжаларына таасирленгени, архаикалык көз караштын таасирине аз чалдыкканы менен түшүндүрүлөт.

Кыргыздардын тотемдик түшүнүгүндө Кайберен эчки-теке, элик, аркар-кулжа, бугулардын пири, колдоочусу болуп саналат. Бул түшүнүктү манасчылардын эпостун лексикасында кеңири пайдаланышы, эпикалык каармандардын ууга чыгуу окуяларында кайталанышы анын фольклордук чыгарманын өзөгүндө тотемиздин белгилүү түрдө орун алгандыгын аныктайт. Кыргыздардын кайберенге, кийиктердин бири кайыптын колдоочулук мүмкүнчүлдүгүнө ишенүүсү башкы каарман Манастын образында колдонулат. Эпостун «Семетей» бөлүмүндө кайыптын, кайберендин колдоочулук милдети өзүнчө бир чоң ынтаа, күчтүү пафос менен билдирилет. Мында адам баласы менен жаныбарлар дүйнөсүнүн ортосундагы биримдик, алака чоң философиялык жалпылоого көтөрүлүп чыгат. Маселен, Семетей менен Чыйырдыны алып Букарга качып барткан жолдо ыйык Байтерекке токтогондо тотемдик дарактын жана Бугунун колдоо көрсөткөн учуру эпосто мындайча сүрөттөлөт:

Атасынан баласын,
Колдоп эле жүргөн пири экен,
Ошондо он эки айры ак бугу,
Чуркап жетип келди эле,
Бешиктеги беренин-
Семетейди көрдү эле.
Эмчегин берип ал бугу,
Мойнун гана бөлөк буруптур,
Бу баланын өзүнө
Эмчегин берип туруптур [5; 52].

Бугу жөнүндөгү бул байыркы түшүнүк көп кылымдардан бери сакталып келаткан болууга тийиш. Кыргыздардын Ысык-Көлдө жашаган бугу уруусу өзүнүн чыгыш тегин бугудан алып, анын урматтап, ыйык эсептегени байыркы тотемдик түшүнүктүн калдыгы. Кыргыздардын көп уруулары багыш, карабагыш, чоңбагыш, сарыбагыш аталып, бугу менен тотемдик байланыштуулугун көрсөтсө, экинчи бир чоң уруу бугу аталып, бул жаныбарды түздөн-түз энебиз деп билишет. Атактуу жазуучу Чыңгыз Айтматов элдик легенданы пайдаланып жазган «Ак кеме» повестинде Ак-Бугу жоодон чабылган элден калган балдарды асырап, азыркы кыргыздардын ата-бабасын биринчи жолу Ала-Тоого алып келет.

Көкөтөйдүн ашында күрөш болгондо калмак балбаны Жолойго күрөшүү үчүн эч ким чыкпай коет. Жада калса, эр Манас өзү да баш тартып, жалтайлаган соң касиеттүү карыя Кошой өзү чыкмак болот. Бирок анын кийген шымы начар болгондуктан, Кошойго ылайык келе турган шым издей башташат:

Кара журт калың, көрчү деп,
Кандарыңды чакырып,
Как шу жерге келчи деп,
Калк ичинен мага батар,
Кандагай таап берчи деп,
Кандагай калкта барбы деп.
Карыя Кошой айтып кеп,
Карап тура калганы [6; 201].

Ашка келген калың кыргыздын ичинен чак келчү шым табылбайт да, чебер зайып Каныкейдин колунан чыккан, Манастын өзү кийчү кандагайды аласынан сөгүп жибергенде гана Кошойго ылайык келет. Күрөштө Кошой Жолойду көтөрүп чаап жыгат. Ошончо көп элдин ичинен бир карыган адамга (абышкага) ылайык шымдын чыкпай

коюшу ишеничсиздей туюлат. Бул жерде кеп шымда эмес, ошол шымдын (каңдагайдын) эмнеден жасалгандыгында. Монгол тилинде «хандага» деген сөз кыргызча багыш дегенди билдирет экен. Демек, багыш Кошойдун уруусунун колдоочусу, тотеми болгон. Тотемдин колдоосу менен Кошой күрөштө Жолойду жыгат.

Кыскача жыйынтыктап айта кетсек, «Манас» эпосунда кыргыздардын байыркы диний ишенимдери, алардын ичинде тотемизм да өзүнүн ордун тапкан. Бирок алардын белгилери тике көрсөтүлбөй, көркөм формада чагылтылган. Кыргыздардын исламга чейинки ишенимдерин изилдөөдө «Манас» эпосу маанилүү булак катары кызмат өтөй бермекчи.

Адабияттар

1. Атеистический словарь. – М.: Политиздат. 1984.
2. Токарев С.А. Религия в истории народов мира. – М.: Политиздат. 1964.
3. Табышалиева А. Вера в Туркестане. – Б. 1993.
4. Сарыпбеков Р. «Манас» эпосундагы баатырдык мотивдердин эволюциясы. – Ф. Илим. 1987.
5. Семетей (С. Каралаевдин вар.). 1-к. – Ф.: Кыргызстан. 1987.
6. Манас. – 3-к. (С. Орозбаков). – Ф.: Кыргызстан. 1981.

K.J. Madanova, teacher, Osh SU
missKuzya@mail.ru

Giving totemizm in the epic “Manas” as an ancient religious way

In the article the author touches upon about Kyrgyz people’s ancient believes and their understandings in the epic “ Manas”.
Key words: *The epic “Manas”, religion, believe, totemizm, people’s folk activities.*

УДК: 494.3:894.341:371.302

Ж.Ж. Максутова, окутуучу, ОшМУ

Негативдүү паремияларда “ата-эне” концептинин берилиши

Макалада негативдүү паремиялардагы “ата-эне” концептинин берилиши талданат.
Ачкыч сөздөр: *концепт, адресант, адресат, паремия, позитивдүү, негативдүү, дихотономия, объект, субъект.*

В статье рассматриваются негативные паремии, включающие в себя концепт “родители”.
Ключевые слова: *концепт, адресант, адресат, паремия, позитивная, негативная, дихотономия, объект, субъект.*

Адамдын эстутумунда позитивдүү жана негативдүү сезимдер, ассоциациялар жана баалуулуктар өз ара даана жиктелип турат. Бул сезимдерди тилдик каражаттар каттап жана презентациялап берет. Тилде позитивдүүлүктү да, негативдүүлүктү да туюнтуучу атайын номинанттар болот. Бул номинанттардын ичинде паремиялар өзгөчө маниге ээ. Паремиялар этностун салттуу көз карашын, туруктуу ой-пикирлерин, тажрыйбасын, жүрүш-туруш эрежелерин чагылдырган тилдик формулалар болгондуктан, аларда коомдогу мамилелерди, түшүнүктөрдү, жорук жосундарды “оң-терс” дихотономиясынын алкагында эки ири топко бөлүүгө болот.

Бул макаланын максаты терс маанидеги паремиялардын маани-маңызын, түрлөрүн ачып берүү болуп саналат. Аларга: каргыш, каргануу, тетири бата, сөгүү, ант жана башка ушул сыяктуунегативдүү мазмундагы паремияларды кошууга мүмкүн.

“Ата-эне” концепти катышкан негативдүү паремияларды кыргыз фольклористикасынан арбынкездештирүүгө болот. Кыргыз элинде колдонулуп жүргөн *Атаңдын гөрү* (респонденттердин колдонуу жагдайына карап берилди, орфографиянын эрежесине ылайык “көрү” болушу керек)*, Атаңдын башы, Атаңдын оозун урайын* фразаларында *ата* сөзү түздөн-түз катышуу менен колдонулууда жана аталган фразалар бир топ паремиялык касиетке ээ:

- сүйлөм түзүлүшүнө ээ;
- даяр формула катары өзгөрүлбөй, жаңыдан түзүлбөй ар ким тарабынан тикесөз катары колдонулат;
- бүт улутка мүнөздүү (бүт кыргызга түшүнүктүү);
- адресат менен адресант бар (алардын өз ара мамилеси туюнтулат);
- типтүү кырдаалда (ачуу келгенде, жаалданганда, нааразы болгондо...) колдонулат (одоно кепке мүнөздүү);
- туруктуу түзүлүштө (сөздөрдү инверсиялоого, орун алмаштырууга болбойт);
- бардык сөздөр өтмө мааниде (бул жерде ата тууралуу, анын көрү (мүрзөсү), анын башы, оозун уруу тууралуу айтылбайт);
- этномаданий мааниси башка тилдерге сөзмө-сөз которууга жол бербейт;
- императив түрүндө колдонулат.

Демек, биз сөз кылгын фразаларда түздөн-түз *ата* катышкан мазмунду ачпастан, сөгүнүү, каргануу иретинде кыргыз элинин менталдык аң-сезиминде калыптанып калган десек жаңылышпайбыз. Мында *атанын жаткан гөрү, башы, анын оозун уруу* иш аракеттери тике чагылдырылбастан, *көрдүн* да мазмуну чоң экендиги, башкача айтканда, *көрүндө тынч жаткызбоо, эртерээк көргө киргизүү* сыяктуу мааниден улам негатив катары кароого болот. Ал эми кыргыз элинде адамдын башы улуу, ыйык (баш болуу, баш калкалоо, башкаруу, баш паанек, башын аттабоо ж.б.у.с. сөздөр бекеринен колдонбосо керек деп ойлойбуз) эсептелгендиктен, түздөн-түз ал нерсеге карата каргоо, сөгүү адамда негативдүүлүктү жаратаары шексиз. Ал эми “оозду уруу” кагнитемасына келсек, ооз аркылуу адамдарда жакшы-жаман сөз чыккандыктан, ушуга байланыштуу өңүттө айтылгандыгы болушу ыктымал.

Жогоруда биз сөз кылган сөгүүлөр негативдүү мааниге ээ. Адресанттын (каргоочу, сөгүүчү тарап) жек көрүүсү же азилди билгизүүсү сүйлөөчүнүн интонациясы, сүйлөө максаты, жада калса жаш курагы, жорук-жосуну, кудурети ж.б. менен шартталышы мүмкүн.

Негативдүү паремияларда эки субьект талап кылынат. Каргоочу тарап – адресант, каргоо багытталган тарап – адресат. Эки тараптын аракети бирдей каралбайт, адресант активдүү, адресат пассивдүү келет.

Каргоонун себеби болуп көбүнчө адресат эсептелет. Анын иш-аракети, жорук-жосуну кызмат кылат. Ал адресантка карата терс мамиле, терс иш кылган болсо, жалган сүйлөсө, ушак айтса, бирөөнүн мүлкүнө, каражатына, денесине себепсиз зыян келтирсе, бирөөнүн өмүрүн кыйса, ата-энелик, уул-кыздык, күйөө бала-келиндик же бир туугандык милдетинен качса, бул парзын аткарбаса гана каргоо жаралат. Мындай жаман жосундар кээде атайын жасалбайт, капысынан болуп кетиши ыктымал. Ошондуктан наристени, пейили таза, ак ниет адамдарды, жашоосу ак өткөн карыя-кемпирлерди каргашпайт, аларга көбүнчө бата, каалоо-тилек айтылат.

Атаңдын көрү фразасы бүтүндөй бир каргышты туюнтушу мүмкүн эмес. Анткени бул фразанын уландысы болгон негативдүү контексттер болушу мүмкүн, жыйынтыгы эч кандай позитивдүүлүктү алып келбеши мүмкүн. Маселен, *Атаңдын көрү, жуварымбек.... Кылгылыкты кылып коюп, кайда жүрдүң. Ушул сен, оңолбос болдуң го!...* Айрым учурда ата да, эне да бирдей адресатка карата каргыш айтышы мүмкүн. *Эненин сүтүн*

актабагыр! Ак сүтүмдөн кечтим! ж.б.у.с. Мында *ата-эне*түздөн-түз өздөрү катышуу менен адресатты (уулун) каргап жатат. Ушул эле иш-аракет бейтараптан да (атасы же энеси эмес) айтылат.

Каргыш 3 түрдүү аракетте келет: каргоо, каргануу, каргашуу [2: 94]. Демек, биз сөз кылган жагдайда жеке адам тарабынан (каргоо) да, эки же андан ашык адамдардын тобунан да (каргашуу) ишке ашат. *Атаңдын гөрү-үү... Ошондо тек койгон эмес экем..., Атаңдын гөрү, дүнүйө...* сыяктуу контексттерде адресант өзү менен өзү сүйлөшүп (каргануу) аттиң кылуу, өкүнүү, ынабастык, таңыркоо ж.б.у.с мамилелери чагылдырылат.

Каргыштарды ар кыл түрлөргө бөлүп кароого болот. Биз, жогоруда ата сөзүнүн түздөн-түз катышуусундагы фразаны карадык. Ал эми, *Ак сүтүмө эле койдум. Балалыктан кечтим, мен көргөндү сен да өз балдарыңдан көр"* контексттеринен каргыш ким тарабынан айтылгандыгын, башкача айтканда, 1-сүйлөм эне тарабынан (ак сүтүмө эле койдум), 2-сүйлөм ата тарабынан айтылгандыгын билүүгө болот. Жогорудагы сүйлөмдөрдөн "ата" жана "эне" концепттери адресатка белгилүү болот.

Ата-энесин сыздаткан неме жакшылык көрбөй сыздап өтсүн деген каргышта "ата-эне" концепттери менен бирге үй-бүлө концептосферасын түзгөн үй-бүлө мүчөлөрү жөнүндө да сөз болот.

Негативдүү паремиялардын катарына кирген сөгүүдө да жогоруда биз сөз кылган паремиялык сапаттар мүнөздүү. "Ата-эне" концепттерин да сөгүүлөрдөн байкасак болот. *Энеңди урайын* (энеңдурайын) фразасында *эне, анын энеси, энесин урайын* контексттери аркылуу *эне* сөзүнүн түздөн-түз катышуусу менен кандайдыр бир нерсе (буюм) менен энеге физикалык күч колдонуу эмес, мында эненин ыйыктыгына, ак сүтүнүн баалуулугуна шек келтирүү, ыйыктыгын, ак сүтүн уруу сыяктуу концепттер чагылуу менен адресаттын кыжырдануусун, башкача айтканда, негативдүү эмоциялардын түзүлүшүн шарттайт. Сөгүүдө (негативдүү паремияларда) ачуулануу менен жек көрүү биригип, ага ылайык сөздөр жана тон (үн) тандалат. Каргышта дээрлик адресаттын иш-аракети пассивдүү болсо, сөгүүдө эки субъект алмак-салмак бирин-бири сөгөт, башкача айтканда, адресант менен адресаттын иш-аракети бирдей, айрым учурларда бир тараптуу болушу да мүмкүн.

Ал эми *жетим* фразасын талдоого алсак, ата-энеси жок деген концепт чагылат. Жетим – ата-энеси экөө тең же алардын бири өлүп калган бала же мал [3: 48].

Жетим сөзүн айрым учурда адресант адресаттын *ата-энеси* бар же жогун билбей туруп колдонгон учурлар болот (бул көрүнүш көбүнчө түштүк аймагына мүнөздүү экендигин байкоого болот). Демек, мындай учурда, жогоруда биз сөз кылгандай адресанттын адресатка карата басынтуу, чүнчүтүү, психикасын терс өзгөртүү, абалын начарлатуу ж.б.у.с. жагдайларды түзүүгө аракеттенүүсү деп кароого болот.

Негативдүү паремиялардын таасирин ар түрдүү жоромолдошуп, кээ бир кырсыктарды каргыш менен түздөн-түз байланыштырышат. Бул жагдайда болуп өткөн жамандык каргыштын натыйжасы катары бааланат ("Кожожаш менен Суречкинин" мисалын да алсак болот). Ошондуктан каргышка көп адамдар ишенишип, бирөөнүн каргышына калба деп келишет. Бул ишеним сезимге коргонуучулук касиет берип, каргыштан этияттанып, андан корккон адам буга ылайык негативдүү иш жасабайт. Ал эми кыргыз элинде "Атаңды" дегендин тилеги катат, "айланайын" дегендин тилеги ашат", "Атадан каргыш алган оңбойт" [1: 36] деген сыяктуу макал-лакаптар да кездешет.

Биз жогорудагы мисалдарды респонденттердин оозунан жазылгандарды гана бердик. Негативдүү паремиялар катышкан ашык сөздөрдү карап чыктык. "Ата-эне" концепти катышкан одоно жана уят сөздөрдү, сөгүү менен коштолгон негативдүү паремияларды келтирбедик.

Негативдүү паремияларды билүүнүн практикалык мааниси бар. Булар адамдын дүйнөгө болгон көз карашын, психологиясын, эмоциясын, өз ара мамиле уюштуруусун үйрөнүүнүн негизги каражаты. Аларды топтоо жана талдоо оозеки одоно кептин механизмдерин, курулуш өзгөчөлүктөрүн, лексика-грамматикалык, тыбыштык-интонациялык турумун иликтөөдө чоң мааниге ээ.

Адабияттар

1. Абдулатов А. Паремияларды когнитивдик-педагогикалык максатта сыпаттоонун айрым проблемалары. – Ош. 2006. – 149 б.
2. Зулпукаров К.З. Кыргыз паремияларынын түрлөрү, түзүлүшү жана педагогикалык максатта колдонулушу // Эл агартуу. 2002.
3. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. 1-том. – Ф. 1984.
4. Макал-лакаптар, нуска сөздөр, накыл кептер, залкар ойлор. Түз.: Ж. Койчуманов, Ы. Кадыров. – Б. 2012.
5. Эргешова С.Б. Паремиялардагы антонимдик концепттердин менталдык мазмуну. – Б. 2002.

J.J. Maksutova, teacher, Osh SU
zhazgulu@list.ru

The concept of "parents" in the negative proverbs

The article discusses the negative paremias, including the concept of "parents".
Key words:*concept, sender, recipient, proverbs, positive, negative, dichotomy, object, subject.*

УДК: 37:371.38:8 (С) К

Н.Т. Мурзаев, Чоң-Алай р., Ленин орто мектеби

Дилбаян жөнүндө сөз
(дилбаян жаздыруунун 70-80-жылдардагы жана азыркы абалы)

“Сочинение окуучунун өзүнүн чыгармасы болууга тийиш.” (Б. Алымов).

Макалада дилбаян жаздыруунун өткөн кылымдын 80-жылдардагы жана азыркы учурдагы абалы каралып, дилбаян жаздыруунун деңгээлинин негизги себептери көрсөтүлөт.
Ачкыч сөздөр: *дилбаян, чыгармачылык, объективдүү себептер, даярдыктар, тажрыйба.*

В данной статье анализируется проблемы школьных сочинений 80 гг. прошлого века и в современном этапе. Рассмотрены основные причины незнания методики школьных сочинений.
Ключевые слова: *школьное сочинение, творчество, объективные причины, подготовка, практика.*

Эпиграф үчүн орто мектептерде жазуу жумуштарын жүргүзүү боюнча изилдеп, методикасын иштеп, дыңын бузган окумуштуу-методист педагогика илимдеринин доктору Бектурсун Алымовдун сөзү алынды. Бул сөздү биринчи жолу студент кезде агайдын лекциясында өз оозунан уккам. Атаганат, кана эми, дайыма ушундай болсо?! Мен муну мектепте отуз жылдан ашуун иштегенден кийин айтып жатамын...

Кыргыз мектептеринде жазуу жумуштарын жүргүзүү методикасы совет мезгилинде пайда болуп калыптанганы, ал орус тили жана адабиятын окутуу методикасынан алынганы белгилүү. Эгемендүүлүктү алгыча орус мектептеринде, методикасында колдонулгандай эле сочинение деп кыргыз тили жана адабияты сабактарында колдондук. “Сочинение” деген сөз орустун “сочинять”, “творить” деген сөздөрүнөн чыгармачылык менен жазуу, жаратуу деген маанини туюндуруп окуучунун сочинениеси- берилген тема боюнча окуучунун чыгармачылык менен жараткан эмгеги. Кийин, эгемендүүлүк жылдары башталганда, окуучунун сочинениесин дилбаян деп тилиибизге көркөм, угумдуу, жагымдуу кабыл алганыбыз журтубузга дароо сиңип кетти. Максат, мазмуну, талаптары да заманга ылайык өзгөрүүгө дуушар болду.

Демек, дилбаян - дилиңдегини, оюңдагыны баяндап жазуу! Болгондо да көркөм, жеткиликтүү, түшүнүктүү, өз сөзүң менен жазып бер деген маани. Негизгиси,өзүңдүн чыгармаң болсун! Тилекке каршы, дилбаянды өз чыгармасы кылып жаза ала турган окуучудан жаза албаганы, эптеп-септеп баа алыш үчүн, болбосо, класста уят болбош үчүн жазгандары арбын экени дайыма айтылып келет.

Жаза албаган болсо анын себептери эмнеде? Профессор Б. Алымов: "Ачык эле айтыш керек, биздин мугалимдерибиздин да, эртеңки адабиятчы болор студенттерибиздин да кээ би ринин билимдери тайкы, эстетикалык даярдыктары начар. Дүйнөлүк адабиятты мындай коелу, өзүлөрү окутуп жаткан айрым акын-жазуучулар, алардын чыгармалары боюнча түшүнүктөрү алешем бойдон", – деп өткөн кылымдын 80-жылдарында күйүп-бышып жазган [3, 5].

Б. Алымов андан ары В. Гура, Т. Курдюмова, Н. Скатковдордун адабият сабагындагы оңунан чыкпаган иштердин себептери, айрыкча, жогорку окуу жайлары мугалимдерди начар даярдап жаткандыгынан эсептешин айтып, А. Аржанухин деген мугалимдин "Өзүң билбеген нерсени окутууга мүмкүнбү?", – деген проблемалык пикирин келтирип, мугалимдер арасында өздөрү дилбаян жаза албаган фактыларды далилдегенин белгилейт.

Ошентип, дилбаянды жаздыруунун методикасын билбегендин негизги себептери окумуштуунун ою боюнча: "1) Жогорку окуу жайларында алешем адистер даярлалат, 2) ЖОЖдордо дилбаян жаздыруунун методикасы өтүлбөйт, окутулбайт. Андай сабак ЖОЖдордун окуу пландарында да каралбаган" [3, 546]. Дилбаян боюнча жазылган илимий методикалык адабияттардын жоктугу да кедергисин тийгизбей койгон жок.

Совет доорунун илим – билими күркүрөп турган мезгилинде мугалимдер өз предметин алешем билишсе, дилбаян жаза алышпаса, эгемендүүлүктөн бери мугалимдерибиздин билим жаатындагы акыбалы кандай? Чындыкты туура айткан жакшы, дилбаян жаза албаган окуучулуарды мындай коюңуз, кыргыз тили жана адабияты мугалимдерибиздин ичинен жаза алганынан жаза албаганы көп. Дилбаянды "жаз" деген оңой, үстүрттөн баа коюш деле оңой, өзүң жазып көр, ошондо кайра билесиң кандайлыгын!..Бир мисал, 2014-15-окуу жылы Ош облусу боюнча "Мыкты кыргыз тилчи" сынагы ар бир мектепте өткөрүлдү. Сынактын максаты кыргыз тилин жана адабиятын окуткан мугалимдердин ишин жандандырууга багытталган. Мына ошондо кызык башталды. Сынактын бир талабы дилбаян-эссе жазуу, бир талабы тест тапшыруу экен. Бир мектепте иштеген сегиз кыргыз тилчи мугалим дилбаян жазууга тикелеринен тик туруп каршы турат. Тест гана тапшырганга араң макул болушат. Директор жаңы болчу: "Саат талашканда кыйынсыңар, дилбаян да да жазып көргүлө, билимиңерди көрсөткүлө", – деп кыстаса да көшөрүп ынашпайт. Тест гана тапшырышат. Бул эмнени билдирет: бул, биринчиден, дилбаян жазуунун оңой эместиги болсо, экинчиден, мугалимдердин өздөрүнүн дилбаян жаза алышпагандыгынан кабар берет. Кээ бир мектептерде кыргыз тилчилер бул сынакка түрдүү нерсени шылтоолоп баш тартышты. Көп мугалимдер менен маектешип, иликтеп көргөнүбүздө мугалимдердин дилбаян жазгысы келбегени - жазуудан корккону болду. Ким эмне деп ойлойт билбейм, мен өзү дилбаян жаза албаган кыргыз тили жана адабияты мугалими мектепти ыктыяры менен таштап кетип калган болсо, өз абийиринин алдында, окуучулардын келечеги үчүн өтө чоң иш кылып, күнөөдөн кутулган болот эле деп эсептейм. Бирок, тилекке каршы, андайларды кууп да чыга албайсың.

Кээ бир мугалимдин дилбаян жазуу деңгээли мектеп партасында жазган бойдон кала берген! Булар окуучунун дилбаянынын төмөнкү деңгээлге түшүп кетишинин себептеринин негизгилеринен деп эсептесек болот. Жогору жакта айтылгандай, "Өзүң билбеген нерсени окутууга болобу?" Аргасыздан күйгөндө биздин саат талашкан мугалимдер өздөрү билбеген нерсени да окута беришет деп күлкүң да, ыйлагың да келет. Мугалимдин өзү билбеген, же аз билген нерсесинин бири-дилбаянды жаздыруунун үйрөтүүнүн методикасы экенин жашырууга болбойт. Мектептердеги жогоркудай абал

жана жардамга муктаж кесиптештеримди күнөөлөй бербей аларга жардам берүү үчүн ушул "мектептин дайыма баш оорусу болгон" (А.Муратов) темада көп жылдык тажрыйбамды бөлүшөйүн деп калем кармаганымды да жашыргым келбейт.

Окумуштуу – методист А.Ж. Муратов: "Кыргыз адабиятын жана тилин окутуунун, деги эле мектеп практикасынын эң оор проблемасы да мугалимдин биринчи "баш оорусу" да ушу дилбаян жазуу көйгөйү.

Эч ким тана албас факт, азыркы педагогикада далилденген акыйкат – кыргыз окучуларынын эң көп бөлүгү дилбаянды талапка ылайык жазып бере албайт", – дейт да, анын онго жакын себептерин төмөнкүдөй көрсөтөт [6, 5]:

- тарыхый жазуу маданиятыбыдзын кийинки кылымдарда эле массалык мүнөзгө ээ боло баштагандыгы, б.а. сабатсыздыктын көп кылымдар бою массаны тушап келгендиги;
- жазуу иштерине мектепте жана мектептен тышкаркы жерлерде өзгөчө көңүл бөлбөгөндүк;
- көп ата-энелердин өздөрүнүн жазуу ишмердигинин жокко эселиги;
- мектеп мугалимдеринин өздөрү жогорку окуу жайда бул ишти жакшылап аткарбагандыгы, демек ЖОЖдордун окуу программаларындагы кемчиликтер;
- эне тилибизде дилбаян китептердин чыкпагандыгы;
- дилбаяндардын мезгилдүү басылмаларга басылып турбагандыгы;
- дилбаян жазуу боюнча ар кандай жалпы мамлекеттик алкакта жарышмалардын, конкурстардын кеңири өткөрүлбөй жаткандыгы;
- жогорку окуу жайларына кабыл алууда жана 9-класстардын бүтүрүү экзамендеринде жазуу ишмердүүлүгүнүн бул түрүнүн бирде практикаланып, бирде кайра киргизилбей калышы; коомдо жалпы эле эне тилге мамиленин төмөндөп кеткендиги ж.б.

Абалдын дагы бир оорлугу мектеп дилбаяндарынын кантип жазуу керек, ага кантип үйрөтүү керек жана кандай үлгүлөрү бар деген маселелер да анчалык иликтенбей жүргөндүгү менен байланышат." [6, 5-6].

Жогоруда дилбаянды жазганды үйрөтө албай жатканыбыздын негизги обьективдүү себептери туура көрсөтүлгөн. Антсе да, өткөн кылымдын 80-90-жылдарына караганда бу жагдайда анчалык жылыш деле болуп кетпегенсийт. Себеби: 1) ЖОЖдордо дале дилбаянды жаздыруунун методикасы окутулбайт. Бул маселе колго алынышы зарыл. 2) Мектептерде дилбаянды атайын үйрөнүүгө атайын сааттар бөлүнбөйт. Дилбаянды үйрөтүүгө атайын сааттар бөлүнүшү, жол –жобосу үйрөтүлүү керек. 3) Дилбаян боюнча жазылган илимий –методикалык адабияттар жагынан гана жылыш бар: Б. Алымовдун "Мектеп сочинениеси" (– Ф., 1982), А.Муратовдун "Сочинение кандай жазылат?" (– Б., 1991).; "Дилбаян сырлары" (– Б., 2004).; "Дилбаян –дил сыры, тил сыны" (– Б., 2008).; "Дилбаян – чыгармачылык изденүүнүн үзүрү" (– Б., 2011).; С. Рысбаевдин "Окуучунун дилбаяны" (1998) оңдолуп басылганы 2004-ж. сыяктуу эмгектери жарык көрүп, көптөгөн суроо талаптарга жооп берди. А. Муратовдун "Кыргыз адабиятын окутуу: теориясы жана практикасы" аттуу монографиясында дилбаянды жазуунун методикалык системасы иштелип чыкты. Эл мугалими Б.Исаковдун эмгектеринде (Б. Исаков. Кырыгыз тили 10-11-кл. – Б., 2012 Б. Исаков. Кыргыз тилин 5-11-класстарда натыйжалуу окутуу боюнча усулдук колдонмо. – Б., 2012) жана кээ бир алдыңкы мугалимдер дилбаян бонча өз тажрыйбаларын бөлүшкөнү кубанарлык иш болду. Бирок бул эмгектер орус илимпоз-методисттеринин, мугалимдеринин бул жааттагы эмгектерине салыштырганда өтө эле аздык кылат. 4) Жалпы республикалык тест жүргүзүлгөндөн мурда, Кыргыз Республикасында ЖОЖдорго кирүү экзамендери үчүн кыргыз тили жана адабиятынан дилбаян жазылчу, буга абитуриенттер кааласа да, каалабаса да катуу даярданышчу. Ага даярдык мектепти бүтүрүү экзаменине кыргыз тили жана адабиятынан болуучу мамлекеттик экзаменге даярдануу менен башталчу, ага көп көңүл бөлүнчү. Мектепте консультациялар өтүлчү.

Азыр ЖРТ тапшырып койгондон кийин (ЖРТ май айында болот), июн айында бүтүрүү экзаменине карата дилбаян жазышат. Бул экзамендин да, дилбаяндын да аброюн,

жоопкерчилигин түшүрүп салды. ЖОЖдорго кирүү дилбаяндын баасынын (аттестаттагы баанын) тиешеси болбой калгандан кийин, бүтүрүү экзамендерине карата жазылган жазуу иштеринин, жалпы эле бүтүрүү экзамендеринин мааниси ансайын төмөндөдү, жокко чыгарылды. Өз кезегинде бул бүтүрүүчү эмес класстардагы жазуу жумуштарына да терс таасирин тийгизбей койгон жок.

Анын үстүнө шпаргалка дилбаяндардын көбөйүшү, интернет булактарынан алынчу даяр материалдар дилбаяндын – маани маңызын башкача түшүнүккө – оңой-олтоң көчүрүп, уурдап (плагиатчылык) жаза берсе боло берет деген түшүнүккө чейин түшүрүп салды.

Дилбаян жазуу чыгармачылыкты талап кылары шекшиз. Бул – өнөр. Болгондо да "өмүр өмүр бою үйрөнчүү өнөр"(А. Муратов). Дилбаян жазууга үйрөтүүгө, техникалык жагын окутууга болобу? Көп эле кесиптештерим: "Жок,болбойт. Ага атайын талант керек. Кудай берген талант болбосо кыйын", – дешкенин укканым да бар. Бул өзүн актоо эле сөз экен. Атактуу ойлоп тапкыч Т. Эдисондун "Гений деген бир пайыз талант, токсон тогуз пайыз эмгек", – дегени, мезгилдик системанын автору Д.С. Менделеевдин: "Эмгекти сүйбөй, катуу эмгектенбей туруп талант да, гений да болбойт", – дегени, айрыкча, мугалимдин акыл-эсинде дайым унутулбай жанып турушу, башкалар үчүн да кулагындагы алтын сырга болушу керек.

Дилбаянды жазууга үйрөтүүгө болот, бирок бул машакаттуу эмгекти, көп убакытты талап кылат. "Чындап ыйласа, сокур көздөн жаш чыгат", – деген кыргыз элинин макалы бар. Чындап изделиш, эмгектениш керек. Бирок, дилбаян жазууга үйрөтүү үчүн адабият сабагына берилчүү сааттар аздык кылат. Кошумча сааттарды, кружокторду уюштуруу, дилбаян боюнча сынактарды өткөрүү, керек болсо, дилбаян үчүн атайын өзүнчө сааттардын санын көбөйтүү натыйжалуу болмок.

Адабияттар

1. Алымов Б. Жогорку класстарда жазуу жумуштарын жүргүзүүнүн айрым маселелери. – Ф. 1968. – 84 б.
2. Алымов Б. Мектеп сочинениеси. – Ф. 1982.
3. Алымов Б. Тандалган чыгармалар. – Б. 2012.
4. Исаков Б. Кыргыз тилин 5-11-класстарда натыйжалуу олутуу боюнча усулдук колдонмо. – Б. 2012.
5. Исаков Б. Кыргыз тили.10-11-класстар үчүн окуу китеби. – Б. 2012.
6. Муратов А.Ж. Дилбаян – чыгармачылык изденүүнүн үзүрү. – Б. 2011.
7. Муратов А.Ж. Кыргыз адабиятын окутуу: теориясы жана практикасы. – Б. 2013.
8. Рысбаев С.К. Окуучунун дилбаяны. – Б. 1998. – 50 б.; оңдолуп, толукталып 2-басылышы. 2004.

N.T. Murzaev, r. Chon-Alai, Lenin school

Word of the school composition

In this article analyzes the problems of school essay 80 years last century and in the present stage. The main reasons for the ignorance of the methodology school essay.

Key words: *school work, creativity, objective reasons, preparation, and practice.*

УДК: 82.0:82-121

А.Г. Нарозя, к филол.н., КТУ «Манас»

Поэтика лирической драмы Мара Байджиева

Макалада лирикалык драманын анын түрү менен карым-катнашынын жыйынтыгы болгон түрлөр аралык жанр талданат. Ошондой эле Мар Байжиевдин «Кыз-Күйөө» (1978) лирикалык драмасынын жанрдык өзгөчөлүгү ачыкка чыгат.

Ачкыч сөздөр: *драма, лирика, драманы лиризациялоо, лирикалык драма, поэтика, нравалык эксперимент, монтаждык композиция, автордук ремаркалар.*

В статье анализируется межродовой жанр – лирическая драма как результат взаимодействия драмы с лирическим родом; выявляются жанровые особенности лирической драмыМараБайджиева «Жених и невеста» (1978).

Ключевые слова: *драма, лирика, лиризация драмы, лирическая драма, поэтика, нравственный эксперимент, монтажная композиция, авторские ремарки.*

Мар Ташимович Байджиев (род. в 1935 г.) – многогранно одарённая творческая личность. Писатель-билингв, он драматург, прозаик, сценарист, режиссёр театра и кино, переводчик, манасовед, но прежде всего и более всего он – драматург. Его пьесы получили союзное, европейское и мировое признание. Они ставились в трех московских театрах, вошли в репертуар более ста театров Советского Союза, игрались на сценах театров Германии, Польши, Чехословакии, Румынии, Венгрии, Австрии, Швеции, Финляндии, Монголии, Канады, Коста-Рики и других стран. Более того, они обрели новую жизнь в других видах искусства – в кино, на телевидении, в опере и балете. Мар Байджиев – Народный писатель и Заслуженный деятель искусств Кыргызстана, Отличник кинематографии СССР, академик Национальной киноакадемии, кавалер ордена «Манас».

Одним из белых пятен в изучении драматургии М. Байджиева является жанровая классификация его пьес на теоретической базе генологии – науки о литературных родах и жанрах. Частично восполняя этот пробел, мы решили выявить и охарактеризовать жанровую разновидность байджиевской драмы – *лирическую драму*, опираясь, с одной стороны, на теорию драмы, а с другой – на авторское обозначение, данное в подзаголовке пьесы.

В драматургии М. Байджиева этот жанр представлен пьесой «Жених и невеста» (1978), которая имеет авторское жанровое обозначение «лирическая драма с эпилогом вместо пролога».

В истории драматургии возникновение *лирической драмы* связано с творческой практикой А. Блока. Как известно, А. Блок употребил этот термин для определения жанра трёх своих пьес: «Балаганчик», «Король на площади» и «Незнакомка», – созданных в 1906 г. и вышедших в 1908 г. под общим заголовком «Лирические драмы». В предисловии к сборнику автор счёл необходимым оговорить, что «три маленькие драмы, предлагаемые вниманию читателя, суть драмы *лирические*, то есть такие, в которых переживания отдельной души, сомнения, страсти, неудачи, падения, – только представлены в драматической форме» [4, 383-384].

С тех пор это суждение А. Блока стало основополагающим для терминологического определения лирической драмы. Со временем были выявлены и осмыслены типологические черты этого жанра, к которым относят: лирическое начало как сюжетообразующую категорию; сюжет как борьбу чувств действующих лиц; образ автора, близкий к образу лирического героя; ассоциативную связь эпизодов как композиционный принцип (монтажная композиция) и другие особенности [1, 5-9].

В истории советской многонациональной литературы в качестве художественных образцов остались лирические драмы В. Розова («В поисках радости»), А. Арбузова («Мой бедный Марат»), А. Володина («Старшая сестра»), И. Друцэ («Дойна»), М. Карима («Салават»), Ю. Марцинкявичюса («Миндаугас»). В контексте этих и других произведений лирико-драматического синтеза прочитывается лирическая драма М. Байджиева «Жених и невеста».

В лирической драме источником драматургического действия и движения авторской идеи является духовная жизнь личности. М. Байджиев избирает предметом художественного исследования любовь как особое состояние человека, как плодотворное, радостное или, напротив, гибельное напряжение всех его духовных сил, любовь в её разнообразных проявлениях – индивидуальных, супружеских, семейных. При этом постоянно подчеркивается нравственная, а не правовая сторона этих отношений.

В пьесе минимум действующих лиц: невеста Гуля, жених Эрик и мать Эрика, она же судья. Впрочем, драматург называет их не именами собственными, а нарицательными: Жених, Невеста, Мать, Судья, – подчеркивая тем самым всеобщность своих героев.

Для реализации лирического конфликта М. Байджиев обращается к *нравственному эксперименту*. Он находит своих героев в потоке жизни и вводит их в ситуацию, определённым образом ограниченную и выделенную, которая всячески обостряется, чтобы извлечь из неё максимум эмоций и смысла. В целях усиления нравственного эксперимента драматург прибегает к парадоксам и логическим несоответствиям в поступках героев, чтобы иначе осветить всё, что думалось о них раньше. Отсюда кажущийся алогизм, непредсказуемость действий героев.

Пьеса начинается сценой суда, которая является эпилогом событий, произошедших ранее, несколько лет назад.

«С у д ь я *(читает)*. “В народный суд Первомайского района. Заявление. Прошу расторгнуть мой брак с моим мужем, т. к. наша совместная жизнь и сохранение семьи стали невозможными”. Какие причины заставили вас подать на развод?

Н е в е с т а. Не знаю. Это очень сложно объяснить.

С у д ь я. Суд должен знать правду.

Н е в е с т а *(после короткой паузы)*. Дело в том, что мой муж… мой муж совершил преступление и я… я невольно стала его сообщницей. Я и ещё один человек…

С у д ь я. И вы можете назвать этого человека?

Н е в е с т а. Да… Это его мама…

С у д ь я. Может быть, в таком случае вам следует оформить своё заявление иначе и обратиться в суд по уголовному делу?

Н е в е с т а. Нет, здесь уголовного дела нет. А… как бы вам это сказать… Одним словом, *никто из нас ни одной буквы закона не нарушил… Мы виноваты друг перед другом…*» (курсив наш. – *А.Н.*) [2, 177-178].

После этого пролога-эпилога события начинают развиваться ретроспективно в прямой хронологической последовательности, прерываясь время от времени вмешательством Судьи, в амплуа которой выступает, как нам известно, Мать.

Первая половина пьесы – это собственно, накопление исходных данных для проведения нравственного эксперимента. Что мы узнаём о героях и отношениях между ними?

Невеста родилась и живёт в одном южном городке. Ей двадцать семь лет – возраст старой девы. Работает в нотариальной конторе, где и познакомилась три месяца назад с Женихом.

Жених – блестящий молодой человек в начале творческой карьеры. Год назад окончил с отличием столичную консерваторию. В городок приехал с честолюбивыми планами: открыть здесь музыкальное училище, стать его директором, создать свой симфонический оркестр.

Мать приехала из столицы на свадьбу сына совершенно неожиданно, так как ещё месяц назад определилась в отношении к своей невестке совершенно однозначно: видеть её, даже на фотографии, она не хочет, в их доме её ноги никогда не будет, поэтому для неё она останется навсегда чужой. «Я хочу вернуть сына к себе», – решительно заявляет Мать, но тут же наталкивается на жёсткое сопротивление Невесты.

И Мать сменяет гнев на милость. В знак примирения она дарит своей невестке фамильные бусы из жемчуга стоимостью в целое состояние. Пораженная Невеста, обняв

ноги Матери, просит у неё прощения и радуется тому, что у неё, сироты, есть мама («Я давно отвыкла от этого слова…» [2, 186].

Кажется, конфликт исчерпан. Но для лирической драмы это только предконфликтная ситуация, экспозиция нравственного эксперимента. Вот тут-то, за час до начала свадьбы, когда Жених и Невеста под крики «Горько!» за окном целуются, когда Мать сообщает, что она будет жить вместе с молодыми, когда Жених в восторженном исступлении играет «Кампанеллу» Паганини-Листа, совершенно неожиданно раздается телефонный звонок, который глушит торжественную музыку. Мать, взявшая трубку, после краткого разговора хватается за сердце: «У твоей жены туберкулёз … Какая-то женщина сообщила по телефону, что она с детства состоит на учёте в тубдиспансере [2, 189]. Так завязывается конфликт лирической драмы, основой которой является напряженная борьба чувств внутри героев, а драматург не только воспроизводит процесс этой борьбы, но и открыто вмешивается в него, вынося свои оценочные суждения, как это имеет место в лирическом произведении.

Развитие нравственного эксперимента вступает в новую фазу после неожиданного признания Невесты: да, она действительно состояла на учёте в туберкулёзном диспансере в далёком детстве, но «просто не придала этому особого значения, да и забыла совсем» [2, 193]. В душе каждого героя «идёт острая борьба – *поединок с самим собой*» (курсив наш. – *А.Н.*), – как определил драматург в одной из своих ремарок [2, 185]. Если бы вычертить «осциллограмму» этих поединков и наложить друг на друга, мы бы получили сложнейшую картину душевных переживаний, образующих сюжет лирической драмы.

В структуре пьесы «Жених и невеста» как лирической драмы особое место занимает Судья – действующее лицо, совмещающее амплуа Матери и Судьи. Постоянная трансформация Матери в Судью и наоборот происходит неожиданно, но естественно и ненавязчиво, с помощью авторских ремарок. На наш взгляд, амплуа Судьи в художественной структуре пьесы – это форма присутствия автора, найденная в процессе творческой работы. Известно, что в драматических жанрах автор присутствует главным образом как организатор сценического действия, находясь «за кулисами» и не подавая оттуда «голоса». В лирической же драме появляется образ автора, т. е. создателя литературного произведения, накладывающего свой персональный отпечаток на его художественный мир. Закономерность, определяющая роль автора в художественных структурах, близким лирико-драматическим, точно сформулирована М.М. Бахтиным: «Автор – носитель напряжённо-активного единства завершения целого, целого героя и целого произведения,трансгредиентного каждому отдельному моменту его» [3, 135]. Следовательно, Судья в «Женихе и невесте» – это, образно говоря, alterego (другое я) лирического субъекта, наделенное, в отличие от первого, бесстрастностью и беспристрастностью судьи.

И тем не менее беспристрастная позиция судьи не устраивает автора как лирического субъекта. Он крепко держит в памяти слова Невесты, сказанные судье в начале пьесы: «Нет, здесь уголовного дела нет. <…> Одним словом, никто из нас ни одной буквы закона не нарушил…Мы виноватыдруг перед другом…». Вот почему автор даёт Судье возможность задать Невесте и Жениху вопрос, который более уместен для Матери, а не для Судьи («Вы любите его? – Да»; «Вы любите её? – Не знаю…» [2, 203]).

Финал пьесы совершенно непредсказуем.

«С у д ь я. Что вы можете сказать суду как ответчик?

Ж е н и х. У нас сын, хорошая семья, и я бы не хотел, чтобы она распалась.

С у д ь я. Хорошо, мы учтём вашу просьбу. *(Обращаясь к публике.)* Суд удаляется на совещание…» [2, 203].

Открытый финал пьесы – свидетельство невозможности разрешить внутренний конфликт лирической драмы М. Байджиева.

Несколько слов о других типологических приёмах и средствах, характерных для пьесы «Жених и невеста» как лирической драмы.

Наличие пространных ключевых монологов, концентрирующих сущность драматического действия (Н е в е с т а: «Смотрю я на тебя и вспоминаю…» [2, 199-200]; Ж е н и х: «Я знаю, ты никогда не сможешь полюбить другого…» [2, 201-202]; М а т ь: «Подожди. Хотя бы выслушай. Может поймешь меня и простишь…» [2, 200]. Они являются средством внутреннего действия, выражения драматургии мысли персонажа и лирических зон автора.

Наличие многочисленных авторских ремарок, подчёркивающих эмоциональность монологической и диалогической речи персонажей. Например:

«Ж е н и х *(подошел к Невесте, взял её за плечи).* Ты что, серьёзно?

Н е в е с т а *(засмеялась)*. Ну, конечно, а что?

Ж е н и х *(отпустил её, помрачнел)*. Так… ничего…

Н е в е с т а *(насторожилась)*. Но ты изменился в лице!

Ж е н и х. Мне стало очень неприятно.

Н е в е с т а *(обняла его)*. Ты что, милый. Что с тобой? (*Заглянула ему в глаза*.) [2, 193].

Монтажная композиция пьесы, создаваемая путём продуманного чередования сцен из настоящего (бракоразводный процесс) и ретроспективного прошлого (знакомство и свадьба молодоженов). Как известно, монтажная композиция, которая широко распространилась в литературе, театре и кино XX века, позволяет художнику воплощать сущностные взаимосвязи явлений, постигать мир в его многокачественности, текучести и единстве.

Таким образом, генологический подход к интерпретации пьесы М. Байджиева «Жених и невеста» позволяет нам номинировать её как лирическую драму.*Лирическая драма* отражает процесс лиризации драматургии М. Байджиева. Основные направления лиризации: конфликт, в основе которого лежит напряжённая борьба чувств героев; пространные ключевые монологи героев, воспринимаемые как лирические отступления; многочисленные авторские ремарки, подчёркивающие эмоциональность диалогов, монологов, реплик действующих лиц; монтажная композиция пьесы; наличие образа автора как лирического субъекта.

Литература

1. Алперс Б. Судьба лирической драмы // Сов.театр. – 1932. – №2.
2. Байджиев М. На сцене / Вступ. ст. Ю. Рыбакова. – Бишкек. Фонд «Седеп». 2005.
3. Бахтин М.М. Эстетика словесного творчества. – М. Наука. 1979.
4. Блок А.А. Собрание сочинений: В 6 т. – М.: Худож. лит., 1981. – Т. 3: Театр 1906-1919.
5. Добрев Ч. Лирическая драма. – М. Искусство. 1983.
6. Катышева Д.Н. Лирика в драме // Мир современной драмы. – Л. 1985.
7. Кузякина Н.Б. Черты лирической драмы // Мир современной драмы. – Л. 1985.
8. Садыкова-Грачёва Д.С. О современной лирической драме 50-60-х годов. – Ташкент. Фан. 1976.
9. Журчева О.В. Жанр лирической драмы в XX веке // Журчева О.В. Жанровые и стилевые тенденции в драматургии XX века [Электронный ресурс]. – Режим доступа: // http://www.ssu.samara.ru/~scriptum/ drama.doc.

A.G. Narozia, candidate of phylological sciences,
Kyrgyz-Turkish Manas University
allanarozya@gmail.com

Poetics of Mar Baijiev's lyrical drama

This article reveals genre features of Mar Baijiev's lyrical drama "Bride and Groom" (1978) and analyzes the intergeneric genre which is a result of interaction of lyrical drama with it's type.

Key words: *drama, poetry, lyrization of the drama, lyric drama, poetics, the moral experiment, assembly composition, author's remarks.*

УДК: 894. 341. (0433)

М.Т. Нурмаматова, окутуучу, ОшМУ

К. Асаналиев: Ч. Айтматов жана билингвизм

Макалада К. Асаналиевдин Ч. Айтматовдун кош тилдүүлүгү жөнүндөгү изилдөөлөрү каралат.

Ачкыч сөздөр: *кош тилдүүлүк, өздөштүрүү, котормо, индивидуалдуу, улуттук, жаңы сапат, дүйнөлүк тил, көркөм өнөр.*

В статье рассматриваются исследования К. Асаналиева о билингвизме Ч. Айтматова.

Ключевые слова: *билингвизм, усвоение, перевод, индивидуальный, национальный, новое качество, мировой язык, искусство.*

Көрүнүктүү адабий сынчы К. Асаналиев: “Кош тилдүүлүк деген эмне?” деген макаласында:“Ошентип, билингвизм деген эмне, ал кандай көрүнүш, таза лингвистикалык гана окуябы, же адабият таануу илимине гана тикеден-тике тиешелүү көрүнүшпү?” – деген суроону коюп изилдөөсүн баштап, кош тилдүүлүк маселеси адабият жаатында изилдөөгө ала турган чоң маселе боюнча калып жаткандыгын жанакыргыз филологиясында бул маселе калем учу тие элек “актай кагаз” бойдон деп белгилеген [1: 4]. Андан бери убакыт өтүп билингвизм маселеси, айрыкча, Ч. Айтматовдун чыгармачылыгынын тегерегиндеги маселелер жөнүндө ар кандай изилдөөлөр, публикация ж.б. жарык көргөн. Ал тургай, бул маселе боюнча жалпы союздук республикалардын адабий сынчылары жазуучунун билингвизмге келүү чыгармачылыгын изилдеген, аларды классификациялаган ж.б. көрүнүштөр каралган. Айрыкча, окумуштуу К. Асаналиевдин Ч. Айтматовдун кош тилдүүлүк маселесине кайрылып, деги эле билингвизм деген эмнедеп койгон суроосуна ар тараптуу, XIX кылымдын аягындагы Н.В. Гоголь, В. Набоков, Ф.И. Тютчевдердин кош тилдүүлүктөрүнө жана андан кийинки совет мезгилиндеги кош тилдүүлүккө арналган Н. Жусойты жана Ч. Гусейновдун эмгектерине токтолуп, алардын Ч. Айтматовдун кош тилдүүлүгүнө карата изилдөөлөрүнөжооп кылып бир топ мисалдар менен далилдеп, өз позициясында кош тилдүүлүктү: жалпы улуттук жанаиндивидуалдуу деп карайт.

Ал эми кош тилдүүлүктү талдай келсек, билингвизм – латын тилинен которгондо *bi* – эки, *lingua* – тил дегенди билдирет [3: 2]. Эки тилди билүү деңгээлин төмөнкүдөй бөлүштүрсө болот:

- эки тилди алмак-салмак колдонуу – мындай ыкма менен турмушта көп жолугушуп жүрөбүз, айталы, коомдук жайларга чыгып сүйлөгөндөрдүн кеби, угармандардын улутуна карата түшүнүктүү болсун үчүн бир учурда эки тилде сүйлөшөт;
- эки тилди колдонуу жана алар аркылуу ийгиликтүү карым-катыш жасай билүү – бул жогорку формасына караганда оозеки жана жазма кеби кеңири өнүккөн жана өз кесибинде эки тилде эркин ой жүгүртүп иш алып бара ала тургандар десе болот;
- эки тилди бирдей жеткиликтүү деңгээлде билүү жана анын карым-катыштын бардык шартында бирдей даражада өздөштүрүп билүү – бул бир топ татаал маселе, ошол эле учурда муну алып жүрүүчүлөр саналуу гана инсандар болот:

“Ар бир адамдын башынан өткөнү, сүйлөгөнү, эс тутумундагы маалыматтардын жыйындысы, ойлоого, табиятка болгон көз карашы – ошол адамдын жекече дүйнөнү

көрүп-билүүсү болот, – деп культурологиянын жана филологиянын изилдөөчү-теоретиги В. Гумбольдт айткандай, – экинчи тилди өздөштүрүү, дүйнөнүн экинчи сүрөтүн өздөштүрүүгө барабар” [2: 370]. Жеке оюбузча, тектеш тилдердин өкүлдөрү бири-биринин тилин тез жана сапаттуу өздөштүрүүсү жана ал аркылуу маданий, социалдык маселелерди чечмелөөсү таптакыр окшобогон же тектеш эмес тилдерди өздөштүрүү менен бирдей каралбаш керек. Анткени, инсан эне тилиндеги адабий тилди жана ага тектеш тилди жакындан билет.

Многогранный портрет страны и этносов обычно создает такой род литературы, как художественная документалистика или публицистика (от лат. publicus – общественный). Она представляет особый синкретический род литературы и журналистики, рассматривающий актуальные политические, экономические, социальные, собственно литературные, философские и др. проблемы общества. Ее цель – «воздействовать на современное общественное мнение, нравы и существующие политические институты», она помогает «представить и понять ту или другую эпоху в разноголосьи ее «обитателей».

Это "всегда биография времени, в котором она создается и которое прямо или косвенно отражает" [2, с. 3]. Предметом ее является жизнь со всеми сложностями и проблемами, которые необходимо решать всем сообща, и авторы публикаций это подтверждают при описании или анализе событий. Поэтому "публицистический стиль

отличают открытая тенденциозность, полемичность и эмоциональность" [7, с. 313]. Публицистика использует газетно-журнальные жанры (статья, фельетон, памфлет, эссе, очерк, открытое письмо), а также жанры литературы, кино, живописи, театра, телевидения.

Сделаем обзор публицистики кыргызской диаспоры на русском и кыргызском языках в материалах журналов "Аалам кыргыздары" (Вселенная кыргызов), "Семетей", "DA-платформа/Avrazia", "Тил жана котормо" (Язык и перевод), "Шинжан кыргыз адабияты" (Кыргызская литература Синьцзяня), газеты "Эне тили" (Родной язык), "Трудовой мигрант в Татарстане" и других изданий, информационных сайтов, побуждает к осмыслению высказанных представителями кыргызской диаспоры мыслей [11, с. 94-115].

Многочисленные члены "Клуба соотечественников и друзей Кыргызстана в Санкт-Петербурге" и "Киргизского дома в Санкт-Петербурге" **Российской Федерации** заняты решением проблем группы этнических кыргызов. Председатель социальной комиссии Ж.П. Кубатбеков считает, что "в диаспоре должно царить доверие. Недоверие рождает враждебность. А единство появится только на основании общих дел" [5, с. 7]. Его коллега Председатель "Клуба соотечественников и друзей Кыргызстана" и, по совместительству, внутренней комиссии "Киргизского дома в Санкт-Петербурге", а также главный редактор журнала "Семетей", издающегося здесь же и имеющего виртуальную версию в электронном виде на сайте Интернета под названием "Вестник киргизского дома в Санкт-Петербурге", издающегося с марта 2007 года, С.К. Баубеков помогает тем, кто "хочет и может реализовать проекты и программы диаспоры" [5, с. 8].

Киргизская комиссия Санкт-Петербургского союза ученых (КкСПсу) создана в 1996 году для "…содействия установлению взаимополезных рабочих контактов между Санкт-Петербургом и Кыргызстаном и организационному оформлению кыргызской диаспоры в Санкт-Петербурге" [5, с. 7]. Эту комиссию возглавляет профессор-геолог, долго трудившийся в Ошском пединституте, Академии наук и вузах Киргизской Республики, Валерий Геннадьевич Шевченко, автор прекрасных рассказов о Киргизии. Ученый секретарь КкСПсу Юрий Абрамович Виноградов, исследовавший орехово-плодовые леса в Жалал-абадской области Киргизской ССР, тоже не чужд литературе: пишет стихи и переводит киргизских поэтов. Поэт Михаил Синельников является председателем Совета по киргизской литературе международного сообщества писательских союзов [5, с. 3]. Председатель молодежной комиссии Н.Т. Маткаримов о судьбе этнических кыргызов в РФ пишет: "молодые люди … будут определять судьбу нашей страны. От их социального самочувствия, ценностных ориентаций, сознания, социальной активности зависят перспективы развития общества в целом" [8, с. 8].

Член Союза писателей Петербурга, Международной ассоциации кыргызстанцев "Замандаш" О.М. Мамаева в сборнике "Белые ночи в Ала-Тоо" (2003) пишет о кыргызской диаспоре: "Хочу сказать, что мы, живущие за рубежом кыргызы, очень болеем за будущее Кыргызстана. Хотим, чтобы страна развивалась, поднималась экономика, культура. И в этом процессе очень велика роль интеллигенции. Она должна стать локомотивом, который выведет страну в светлое будущее" [3, с. 7].

Интересный материал писательницы Кален Садыковой, заслуженного деятеля культуры Кыргызской Республики, о кыргызах в **Турции** свидетельствует о том, что они "вне дома говорят по-турецки, а дома - по-кыргызски" [10, 22-23]. Она делает зарисовки о жизненном стиле представителей кыргызской диаспоры в Турции, отмечая, что они себя ведут тихо, как представители этнического меньшинства в поликультурной стране.

К примеру, о кыргызах в **Узбекистане** рассказано в материале Абдыкерима Муратова, главного редактора журнала "Замандаш": "Здесь живут переводчик романа Чингиза Айтматова "Тавро Кассандры" на узбекский язык, профессор филологии Суйун Караев, лауреат ордена "Данакер" экс-заместитель акима Джизакской области Абрар Каримов, в Ташкенте живут более 20 ученых» (заместитель директора института

философии Манзура Калматова, доктора наук Карим Калматов, Торобек Ташмуратов и др.), лауреат ордена «Данк» Кулумкан Жумабаева, журналисты Мерген Парпиев, Зияд Эсенбаев, кыргызский редактор издательства "Узбекистан" Абиба Юнусалиева [9, 28-29].

В статье сотрудника радио "Свободная Европа – Азаттык" Амирбека Усманова под названием "Живет в **Австрии**, а сердцем он в Ала-Тоо" рассказывается о художнике Асатулле Тешебаеве, которого можно встретить в австрийском городе Грац. Выпускник художественного училища имени Афанасия Чуйкова в Бишкеке и ВГИКа уже 20 лет колесит по Европе. Он был одним из первых трудовых мигрантов, рисовал в Москве на Арбате, в Париже на Монмартре, в Барселоне на улице Рамалла, в Вене на плаце Стефана, в Праге на мосту Карлов портреты, карикатуры на скорую руку. Автор завершает статью о судьбе кочующего художника и дает ответ самого мастера пера: "Ээ, такие как я, художники, что бродят в Испании, Германии или Турции, сердцем все они в родном Кыргызстане. Рано или поздно мы все вернемся на землю отцов. Я думаю, как скоро наладится жизнь, так скоро и мы возвратимся. Нас не надо вычеркивать из счетов…" [12, 18-21].

Статья научно-популярного стиля под названием "История и современное состояние китайских кыргызов" первоначально была написана на ханзу (китайском) языке и представлена на научный совет Института Центральной Азии Синьцзяньской Академии общественных наук 25 мая 2006 года. Автором является ассистент-исследователь Института Центральной Азии Академии общественных наук, СУАР **Китая** Кайрат Токомбай уулу. Она разрешена для печати в Кыргызстане, и 25 июня 2006 года переведена на кыргызский язык [11, 6-13]. Автор ставит задачу выяснить, опираясь на старинные китайские книги, почему этноним "кыргыз" по-разному озвучен.

Известный ученый-литературовед Макелек Омурбай из Синьцзяня утверждает, что эти слова встречаются в текстах эпоса "Манас", объясняет значение некоторых слов: "Ары" на кыргызском означает "Эр" (мужчина), "батыр" (богатырь), "Зай-шиань", "жайсанг" (широкая душа). В эпоху монгольских завоевательных походов Чингизхана на Запад, кыргызы в записях монголо-юаньских империй записаны как "Чир-жис", "Жил-жис". В эпоху Цинь, кыргызы в исторических книгах с маньчжурского языка записаны как "бурут", ведь они поддерживали империю Цинь. Кайрат Токомбай уулу отметил, что за 60 лет численность кыргызов увеличилась втрое: если в 1944 году кыргызов было 65248 человек, то в 2003 году их стало уже 173700 человек. Автор статьи дает характеристику Кызылсуйской Кыргызской автономной области (ККАО), где живут 70% всех кыргызов КНР. Административный центр ККАО – Артыш, есть три районных центра – Актоо, Улуучат, Акчий, где живут представители 11 национальностей.

Существует кыргызская редакция областного издательства с 1956 года, а с 1982 года выпустило более 370 книг: произведения Чингиза Айтматова, "Санжыра кыргызов", "Поэзия кыргызов", "Манас" в записи В.Радлова, Кыргызско-китайский словарь, "Орхоно-енисейские наскальные надписи", "История просвещения Кызылсуу", "Семетей" и др. В Китае активно исследуется эпос "Манас". Здесь большое значение имеют санжырачы, их достаточно много среди кыргызов Жунго (Китая). Живут творческой жизнью известные комузчу, **акыны и поэты** (Амантур Байзак, Мамбет Асан Эрги, Ошур Мамбет, Сайпидин Кылычбек, Асанбай Матили, Оргалча Кыдырбай, Беки Шаадат, Жениш Ыбырай, Жаанбай Асаналы, Ысмайыл Мамбетакун, Мамбеттурду Мамбетакун, Мамбеткерим Осмон, Тилебалды Кармышак, Момун Абдыкадыр, Бурканбек Качыбай, Гулайим Матили, Токтокан Орозо, Алийма Саадык, Токтобек Курмантай, Токтосун Карыбек, Полот Сейит), **писатели** (Ырысбек Абыкан, Сакен Омур, Турганбай Кылычбек, Турсун Мырза, Зунун Темир, Амантур Абдырасул, Абдыракман Ысмайыл, Чалкар, Турсун Жумалы, Сайыпбек Аалы, Орозалы Кашкарбай) и др.

Очерк-эссе этническая кыргызка из ГБАО **Таджикистана** Махаббат Кудайбердиева назвала “Моя земля – Памир". Автор рассуждает о жизни, объясняя причину приезда на родину предков, размышляет о месте языка в жизни людей. В

трудностях адаптации к этнической родине студенты из разных стран пытались найти свой круг общения. Памирские земляки находили друг друга во время национальных праздников Курбан-айт, Нооруз, соблюдали все традиции и вволю разговаривали на своем диалекте. Они восполняли пробел в этнической идентификации посредством языковой коммуникации, проявляя коллективную солидарность в инокультурной среде: "Восхищаюсь своими земляками, которые прибыли сюда, несмотря на все экономические и прочие трудности, с дальних мест поднебесной высокогорной кыргызской земли – Памира, получают образование во имя будущего своего народа. У меня есть большая надежда на то, чтобы земля Ала-тоо, которую издревле наш предок Манас сделал родиной, пусть процветают кыргызы, живущие в разных уголках мира, становясь пристанищем и опорой" [6, с. 46].

Много статей о кыргызском кино, литературе и других видах искусства часто пишет Данияр Деркембаев, проживающий ныне в ФРГ, считая, что "творчество … является одним из связующих звеньев культурного обмена между народами Центральной Азии и Германии" [4, с. 4]. Теодор Герцен – "великий человек и гениальный художник", – писал Ч. Айтматов. "…Это бесценное наследие нам всем нужно беречь, несмотря на тяжелые экономические условия и политическую нестабильность, преумножить и передать будущим поколениям" [4, с. 5]. В творчестве Д. Деркембаева, живущего в Европе, звучат гражданские и философские темы. Его любовь к родине приводит к мысли: никто не должен забывать о вечных ценностях родной земли. Статьи Д. Деркембаева печатает газета "Вечерний Бишкек". И это значит, что зарубежье становится частью социально-культурного контекста исторической родины этноса. Интересные работы такого типа содержатся на сайте издательства «Грамота»: www.gramota.net/materials.html [1].

Итак, анализ публицистики кыргызского зарубежья демонстрирует наблюдаемое многообразие проблемных идей, отраженных в явлениях художественной словесности. В этом и заключается значение публицистики как формы отражения жизни посредством слова. Реалии жизни кыргызской диаспоры в разных странах мира (Турция, США, Россия, Узбекистан, Австрия, Китай, Таджикистан и мн.др.) отражены в публицистике.

Литературы

1. Бабкина Е.С. Средства массовой информации для детей и юношества русского зарубежья Дальнего Востока в аксиологическом аспекте // Филологические науки. Вопросы теории и практики. Тамбов: Грамота, 2013. №7.Ч.2. – С. 21-26 [Электронный ресурс]. URL: http://www.gramota.net/materials /2/2013/7/8.html (дата обращения: 21.01.2014).
2. Время, отчеканенное в слове: Публицистика Кыргызстана: хрестоматия. В 2 ч. Сост. А.С. Кацев, И.А. Шалева. Ч. 1. – Бишкек: КРСУ, 2009. – С.139.
3. "Где бы мы ни жили, мы остаемся кыргызстанцами": интервью с О. Мамаевой. // Дорога домой: газета. 2008. 26 июля.
4. Деркембаев Д. Художник, проложивший мост [Электронный ресурс]. URL: http://derkembaev.livejournal.com (дата обращения 05.12.2013).
5. "Интеллигенция должна стать локомотивом нации»//Семетей. 2008. №3. – С.3.
6. Кудайбердиева М. Менин жерим – Памир//Международный общественный литературно-художественный журнал «Аалам кыргыздары». 2009. №9. – С. 46.
7. Литературный Энциклопедический Словарь. – М.: Сов. энц-я. 1987. – С. 752.
8. Маткаримов Н.Т. Политическая социализация молодежи в Кыргызской Республике. // Семетей: журнал. 2008. №3. – С. 14-15.
9. Муратов А. Озбекстандагы кыргыздар. // Международный общественный литературно-художественный журнал «Аалам кыргыздары». 2008. №1. – С. 28.
10. Садыкова К. Туркиядагы кыргыздар. Международный общественный литературно-художественный журнал «Аалам кыргыздары». 2008. №1. – С. 22.

11. Токомбай уулу Кайрат. Кытай кыргыздарынын тарыхы жана азыркы абалы (История и современное состояние китайских кыргызов) // В кн. Литература кыргызских диаспор в переводах на русский язык: хрестоматия. Т.2. / В.К. Сабирова. – Бишкек: Максима, 2010. – С. 96-101.
12. Усманов А. Австрияда жашайт, жүрөгү Ала-тоодо (Живет в Австрии, а сердцем он в Ала-Тоо). // Международный Международный общественный литературно-художественный журнал «Аалам кыргыздары» общественный литературно-художественный журнал «Аалам кыргыздары». 2008. №1. – С.18.

Sabirov V.K., docent, OshSU

Kyrgyz foreign journalistic literature

The author of article opens the content of the concepts "journalism", "Kyrgyz abroad", "the literature phenomena" which gain more and more wide circulation in science for designation of interdisciplinary area within which synthesis of natural thinking and language practice is carried out.

***Key words**: journalism, Kyrgyz abroad, diaspora, ethnic art, contents analysis.*

УДК: 82,282 (575.2)

Табалдыева М., окутуучу, ОшМУ

М. Борбугуловдун кыргыз драматургиясындагы орду

Аталган макала 60-70-жылдардагы кыргыз адабий сынына олуттуу салым кошкон, көп кырдуу талант – М. Борбугуловдун кыргыз драматургиясынын өсүп-өнүгүшүндөгү салымын иликтөөгө арналды.

***Түйүнүү сөздөр**: драматургия, адабий сын, жанр, стиль, психологизм.*

В статье рассматривается вклад ученого М. Борбугулова в развитии кыргызской драматургии, который внес свою лепту в развитии литературной критики в данном поприще.

***Ключевые слова:** драматургия, литературные критика, жанр, стиль, психологизм.*

Мухтар Борбугулов адепки чыгармачылык жолун ыр жана сахналык чыгармаларды жазуу менен баштап, 1950-жылы «Ала-Тоо» журналына жаш драматургдун «Мелдеш» деген алгачкы пьесасы жарык көрөт. Аны улай «Бир үй бүлө», «Барпы», «Ким көрүптүр мындайды», «Азган кыз», «Тойтош чоң эне менен Спутник», «Чымчык жана зымырык», «Жусуп Баласагын» деген тарыхый-биографиялык пьесалары, драмалары,комедиялары жаралат. Жанрдын өзгөчөлүгүн, талабын, табиятын өздөштүрүү менен бирге драма жанрынын тарыхы, ал абалы, жанрдык өзгөчөлүгүнө байланышкан проблемалык макалаларды жазууга өтүп, жыйынтыгында кыргыз драматургиясы боюнча филология илимдеринин кандидаты, андан соң доктордукка чейин келип жетти. Демек, М. Борбугуловдун көп багыттуу илимий-сынчылык ишмердигинин ичинен кыргыз драматургиясынын өсүп-өнүгүшү туралуу эмгектери өз алдынч сөз кылууга татыктуу.

Драма жанрынын тематикалык-идеялык, мазмундук, стилдик жактан жаңыланышын анализге алуу, бүгүнкүсү менен эртеңкисине саресеп салуу, драматургдардын каарман менен иштөөдөгү ийгиликтерине баа берүү, чыгармадагы конфликт, психологизм, драматизм маселелерин аныктоо айтканга оңой болгон менен иш жүзүндө ар кандай изилдөөчүдөн терең, фундаменталдуу билимди, аналитикалык ой жүгүртүүнү талап кылаары бышык. Мына ошол олуттуу проблемалар профессор

М. Борбугуловдун илимий изилдөөлөрүндө, адабий сын макалаларында такай жана терең иликтенип турганын сынчынын «Учу кыйырсыз жол», «Турмуштун тереңин көздөй», «Кенч капкасын ачып», «Кыргыз драматургиясынын пайда болушу жана өнүгүшү» ж.б. эмгектеринен ачык байкалып турат. Биз аталган макалада Т. Абдумомуновдун «Атабектин кызы» драмасына карата жазган макаласындагы сынчынын сергек баамына, илимий теориялык жыйынтыктарына кыскача токтолуп көрмөкчүбүз.

Жалпы эле кыргыз профессионал адабиятынын тарыхына көз чаптырсак, калыптануу мезгилин көбүрөөк баштан кечиргендиги байкалат. Айрыкча бул өксүк драма жанрынан ачык эле сезилип, кадыресе олуттуу драмалар кечендеп көз жарып, 50-60-жылдардан гана өнүгүүгө багыт алгандыгы белгилүү. Башкача айтканда, жасалма схемалуулукка, ыксыз көтөрүңкү сүрөттөөгө, курук декламацияга чекит коюлуп, чыгармага ичкериден мамиле жасоо, каарман менен иштөө жагы күчөдү, ушул өңүттөн караганда кыргыз драматургиясында жогорку бийиктиктерди багындырып, коомчулуктун көңүл борборун бурган Абдумомуновдун драмалары болду. Анын чыгармачылыгына байланышкан бир топ макалалар жазылып, (Абдразаков, Асанбеков, Тойбаев,ж.б) адабиятчы сынчылар тарабынан түрдүү баалар берилип да келди. Бирок драматургдун чыгармаларына биринчилерден болуп, кеңири саресеп салып курук комментарийден конкреттүү анализге алгандардын бири сынчы – М. Борбугулов болду. Сынчынын макаласынын алгачкы эле саптарында мындай сүйлөмдөр көзгө урунат: «Жеке адамдын керт башына сыйынууга байланыштуу драматургия дуушар болгон оорчулуктарды жеңип; советтик драматургдар турмуштун конфликтерин, карама-каршылыктарын жымсалдабастан көрсөтүүгө тырышышты» [1,4]. Чү дегенде эле бул сүйлөмдөрдө баягы көндүм сүйлөмдөр менен курук комментарий, же болбосо ошол мезгил үчүн маанилүү болгон, сынчыларда салтка айланган социалисттик доордун патриотун издөөдөн, «идеялык тазалык» саясатынан пайдалануудан арылгандыгы дароо эле байкалат. Анан калса сынчынын драма жанрынын буга чейинки өксүктөрүн сергек байкоо менен, жанрдын ички табиятын кошо көрө билген сергектигин өз мезгилинин эң мыкты делген сынчыларынын да эмгектеринен жолуктуруу кыйын болчу. 50-60-жылдарда жалпы эле совет адабиятында абийир ыйман, адамгерчилик, адеп ахлак маселеси борбордук тема катары каралган болсо, бул теманы ачып берүүдө Т. Абдумомуновдун чыгармалары жаңы бийиктиктерди багындырганын белгилеп, ийгиликтин башкы сырын автордун каарман менен иштөө тахтикасынан көрөт, «Автордун эпостук традициядан бошоно баштагандыгын анын өз каарманына, айрыкча героинияга кылган мамилесинен көрөбүз. Драматург жазып жаткан героиниясын баштан аягына чейин төбөсүнө көтөрүп мактай бербейт. Анын кылык жоругуна, ишине, сөзүнө өзүнүн баасын берүүгө тырышат. ашкача айтканда автордук позициясы бар» [2, 7].

Изилдөөчү автордун ийгилигин өз мезгилинде сергек иргей билген. Анткени Абдумомуновго чейин жана катарлаш жаралган бир канча чыгармаларда адам турмушунун сырткы жагдай-шарты гана сүрөттөлүп (Албетте Абдумомуновдун да баштапкы чыгармаларында ошол өксүктөн куру эмес эле) дээрлик көпчүлүгүндө каарман мүнөзү бир жактуу чечмеленип, оң жана терс каарманга конкреттүү эле бөлүштүрүлүп оң каарман автор тарабынан жеңил-желпи сүрөттөлүп, сөзсүз ийгиликтердин ээси болгон. Окурман журтчулугу окуясына гана кызыкпаса, каармандын жан дүйнөсүнө сүңгүп кирип, кошо азап тартып толгонууга жеткен эмес. Ал эми Абдумомуновдун каармандары башка адамдар сыяктуу жаңылышат, кемчилдик кетиришет, кээ бир жерде жер муштап ыйлайт. М; буга Жыпар менен Асанбек, Нурдин менен Шайыргүлдөр жандуу мисал болуп берет. Биз ушул жерде изилдөөчүнүн пикиринин өз убагында жана бүгүнкү күндө да актуалдуу экендигин эскерте кетишибиз абзел. Анткени автордун аталган драмасы жөнүндө сөз болгондо дээрлик баары ушул пикирди колдошкон жана өнүктүрүшкөн.

«Атабектин кызы» драмасынын башкы каарманы Жыпаргүлдүн образы эволюциялык жол менен өнүгүп олтурат. Турмуштун карама-каршылыгынан али түшүнүгү жок маңыроо, баардык адамдардан жалаң чындыкты көргөн энөө кыз,

тагдырдын татаал соккуларына туш болуп, турмуштан, сүйүүдөн, жада калса тийген күйөсүнөн чындык таппай, турмуштан сынып бирок жок болбой акырындык менен он өлчөп бир кескен чечкиндүү, кайраттуу турмуштук тажырыйбага ээ болгон образдын деңгээлине көтөрүлөт. Мына ошол өңүттөн караганда автордун реалдуу жана индивидуалдуу ийгилигин изилдөөчү өз мезгилинде туура баамдайт. Абдумомуновдун фольклордук баяндоодон кутулуп, сыртынан сыпаттоодон психологиялык изилдөөгө багыт алып, каармандын жан дүйнөсүнө жасалган терең «экскурсту» ийгиликтердин ийриси деп билет. Башкача айтканда изилдөөчүдө кимге да болсо колдоно калчуу жасалма сүйлөмдөрдү пайдаланбайт. Окуянын үстүнөн түшүп алып сөзмө-сөз комментарий берип, челкейтип чыгармадан мисал келтирип, көөлөм көбөйтүүнү деле максат кылбайт. Болгону, өзүнүн изилдөө обьектисине сыртынан эмес, ичкериден, тереңден мамиле кыла билет. Албетте М. Борбугулов драматургдун чыгармаларын баштан аяк эле көбүртүп-жабыртып мактоодон да алыс. Абдумомуновдук табылгаларды жетик белгилөө менен чыгарманын кемтик-өксүк жактарын жетик жана ачык айтат. Анткени Абдумомуновдун чыгармачылыгына киришүү сынчы үчүн даяр материалдарды тизмектеп койчу катардагы иш эмес, өзүнө чейинки айтылган пикирлерден айырмалоо зарылдыгын да жакшы түшүнөт.

М: Биринчи көшөгөдө Жыпаргүлдүн бир эле мезгилде Асанбекти жанын берип сүйүп, бат эле жалган жалаага ишенип (башка аял менен көңүлдөш деген) аны жек көрүп, кайра эле Сабыркулду сүйүп калуусу бир чети окурманы кооптондурса, экинчиден Жыпаргүлдү жеңил-желпи көрсөтүп койгонун кемчилдик катары көрсөтөт. Башкача айтканда драматург каармандын (Жыпардын) психологиялык абалын окуянын логикалык өнүгүшүндө чечпей же, ишенимдүү себептер менен түшүндүрбөстөн Жыпаргүлдүн позициясы чыгармада көрүнүп сезилип тургандыгына карабастан каарманды зордуктап унутууга мажбур кылып, автордук жыйынтыкты чыгарганы реалдуулуктан бир топ алыстатып салганын айтат. Айтса-айтпаса сүйүү сезими адамдын акыл-эсинен тез эле чыгып жок болчуу нерсе болсо, жандар неге кыйылмак көз жаш неге акмак. Чыныгы сүйүүнүн күчүн, барк-баасын «Жамийладагыдай» сездирүү жетишпей турганын да изилдөөчү туура баамдайт. Экинчиден Жыпаргүлдүн Асанбек менен болгон мамилеси драмалык каражаттар менен (кыймыл аракет) менен ишке ашпастан аңгеме түрүндө берилип натыйжада драманын талабына жооп бербей калганын айтат. Башкача айтканда драмалык чыгарма сахнага гана ылайыкташтырылып жазылып, каармандын кыймыл-аракети, конфликт драматизм негизги ролдо болушу зарыл. [2, 15-18].

«Атабектин кызы» драмасында конфликт өтө кеч башталып, ага чейинки 2 көшөгө окуянын экспозициясынын гана ролун ойноп калгандыгын байкап конкреттүү мисалдарды келтирет. М: «Атабек институтту бүт дегенине болбой Жыпардын күйөөгө чыгып кеткени, атасы таарынып каттабай койгону, кызынын атасын сагынып ыйлаганы албетте кайгырта турган көрүнүш. Бирок бул мүнөздөрдүн турмуштук коцепциянын кагылышы эмес».

Ошондой эле Садыркулдун Жыпарга деген жалган сүйүүсүнүн бети ачылган эпизод автор үчүн чыгармасындагы эң күчтүү конфликт. Ал эми изилдөөчүнүн баамы боюнча жалган жалаанын курмандыгы болгон Асанбек менен Жыпардын сүйүүсүнүн талкаланышы драматизмге жакындыгын белгилеп, автордун буга маани бербегендигин теориялык өксүк катары баалайт. Айтса-айпаса чындык, сен ишенип тагдырыңды бир адамга байлап бүткүл жакшылыгыңды ошол адам менен байланыштырып алган адам үчүн сүйгөн адамдан көңүлү калышы бүтпөс ызааны алып келээри шексиз. Ушунун өзүндө чылк драматизм жатпайбы…

Башка жанрлар сыяктуу эле драма жанрынын да ички ориентациясы элдик оозэки чыгармачылык жана дүйнөлүк адабият менен орус адабияты болгондугу белгилүү. Бирок кеп кайсы автор адабий продукциянын үлгүлөрүн кантип кабылдап, кандай таасир алып, кандай шартта пайдаланды мына ошого байланыштуу эмеспи. Абдумомуновдун аталган пьесасындагы жалпы окуянын логикасы, образдык түзүлүш, сюжеттик курулуш

негизинен орус драматургдары А. Арбузов менен А. Салынскийдин пьесаларынын мотивинде жазылып ал гана эмес түздөн-түз туурооо чейин баргандыгын айтып баратып ушул жерде изилдөөчү олку-солку ойго алдырып, кайра анын себебин аныктоого кылган аракети байкалат. «Жыпаргүлдүн турмуштук жолунда, кулк-мүнөзүндө Танянын биографиясына, турмуш жолуна, кулк-мүнөзүнө окшош жерлери, кала берсе, кайталанган жерлери бар. Албетте, мунун баарын кокустук менен, ошондой эле жалаң гана таасир менен түшүндүрүүгө болбойт» деп баратып эле «Т. Абдумомунов менен А. Арбузовдун драмасынын каарманын өзүнүн драмасына көчүрүп келген экен деген жыйынтык чыгаруу адилетсиз болоор эле. Таня менен Жыпаргүлдүн басып өткөн жолдорунун окшоштугун биздин турмушубуздун жалпы логикасы, закон ченемдүүлүгү менен түшүндүрүү керек» [4] деген жыйынтыкка келет. Изилдөөчүдөгү мындай эки анжы ойду калыстыгы деп түшүндүрсөк оң болчудай. Анткени артында таасир алчу нускалуу адабий продукциянын жоктугу, авторлордун тажрыйбасыздыгы таасир алуу менен тууроонун чегин бириктирип, натыйжада чыгармачылык машыгуудан өткөндүгү изилдөөчүнүн сөзсүз көңүл борборунда турду. Анан таптакыр эле чыгарма мыкты жазылды, тууроонун белгиси жок дегенде да калыстык болбой калмак да, изилдөөчүнүн позициясы күңүрт болуп курук коментарийден айырмаланбай калмак. М. Борбугуловдун бир жактуу карабагандыгынын себеби мына ушунда болчу деп ойлойбуз.

Ар кандай чыгарманы жазууда сюжет менен композициянын орду чоң. Эгер сюжет менен композиция туура эмес жайгашкан болсо чыгарманын мазмунуна, андан барып негизги идеяга доо кетиши ыктымал. Үчүнчү көшөгөдө Садыркулдун жүзүкаралыгын жеткирүүгө, чыныгы жүзүн ачууга болгон аракет драмадагы окуянын бүткүл логикасын ээлеп ага чейинки окуялар жөн эле созулган экспозициянын ролун аткарып, драматизмге өтө кечигип үчүнчү көшөгөнүн орто ченинде орун тийгенин автордун чыгармасынын эң ири өксүгү деп билет. Бул маселе боюнча талашы жок макул болсок болот. Анткени изилдөөчү адабияттын теориясы предмети боюнча бир канча жыл лекция окуп адистешип калган адам. Анан калса чыгарма менен тааныш анча карапайым эмес адамга бул өксүк оңой эле байкалат [5].

Ошентип изилдөөчүнүн аталган макаласы Т. Абдумомуновдун драмасынын ийгилик-өксүктөрүнө калыс караган, чыгарманын сюжеттик композициялык курулушунан тартып, образдык курулушу, жанрдык-стилдик өзгөчөлүгүнө чейин кенен экскурс жасап, аны дүйнөлүк, орус адабиятынын үлүгүлөрү менен салыштырган өз мезгилинин эле эмес бүгүнкү күндүн да элегинен өтө турган мыкты макала дегенге толук негиз бар.

Адабияттар

1. Борбугулов М. Кенч капкасын ачып. – Ф. 1967.
2. Борбугулов М. Турмуштун тереңин көздөй. – Ф. 1968.
3. Борбугулов М. Адабият теориясы. – Б. 1996.
4. Асаналиев К. Жетилүү. // Советтик Кыргызстан, №7. 1980.
5. Үмөталиев Т. Көп кырдуу талант ээси. // Ала-Тоо, №9. 1980.

M. Tabaldieva, techer, OshSU
medya.81@mail.ru

M. Borbugulov as a literary critic of the Kyrgyz Drama

The article discusses the contribution of the scientist in the development of the Kyrgyz M. Borbugulova drama, which has contributed to the development of literary criticism in this field.

Key words. *drama, literary criticism, genre, style, psychology*

УДК: 82. 165.191

Темиралиева Т.Т., магистрант, ОшГУ

Проблема мифа в современном научном дискурсе

Бул макалада кыргыз элинин мифологиясынын илимий дискурсунун проблемасы каралат.

Ачкыч сөздөр: *уламыш, мифология, дискурс, поэтика,мифологиялык ой жүгүртүү.*

В данной работе рассматривается проблема научного дискурса мифологии кыргызского народа.

Ключевые слова: *миф, мифология, дискурс, поэтика, мифологическое мышление.*

В изучении проблем мифа и мифологии в нашей республике наметились отрадные перемены, хотя еще есть и нерешенные аспекты. В свое время Ч. Айтматов подчеркивал, что мифы появились в определенную эпоху, на определенной ступени развития человеческого мышления» [1, с. 394-399]. Он писал: древние мифы и легенды помогают нам увидеть современными глазами наших далеких предшественников… Это обогащает нас, это наша духовная опора» [2, с. 3 14-322]. В данной статье будет сделана попытка выявить некоторые аспекты изучения сущности мифологии в научном дискурсе республики.

Издание двухтомного словаря «Мифы народов мира» (1982), работ А.Ф. Лосева (Античная мифология», 1957), Е.М. Мелетинского («Поэтика мифа», 1976), О.Фрейденберга («Миф и литература древности», 1975), М.И. Стеблин-Каменского («Миф», 1976) активизировало внимание ученых к данной проблеме. С. Аверинцев, М. Эпштейн в работе «Мифы» (1987) говорят о сложности самой проблемы, термина **миф** (имеющего более десятка толкований); к сожалению, эти филологи признают недостаточную освещенность вопроса специфики советской мифологии. Они преимущественно речь ведут о взаимосвязи античной, фольклорной мифологии и литературы, не касаясь вопроса преломления советских мифов в литературе XX века. О древних корнях мифологии кыргызского народа писал С.М. Абрамзон [3], К.И. Антипина [4], Ш. Акмолдоева, К. Байджигитов [6] и др.

За последние годы произошли позитивные сдвиги в научном осмыслении роли культуры кыргызского народа, в том числе и его богатейшей **мифологии** через призму истории и теории философии, социологии, культурологии. Труды видных философов Б. Аманалиева «Киргизские мыслители XIX и начала XX веков» (1965) и др. указали направление дальнейших поисков по изучению проблем духовного наследия народа. Издание кыргызских мифов, легенд, преданий отдельной книгой К. Байжигитовым (1985) стало весомым шагом в освоении духовного наследия народа. Этот ученый основное внимание уделил мифам далекого прошлого, мифы, легенды XX века не вошли в данное издание.

В трудах философов 50-70-х гг. XX века активнее стали использоваться важные категории философии и эстетики*: наука, разум, сознание, закономерность, бытие, идеализм, материализм, мифологическое сознание и др.* Активизировалось внимание к проблемам эволюции общественно-философской мысли кыргызов от древнейших времен до начала 20-го века (Б. Аманалиев и др.), изучению историко-философских проблем (А. Нарынбаев и др.), мировоззренческого и социально-этического плана творчества акынов-мыслителей XIX – нач. XX веков Женижока, Молдо Нияза, Исака Шайбекова и

др. (А. Какеев, Ж. Жаныбеков, Ш. Базарбаев и др.). Усилилось внимание к осмыслению философских категорий с привлечением сопредельных дисциплин (А. Брудный, А. Салиев и др.). Из последних работ по изучению культурного наследия кыргызов отметим труды Ж.К. Урманбетовой (1997), Ч.Т. Нусупова (1999), О.А. Тогусакова (2001), К.М. Молдобаева (2002) и др. Значительный интерес представляет работа «Мифология как способ познания мира» (1998) С.М. Мукасова, который, как и в других исследованиях, значительное место уделяет изучению данного явления в духовной культуре народа. С использованием текстов из мифологического наследия ученый рассматривает в докторской диссертации историческую динамику философского мышления кыргызского народа (2000). Бережное изучение текстов кыргызской мифологии чувствуется и исследовании «Донаучное миропознание кыргызского народа» Э.К. Шариповой (2000). Философы Э.К. Шарипова (2000), Ж.О. Куватова (2001) говорят о значимости архетипов и элементов донаучного миропознания для выявления картины мира кыргызского народа. Феномен философем в кыргызских мифах обстоятельно изучила З. Рысалиева в кандидатской диссертации (2003).

На богатом мифологическом и ином материале исследует духовный мир древних кыргызов (1998) философ Ш.Б. Акмолдоева, в трудах которой мифы из героического эпоса народа использованы для реконструкции кыргызской мифопоэтической модели мира, исследователем рассмотрен (в аспекте изучения малоразработанных вопросов) его этногенез и этнокультура. указывает, что мифотворчество – это важнейшее явление в культурной истории кыргызского народа [5]. Тексты великого эпоса позволяют ученому убедительно воссоздать картину миропонимания древних кыргызов. Ученый выявляет через мифологические тексты чувственно-контрастный характер, метафоричность, эмоциональность образного мышления народа, вскрывает суть героического повествования, составляющего целостную картину народной жизни.

Известный философ А.Ф. Косарев прав: любая картина мира, независимо от того, на каком материале – мифологическом или научном – и на каком уровне – ассоциативном или теоретическом – она построена, имеет отчетливо выраженный мифологический характер (Косарев, 2000, 260). На самом деле картины мира всегда антропоморфны (явно или неявно), их язык по необходимости символичен (словесно – образен, метафоричен), а их идеологические установки (парадигмы) с неизбежностью приобретают ритуально-догматическую окраску. Как известно, они повторяются из века в век, утрачивая свою былую доказательность и превращаясь в простые заклинания. Ж. Урманбетова в исследовании «Культура кыргызов в контексте развития цивилизации» (1997) справедливо акцентирует мысль, что духовная культура кыргызского народа породила сложную систему глубоких традиций, интегрирующих силу и специфику национально-духовных ценностей, особенности стиля мышления, богатство народного языка, его мифологии, что и стало залогом сохранения уникальности этой культуры [8]. К.Э. Аблазов, выявляя генезис и эволюцию философских понятий кыргызского народа (2000), подчеркивает, что они возникли как результат, как разрешение противоречий между мифологической картиной мира и новым знанием, мышлением людей.

В свое время С.М. Абрамзон (1946). К.И. Антипина (1962; 1982) указывали, что первые сведения о кыргызах в исторических источниках относятся к III в. до н.э. Религиозно-философские воззрения кыргызского народа отмечены многостадийностью, многосложностью. При характеристике религиозных воззрений людей исследователи называют его народным, бытовым исламом (С. Дюшенбиев, 2001, 267). Картина мира древних и средневековых кыргызов отличалась синкретизмом. В кыргызском исламе, наряду с положениями суннитского *ислама* вполне уживались домусульманские верования (*анимизм, тотемизм, фетишизм, культ природы и умерших предков, тенгрианство, шаманизм*). Картина мира древних кыргызов была весьма богата мифологическими образами, преданиями о происхождении племени бугу от *оленя или от рогатой матери,* о К*айберене*, покровителе диких животных («Манас»). О

мифологическом воззрении народа говорят названия ряда кыргызских племен, родов (*кийик-найман, куран-найман, жагалмай, аксак-борю* и др.), образы из поэмы «Кожожаш», «Карагул ботом». Как и у ряда других народов, кыргызские мифы хранят тотемные образы *волка, собаки, барса и др.* Фольклор этого народа богат тотемистическими образами покровителей или «духов» – это: верблюдов - *Ойсул-Ата,* овец - *Чолпон-Ата* и др. *Умай-Эне* – это покровительница материнства, потомства. В мифологии древних кыргызов особо почитаемым было верховное божество – *Тенир* (Небо), т.е. божество Верховного мира. Вот почему для современных людей, исповедующих ислам, одним из синонимов понятия *Бог (Аллах, Кудай)* является *Тенир*. В быту, часто благословляя или выражая благодарность, мусульмане-кыргызы говорят: «Тенир жалгасын!» («Да благословит тебя небо!»). Религиозно- мифологические воззрения кыргызов были также прочно связаны со святыми местами (мазары, горы, скалы, рощи, деревья): это *Ала-Мазар, Сары- Мазар, Арсланбоб, Кочкор-Ата, Ала-Мышык, Саймалуу – Таш* и др. Такие места народ называл «*ыйык жер»,* т.е. священное место. Указанные тексты народа хранят образцы народной мудрости, памяти о предках (*арбак).* Одним из таких предков стал легендарный Манас, когда в трудные дни для судеб народа люди вспоминают *арбак Манаса.*

С.У. Дюшенбиев в работе «Распространение ислама в Кыргызстане» (1999) отмечает, что религия оказала существенное влияние на порождение мифов, легенд. Религия стала новой ступенью в иерархии религиозно-философских верований кыргызов. Как бы то ни было, но картина мира народа без учета памятников культуры кыргызов, в том числе и религиозных мифов, мифологических текстов данного периода, была бы неполной. Картина мира кыргызов зримо предстает в памятниках прошого, в текстах выдающихся мастеров слова – акынов-заманистов («Тар заман» Арстанбека, «Зар заман» Молдо Кылыча, айтыш Женишока и Нурмолодо и др.). Их произведения – это поэтические раздумья по острым общественно-социальным и политическим темам, в которых находим интерес к мифологическим текстам. Вспомним весьма своевременное издание научного труда А. Е. Захаровой «Сулейман-Тоо. Мифы, легенды, предания, исследования» (Ош, 2013), красноречиво представляющее картину функционирования всевозможных мифов в нашем крае. Об этом пишут литературоведы Л. Укубаева (2001), Д. Асакеева (1997), Р. Сарыпбеков (1999). К сожалению, как видно из научного издания «Кыргызская наука в зеркале диссертационных исследований» // Бишкек, 2003), в период с 1993 по 2003 годы в диссертационном совете по литературоведению почти нет работ, непосредственно посвященных мифам (2003).

Большой урон мифам в народном сознании нанесли драматические события после 1917 года, когда вообще встал вопрос о его будущности. Все вымышленное, фантастическое, связанное с религией, подвергалось гонениям. Но и в эти трудные дни, кыргызы, как и их древние сородичи, полагали, что если бережно хранить наследие народа, соблюдать обряды, свято следовать заветам предков, то настоящее окажется повторением прошлого, что это и есть гарантия дальнейшего существования и благоденствия племени, рода, народа. При этом народ, несмотря на все попытки со стороны тоталитарного государства приглушить мифологическое и религиозное сознание, сберег почтительное отношение к его ценностям. Об этом красноречиво говорят произведения Ч.Т. Айтматова («Белый пароход», «Буранный полустанок», «Ранние журавли» и др.) и других классиков кыргызской литературы, которые бережно использовали в своих произведениях мифологические образы, детали. «Долго дремавшие, казалось бы, навсегда отошедшие в небытие мифы, легенды, предания ожили и заработали в человеческой памяти не случайно…», – писал Ч.Айтматов [1]. Мифологизация истории и современности – важная черта мышления человека XX-XXI вв. И это тоже одна из основных тенденций в картине мира современного кыргызского народа. Проблема изучения мифологии народа пока остается важной задачей философской и филологической науки.

Литература

1. Айтматов Ч. Кирпичное мироздание или энергия мифа // Собрание сочинений в восьми томах. – Алматы. 2008. Т. 8. – С. 394-399.
2. Айтматов Ч. Духовная опора // Полное собрание сочинений в семи томах. – М. 1998. Т. 7. – С. 314-322.
3. Абрамзон С.М. Очерки культуры киргизского народа. – Фрунзе. 1946.
4. Антипина К.И. Верования, традиции, обычаи (кыргызского народа) // Киргизская ССР. Энциклпедия. – Фрунзе. 1982. – С. 378-384.
5. Акмолодоева Ш. Б. Древнекыргызская модель мира (на материалах мифов в эпосе «Манас»). – Бишкек: Илим, 1996. – Ее же: Духовный мир древних кыргызов. – Бишкек. 1998.
6. Байджигитов К. Киргизские мифы и легенды. – Фрунзе. Илим. 1985.
7. Урманбетова Ж. Культура кыргызов в контексте развития цивилизации. – Бишкек. 1997.

Temiralieva T.T., graduate student, OshSU

The problem of the myth in the modern scientific discourse

In this article considered the problem of scientific discourse mythology of the Kyrgyz people.
Key words: *myth, mythology, discourse, poetics, mythological thinking*

УДК: 894, 341-8-131

Б.Т. Темирова, к.филол.н., доцент, ОшМУ

С. Аксыкентинин «Тарыхтардын жыйнагында» Манас баатырдын образынын чагылдырылышы

С. Аксыкентинин «Тарыхтардын жыйнагында» Манастын образы менен эпостук мотив салыштыра изилденди.
Ачкыч сөздөр: *жазма адабият, эпостук мотив, фольклордук эстетика, автордук позиция, сюжет, каарман, тарых.*

В статье рассматриваются отражение мотива эпоса образ Манас в «Историческом сборнике» С. Аксыкента.
Ключевые слова: *рукописная литература, мотив эпоса, фольклорная эстетика, авторская позиция, сюжет, персонаж, история.*

Кыргыз элинин тунгуч тарыхчысы, манастаануу илиминин көч баштоочусу Сайф ад- дин (Сайпидин) Аксыкентинин “Тарыхтар жыйнагы” (“Мажму ат-Таварих”) улуттук маданиятта баалуу мурастардын катарында турат. Автордун байыркы доордон өзү жашаган мезгилге чейинки элдердин тарыхын, этнографиясын, фольклорду мыкты өздөштүргөнү, илим, билимдүү адамдардын чөйрөсүнө дайыма аралашып жашаганы китептин маани-мазмунунан даана көрүнүп турат. Сайф ад-дин кол жазма эмгегин чыгыш маданияттын дүйнө жүзүнө тараткан тилдердин бири фарси тилинде жазган. Кол жазманы бөтөн тилде жазса эле ата, баланы кыргыз эмес, башка улут деген изилдөөчүлөр да бар (Мамыров М. “Манас” эпосунун калыптаныш тарыхы. Б., Бийиктик, 2005. 42-бет). Бирок алардын кыргыз экендиги кандаш элининин тарыхый турмушун, үрп-адат, салт-санаасын, санжыра-уламышын, географиялык топонимикасын терең билгенинен кашкая көрүнүп турат. Бул эмгекте эпостук маалыматтар Манаска таандык окуяларда

баяндалганы, тарыхый болмуштар менен адам тагдырлары уламыш-санжыра, фольклор аркылуу ширетип бергендиги менен да баалуу.

“Ар бир кол жазманын өз тагдыры бар” деп араптар айткандай “Тарыхтар жыйнагынын” үч нускасы биздин күндөргө келип жетти. Биринчиси Ленинград мамлекеттик университетинин китепкансынын Чыгыш бөлүмүндө 963- номурда катталган жана ошол кол жазманы тажик окумуштуусу А.Т. Тагиржанов окуп, жарыкка чыгарган. Экинчи нускасы 667-номурда СССР Илимдер Академиясынын Азия элдер институнун Ленинград бөлүмүндө сакталып турат. Бул нусканы В.А. Каллаур тарыхчы В.В. Бартольдго жибергенде кол жазманын мазмунуна мүнөздөмө берип келип, байыркы мурасты сактаган Наманган чөлкөмүндөгү Ширкент кыштагынын тургуну Жагдыкожо болгондугу, автору Сайф ад-дин эмгегин бүтпөй каза болгондо калган ишин баласы Нурмухаммед – Нооруз жыйынтыктаганы, бул хижра боюнча X кылымга (1494-95 / 1591-92) туура келе тургандыгын белгилейт. Экинчи нусканын кол жазмасын В.А. Ромодин окуп, мазмунун түшүндүрүп машинкага бастырып, “Извлечение из “Маджму ат-таварик” деген ат менен КУИАнын алдындагы кол жазмалар фондусуна өткөрөт, бул күндө 887- номурунда сакталып келе жатат.

Үчүнчү кол жазманын тарыхы тууралуу окумуштуу О. Сооронов мындайча кабар берет: “Молдо Мамасабыр Досбол уулу экөөбүз фарси тилинен кыргыз тилине которуп, журтубузга тартуулап аткан үчүнчү нуска өз республикабыздын Жалал-Абад областына караштуу Алабука районунун Баймак кыштагында (мурдагы аталышы Наманган уезди, Кутлук-Сейит волосту, Баймак айылы) 1898-жылы туулуп мектеп, медреседен, он айлык мугалимдер курсунан, аягында келип Бишкектеги жыйырманчы-отузунчу жылдарда эң жогорку окуу жай болгон, кыргыздын мыкты интеллигенттери өсүп чыккан атактуу Педтехникумдан билим алган (1927-1931-жылдары) Жайлообаев Назармат аксакал 1968-жылы Академиянын Тил, адабият институтунун алдындагы Колжазмалар фондусуна өткөргөн “Мажму атут-таворих” (Инв. № 167/ 277) болуп саналат”, – дейт [4, 5-6].

Акыйкатта, “Тарыхтар жыйнагы” китеби кыргыз маданияттынын алтын казынасын байытканы, мындай баалуу мурасты көздүн карегиндей сактап келген көкүрөгү зирек Жагдыкожо, Жайлообаев Назармат бабабыздын, окурман журтчулугуна таанытып, илим чөйрөсүн алып чыккан изилдөөчүлөрдүн, котормочулардын эмгеги бараандуу орунда турат. “Тарыхтар жыйнагы” эстелиги XVI кылымда жазылгандыгын изилдөөчүлөр А.Т. Тагиржанов, В.А. Ромодин, В.В. Бартольд да белгилейт. Ал эми окумуштуу О. Сооронов жогоруда айтылган көз караштарга кошула бербейт кол жазмада баяндалган окуялардын бардыгы XVI кылымда гана эмес, “мүмкүн орто кылымдабы же андан да мурдабы болуп өткөнүн, “Манас” эпосуна байланышкан окуяларды да ошондой мааниде кароо менен кийинки окуялар фольклордун законуна ылайык анан кошулганбы” деп божомолдоп, түшүнүү зарылдыгын туюнтат.

Албетте, окумуштуулар А.Т. Тагиржанов, В.А. Ромодин, В.В. Бартольд да “Тарыхтар жыйнагынын” жазылыш мезгилин XVI кылымга таандык катары көрсөтүп жатат, ал эми фольклорист О. Сооороводун кол жазмадагы окуялар аталган кылымдан мурда болуп өтсө да, кийинки доорлордогу окуяларга катмарланып сиңип кеткенби деген ой пикирине кошулууга болот. Мындай олуттуу көз караш Манастын айланасындагы окуяларга байланыштуу көрүнөт. Манастаануу илиминин тарыхында орто кылымдарда жазма түрүндө кездешпеген Манас баатыр жөнүндөгү алгачкы маалымат дал ушул Сайф ад-диндин “Тарыхтар жыйнагы” чыгармасынан жолуктурабыз. Мындан Сайф ад-дин Аксыкенти тунгуч жазгыч тарыхчы, “Манас” эпосунун айрым маалыматтарын алгач кагазга түшүргөн фольклорчу, көркөм сөзгө ышкылуу сүрөткер катары элдин тарыхын, этнографиясын, кыргыз урууларынын келип чыгыш санжырасын, географиялык жер-суу аттарын, уламыш, жомокторду мыкты билген аалым экендиги күмөн туудурбайт. Ошондуктан автор эмгегин жазууда жогоруда айтылган булактарга таянат.

Сайф ад-дин “Тарыхтар жыйнагында” Манас баатыр тарыхта жашаган инсан катары сүрөттөйт, анын тегерегинде кошо жүргөн көптөгөн адамдардын тагдыр

таржымалы тарых бетинде жазылып калган. Кол жазмада “Манас” эпосу жөнүндө сөз болбостон, негизинен тарыхта жашаган Манастын Ата журтту чет душмандардан коргогон баатырдык күрөшүн көрсөткөндө, сүрөттөөгө алган окуяларда эпостун үзүндүлөрүн булак катары алгандыгы даана байкалат. Көрүнүктүү окумуштуу К. Асаналиев: “Кантсе да “Манас” эпосу бекер жерден жаралбаганы, ошондой эле анын эл арасына кеңири белгилүү экени XV-XVI кылымдарда пайда болон перси тилиндеги “Маджну ат-таварих” дегеле тарых жыйнагына жарыяланып калганы өзүнөн-өзү айгинелеп турат,” – дейт [2, 178]. Залкар сынчы, чоң илимпоздун көрөңгөлүү ой пикиринде жандуу чындык жатат. Ушул мааниде “Тарыхтар жыйнагында” Манас баатырга жана эпоско тиешелүү көрүнүштөрдү бүгүнкү күндө жазма формада жашап жаткан эпостун ар түрдүү варианттары менен салыштырып кароо абдан кызыктуу.

“Тарыхтар жыйнагы” жазма эстелигинин окуялар түрмөгүндө баяндалгандай, Каркыралык кыпчактарга бийлик жүргүзүп турган жаш Жакыпбек калмак ханы Чуңча өзүнө каршы жортуул баштаганын уккан соң, Оң хандан жардам сурайт, кандуу кагылышта калмактарды жеринен сүрүп чыгарып, акыры биргелешип жеңишке жетишет. Жазма эстеликте андан кийинки окуя мындайча сүрөттөлөт: “Оң хан Каракыштакты Жакыпбекке берип, өзү Ташкенге келди. Чуңча калмак Кырккөлгө барды, аялы уул төрөгөн экен атын Жолой койду. Жакыпбектен да уул төрөлдү, анын атын Манас койду, Оң хандан бир уул төрөлдү, анын атын Токтомуш койду. Алоокеден да бир уул төрөлдү, анын атын Абкахан койду” [4, 45].

Чыгармадагы окуянын жүрүшүнөн маалым болгондой калмак ханы Чуңчанын көзү өткөндө ордун баласы Жолой басат. Оң хан каза болгондон кийин Каракыштакта өкүмүн жүргүзүп жаткан Жакыпбекти үч жыл даярданып келип, Жолой кызыл кыргын чабат. Жакыпбекти туткундаганда 12 жаштагы баласы Манас Таластан кырк жигити менен келип бошотот, душмандарды кууп чыгат. Манас атасын менен Таласты мекендеп турганда күчтүү жоо калмактар камоого алат, алар эми Чаткалга журт которот. Мындай кабарды уккан Жолой кайрадан Манаска кандуу жортуулун баштайт, жардамга келген Аңгатөрө, Токтомуш хан, Саид Жалалиддин баары биригип күч топтоп, душманды талкалайт. Токтомуш хан Манаска арнап Манасия деген шаар курдурат.

Токтомуш хан башка элдерге жортуулга кеткенде, анын жоктугунан пайдаланган калмак ханы Жолой Манасия шаарына кол салат. Кыргындуу согушта Манас баатыр кашык каны калгыча салгылашат, эл-журттун коргойт, Токтомуш хан менен Аңгатөрөнүн жардамы менен жеңишке жетишет, баскынчылар качат. Жеңилип калган Жолой элчи аркылуу Манаска кат жолдойт. Ал катты Манас Токтомуш ханга жөнөтөт, анда: “Бир бирибизге кийлигишпейли, Кырккөл менин ата-бабамдын жайы, Токтомуш хан кийлигишпесин. Биз дагы Манасияга кийлигишпейбиз. Бир-бирибиз менен ынтымак жашайлы!” – деп айтылат. Катка Токтомуш хан мындайча кыска, так жооп берет: “Теңизге Жолой жакындабасын, Теңиз биздики” [4, 54]. Ошондо Жолой каттагы койгон шартка макул эместигин билдирип, үч жылга мөөнөт сурап элчилерин жиберет, Токтомуш хан макул болот, баскынчылар өз жерине кайтат. Белгилөөчү жагдай, кол жазмадагы Кырккөл, Теңиз деген аттар кадимки кыргыз жеринин бермети Ысык-Көлдүн байыркы аталышы.

Бирок Жолой убадасына турбастан бейкапар жаткан кыргыздарга түн катып кол салат, Жакыпбекти өлтүрөт, Манас оор жарадар болот, жардамга келген Каракожо, Токтомуш хандай тарапташтарынын күчү менен кандуу согушта көп жоготуулардан соң, душмандын мизи кайтарылат, дагы жеңишке жетишишет. Жеңилип калган Жолой тынчыбастан туткунга түшкөн түбү кыргыз Төбөйгө кызы Сулунжевени алып берет, күйөө баласын Манасты уу берип өлтүрүү үчүн беш калмакты кошуп жөнөтөт. Манасты айлакер, өздөн чыккан жат Төбөй ууландырат, баатырдын өмүрүн Саид Жалалиддин сактап калганы айтылат. Манастын тирүү калганын уккан Жолой күчтүү аскер курап Ысыккөлгө келет да, андан Кочкорго өтүп кыргыздарды чабат, Манас жана анын тарапташтары катуу каршылык көрсөтөт. Манас менен Жолойдун жекеме-жеке беттешкен

окуясы автор тарабынан абдан таасирдүү берилет. Манастын найзасынан Жолой каза болот, калмактар качып кыргыздар жеңишке ээ болот. Акырында “калмактар Жолойдун сөөгүн Кырккөлгө алпарып, тактысына койуп, Жолойдун уулу Камариддинди хан көтөрөт” [4, 62]. Манас баатыр эли менен Манасия шаарында жашап калганы менен окуя бүтөт.

Биз негизинен “Тарыхтар жыйнагынын” О. Сооронов менен Мамасабыр Досбоол уулу которгон үчүнчү нускадагы Манаска тиешеси бар окуяларга токтолдук. Ал эми В.А. Ромодин таап окуган 667-номурлуу экинчи нускадагы окуя менен окшош, болгону анда Манасты түбү кыргыз чыккынчы Тубай ууландыргандан кийин эки ай өткөн соң, кайрадан Жолой Кара- Кыштакка жортуул жасайт, Манаска тарапташтары Кара кожо, Каңбай баатыр жардам берет. Бирок Жолойдун аскер күчү үстөмдүк кылып, кыргыздар жеңилип баратканда жардамга Аңгатөрөнүн уулу бек Мухаммед колу менен келип, чоң согушта Жолой каза болот. Согуш бүткөндө Манас Кара-Кыштакка кайтып жашап калат. Айырмасы экинчи нускада Жолой чоң согушта өлсө, үчүнчү нускада Манас жеке беттешүүдө Жолойдун ичине найза сайып өлтүрөт. Автор китептин бардык нускасында Манастын кийинки тагдырына же анын урпактарына кайрылбайт.

Албетте, Сайф ад-дин “Тарыхтар жыйнагындагы” Манас баатырга байланыштуу окуяларды жазып жатканда маалыматтарды эпостон же башка бир булактардан алгандыгын так, кесе айтып берүү кыйынчылыкты туудурат. Бирок “Манас” эпосунун варианттарындагы айрым окуяларга үндөштүктү кол жазмадагы баяндалган окуяларга салыштырсак болот. Мындай олуттуу маселеге кайрылган окумуштуулар Ө. Караев менен С. Мусав, оболу кол жазмадагы күчтүү душман, калмак ханы Жолойдун образын бизге жеткен эпостун варианттарына салыштырат: “Мажму ат-таварихтин” автору эпостон пайдаланган материалдарга кайсылар жатарын жоромолдоого болот. Эң алды менен кыргыздардын калмактарга, б. а. Манастын Жолойго каршы күрөшү менен байланыштуу. Буга “Манастын” өткөн кылымдын орто чендеринде кагаз бетине түшүрүлгөн тексттери күбө. Айрыкча, РЖВдагы материалдар баалуу. Бул вариант боюнча Манастын душмандары катары кыргыздарга коңушулаш жашаган уруу, элдердин кандары эскерилгени менен баатырга башкы душман делип калмак каны Жолой эсептелет. Кийинки манасчылардын бүт баарында Манаска каршы турган негизги душман Коңурбай делсе, В.В. Радловдо анын аты аталганы менен Жолой сыяктуу биринчи планда турбайт. Варианттагы кенен сүрөттөлүп берилген согуш да Манас менен Жолойдун ортосунда жүргүзүлөт, ал согушта Жолой өлөт. Бул фактылар менен “Мажму ат-таварихтеги” Манаска таандык маалыматтар менен РЖВдагы сюжеттик нуктун ортосунда байланыш бар, ал нук айрым өзгөрүү, толуктоолорго учураганы менен негизги өзөк кол жазма жазылган шарттан бери 19-кылымдын экинчи жарымынан баш чендерине чейин өкүм сүргөн деп айтууга негиз бар” [3, 388].

Ал эми фолькорчу, окумуштуу Э. Абдылдаев эмгегинде “Манас” эпосунун жаралыш доору, окуялардын тарыхый негизин, эпикалык каармандар Жакып, Манас, Алмамбеттин тарыхый прототибин табууда “Тарыхтар жыйнагына” басым жасайт. Аталган олуттуу маселелелерди туура чечүүдө “XVI кылымдын башында жазылган “Маджму ат-таварих кол жазмасындагы Манас баатыр жөнүндөгү маалыматтар көбүрөөк ишенимдүү аргумент болот”, – дейт [1, 33]. Окумуштуу XIX кылымдын башында XX кылымдын ортосунда жазылып алынган варианттарына караганда “Манас” эпосунун тарыхый генезиси, идеялык мазмуну белгилүү даражада XVI кылымга таандык кол жазмада сакталып калган деген ойду туюндуруп жатат. Албетте, Сайф ад-дин жана анын уулу Нурмухаммеддин “Тарыхтар жыйнагы” жазма чыгарма, кагазга кандай түшсө ошол боюнча сакталып калат. “Манас” эпосу кылымдар бою оозеки формада жашап, муундан-муунга өтүп, алымча-кошумчаланып олтуруп көп варианттуулук жаралат. Мындан фольклор менен жазма адабияттын табияты, алардын ортосундагы айрымачылыктар, бири-бирине тийгизген таасилери, карым-катыш сыяктуу татаал маселе келип чыгат. Ошондуктан “Тарыхтар жыйнагындагы” эпостук сюжеттик нуктун же Манас, Жолой ж.б.

сыяктуу каармандарга таандык маалыматтардын В. Радлов жазып алган вариант менен үндөшүп турушу алгачкы тарыхый изинен кабар берип турат. Бирок мезгил өткөн сайын көптөгөн тарыхый окуялардын катмарын боюна сиңирип, улам толуктоого, өзгөрүүгө кабылганы эпостун табиятындагы мыйзамдуу көркөм кубулуш. Ошондуктан алымча-кошумчаларга, өзгөрүүгө учураганы менен "эпостогу негизги өзөк кол жазма жазылган шарттан бери 19-кылымдын экинчи жарымынан баш чендерине чейин өкүм сүргөн" – деп айткан окумуштуулардын көз караштары чындыкка дал келет.

"Тарыхтар жыйнагында" Манаска таандык окуялардын бири "Бул бөлүмдө Жолойдун Манаска уу бердиргени жөнүндө баяндалат" деп аталат. Жолой согушта колго түшүп, калмак динине өткөн түбү кыргыз Төбөйгө кызы Сулунжевени алып берет. Күйөө баласын чакырып Жолой: "Кимде ким Манаска уу берип жок кылса, калмактын жарымы менен Теңизди берем" – дейт. Жолойдун жакын кеңешчилери акырында Төбөйдү жөнөтүүнү макулдашат, ага беш калмакты кошуп берет да: " Эгер менин тилиме кирсең, Манаска уу берип өлтүрүп кел!" – деп жумшайт. Чыккынчы Төбөй Каркыра деген жердин Каракыштагына конуш алган Манаска келип: "Мен Полоттун убагында Жолойдун колуна түшкөн элем, күнү-түнү канчалык аракет кылсам да качканга мүмкүнчүлүк таппадым. Жолой мага калмактарды кошуп мында жиберди. Ошондон пайдаланып калмактарды байлап алып мында апкелдим" – дейт. Манас кубанып тууганым деп бооруна тартат. Акылдуу Карнас Төбөйдүн карөзгөйлүгүн байкайт да Манаска эскертет. Ошондо Төбөйдү сынап беш калмактын башын ал десе, дароо өлтүрөт, айтор ал толук ишенимине кирет. Экөөнү Карнас конокко чакырат, ал сыртка чыгып кеткенде билдирбей уктап жаткан Манастын тамагына Төбөй уу салат. Ууланган Манасты өлүмдөн Саид Жалалиддин сактап калат.

Көрүнүп тургандай, "Тарыхтар жыйнагында" күчтүү жоо, калмак ханы Жолойдун күйөө баласы, туткундалган кул, калмак динине өтүп кеткен, түбү кыргыз Төбөй аркылуу Манасты ууландырып өлтүрүү аракети "Манас" эпосунун бардык варианттарында кездешкен негизги өзөктү түзгөн "Көзкамандар" окуясына ичкертен үндөшүп турат. Маселен, С.Каралаевдин айтуусунда кытай каны Карыкан туткун кул, энеси калмак Көкчөкөз, Көзкамандарга кыргыздын баатыры Манасты уу берип өлтүрүп келгиле, ошондо алтын таажы кийгизип, Чоң Бээжинге кан тактысына олтургузам деген убадасын берет. Өздөн чыккан жат Көзкамандар Манастын толук ишенимине кирип, баатырды жалгыздап үйүнө чакырып ууландырат. Туш-туштан өлтүрүүгө жабалактаган Көзкамандардан Манасты жакын чоросу Акаяр сууруп чыгып, ат менен ала качкан Каныкей куткарып калат. Каныкей Кайыпчынын зоосундагы үңкүргө алып барып, эч кимге көрсөтпөй, Багдаддан алып келинген дарылар менен өлүм алдында жаткан Манасты дарылап айыктырат.

Демек, байыркы кол жазмадагы Жолойдун Карыканга, Төбөйдүн Көзкамандарга, Карнастын, Акаярга, Саид Жалалиддиндин, Каныкейге айланып калышы эпостун табияттындагы көрүнүштөрдөн. Негизинен жазма эстелик менен эпостогу Манас баатырдын ууланышына байланыштуу окуяда айрым деталдык өзгөчөлүктөр болгону менен негизинен түпкү нук, тематикалык-идеялык өзөк тамыр бирдей. "Кол жазма китепте да "Манаста" да "өзөктөн чыккан өрт, өздөн чыккан жат" Төбөй, Көзкамандардын, Абыке-Көбөш алты арамдай маңкурттардын трагедиясы көрсөтүлүп жатат. Жыйынтыктап айтканда, Сайф ад-дин Аксыкенти жана анын уулу Мухаммед Манас баатырдын окуяларын, эпостун айрым үзүндүлөрү алгач кагаз бетине түшүргөн өз мезгилинин көрүнүктүү тарыхчы-фольклорчулары, ошондуктан "Манас" эпосунун жазма адабияттагы өмүрү дал ушул "Тарыхтар жыйнагы" байыркы мурасынан башталат.

Адабияттар

1. Абдылдаев Э. Кыргыз фолькорунун тарыхынан. – Ф. Кыргызстан. 1983.
2. Асаналиев К. Адабий айкаш. Эскерме баян. БГУ. – Б. 2013.
3. Манас энциклопедия. 1. том. – Б. 1995.

4. Сайф ад-дин ибн дамулло Шах Аббас Аксиценти, анын уулу Нурмухаммед. Тарыхтардын жыйнагы (“Мажму атут-таворих”) /котор. М. Досболов, О. Сооронов. “Акыл” мамконцерин. – Б. 1996.

Temirova B.T., OshSU

The depiction of the image of Manas hero in S. Aksykent’s “The collection of histories”

“Manas” epic refjected in the artistic woorid of “Historical collection” S. Aksykant.

Key words: *handwriting literature, motive of ephic, folk esthetics, authors tion, sujet, personage history.*

УДК: 894, 341-8-131

Б.Т. Темирова, филол.и.к., доцент, ОшМУ

«Манас» эпосунун Ч. Айтматовдун көркөм дүйнөсүндө Чагылдырылышы

«Манас» эпосунун Ч. Айтматовдун чыгармаларында чагылдырылышы изилденди.

Ачкыч сөздөр: *фольклордук эстетика, интерпретация, автордук позиция, сюжет, уламыш, маңкурт.*

В статье рассматриваются отражение эпоса «Манас» в художестенном мире Ч. Айтматова.

Ключевые слова: *фольклорная эстетика, интерпретация, авторская позиция, сюжет, миф, маңкуртизм.*

«Манас» эпосу жана Айтматов» адабият таануу илиминдеги актуалдуу маселелерден. Сүрөткердин дүйнөлүк адабияттын бийик чектерин багынткан көркөм ой жүгүртүүсүнөн көп кырдуулугу, эң күчтүү жагы анын чыгармалары менен элдик оозеки мурастардын тыгыз байланышып, өз ара айкалышып, улуттук кыртыштан күлазык алып, «миф жаратуучу» касиетке ээ болуп тургандыгы. Ушул мааниде «Манас» эпосу Айтматовдун көркөм ааламында орун алып, ага карата өзүнөн адабий-эстетикалык терең көз караштары бар. «Манас» жазуучунун жан дүйнөсүндө бала кезинде уюткуланып, туруктуу мүнөздө жашап келген. Сүрөткердин «Манас» атанын ак кар, көк музу» аттуу публицистикалык макаласында таамай көрүнөт: «Менин мекеним Шекер айылы. Таластын жонарка тоосунун этегинде эзелтен Манас делип аталган кош чокулуу улуу тоонун так түбүндө. Кезинде Аккуласын алкынтып ушул чокуга чыккан экен эр Манас, дагы кайдан жоо келип калбасын деп, туш тарапка көз чаптырып турган экен ушул бийикте эр Манас. Бул чокудан төгөрөктүн төрт бурчу көрүнөрү ырас, акыйкатта эпикалык масштаб. Ошол күндөн ушул күнгө Манас тоонун мөңгүсүнөн тамчыга тамчы кошулуп, куралып, биздин Шекерге ак көбүк, көк буурул суу агып келет. Ал-Күркүрөө. Андыктан болсо керек, оболку кишилер Күркүрөөнү ыйык көрүшүп, айланайын Күркүрөө дешээр эле, Манас-атага жүзүн буруп сыйынышаар эле: «Түбөлүк тур, касиеттүү Манас-Ата!» – дешээр эле [1, 280-28].

«Манас» жазуучунун сезим дүйнөсүндө көктөйүнөн ширелишип калганы, анан калса чоң энеси Айымкандын, эжеси Каракыздан уккан элдик ырлар, уламыш, жомоктор, санжыра, дастандар да көкүрөгүндө коргошундай уюп, өзү айткандай «Таластан биринчи жолу манасчынын үнүн укканы», таланттардын бешиги болгон ыйык жерде элдик поэтикалык дүйнөнүн каймагы калпыла электиги, кыскасы ички, тышкы күчтүү руханий таасирлер анын табияттындагы көркөм өнөргө болгон шыгын ойготкон, духун козгогон. Ошентип, Чынгыз Айтматовдун көркөм дүйнөсүндө «Манастын» образы алгач

«Жамийла» повестинде көрүнөт: «Ат жалын бура тартып, жигиттер жабыла аттанганда, жер толкунун, жоо күүсүн чалды. Өрөөнгө батпай, миңдеген үзөнгүлөр кагылышып, төмөндөгөн миң сан жоокерлер чырактай көздөрүн жайнатып, эл менен журт менен коштошту. Алардын алды жагында туяктан чыккан чаң менен ый аралаша, энелер, жубайлар боздошот: «Кең талаа, колдо! Касиеттүү тууган жер, колдо! Манас, колдоо!» [1. 236].

Академик А. Акматалиев адилет белгилегендей: «Согуш мезгилинде Манастын образы элдин, журттун патриоттук сезимин түшүрбөө үчүн, кайраттуулукка, эрктүүлүккө, жеңишке үндөө үчүн чоң роль ойноп келгендигин жазуучу анын маанисинин чыпчыргасын коротпой таамай көрсөтө алган» [2. 435].

«Жамийла» повестинде автор согуштун трагедиясын ачып көрсөтүүдө жана жоокерлерге Ата журту коргоодо аттуулдук сезимин курчтууда эпосту мотив катары көрөсөндүү ары туура колдонгон. Чынгыз Айтматовдун «Ак кеме» повестинин окуялар тутумунда жана каармандардын тагдырына жуурулушуп, көркөм түзүлүшкө кыймылдаткыч күч берип турган «Бугу эне» жомогунда да эпостук мотив кездешет.

Бул керемет жомоктун терең маңызында Енисейлик кыргыздардын трагедиясы таасын ары курч сүрөттөлгөн. Өзгөчө ата-бабаларыбыздын көкүрөгүндөгү күйүтү менен арманы, жашоодогу ак менен карасы, ооматты менен кеткети болуп катып калган бул элдик ырда тарыхый, философиялык ойлор уюп жатат.

Энесай, сендей жайкын өзүн барбы,
Энесай, сендей жаркын мекен барбы?
Энесай, сендей кыйын азап барбы?
Энесай, сендей ыйык азат барбы?
Энесай, сенден жайкын өзүн болбос,
Энесай, сендей жаркын мекен болбос!
Энесай, сендей кыйын азап болбос,
Энесай, сенден ыйык азат болбос! [1. 63].

Керемет жомоктогу ырда айтылгандай байыркы доорлордо кыргыз журту Сибирдеги Энесай деген өзөндүн боюн мекендеп турат. «Ал дайраны азыр Енисей дешет экен, илгери кыргыздар Энесай дешчү», – дейт автор. Андагы Енисейде жашаган кырк уруу кыргыз жоокерчилик заманда айланасы душмандар менен курчалып, бирок алар менен тең ата тизгин талашып өмүр кечиришет. Енисейлик кыргыздардын тарыхта жылдызы жанып турганда кездерде журт атасы, таланттуу кол башчы Күлчө баатыр каза таап, акыркы сапарга узатуу алдында кыш чилдесинде түн жамынып капилеттен жоо басат, түшкө киргис кыргын салат. Сырткы жоо «кыргыз деген аты өчүп, кылымдын эсинде калбасын, тыптыйпыл кылалы» деген мүдөөсүнө жетет. Бактыга жараша токойдо ойноп жөргөн бир уул, бир кыз калат, аларды Бугу-эне асырап, кырылган кыргыз тукумун сактап калу үчүн жер которуп, Ала-Тоого келишет да Ысык-Көлдү мекендеп, экөөнөн таркагандар Бугу уруусу экендиги трагедиялуу ары психологиялык тереңдикте абдан таасирдүү сүрөттөлөт. «Бугу эне» жомогундагы Енисейлик кыргыздардын трагедиясы, «Манас» эпосу менен Орхон-Енисей жазма эстеликтериндеги баяндарга үндөшүп турат. Маселен, балбал таштагы жазмаларда Енисейде кыргыз каганатын Барсбек баатыр башкарып, тегерегиндеги Орхондук көптөгөн урууларга моюн толгоп, көз карандысыздыгы, эркиндиги үчүн тынымсыз согушуп келишет. 710-жылдары Чыгыш түрк каганаттын жетектеген кол башчылар Төнүкөк менен Күлтегин ызгаардуу кыш айларында түн ичинде Көгмен (Саян) тоосун ашып, уктап жаткан кыргыздарга уруудай жашырынып кол салышат. Бейкапар эл кырылат, Барсбек баатырларча салгылашып курман болот. Орхон түрктөрү Барсбектин баатырдыгына таң калышса, кыргыздар айбаттуу кагандын өз журтун, элин коргоодогу эрдигин даңазалап, кыямат замандын каардуу окуясын таш балбалга чегип түбөлүккө калтырышат. Ал эми «Бугу эне» жомогунда кыргыздар Енисейден Ала-Тоого келишип, Ысык-Көлдү мекендеп калышса,

«Манас» эпосундагы өзөктүү окуялардын бири кыргыздардын Алтайдан Ала-Тоого кайтып келиши негизинен, бири-бирине үндөшүп турат.

Демек, жазуучу Совет доорунда жабык темага айланган Енисейлик кыргыздардын тагдырына кайрылып, кыргыз тарыхнаамасында актай калган барактарын толуктоого салым кошкон экен. Маселен, патриарх жазуучу Т.Сыдыкбековдун Енисейлик кыргыздар жөнүндөгү «Көк асаба» романынын кол жазмасы 1971-жылы Кыргызстан жазуучулар кеңешинде талкууланып, жарык көрүүгө тыюу салынат да, натыйжада эгемен жылдары 1989-жылы гана басмадан чыгат. «Ак кеме» повести орус тилинде 1970-жылы, кыргызчасы А. Жакыпбековдун котормосунда 1978-жылы жарык көрөт. Акыйкатта, Енисейлик кыргыздардын тарыхын адабий аренага алып чыккан Ч. Айтматов болгону жана сүрөткердин аттуулдук да чыгармачылык да эрдиги катары баалоого татыктуу. Жазуучу «Бугу Эне» жомогу аркылуу Енисейлик кыргыздардын трагедиясын ачууда жана өтмүш менен азыркы учурдун маанилүү маселелерин козгоодо эпостогу окуяны мотив катары кылдат, ийкемдүү чыгармачылык менен пайдаланган. Окумуштуу Л.Үкүбаева: «Ч. Айтматовдун «Манас» эпосу баш болгон элдик оозеки чыгармачылыкка кайрылуусу да табигый ички зарылдыктан улам боло берүүчү, түбөлүктүүлүккө айланып калган көрүнүш. Фольклор жазуучунун чыгармаларынын идеялык-көркөмдүк мазмунуна жуурулушуп, аларга өзгөчө түс берди. Жазуучу өз чыгармачылыгында «Манас» рухун чыгармасынын идеялык-эстетикалык маанисине, көркөм образдар системасына байланыштырып, өзүнүн сөзү менен айтканда «өздөштүрүлгөн түрүндө» пайдаланып келет, – дейт» [5. 113].

Чынгыз Айтматов «Манасты» таанып-билүүдө дүйнөлүк маданияттын үлгүсү катары баалоо деңгээлине көтөрүлгөн, өзүнө таандык философиялык-эстетикалык көз караштары, жоопкерчиликтүү, сынчыл чыгармачылык мамилеси бар экендиги айкын көрүнөт. Жазуучунун «Эрте жаздагы турналар» повестинде да «Манастын» образы элестүү тартылган. Согуштун кесепетинен тылда адам күчү жетишпей айласы кеткен башкарма Тыналиев жаш өспүрүмдөрдө Ак-Сайга кош айдоого чакырат. Ошондо «Ак-Сай десанттарынын» көз алдына кудум Айкөл Манастын элеси тартылып, өздөрүн баатырдын чоролору катары элестейт: «Кошчу балдар башкарманын жүзүнө тик карап,сыймыктана кулак төшөп, ар бир буйругун аткарууга даяр турушту. Балдарга азыр башкарма эмес, зоот кийген, каарынан жер жарылган, кадимки көкжал Манас өзү тургандай көрүндү. Өздөрү болсо Манастын чоролору сыяктанды. Бир колдо калкан, бир колдо кылыч кармап тургандай сезишти. Манас өзү жардыгын айткан бу баатыр-чоролор ким эле?» [1. 204].

Жазуучу андан ары Манас баатырдын кырк чоросундай «Ак- Сай десанттары»- Султанмурат, Анатай, Эркинбек, Эргеш, Кубаткулдардын ар биринин жашына, өңү-түсүнө, кулк-мүнөзүнө, аталарынын «казатта» жүргөнүн же каза тапканына, «жоого минер тулпарларына» мүнөздөмө берип, каармандарынын жан дүйнөсүн, катааал турмуш чындыгынын жүзүн ачууда эпостогу мотивди өтө көрөсөндүү ары чеберчилик менен пайдаланган. Айтматовдун балдары көктөйүнөн ата-энесинен, мектептен, айыл таланттарынан уламыш-жомокторду, санжыра, эпосторду угуп, жакындан чоңоюшту, алардын көкүрөгүндө элдик мурастардын таалим-тарбиясы, философиясы ширелелип, азыктанып турат. Ошондуктан Манас духту согуштун муундары ар кандай кыйынчылыктарга моюн сунбаган чыдамкай, адилетсиздикке каршы күрөшүүгө умтулган, мезгилинен эрте жетилген, «эрте келген турналардай» эр-азаматтар эле.

Ч. Айтматовдун дүйнөлүк көркөм ой жүгүртүүнүн эң бийик чектерин багындырган, өмүр сапарынын, адабий ааламынын «аккуу» чыгармасы «Кылым карытар бир күн». Романдын жарык көргөнүнө чейрек кылым өтсө да көркөм наркы, дүйнөлүк глобалдуу ой жүгүртүүлөрү, Адамдуу ачуунун кереметтери боюнча жана ал кезде жазуучу жан кейитип айткан сөздөрүнүн көбү бүгүн турмуш чындыгына айланып, төп келип калышы жагынан мезгилдин курч сынынан ийгиликтүү өткөнүнө менен да узак өмүрлүү көркөм дөөлөттөрдүн катарында турат. Китепте Х кылымдагы даанышман армян акыны Григор Нарекацинин «Аза китебиндеги»: «Бул китеп менин денем деп бил, бул сөз менин

жаным деп бил» деген эки сап ыры эпиграф кылып алгандай жазуучунун жүрөк нурунан, көз майынан, залкар таланттынан жаралган бул синкреттик роман элдик чыгармага айланып, көп каармандары турмушта лакап атка конуп жандуу жашап жатканы сейрек көркөм кубулуш. Өзгөчө чыгармадагы «маңкурт» философиясы дүйнө элдеринин термине айланып калды. Айтмакчы маңкурттун образын автор «Манас» эпосунан тапканын эскерет.

Баланы кармап алалык,
Башына шири салалык,
Үйгө алып барып кыйнайлык,
Алты зубун калмактын,
Аяк-башын жыйнайлык [7. 324].

«Манас» эпосунда «маңкурт» деген сөз жок бирок анын чексиз руханий ааламынан чыккан тамчыдай үзүндүдөн сууруп чыгып, сүрөткер «Эне-Бейит» уламышындагы Жоломан маңкурт жөнүндө улуу трагедияга жуурулган баянды жараткан. Ал эми «маңкурт деген эс-акылдан ажыраган бир сөлөкөт, өзү ким, эл-жер кайда, ысымы ким, ата-энеси ким, кайда, качан чоңойгон эчтеме эсинде калбайт, эчтекени билбейт, кыскасы, өзүн адам элем, деп эсептөөгө жарабай калат. Ошентип, аягы айры, башы кара бир макулук болгон соң айдаган жакка кыңк этпей басат, айткан ишти кыңк этпей аткарат. Маңкурт итке окшоп, ээсин гана ээрчип калат, ээсин гана тааныйт, бар болгону кара курсак» [3. 115].

Адамдын жүрөгүн титиреткен кыямат тагдырга туш болгон маңкурт Жоломандын кайгылуу баяны чыгармада мындайча сүрөттөлөт. Уламага караганда кеңирсиген талаа Сары-Өзөктө көптөгөн көчмөн уруулар канатташ жашап, бирок жайыттуу, суусу мол жерлерди талашып, тынымсыз согушуп келишкен. Мына ошол согушта колго түшкөн туткундарды атың өчкөн айдар көкүл жужандар ырайымсыздык менен башына шири каптап, акыл-эсинен ажыратып жазалап,өздөрүнө кыңк этпей баш ийген кулга айландырып алчу экен. Жоонун туткунунда калган баатыр жигит Жоломанды да түбөлүккө акыл-эсинен ажыратат, ал түгүл тирүүнүн өлүгүндөй макулуктарды куткарып калуудан туугандары да баш тарткан. Бир гана найман уруусунан чыккан эне согушка кеткен баласын унута албай жер кезип издеп жөнөйт. Акыры Сары-Өзөктөн эрме чөлүндө төө кайтарып жүргөн маңкурт баласын таап, жер кучактап ботодой-боздоп, аза кошогун кошкон экен. Күйүттө эне үмүтү үзүлбөстөн уулунун кайрадан «жоголгон эс-учтун жабылуу эшигин ачкысы» келип далбастап жатканда, Жоломан мээлеп туруп как жүрөккө атат. Мына ошол Найман эненин сөөгү коюлган жер Эне-бейит деп аталып калат. Ушундай тарых таржымалы бар Эне-Бейит азыркы кезде аалам чексиздигин тутумдаштырган космодром шаарчасы жайгашып, темир курчоого алынат. Сары - Өзөк чөлүнүн «Бороонду» деп аталган темир жол бекеттинде Казангап, Эдигей, Абуталип сыяктуу дүйнөнүн түркүгүн кармап тургандай ак ниет, мээнеткеч, дили таза адамдар маңдай терин төгүп эмгектенип жашайт. Ушул чоң дүйнөдө кичинекей бир чекит болуп көрүнгөн уюл аркылуу автор жалпы адамзаттын бүгүнкү турмушуна, келечегине багытталган маанилүү маселелерди көтөрүп чыккан. Жашаган жери, иши ар түрдүү болгону менен, адамдар негизинен катарынан кеткен эки сызык аркылуу өмүр сүрөт. Эки жакка алып барчу жашоо философиясы, идея-түшүнүктөр менен жашап калган. Бир жагы элдин тарыхын, салт-санаасын, руханий байлыгын, адамдык ыйык парзын ак тутуп, баарына өз эмгеги менен жетип жашап келе жаткандар болсо, экинчи тарабы ата-тегин, мекенин, тилин, динин түпкү өнүп чыккан жана азыркы бут коюп турчу кыртышынан ажыраган адам аттуу тирүү макулуктар. Алар үчүн дүйнө тескери аласалып кетсе дагы баары бир. Романдагы Жоломан маңкурттуктун классикалык өкүлү. Сабитжан болсо жаңы замандагы анын уландысы, ал өз атасына да күйбүйт, улуттук баалуулуктар жөнүндө түшүнүгү да жок, мээ чарчатып ойлонгусу да келбейт, ички маданияты жарды, дүйнөнү робортчо кабылдайт. Ак ниет Эдигей Эне-Бейитти коргоп калууда кантсе да Сабитжан бизге караганда билимдүү, чоң кызматтарда иштейт, өзүнө окшогон

кишилердин тилин табат, жалпыга керектүү мындай олуттуу маселени чечүүдө жардам берет деп үмүттөнөт. Сабитжан атасынын өлүмүнө түк дагы кайгырып койбостон камырабай: «дүйнөлүк космос маселеси чечилип жатса, кайдагы бир эски жомогунду айтасың» дегенде «Маңкурт экенсиң! Маңкурттун маңкурту сен экенсиң!», – деп Эдигей «каргап да, аяп да сүйлөйт жаны кашайып».

Чыгармадагы «Эне-Бейиттин» өзөгүнүн суурулуп чыккан маңкурт концепциясы боюнча «Чынгыз Айтматовдун элдик уламыштарды көркөм чыгармага айландыруу чеберчилиги» аттуу илимий эмгегибизде «Кылым карытар бир күн» романынын контексттиндеги уламыш-мифтерди жаратуудагы жазуучунун чеберчилик маселесине кайрылганбыз. Анда белгиленгендей «Эне-Бейит» уламышындагы маңкурт концепциясы романдын көркөм түзүлүшүндө, идеялык-эстетикалык, философиялык күчтөн бир салаасын баштан аяк алып жүрөт. Ошондуктан душман тарабынан акыл-эсинен ажыраган шордуу Жоломанга катар коюлуп сүрөттөлгөн бүгүнкү күндөн билимдүү, чоң кызматта иштеген маңкурт Сабитжанды автор: «ажайып искусство образдарында, башкача айтканда, байыркы мифтерде, аңыз- аңгемелерде (легендаларда), классикада сакталып калган рухий таржымалы менен тарыхын унутуп койгон адам», – дейт [9. 150].

Жазуучунун эстетикалык-философиялык терең ой толгоолору фольклор катышкан материалдардын негизинде чыгармаларында улам тереңдеп, идеялык алкагын кеңитип келе жатканы дүйнөлүк окурман журтчулугуна ашкере таанылып калды. «Кылым карытар бир күн» романындагы «Эне-Бейит» уламышындагы Жоломан менен Сабитжандын образдарынын катар коюлушу, бири өткөн доордун окуясы аркылуу берилип жатса, экинчиси азыркы мезгилдин адамы экендигине карабастан, негизинен бир эле сызыктан кесилишет, бир өзөккө байланат. Айырмасы мезгил аралыгы менен жазуучу колдонгон көркөм формада. Бири окуяга түздөн-түз катышып жатса, экинчисин, өтмө мааниде, кыйытма түрүндө билдирүүдө. Бирок, экөөнүн аткарчу милдети, андан чыкчу тыянак окшош эле. Маңкурчулуктун алгачкы уругун «Манастан» таап чыккан жазуучу кайрадан мазмунун жаңыртып, жаңы философиялык-эстетикалык таасирдүү күч берип, татаал чыгармачылык изденүүнү башынан кечирген. Улуу сүрөткер бизге таап берген маңкурчулуктун оорусу социалдык-турмуштук философиялык, психологиялык кубатын күн өткөн сайын артырып, чайыттап жайылып баратышы коркунучтуу. Анын тамырын оңойлук менен жулуп таштоого мүмкүн эмес. Ар бир доордун Жоломаны, Сабитжаны, Тансыкбаеви, өз тилин, дилин чанган «чекир көз» лейтенанты да жашай берет экен. Бүгүнкү ааламдашуу доорунда терроризм, экстремизм, зөөкүрчүлүк, баңгичилик сыяктуу сан жеткис маңкуртчулуктун түрлөрүнүн улам төбө чачың тик турат, үрөйүң учат. Даанышман жазуучу көркөм дөөлөттүрүндө «Канткенде Адам уулу Адам болот » деген улуу сөздү байма-бай кан какшап айтканы тегин жерден эмес экен, көрсө кыяматты да дал ушундай жасайт туура . Демек, улуу ойчул Ч. Айтматовдун чыгармаларында ашынган акыл-эссиздиктин кесепети бүткүл адамзатка трагедия алып келбесе, илим-техниканын дүркүрөп өнүгүшү кайра дүйнөлүк кыйроого кептебесе, адам феномени түбөлүктүү калса деген түпкүлүктүү нравалык-философиялык концепция жатат. Ч. Айтматовдун өз сөзүнө кайрылсак: «Мен эпос жөнүндө дайыма ойлоном. Бул-элдик акылмандыктын жараткан көп кырдуу, көп катмарлуу чыгарма. Бирок мен аны өз чыгармаларымда жөн эле пайдаланбастан, өздөштүрүлгөн түрүндө пайдалануу аракеттенем» [2. 253].

Көрүнүктүү айтматовтаануучу К. Асаналиев да жазуучунун сөзүн тастыктаган маанилүү ой-пикирин мындайча билдирет: «эпос жазуучунун көркөм акыл-эсинде кандайдыр бир айрым үзүндүлөрү, же кээ бир белгилери менен эмес, баарынан мурда синкреттик искусствонун улуу туундусу катары өзүнчө бир бүткүн система түрүндө жашайт» [6. 23]. Сүрөткер чыгармаларында «Манас» баштаган элдик фольклорду колдонгондо «сулп» бойдон эмес, «өздөштүрүлгөн түрүндө пайдалана» тургандыгын, керек болсо өзү «миф жаратканына» күбө болдук. Жазуучу элдик эпосту көркөм дөөлөттөрүндө мотив, көркөм ыкма же концепция катары пайдаланат. Жыйынтыктап айтканда, Ч. Айтматовдун көркөм дүйнөсүндөгү катаал реализм улуттук кыртыштан

башат алып, орус жана дүйнөлүк адабияттардын кенчинен азыктануу менен табигый талантынан «Айтматов феномени» жаралган.

Адабияттар

1. Айтматов Ч. Чыгармаларынын жыйнагы: 3-том. – Б. 2008.
2. Айтматов Ч. Чыгармаларынын жыйнагы: 8-том. – Б. 2008.
3. Айтматов Ч. Кылым карытар бир күн. – Ф. 1983.
4. Айтматов Ч. Биз дүйнөнө жаңыртабыз, дүйнө бизди жаңыртат. – Ф. 1988.
5. Акматалиев А. Тандалмалар. 2 том. – Б. 1997.
6. Асаналиев К. «Манас» эпосу жана Чыңгыз Айтматов. – Б. 1999.
7. Манас. С. Орозбаковдун варианты. 2- китеп. – Ф. 1980.
8. Үкүбаева Л. Чынгыз Айтматов жана кыргыз адабияты. Монография, адабий сын-макалалар. – Б. 2012.
9. Темирова Б. Чынгыз Айтматовдун элдик уламыштарды көркөм чыгармага айландыруу чеберчилиги. – Б. 2004.

B.T. Temirova, docent, OshSU

The depiction of “Manas” epic in Ch. Aitmatov’s works

Manas epic refjected in the artistic woorid of Ch. Aitmatov.
Key words: *folk esthetics, interpretation, authorstion, motives, mife, mankyrtism*

УДК: 82”0

А. Токтомаматова, И. Арабаев атындагы КМУ

А. Осмоновдун эмгек ырлары

Макалада А. Осмоновдун эмгекке арналган ырларына кыскача талдоо жүргүзүлгөн
Ачкыч сөздөр: *поэзия, фольклор, эмгек, стиль, поэтика.*

В статье анализируется произведения А. Осмонова поспевающий труд простого труженика
Ключевые слова: *поэзия, фольклор, труд, стил, поэтика.*

Кыргыз адабият таануу илими азыркы мезгилде айрым жанрлардын өсүшүн, калыптанышын изилдөө, акын жазуучулардын чыгармачылык жолуна арнап илимий эмгектерди жазуу, жалпы эле адабий өсүү – өнүгүү процессинин абалы, кыргыз адабиятындагы улуттук проблемалары, кыргыз адабиятынын башка элдердин адабияттары менен болгон карым-катыштары, поэзиябыздын ыр түзүлүштөрү, фольклор менен болгон байланышы жаны адамдын образдарынын түзүлүшү жана башка проблемалар боюнча бир катар илимий изилдөөлөр, монографиялык эмгектер жазылып жаткансыйт жана мындан ары да жазыла бермекчи. Анткени, адабият таануу илими, адабий сын бүгүнкү күнү өтө актуалдуу маселердин бири болуп калды. Коом, турмуш кандай өнүгүүдө болсо, коомдук турмуштун күзгүсү болгон көркөм адабият, анын өнүгүү процессин жөнгө салуучу, ага багыт берүүчү көркөм адабий сын жана адабият таануу илими да дал эле турмуштун өзүндөй диалектикалык өнүгүүдө болору белгилүү.

Ар бир таланттуу акындын өзүнө тиешелүү сөздүгү, поэтикасы болоор, Алыкулдун да өзүнчө сөздүгү, поэтикасы, стили бар. А. Осмонов лирикалык ырлар, поэмалар, легендалар жана тамсилдер, драмалар, опералык либреттолорду жазган. Котормодо да көп жана жемиштүү ийгиликтерди жараткан. Кыргыз окурмандарына орус элинин классиктери А.С. Пушкиндин, М.Ю. Лермонтовдун, А. Крыловдун көп сандаган

ырларынан тышкары, дүйнөлүк классиктердин ири чыгармаларын Шекспрдин “Отелло” жана “Он экинчи түнүн”, Ш. Руставелинин “Жолборс терисин кийген баатыр”, Навоинин “Лайли жана Мажнун”, Низаминин “Хосров менен Ширин” поэмаларын которуп, тартуулаган.

Алыкул Осмоновдун ырлары кызыгуу менен жеңил окулат Маселен, Осмоновдун бөтөнчө таланттуулугу турмушту чын жүрөктөн сүйгөндүгү, ага өзү жашаган доордун жана анын каармандарынын образын ачууда сезгичтик менен сүрөттөөсүндө. А. Осмоновдун ырларында чагылдырылган идеялардын бардыгы турмуштан сузулуп алынган. Ал турмушту ойдон чыгарбайт, аны аралап, жашап билет. Эмне жөнүндө, ким жөнүндө, кайсы жөнүндө жазбасын – бардыгында адамдын чыныгы жашоосун өзүнүн өмүрүнүн үлгүсү катары жазганы көрүнүп турат. А. Осмоновдун лирикасы кадимкидей өмүр баяндуу, ал өз ырларында өзүнүн 35 жылдык басып өткөн жолун, жашырбай ачык – айкын толкундануу менен жазган. Акын өзүнүн чыгармачылыгына адилет, чынчыл мамиле жасаган. Муну биз төмөндөгү ыр саптарынан байкайбыз.

“Мен тансам: Жаштан танам, ырдан танбайм,
Ыры жок өмүрүмө канааттанбайм.
Кудайга мин мертебе калп айтсам да ,
Ырыма бир мертебе калп айталбайм.”

Алыкулдун чыгармаларынан, ырларынан, анын укмуштуудай усталык менен тартылган, койну ыр менен ырыска толгон кыргыз жерин, ушундай ырыскылуу жерде жашаган элдин эмгегин, достугун даңктаган ырлары да аз эмес. Акындын эмгекке, бактылуу турмушка, мекен, табият, сүйүү жана өмүр темаларына арналган ырларын карап көрсөк, өзүнчө эле бир башка сезимди туудурат. Алыкул ырларына улам башка түстөгү боёкторду берип, сүрөттөөлөрдү табат.

А. Осмонов кыргыз поэзиясында эмгек темасын жогору көтөргөн Акындын согуштан кийинки негизги темасы - эмгек темасы. Ал бир караган кишиге майда, жөнөкөй сымал көрүнгөн конкреттүү турмуш фактыларынан чоң маани, чоң мазмунду көрө билип, социалисттик эмгек поэзиясынын ажарын ача сүрөттөгөндүгүндө. Ошентип, А. Осмоновдун чыгармаларынын көпчүлүгү эмгекчи элге арналат. Ал өзүнүн эмгек темасына арнаган ырларында эмгек адамдарынын күжүрмөндүүлүгүн даңктайт жана окуучуну колдон жетелеп, колхозчулардын турмушу менен таанышстырып, ойлогон оюна, кайнаган кызуу эмгегине аралаштырат. Акындын бул ырлары эмгекчилердин ажарын ачып турат. Эмгекти даңазалоо менен материалдык байлыкты түзүп жаткан адамдарга акын өзүнүн сюжеттүү, көркөм, кыска жана так көрсөтүүлөр менен негизделген: “Кой төлдөтүү”, “Жүзүм алуу”, “Кызылча казган келинчек”, “Мураптын ыры”, “Парторг келет райондон”, “Эмгегим”, “Маляр”, “Жетим козу”, “Шыбакчы”, “Саанчы жеңе”, жана башка ырларын арнаган.

Катардагы эле карапайым маляр сыяктуу сөздөрү орой, “май жыттанган кийимдүүлөрдүн”, тер жыттанган алачыкта уктаган тердүү чапан коончулардын, колу туурук капкара кызылчачылардын, кой багып, он бир жылы уйку даамын аз таткан Ракманга окшогон койчулардын эмгегин поэзия чегине чейин жеткирген акын Алыкул болгон. Алыкул “Маляр” деген ырында:

“Маляр” келди, бир чоң үйдү майлады,
Кабак түйгөн капалыкты айдады .
Ушул адам, ушул сырдуу кийимчен,

Бул дүйнөнүн үстүндөгү каймагы”, – деп, жөнөкөй гана эмгектен чоң натыйжа көрүп жатат. Ал малярдын иши эл учун кызмат кылган асыл кесип экендигин ишенимдүү образ менен айгинелеп койду. Акындын ырлары окурмандарды колхозчулардын ички дүйнөсүнөн, ойлогон ойлорунан тарта кайнаган жумуштарына чейин ээрчитип барат.

Алыкулдун мындан башка “Коончу”, “Помидор”, “Кошумча эмгек”, “Буудай сапыруу”, “Чөп үймөк”, “Колхоз бакчасы”, “Эмгек күнү”, “Саанчы жеңе”, “Эмгегиң”, “Кызыл жүк”, “Дан жомогу”, “Турсун сакчы”, “Устанын сөзү”, “Коон үзмөй”, “Малчы

менен мал доктор”, деген ырлары да эмгекти сүйгөн адамдардын образынын бүтүндөй бир галереясы көз алдыңдан чубап өтөт. А. Осмонов жумушчулар темасына арнап бир топ ырларын жараткан. Алар: “Завод көрдүм”, “Жумушчу”, “Карабек”, “Даржанкул”, “Жумушчунун мүнөзү”, “ФЗОдогу иниме”, ж.б.

Акындын жогорудагы ырларын окуп жатып элди жумуш менен камсыздандырып турган завод, фабрикалардын жок болуп кеткенине ошол мезгилдеги бийликтин төбөлдөрүнүн элдин мүлкүнө кол салып, көз алдыда талап-тоногондоруна жанын кейийт. Бүгүнкү күнү жаштарыбыз Алыкулдун жогорудагы ырларын окуп, ага терең маани берип, элим, жерим деп өз мамлекетибиздин келечегин көз алдына элестетип, анын мындан аркы өнөгүү-өсүү жолуна терең көз жүгүртүп, бүгүнкү бийликтин алып бара жаткан ишмердүүлүгүн анализдөө менен мамлекетибиздин көз карандысыздыгын сактап калууга жана туура жолду тандоого аракет кылат го деген үмүтүбүз чоң.

Кыргыз адабият таануу илиминде Алыкул Осмоновдун ырларындагы традициялуулук жана новаторлук, поэзиясында колдонгон көркөм каражаттары изилденип кандидаттык диссертациялар корголду, монографиялык эмгектер жарыяланды. Алардын ичинен мисалга алсак, Р.З. Кыдырбаеванын “Алыкул Осмоновдун лирикалары” (1957) деген эмгегинде автор жалан гана лириканын образ системасын, идеясын жана мазмунун көрсөтүү менен чектелбестен, акындын сөзгө болгон чеберчилигин да көрсөтө кеткен. Ш. Үмөталиев өзүнүн “Алыкул Осмонов” (1958) аттуу монографиясында акындын өмүр жолуна жана чыгармачылык өсүү ыкмаларына токтолуп, айрым чыгармаларына кенен талдоо жүргүзгөн. Ал эми, А. Садыковдун “Алыкул Осмоновдун поэзиясындагы традиция жана новаторлук” (1962) деген эмгегинде акындын чеберчилиги боюнча өзүнүн так таамай (конкреттүү) ойлорун айтуу менен айрым көркөм сөз каражаттарын пайдалануу ыкмаларына терең токтолгон.

Ошондой эле К. Кырбашевдин “Алыкул Осмоновдун поэзиясынын тили” (1967), З. Мамытбековдун “Жалындуу акын” (1971) жана башка монографиялык эмгектер жана К. Артыкбаевдин “Алыкул Осмоновдун чыгармаларындагы традиция жана новаторлуктун кээ бир маселелери”, “Үйрөнүүбү же туурообу?” жана башка толуп жаткан илимий макалалар жарык көргөн. Бирок муну менен эле таланттуу акын Алыкул Осмоновдун чыгармачылык жолу изилденип бүттү деген сөздөн алыспыз. Анын өмүр жолу, чыгармачылык жолундай эле өтө татаал. Ал жашынан ата – энеден айрылып, тоголок жетим калып, өкмөттүк балдар үйүндө тарбияланды, өстү. Ошондуктан анын көпчүлүк лирикалары өзүнүн турмуш жолу, өмүр баяны менен тыгыз байланыштуу. Республикалык Ленин комсомолунун сыйлыгынын лауреаты К. Жусупов өзүнүн аталган сыйлыкка татыктуу болгон “Ыр сабындагы өмүр” чыгармасында биз айткан ойду дагы дааналап далилдейт. Демек, анын өмүрү өзүнүн ырларында калды.

Адам көп жашагандыгы менен эмес, өз элине кылган кызматы менен бааланат. Кээ бир адамдар элибиз айткандай күзгүдөй болуп көп жашаса да, аз жашаса да, анын атын өчпөс кылып эл оозунда, эл жүрөгүндө сакталтып артында эмгеги калат. Акын А. Осмонов дал ошондой элдин жүрөгүндө калгандардан. Ошондуктан Алыкулдун көзү өткөндөн кийин анын ыр саптарына үңүлбөгөн, ага таазим кылбаган, ага арнап ыр жазбаган кыргыз акыны жок. Мына ошондой акындардын бири Жолон Мамытов таланттуу акын Алыкулга өзүнүн төмөнкүдөй ыр саптарын арнайт :

“Аз шаңшып, зор сапары эрте карып,
Тез туюп тирүүлүктүн мүртөз жайын.
Бир короо жакшы ырларды жазып салып,
Жол баштап болуп кеттиң өзү кайып.
Акынды бүгүн дагы эстей, эстей,
Кыйлага басып жүрдүм көлдү жээктей.
Өзгөрбөй ошондогу келбетинен,
Турушат манкайышып күнгөй, тескей...”

Бул ыр саптарында даана көрүнгөндөй, Алыкул аз жашап, өмүр сапары эрте карыса да, ырлары менен өзүн өлбөс кылып түбөлүктүү өлбөстүгүн калтырып кеткен. Ооба, өлүм Алыкулдун жаш тамырын кессе да, акындын экинчи өмүрүн жеңе албады. Алыкулдун өмүрү кыскарып, зор сапары эрте карып, тирүүлүктүн жыргалчылыгын аз көрдү. Бирок, аз жашаган өмүрүндө кийинки муундар үчүн Жолон Мамытовдун жогоруда айтып кеткен ырындай "бир короо жакшы ырларды жазып салып"... акындыктын өзүнчө татаал, ыйык жолун басып өткөндүгү жөнүндө Кенеш Жусупов мындай деп белгилеп кеткен: "Бир карап туруп, кээде Алыкул Осмоновду алтымыш – жетимишке чыккан экен деп ойлой кетесиң. Алыкулдун чыгармасы ошончо көп көрүнгөнсүйт, акылы, ой жүгүртүүсү, ынануусу ошончолук жогорку деңгээлде турат. Алыкул Осмонов жер үстүндө отуз беш жашты ганан жашаган. Акын жаш кезинде жетик чыгарма жазганын эстегенде кээде уяласын. Акын төмөнкү ырын өзүнө эмес, ушунча өмүрдү жашаган биз үчүн жазгандай көрүнөт: "Мен уялам,мына мындан уялам: көзгө толоор бир чон эмгек кылбагам". Ал эми, Алыкул Осмонов өмүрүн ыр саптарына сыйдырган. Акындын ой – тилегин, келечектеги максатын, анын татынакай чыгармалары көз алдыбызга күзгүдөй чагылдырып турат. Мына ошол себептен Кенеш Жусупов да акын Алыкул Осмонов жөнүндө документалдуу баянын "Ыр сабындагы өмүр" деп бекеринен атабагандыр. Акындын жан үрөп, өз мээнети менен тизилген ыр сабында жашыруун сыры жаткансыйт. Анын ырларынын ар бир сабынан акындын өмүрүн сүрүштүрө алабыз алгачкы сүйүүсү, экинчи сүйүүсү, бөбөктүү болушу, көлдөгү өмүрү, көргөн – билгени, жерди, элди сүйүүсү, эки сап ыр издеп, калеми экөөнүн жер кезип мээнеттенүүсү. Мына ошентип, акындын ырларында бир да сыр катылуу боюнча калбаптыр. Ал ырлары менен окурманга өзүн ачып салган. Мүмкүн, ал ушул жагы менен окурмандарга абдан жагып калгандыр. Мындай эрк бардык адамдарда эле боло бербейт го.

Алыкул ички дүйнөсүн жоомарттык менен ачып, өзүнүн эң туюк сырларын жаап – жашырбай ортого салган ак пейил акын. Ошон үчүн окуучу улам - улам анын ырларына кызыгат, кайталап, ага минтет: "Алыкулдун дүйнөсү өтө татаал дүйнө. Анын поэзиясы, өзү жан – дили менен урматтап, күүгө салган Ысык-Көлдү элестетет."

Анын поэзиясынан кээде Ысык-Көлдүн айбаттуу толкунун угуп апкаарыйсың, жалкоо толкунун көрүп алсырайсын да, таң каласың. Ысык-Көл Алыкулдун турмушунун кийинки күндөрүндө анын таянар тоосу, күчү, кубаты жана жан курдашы, сырдашы болуп калган. Жалгыздык жанына батканда Алыкул Ысык-Көлдүн жээгине барып, анын толкунуна көз чаптырып аны менен сырдашчу:

Ысык-Көл кээде тынч да, кээде толкун
Толкуса толкунуна тең ортокмун.
Турмушта канча курдаш күтсөм дагы
Бир сырдуу сендей курдаш күткөн жокмун.

Алыкул ажал менен коюндаш жүргөндөй, бирок Ысык-Көлдүн мөлтүр толкуну аны ажалга бербей, өмүрүн сактап , аны коргоп тургандай сезчү.

Куюлушкан кооз сөз айтуунун эң негизги булагы элдин өзүндө анын тилинде. Ал эми акын андагы кооз каражаттарды тандап, элден жыйып алып, аны поэзияда да, котормодо да туура пайдалана алды. Ошондуктан көркөм сүйлөөнүн туткасы адамдын сөз байлыгында, элдин сөз байлыгы чыгармачылык жана өз орду менен пайдалана билүүсүндө. Ал эми, Алыкул дал ошондой акындардан болгон. Ал кандай гана ыр жазбасын ойду так билүүгө, аз сөз менен чоң окуяны айтууга аракет кылган. Сөздөрдү дубал урган сыяктуу өз ордуна кынап коюп, кыябын келтире пайдаланган. " Башкаларды кайталабаган өздүк ою, ички интеллектуал дүйнөсү, анан эң башкысы, предметке карата ачык мамилеси болсун," – деген акындарга карата коюлуучу талапты Алыкул эстен чыгарган эмес. Демек акын тилдеги каражаттарды мыкты билип, аны орду менен колдонсо гана айтайын деген ою ачык, так, жеткиликтүү болорун жакшы түшүнгөн. Аны төмөнкү ыр саптарынан көрөбүз:

"Алыкул атым болгондо,

Жашабайт элем бир жылга.
Акындык атым болгон соң,
Жашагым келет миң жылга.”

Алыкулдун чыгармаларын изилдөө бул өзгөчө өргүү, түгөнбөгөн кенч. Анын ырлары акындын өмүр жолун, чыгармачылык өсүүсүн чагылдырат. Кыргыз элинин сыймыгы, адабиятта өз изи, өз орду бар новатор акын. Анын чыгармалары советтик доордо бүткүл союздук китеп окуучуларынын колунан түшпөгөн кол тумары болуп келген. Ар бир окурман анын ырларын окуу менен өзүнүн өмүрү, жашоосу жөнүндө терен ойлонуп каларын эч бир тоскоолдуксуз эле айтып калышчу. Алыкул өзүн дүйнөлүк адабияттын мыкты үлгүлөрү менен терең тааныштырып, калемин такшалдырып, жетилтип келди. Поэзия майданында жарадар болгон кушка окшоп, оорусунун канчалык оор экенине карабай, алдына койгон бийик максатты көздөй бирде көкөлөп учса, бирде канаты кайрылган куштай ылдыйлап сызып отуруп таланттын туу чокусуна жетти.

Адабияттар

1. Алыкул Осмонов. Чыгармалар жыйнагы 1-том. Фрунзе: Кыргызмамбас, 1964.
2. Ошол жыйнагынан 2-том, 1967.
3. Ошол жыйнагынан 3-том, 1965.
4. Алыкул Осмонов. Тандамалуу ырлар жана поэмалар. – Ф. Кыргызмамбас. 1954.
5. Алыкул Осмонов. Ата журт. – Ф. Кыргызмамбас. 1958.
6. Ш. Үмөталиев. Алыкул Осмонов. – Ф. Кыргызмамбас. 1958.
7. Алыкулга гүлдесте. – Ф. Кыргызмамбас. 1975.
8. К. Жусупов. Ыр сабындагы өмүр. – Ф. Мектеп. 1980.
9. А. Сыдыков. Алыкул Осмоновдун поэзиясындагы традиция жана новаторлугу. – Ф. Илим басм. 1963.
10. К. Кырбашев. Алыкул Осмоновдун поэзиясынын тили. – Ф. Илим басмасы. 1967.
11. Р.З. Кыдырбаева. Лирика Алыкул Осмонов. – Ф. Илим басмасы. 1957.
12. С. Жигитов. Жаңычылык жолунда. – Ф. Кыргызмамбас. 1975.
13. К. Артыкбаев. Чалгын. – Ф. Кыргызмамбас. 1962.
14. Зари Мамытбеков. Пламенный поэт. – Ф. Кыргызмамбас. 1971.
15. Мундузбек Тентимишев.Осмонов Алыкул. Тандалган чыгармалар.1-2-том – Б. Салам. 2014.

A. Toktomamatova, KSU named of I. Arabaeva
emir2013.25.04@mail.ru

Theme work in the works of A. Osmonov

The article discusses the works of A. Osmonov falling short work simple worker

Key words: *worker, poetry, folklore, labor, Steele, poetics.*

УДК: 82^0 (0.58/65)

А.Токтомаматова, И. Арабаев атындагы КМУ
Т.Т. Жумабаева, профессор, ОшГУ

Согуш темасы Алыкулдун чыгармаларында

Макалада акындын согуш, сүйүү темаларындагы ырларына талдоо жүргүзүлөт.

Ачкыч сөздөр: *Улуу Ата мекендик согуш, фронт, тыл, эмгек, лирика, махабат, сүйүү, сезим, поэзия.*

В статье дается анализ произведениям А. Осмонова посвященным войне и любви.
Ключевые слова: *Великая Отечественная Война, фронт, тыл, труд, лирика, любовь, чувство, поэзия.*

Алыкулдун турмушу татаалдана баштаган мезгилде биздин өлкөбүзгө кан жыттанган каракчы фашисттер калдайган кара тумандай басып кирген кез эле. Алыкул лирикасын эл-жерин фашисттерден коргоп жаткан советтик жоокерлерге багыттады. Улуу Ата Мекендик согуштун жылдарында кыргыз жазуучулары бардык советтик жазуучулардай эле өздөрүнүн бүткүл чыгармачылык эмгегин фашисттик баш кесерлерди жеңип чыгууга жумшады. Ал эми, кыргыз адабияты бул мезгилде эл менен тыгыз байланышта болчу. Согуштун биринчи күндөрүндө айрым акын-жазуучуларыбыз калемин куралга алмаштырып майданга жөнөп кетишти. Бул мезгилде кыргыз поэзиясы чакыруу жана коштошуу темасындагы ырларды жарата баштады. Буга А. Токомбаевдин ”Эне сөзү”, “Угасыңбы”, “Алкоо”, “Ж. Бөкөнбаевдин “Саламы ушул Сайранын” М. Элебаев “Салам кат” жана башка ырларды мисалга келтирүүгө болот. Бул ырлардын негизги максаты ата-энесине, сүйгөн жарына, фронтко жоноп жаткан жакындарына ышкы, дем берип турган. Бирок көздөгөн теманы чечүү жагынан алар айрым учурларда өтө окшош болгон. Мына ушундай окшонтуктардын ичинен Алыкулдун үнү өзүнчө бөлүнүп чыга келди:

Кайда жүрбөйт эр-жигиттин жаш башы,
Кимге керек ата-эненин көз жашы!
Эгер “кел” деп Ата Мекен чакырса:
Амандыктан “кош” деп айткан сөз жакшы”.

Мында жогорудагы чыгармаларга мүнөздүү жар салуу, чакырык үн угулбайт. Бирок мында патриоттук сезим козголот. Ошол мезгилдеги жаш жоокерлердин патриоттук сезимин козгоп, аларды Ата Мекен үчүн жан аябай күрөшүп, тайманбастык менен кармашууга чакырат, анан калса, Ата Мекендин башына оор күн түшүп турганда аманбы деген сөздөн көрө кош деп айткан сөз эл жерин коргогон эр жигит үчүн ылайыктуу экендигин айтат.

Алыкулдун ырлары элдин жүрөгүнө элдик ырлар сыяктуу тездик менен жеңил гана сиңип кете алды. Таланттуу жазуучу К. Жусупов Алыкулдун өмүрүн, чыгармачылык жолун изилдөөдө анын чыгармачылыгындагы урматтуу учурашууларынын өзгөчөлүктөүн өтө кылдаттык менен байкап билген жана ошол керектүү жерлерин биз талдоого алган чыгармасында бадырайта сүрөттөп, окуган адамга Алыкул Осмоновдун турмуштагы байкагычтыгын, көрөгөчтүгүн башка акындардан болгон айырмачылыктарын дана көрсөтө кеткен [8].

А. Осмоновдун “Махабат ырлар жыйнагы согуш жылдарында жазылган чыгармаларынын жыйындысы болчу. Мына ушул жыйнак чыккандан баштап, анын айланасында ар түрдүү пикирлер айтыла баштады. Кээ бир жолдоштор мактай баштады, кээ бирлери аны жок кылып таштоо керек дегенге чейин барышты.

Мисалы, Р.З. Кыдырбаеванын “Алыкул Осмоновдун лирикасы ”деген китебинде туура эмес берилген пикирлер жөнүндө мындай дейт: “Мидин Алыбаев өз мезгилинде Осмоновдун “Махабат” ырлар жыйнагына туура эмес баа берип, аны “Мааниси жок махабат”деген ат менен статья жазып чыккан. Ал гана эмес, Алыбаев бул жыйнакты сызып таштоого чейин барган. Бирок бул жыйнактын ичинде колхозчуларга, эл достугуна, эмгекке болгон сүйүүсүнө, согуш күндөрүндөгү элдин эмгегин чагылдырган ырлар аз эмес болчу [11].

Мисалга алсак: “Чөп чабык”, “Түп суусу”, “Россия”, “Покрышкинге”, “Маляр келди” жана башка. Ал эми Алыкулдун айланасында болгон чырдын себеби эмнеде? Бул

жөнүндө Ш.Үмөталиев “Алыкул Осмонов” деген китебинде мындай деп көрсөтөт: “Анын себеби – акындын жаңы сөз айткандыгында. Акын анда кыргыз поэзиясындагы көндүм болуп калган көрүнүштөрдөн башкача, өзүнө гана таандык үн менен сүйлөп чыкты. Ал теманы да өзүнчө чечет, поэтикалык каражаттарынын суммасы да башкача, сюжети да жаңыча, тээ алыстан эле көзгө даана таанылат. Албетте, мындай жаңылыктарды мурун эмес, азыркы мезгилде деле талашып – тартышат [6]. Демек, ушунун өзү бирөөнө жылуу сезилип, чоң жанылыктай ойлосо, экинчисине таптакыр эле болбой турган нерседей өөн учурашы мүмкүн. Ал эми мунун аягы эмне менен бүтмөкчү? Аягы Алыкулдун чыныгы акын – оз мекенинин атуулу катарында чыккандыгында жана нукура талантыңда. “Махабат” жарык көргөндө Алыкул отузда болгон экен. Демек, бул мезгилде жашы да, калеми да курчуп турган чагы эле. Бирок, биз акындын бул эволюциялык өсүшүн түздөн – түз 1945 – жылдан деп аны “Жолборс терисин жамынган баатыр” менен байланыштырабыз. Ал “Жолборс терисин жамынган баатыр” поэмасын которуу менен өзүнүн такшалып калган акын экендигин айгинеледи. Ошондон баштап анын чыгармачылыгындагы чоң бурулуш пайда болду. Алыкул согуш жылдарында көп окуп, көп эмгектенди. Дайыма эл арасында болду. Ал турмушту үйрөнүү үчүн да, жашоо үчүн да айылга барды. Ошентип Алыкулдун ырларынын, поэмаларынын көркөмдүк жагы курчуп, таланты аша баштады. Акын фронт үчүн гана эмес, тылдагы элдердин турмушун, алардын кыйынчылыктарын сүрөттөгөн ырларды да жаратты. “Махабат” ырлар жыйнагы басылып чыккан мезгилде (1945-жыл) А. Осмоновдун таланты чыгармачылыктын бийигине жеткен учур эле. Бул жөнүндө акындын өзүнө сөз берели: “1945-жыл. Менин жеке өмүрүмдүн жана чыгармачылыгымдын бышкан мезгили деп эсептеймин”, – деп жазган Алыкул өзүнүн “Жазуучулук баянында” [4]. Чындыгында эле ушундай болду. Акын бул мезгилде поэзиянын сырын терең түшүнүп калган эле. “Махабат” жыйнагындагы чыгарма ичинен тыл темасына арналган лирикаларында Алыкул эмгекти чыныгы поэзия катарында карайт. “Түп суусу” деген ырында акындын айтуусуна караганда бир колхозчу кыз аны: “Бул кайдагы эмгеги жок жүргөн неме” - деп мыскылдаптыр.

Ошондо акын:

“Колхоз кызы Канымкүлдүн дарты үчүн:
Колхозуна мүчө болуп албасам
Катуу келдим, минген атым кара тер,
Сүрдүү кең Түп, тайыз жериң кайсы жер?
Жол көрүнбөй, күүгүм кирип баратат,
Аркы өйүзүнө тез өтөйүн кечүү бер!” – деп шашат.

Бул ыр жазылганга чейин акын колхозчулар, эмгектин адамдары менен органикалык түрдө сиңишип кете алган эмес болчу. Акын буга чейин деле социалисттик эмгекти даңктабай койгон эмес, даңктап келген. Бирок ал убакта азыркыдай өзү кошо аралашып жүрбөстөн, сырттан туруп эле байкоочу катарында сүрөттөгөн. Ошентип, акын эмгекке арналган кайсы ырында болбосун өзүн колхозчумун деп сезет.

Алсак: “Колхоздо баягыдай жигиттер аз,
Майышпай чөп чабышка уландар жаш.
Андыктан кыйын салмак жеңемдерде,
Эмесе, болгон күчтү эмнеге аяш?” – деп келип, согуш майданындагы жоокерлерге:

“Камыкпа согуштагы азаматтар,
Колхоздо Гомер айткан алп аялдар”, – деп кайрылат.

Акын бул ырында, коомдо, турмушта четке кагылып келген кыргыз аялдары Октябрдын таңы менен кошо ойгонуп, турмуштагы өз энчисине жетмек гана турсун, зор социалдык күчкө айлангандыгын даңазалап жатат. Мындагы салыштыруу жөнүндө Ш. Үмөталиев төмөндөгүлөрдү белгилеп кеткен: “Октябрь революциясынан мурда аялдарды эч ким “алп” деп атаган эмес. Турмушта гана эмес, деги эле “алп” деген сөздөн “чоң”

салыштыруу жок экендигин жакшы билген. Акын бул сөздү чыгармасында аялдарга гана ыраа көрүп олтурат” [6]. Чындыгында да согуш мезгилдеги аялдардын эрдиги алптын эрдигине тете келгендигин тарых эч качан унутпайт. Акын өзүнүн ырларында кең пейилдүүлүк менен малярдын, жыгач устанын, кызылчачынын, сугатчынын кайраттуулуктун синоними болуп калгандыгын баса белгилейт. Эмгектин кооздугу “Кызылча казган келинчек”(1945.9.12. Койсары) аттуу ырда берилет.

- Меники болду миң центнер,
- Бир гектардан миң центнер!
Мыкты экен, кана көрөйүн,
Колуңуздан өбөйүн.
Туурук – туурук капкара,
Көңүлүң айныр, жаш бала.
- Сулуулук сыпат кимде жок,
Бакыттың өңү өзүндөй.
Бакыт сенин колуңда.

Бул ырдын күчү Социалисттик эмгектин эки жолку Баатыры Зууракан Кайназарова сыяктуу буткул өлкө билген кыргыздын даңктуу кызылчачысы жөнүндөгү чындыкта жатат, акын аны элдик диалог түрүндөгү ырлардын формасын пайдаланып, жөнөкөй гана сүрөттөйт. Акын айылдын жана шаардын карапайым бардык эмгекчилерине кылдат жана орундуу мамиле кылууну жакшы көргөн. Алыкулдун өз Родинасын сүйүүсү жана анын күчүнө ишенүүсү канчалык бекем болсо, анын душмандарына карата жек көрүүсү ошончолук бекем болгон.

